**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*

*УДК. 377; 372.8;372.882;82.821*

**БЕКМУРАТОВА РАХАТ ТОПЧУБАЕВНА**

# КОЛЛЕДЖДЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ОКУРМАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

13.00.02 -окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган **ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчиси:**
педагогика илимдеринин доктору,
доцент Үкүева Б.К.

**Ош – 2023**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**.........................................................................................................3
**I БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ОКУРМАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ**
1.1.«Компетенттүүлүк», «окурмандык компетенттүүлүк» түшүнүгү жана анын колледждердеги билим берүү системасында алган орду.........................................................................................................10
1.2.Колледждерде студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун шарттары.........................................................................26
1.3. Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методологиялык-дидактикалык таянычтары .........................................................................................................47
*Биринчи бап боюнча корутунду*.................................................................52
**II БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ОКУРМАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**
2.1.Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары.......................................................................54
2.2.Илимий изилдөөнүн теориялык жана эксперименталдык методдору.........................................................................................................68
2.3. Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана анын жыйынтыктары .........................................................................................81
*Экинчи бап боюнча корутунду*..................................................................112
**III БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ СТУДЕНТТЕРДИН ОКУРМАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ИНТЕРАКТИВДҮҮ УСУЛДАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ЖОГОРУЛАТУУНУН МЕТОДИКАСЫ**
3.1 Кыргыз адабияты сабагында студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун технологиялары .......................................................................115
3.2 Кыргыз адабияты сабагы аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн интерактивдүү жолдор менен өнүктүрүү.......................133
3.3. Колледждерде окурмандык компетенттүүлүктү жогорулатууда студенттин өз алдынча иштери окуу процессинин негизги формасы...........149
*Үчүнчү бап боюнча корутунду*...................................................................166
**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**...........169
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР**........................................................175
**ТИРКЕМЕЛЕР**.............................................................................................191

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Мезгил талабына ылайык бардык мамлекеттерде орто, орто кесиптик, ЖОЖдордо билим берүү жаңы стандартка өткөрүлүп, анын натыйжасында келечектеги кесип ээлерине кесиптик билим жана тарбия берүүнүн мазмуну жаңыча нукка өтүп, окуучуларды, студенттерди компетенттүүлүккө негиздеп окутууга басым жасалды. Өлкөбүздөгү жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарынан тартып жогорку класстын окуучуларына, орто кесиптик окуу жайларынын, жогорку окуу жайларынын студенттерине чейин билим алуучулар ээ болуучу компетенциялар аныкталып, билим берүү стандарттарында камтылды. Анткени, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу коомдук ар кандай кырдаалдарга ылайык заманбап түшүнүктөрдүн пайда болушуна, адамзаттык баалуулуктардын өзгөрүп, улам жаңы мазмунга ээ болуусуна байланыштуу заман талабына ылайык ишмердүүлүккө негиздеп окутуу болуп саналат.

Коомдун өзгөрүшү менен учур талабына ылайык илимий таанып-билүүнүн ыкмалары өнүгүп өстү. Анын натыйжасында инсанга багыттап окутуу концепциясынын негизинде билим берүү системасында вариативдүүлүк өркүндөп, автордук окуу пландарын, программаларын, окуу китептерин түзүүгө мүмкүнчүлүктөр жаралды. Бул мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу максатында окутуунун жаңы технологияларын, башкача айтканда, инновациялык окутууну окуу, тарбиялоо процессинде колдонууга толук мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Билим берүү системасындагы мындай өзгөрүүлөр өндүрүштүн бардык сферасында жана илимий чөйрөдө изилдөө объектисине айланды. Анын негизинде бир топ илимий-методикалык эмгектер жазылып, алардын мазмунунда окутуунун жаңы технологиялары катары интерактивдүү окутуу практикаланды. Аталган технология бала бакчадан баштап, мектептеги окуучулардын, ЖОЖдордогу, колледждердеги студенттердин чыгармачылык, интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ар тараптан ачуу менен алардын өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү,

руханий адептүүлүккө тарбиялоо, билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруу максатын көздөдү. Натыйжада бул максатты ишке ашырууда окутуунун жаңы технологияларынын мазмуну, багыттары жаңыча оптималдаштырылды.

Кыргыз адабияты дисциплинасын окутууда студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн “Сынчыл ойломду өстүрө турган *окуу жана жазуу*” программасынын түрдүү усулдары пайдаланылат. Адам баласынын дүйнө таануу процесси ой жүгүртүүдөн башталат. Ал эми окутуу процессинде сынчыл ойломду өнүктүрүүчү стратегиялар студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө да өбөлгө болот.

Студенттердин адабий чыгармаларга карата болгон кызыгуусун калыптандыруу жана өнүктүрүү маселеси, көркөм чыгарманы окуй билүү деңгээли жөнүндөгү маселе, окурмандык компетенттүүлүктү жана көркөм адабиятка болгон окурмандык кызыгуунун деңгээли жөнүндөгү маселелер буга чейин эле изилденип келген. Окумуштуу-методистер Г.Щукина, Н.П.Бабаханова, З.Я.Рез, В.Г.Маранцман кыргыз окумуштуулары Н.И.Ишекеев, А.Ж.Муратов, С.Т.Батаканова, М.Х.Манликова, С.К.Рысбаев, А.Т.Турдугулов, С.Момуналиев, Г.У.Соронкулов, Л.А.Шейман ж.б. адабиятты окутуунун мазмуну жана формаларын изилдөө менен үйрөнүүчүлөрдүн окурмандык кызыгууларын өнүктүрүү маселелерин изилдешкен. Кыргыз адабиятын окутуу боюнча Г. Сооронкулов, Б. Абдухамидова, А. Муратов менен С. Рысбаев, ал эми боордош элдерден үйрөнүүчүлөрдүн адабий чыгармаларга болгон окурмандык кызыгууну калыптандыруу боюнча Т.А.Тамаев, Т.Кунекова бир катар эмгектерди жазышты. Кыргыз мектептеринде Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучуунун адабий-теориялык билимин өнүктүрүү боюнча окумуштуу А.Муратов, ал эми өзбек мектептеринде окутуу боюнча К.Кимсанова изилдөө жүргүзгөн.

Окурмандык кызыгууну өнүктүрүү, калыптандыруу маселеси боюнча философ Р.Декарттын жазганы бар: “Жакшы китептерди окуу - бул өткөн доордогу эң мыкты адамдар менен баарлашуу, анан да мында алар өздөрүнүн эң мыкты ойлорун билдиришкендиги менен өзгөчө” (“Чтение хороших книг – это разговор с самыми лучшими людьми прошедших времен, и притом такой разговор, когда они сообщают нам только лучшие свои мысли”). Демек, китеп окуу эзелтен эле ар бир адам баласы үчүн, өзгөчө, окурман-студент үчүн ар дайым эң маанилүү маселелерден болуп келген.

Окумуштуулардын эмгектеринде үйрөнүүчүлөрдүн чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, билим сапатын арттыруу, тарбия берүү маселелери изилденгени менен, сынчыл ойлоону өнүктүрүүчү интерактивдүү усулдарды чеберчилик менен пайдалануу аркылуу алардын окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу көйгөйү илимий иликтөөнүн объектисине алынбагандыктан, бул маселе атайын изилдөөнү талап кылууда. Буга ылайык орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабияты сабагын окутууда студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдардын жардамы менен жогорулатуу маселеси бүгүнкү билим берүүнү глобалдаштыруудагы заманбап талап катары илимий ишибиздин **актуалдуулугун** жаратты.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы:** Диссертациянын темасы кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана тарбиянын концепциялары, Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын илим изилдөө иштеринин пландары менен тыгыз байланышат.

**Изилдөөнүн объектиси** – колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – кыргыз адабияты дисциплинасы боюнча колледждин студенттеринин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү иш-аракеттери.

**Изилдөөнүн максаты:** колледждерде кыргыз адабияты сабагында интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

Максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Колледждерде студенттер ээ болуучу негизги окурмандык компетенттүүлүктөрдү аныктоо, аларды өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн табуу жана анын учурдагы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын талдоо;
2. колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдорун, усулдарын, каражаттарын жана аларды ишке ашыруунун технологияларын иштеп чыгуу;
3. иштелип чыгып, сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү**. Колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын компетенттүүлүккө багыттап окутууда студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдарды колдонуу аркылуу өнүктүрүүнүн жолдору иштелип чыкты;

- аларды пайдаланып окутуу студенттердин өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүгүн калыптандырып өнүктүрүүгө багытталган эң ыңгайлуу технологиялар катары сунушталды;

- окурмандык компетенттүүлүк түшүнүгүнүн мазмуну теориялык жактан талданып, колледждердин студенттеринин окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталды;

- колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окутуу процессинде интерактивдүү усулдарды колдонуунун үлгүлөрү көрсөтүлдү;

- колледждердин студенттери ээ болуучу негизги окурмандык компетенттүүлүктөр аныкталып, аны интерактивдүү усулдар аркылуу өнүктүрүүнүн жолдору, аларды ишке ашыруунун технологиялары иштелип чыкты;

- иштелип чыккан жоболордун, ыкмалардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт; кыргыз адабияты сабагында окурмандык компетенттүүлүктү өркүндөтүү боюнча сунуш кылынган сабактын үлгүлөрү, усулдары студенттердин өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, жалпы эле окурмандык кызыгууларынын жогорулашын шарттайт; колледждерде кыргыз адабиятын окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт; изилдөөнүн материалдарын кыргыз адабияты мугалимдери, окутуучулар жана илим изилдөөчүлөр үчүн методикалык колдонмо катары пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1.Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасы боюнча илимий-методикалык, психологиялык-педагогикалык адабияттарды изилдөө, талдоо жана жалпылоо илимий-педагогикалык багыттардын жана илимий-методикалык технологиялардын заманбап жетишкендиктерине ылайык кыргыз адабияты предметин колледждерде 1-курста окутууда окутуунун жаңы технологияларына таянылып окутулуш зарылдыгын көрсөтүп турат.

2.Колледждерде кыргыз адабияты предметин окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасын, окутуунун салттуу жана инновациялык усулдарынын, формаларынын, каражаттарынын жана ыкмаларынын комплексин, окутуунун моделин, аудио, видео материалдарын иштеп чыгуу жана аны окутуу практикасына сунуштоо зарыл.

3. Изилдөө көрсөткөндөй, колледждерде “Кыргыз адабияты” предметин окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча биз тандап алган усулдар, ыкмалар, каражаттар студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүнүн өркүндөтүүнүн булагы болушу керек.

4. Колледждердин тажрыйбасында иштелип чыккан жана сыноодон өткөн усулдардын, окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуу методикасынын натыйжалуулугу колледждин студенттерин руханий-адеп-ахлактык, эстетикалык жактан тарбиялоого, алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө өбөлгө түзөт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

Колледждерде “Кыргыз адабияты” предметин окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуу методикасынын абалын аныктоо, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча тажрыйбалык топтордо тиешелүү сабактарды өтүү; колледждердин студенттерин окурмандык компетенттүүлүктүн негизинде окутуунун моделин, кыргыз адабияты боюнча сабактардын иштелмелерин, окутуунун практикасына сунушталган окутуунун салттуу жана инновациялык ыкмаларын киргизүү боюнча методикалык системасын иштеп чыгуу изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан ишке ашырылды.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары 2014-2022-жылдардын арасында Ош мамлекеттик университетинде жана республикалык жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо, ар кандай тренингдерде изилдөөнүн жүрүшү, анын натыйжалары боюнча илимий баяндамалар жасалды, илимий басылмаларда, илимий журналдарда жарыяланды. Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасында талкууланды, Ж. Баласагын атындагы КУУнун, И. Арабаев атындагы КМУнун алдындагы диссертациялык кеңеште алдын-ала коргоодон өттү.

**Диссертациянын материалдарынын жарыяланышы:** Изилдөө ишине тиешелүү материалдар “ОшМУнун жарчысы” (2014, 2015, 2018), И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы (2017), Американын «Open Journal of Modern Linguistics» (октябрь, ноябрь, 2020-ж.), РФнын Нижневартовский шаарындагы «Бюллетень науки и практики» (2021-ж., 2023-ж.), Ж.Баласагын атындагы “КМУнун жарчысы” (2022-ж.) журналдарында жарыяланып, жалпысынан, 11 макала жана 1 окуу куралы жарык көрдү.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы** катары Ош мамлекеттик университетинин финансы-юридикалык колледжи, ОшТУнун гуманитардык-технологиялык колледжи, ОшМПУнун педагогикалык жана КӨЭАУнун кесиптик колледждери алынды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, үч баптан, баптар боюнча жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Жалпы көлөмү – 214 бет, негизги текст –174 бет.

Ал 4 таблицаны жана 3 тиркемени камтыйт. Пайдаланылган адабияттардын саны 176 .

# I БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ОКУРМАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1.1. «Компетенттүүлүк», «окурмандык компетенттүүлүк» түшүнүгү жана анын колледждердеги билим берүү системасында алган орду

Аалам масштабында болуп жаткан тынымсыз өзгөрүүлөр, илимий технологиянын өнүгүшү, коомдун коомдук-экономикалык өсүшүнө тийгизген таасири – жалпы эл массасына, анын ичинде билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн орчундуу маселелерине жаңыча өңүттө, жаңыча көз караш кароого, мурдагы көндүм көз караштардан кескин түрдө баш тартып, жаңыча өзгөрүүлөрдү киргизүү менен аларды реалдуу кубулуш, тенденциялар аркылуу шайкеш келтирүү зарылчылыгын пайда кылып отурат. Анын биринчиси, билим берүү системасын реформалоонун зарылдыгы. Ал үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы эл аралык принциптерге ылайык Адам укугунун декларациясына, Кыргыз Республикасынын 2010-2020-жылдарга чейинки өнүктүрүүнүн комплекстүү негизине, элдик жана дүйнөлүк руханий дөөлөттөрүнө таянылышы зарыл болду. Бул маселеден улам 1992-жылы 16-декабрда КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы кабыл алынып, анда билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги принциптери катары окуучулардын компетенттүүлүктөрүн жогорулатуунун өбөлгөлөрүнө таяныч болгон республикада бир нече негиздүү документтер кабыл алынды. Аталган документтерде билим берүү системасында мурдатан кабыл алынган түшүнүктөрдүн маани-маңызын өзгөртүү менен анын түпкү мазмунун кайрадан жаңылоого туура келгендиги белгиленди. Тактап айтканда, коом талабына ылайык жаңы максат, милдеттер алдыга коюлуп, бул маселелер окуу жайларындагы окутуучу менен студенттин биргелешкен иш-аракеттери аркылуу жүзөгө аша тургандыгы «КРде билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясында» жана «КРдеги билим берүүнү 2012-2020-жылдары өнүктүрүү стратегиясында билим берүү системасы натыйжага багытталышы

жана билим берген окутуучу компетенттүү адис катары окуучуларга (студенттерге) компетенттүү мамиле жасап, ал касиетке аларды тарбиялоонун тарыхый зарылдыгы белгиленди. [73;114.28;17.37;192.36;236.137;437]

Коомубузда жогоруда белгиленген концепция жана стратегиялык талаптарды жүзөгө ашыруу максатында, биринчиден, окутуучу менен студенттин билим берүү жана аны кабыл алуу процесстери жаңыча маңыз-мазмунга ээ боло баштады. Башкача айтканда бүгүнкү билимди трансляциялоого караганда студент менен окуучунун өз билимин өзү өздөштүрүүсүнө жана алардын инсандык потенциалын өнүктүрүүгө зарыл шарттарды түзүүгө өзгөчө көңүл бурула баштады. [49;319.50;26-30]

Экинчиден, окуу процессинде мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөндөй үч түйүндүү компетенттүүлүктү окутуу процессинде колдонуу менен жогорулатуу зарылдыгынын келип чыгышы болду. Башкача айтканда, анын 1-маалыматтык; 2-социалдык коммуникативдүүлүк; 3-өзүн-өзү уюштуруу жана маселелерди чече билүү компетенттүүлүгү (КРдин Билим берүү закону).

Үчүнчүдөн, окуучу менен мугалимдин, студент менен окутуучунун биргелешип кызматташуусу менен окутуунун натыйжалары болгон максатка жетүүнүн зарылдыгы. [15;342.36;192]

Төртүнчүдөн, инсанга багытталган мектептерде, орто кесиптик жана жогорку окуу жайларында окутууну компетенттүүлүккө негиздеп окутуусунун зарылдыгы пайда болду.

Жогоруда белгиленген компетенттүүлүктөрдүн ичинен изилдөөнүн максатына ылайык 1-компетенттүүлүккө басым жасообузга туура келет. Анткени, бул маселеге токтолоордон мурда окуучуну, студентти компетенттүү кылып тарбиялоодогу негизги рычаг окутуучуга байланыштуу экендиги белгиленүүгө тийиш. Анткени, студентти компетенттүү кылып тарбиялоодогу окутуучунун компетенттүүлүгү - анын окутуу процессин талапка ылайык уюштура билүүсүнөн, окутуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн

иш билгилиги менен колдоно билүүсүнөн, окутуу принциптеринен, берген билиминин мазмунунан, окутуунун максатын натыйжалуу кое билишинен, окутуу методдорунан көрүнөт. Себеби, окутуучунун компетенттүүлүгүнүн дээрлик ар тараптуулугу окутуу процессинде көрүнөт жана ошого карата бааланат. Окутуу тууралуу ар кандай көз караштар бар. Маселен, кандай гана окутуу болбосун, анын негизги максаты – окутуу менен окуучунун, студенттин билимин өркүндөтүү, ошондуктан У.Джеймс, Э.Торндайк, Дж.Уотсон, К.Коффкалар окутууну өнүгүү катары карашат. Ал эми В.Штерн окутуу өнүгүүнүн жана жетилүүнүн сырткы шарттары деп эсептейт.

Анткени, окутуу дегенибиз, студенттерди билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ кылуу менен аларды чыгармачыл активдүү көз караштагы инсан кылып тарбиялоодогу окутуучунун студент менен биргелешкен бир багыттагы иш-аракети болуп саналат. Бул эки жактуу процессте эки түрдүү ишмердүүлүк орун алат. Биринчиси – мугалимдин ишмердүүлүгү окуучу же студентти активдештирүү үчүн окутуучунун компетенттүүлүгүнүн алдыңкы планга чыгуусу, башкача айтканда, студент менен болгон карым-катнашы. Анткени, аудиториядагы окуу процесси эки объекттин биргелешкен иш-аракетинин натыйжасына көз каранды. Ошондуктан окутуучу бул процесстин ийгиликтүү жыйынтык бериши үчүн студент окуп эмгектенүүсүнө керектүү шарттарды түзүп берүү менен алардын ишмердүүлүктөрүн уюштурат, стимулдаштырат, иштеп эмгектенүүсүнө кызыктырат, окуп билим алуу ишмердүүлүктөрүн башкарат, текшерип турат, жыйынтыгын баалайт. Экинчиси – окуучунун (студенттин) ишмердүүлүгү: билим, билгичтик, көндүмдөрдү өздөштүрөт, тарбияланат, логикалык жактан өсүп өнүгөт, өзүн-өзү текшерип турат. [28;304]

Окутуу – окуучулардын (студенттердин) илимий билимдерге, ык менен көндүмдөргө ээ болуудагы, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, дүйнө таанымын, нравалык-этикалык көз караштары менен ишенимдеринин өнүгүшүндөгү активдүү окуп-таанып-билүүчүлүк иш-аракеттеринин стимулдаштыруучу жана уюштуруучу максатка багытталган максатка

багытталган процесс. [28;444] Демек, окутуу процессиндеги окутуучу менен студенттин ишмердүүлүгүнүн жогорку даражасы – окутуучунун компетенттүүлүгүнө барып такалат. Андай болсо «компетенттүүлүк» жана «окутуучунун компетенттүүлүгү», «окутуучунун кесипкөйлүгү» деген эмне? деген маселеге токтолуп көрөлү.

Аталган проблема акыркы он жылдыктар аралыгында психология илиминин негизги предметине айланып, окумуштуулар Е.А.Климов, А.К.Маркова, Л.М.Митина, Ю.П.Поваренков, Н.С.Пряжниковдордун эмгектеринде белгиленип көрсөтүлгөн. Бирок көпчүлүк изилдөөчүлөр компетенттүүлүктүн башкы сапаты, анын калыптануу жолдору, ага берилген аныктамаларга гана токтолушкан. Бирок окутуучу педагогдун ишмердиги компетенттүүлүгү, өз ишинин мыктысы, психологиялык жактан башка адамдардан айырмаланышы тууралуу аныктамалар толук кандуу ачылбай келет. Ошондуктан аталган терминге түшүнүк берүү зарылдыгы жаралып, ар бир терминдин маңыз-мазмунун, жалпылык жана айырмачылыгын белгилеп көрсөтүүгө туура келет. Анткени бул эки маселе тең билим берүү системасынын орчундуу каражаты болгондуктан, ошол эле мезгилде ишибизде колдонуу максатын белгилеп кеткенибиз да ишибиздин максатына ылайык келет. Себеби, «компетенттүүлүк» терминине аныктама берүү менен анын окурмандын студенттин компетенттүүлүгүнөн болгон айырмасын, окуу процессиндеги ордун, максатын, майнабын окутуунун натыйжаларын белгилөөгө туура келет. Андай дегенибиз «компетенттүүлүк» түшүнүгү «окурмандык компетенттүүлүк» түшүнүгүнө караганда кенен мааниге ээ. Башкача айтканда, компетенттүүлүк – ар бир инсандын ар түрдүү билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн элементтерин, иш-аракеттердин ыкмаларын окууда, инсандык кесиптик ишмердигинде колдонулуучу жөндөмдүүлүгү аталат. Ал эми билим берүүдөгү негизги компетенттүүлүк – окутуучунун алган билим, билгичтик, көндүмдөрдүн теориялык, практикалык милдеттерди чечүүдө колдонулуучу мүмкүнчүлүгү болуп саналгандыгы менен айырмаланат. Ошол эле мезгилде И. А. Зимняя “Психологические

основы обучения иностранным языкам” [57;333] деген эмгегинде “Адамдын социалдык-профессионалдык турмуштук ишмердүүлүгүндө интеллектуалдык жана инсандык тажрыйбасына жетишүүчү негизги билим” десе, А. В. Хуторской “сапаттык белги, тармактык ишмердүүлүк, “ишмердүүлүк боюнча минималдык тажрыйба” [162;58-69] дейт.

Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу пардигмасынын башаты XX кылымдын 60-жылдарына барып такалат. “Компетенция” термини алгач 1960-1970-жылдарда Д. Хаймс тарабынан тилди үйрөтүүдө илимий аппаратты аныктоочу түшүнүк катары колдонулуп, анан аны тилди үйрөнгөндөрдүн иш-белгисине баа берүүчү категория катары сунуштаган. Тагыраак айтканда, адис болуу үчүн Д.Хаймс тилди теориялык жактан билүү гана маанилүү эмес экендигин аныктап, кесиптик талаптарга ылайык аны прикладдык мүнөздө үйрөнүү керектигин далилдеп, кайсы багыттагы адис болбосун тилди практикада колдонууга карай бир нече категорияларга ээ болушу мүмкүн экендигин ачыкка чыгарат. Өз практикасында текшерип, анан аларды жалпылаштыруу менен түшүнүктү “коммуникативдүү компетенттүүлүк” деп атайт. Кийин аны билим берүү чөйрөсү колдоно баштагандыктан, терминди педагогикалык илимий коомчулукка сунуштайт. Бул түшүнүктү пайдалангандар дүйнөлүк педагогика илиминде көбөйгөндүктөн, 1970-1990-жылдарда ал маанилик жактан тереңдеп, “компетенция” адистик кесипкөйлүгүн аныктоочу категория болуп, ал эми ага негизделип окутуу “компетенттүүлүктү” кесиптик билим берүүдөгү өзүнчө концепцияга айландыра баштаган.

Мына ушул жылдарда компетенция жана компетенттүүлүктү колдонуу чөйрөсү кеңейип, ал башкарууда, чарбалык жетекчиликте, менежментте, ж.б. тармактарда адистик профессионализмди аныктоочу категорияга айланат. 1984-жылы Лондондо Дж. Равендин “Компетенттүүлүк азыркы коомчулукта” [128] аттуу эмгеги жарык көрөт да, мына ошондон кийин дүйнөлүк билим берүү, кесиптик билим берүү тармактары, адистештирүүгө катышы бар

кыска жана узак мөөнөттөгү окуу курстары бул түшүнүктөрдү өздөрүнүн билим берүүдөгү парадигмасы катары кабыл алышат. [14;22-23]

Компетенттүүлүк боюнча Джон Равен: «компетентность, как специфическую способность, необходимую для эффективного выполнения конкретного действия в конкретной предметной области и включающую узкоспециальные знания, особого рода предметные навыки, способы мышления, а также понимание ответственности за свои действия" [128] Ал эми Д. И. Ушаковдун редакциясындагы түшүндүрмө сөздүктө: «Компетентность - осведомленность авторитетности» [156;944] С. Т. Вершиловский, Ю. И. Кулюткин: «Компетентүүлүк - инсандык мүнөздөмө» [44;69] десе, В. Ю. Кричевский «иш-аракетин активдүү иш жүзүнө ашыруусу» [77;67], В.А.Сластенин - «как совокупность коммуникативных, конструктивных, организаторских умений личности» [136], Л. И. Панорин - как личные качество субъекта, его специализированный деятельности в системе социального и технического разделения, как совокупность умений, а также способность и готовность практически использовать, эти умения в своей работе» [121;53-57] пикирлерин айтышат. Бул түшүнүктөрдүн так аныктамасына токтолуп кетсек: орус лингвисти С. И. Ожегов "компетенттүү" жана "компетенция" түшүнүктөрүнүн маанилеринин түшүндүрмөсүн төмөндөгүчө берет: "Компетенттүү – ар кандай чөйрөдөгү билимдүү, ыйгарымдуу адис. Компетенция – кимдир бирөөнүн көйгөйлөрүн жакшы билген адам" [155;268]. Чыгаан түрколог К. К. Юдахин кыргыз лексикасына кабыл алынган сөз катары түшүнүктүн маанисин мындайча чечмелейт: "Компетенттүү – билүүчү, билимдүү, б.а., бир нерсени толук билүүчү. Компетенттүү – бир нерсени чечүүгө, бир нерсе жөнүндө чечкиндүү пикир айтууга өзүнүн билими же полномочиеси бар адам". "Компетенция – белгилүү бир адамга тапшырылган маселелер, иштер. Компетенция кандайдыр бир маселени чечүү же адамдын полномочиеси" [83;293]. Ал эми "Чет элдик сөздөрдүн жаңы сөздүгүндө": "Компетенция – бул (лат.competentia бир нерсеге укугу бар) 1) мыйзам, устав же башка акты

аркылуу конкреттүү органга же кызмат адамына ыйгарылган укуктар; 2) белгилүү жактын зарыл маселелер чөйрөсү боюнча билимге, тажрыйбага ээ болушу," [115;461] – деп айтылат.

Компетенттүүлүк түшүнүгү батыш педагогикалык адабияттарында 60-70- жылдары, орус педагогикалык адабияттарында 1980-жылдары, ал эми ата мекендик адабияттарыбызда негизинен эгемендүүлүктү ээ болгон жылдардан кийин гана пайда боло баштады. Бул багытта "компетенттүүлүк" жана "компетенция" түшүнүктөрүн чет өлкөлүк жана ата мекендик изилдөөчү окумуштуулар Д. Хаймс (1972), Н. Хомский (1972), А. К. Маркова (1990), Л. И. Берестова (1994), Дж. Равен (2002), И. А. Зимняя (2006), И. Ю. Чуркин (2010), А. В. Хуторской (2013), А. Асипова (2006), А. Ж. Муратов (2013), С. К. Рысбаев (2014), К. Т. Турдубаева (2015), Б. М. Акматов (2016), К. М. Төрөгелдиева (2016), Б. М. Акматова (2017), М. Х. Манликова (2017), Н. А. Ахметова (2015-2019), К. А. Биялиева (2018), Т. М. Сияев (2022) ж.б. окумуштуулардын эмгектерин айтууга болот.

Ата мекендик окумуштуулар компетенттүүлүккө байланыштуу бир топ ой-пикирлерин айтышкан. Алардын ичинен компетенттүүлүккө орто мектептер үчүн кыргыз адабияты предметинин программасынын түзүүчүсү профессор А. Муратов туура жана жеткиликтүү аныктама берген: "Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларды кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору", - деп белгилейт. [86;10]

Көпчүлүк илимпоздор компетенттүүлүктү окутуучунун билими менен иш билгилигинин карым-катышы катары карашат. Ал эми М. А. Чошанов компетенттүүлүктүн үч белгисин:

1. Мобильность знаний, овладение оперативными и мобильными знаниями;

2. Гибкость метода, как умение применять тот или иной метод, наиболее подходящей к данным условиям в данное время;

3. Критичность мышления – способность выбирать среди множества решений наиболее оптимальное, аргументированное опровергать ложные, подвергать сомнению эффективные решения» деп белгилейт. [167;160]

Демек, окумуштуу-педагогдордун көз караш, пикирлерине таянуу менен жогорудагы белгилерге карай окутуучунун компетентүүлүгүнүн деңгээлдик критерийлерин төмөндөгүдөй белгилөөгө болот:

- Билим жана билгичтиктеринин деңгээли;

- Билим жана билгичтиктеринин диапазонунун кенендиги;

-Атайын максатталган окуу процессин уюштуруп аткаруудагы жөндөмдүүлүгү;

- Өзүнүн ишин рационалдуу пландаштыруу менен уюштура билүү жөндөмдүүлүгү;

- Ар кандай кыйын жагдайлардан чыгууда өзүнүн жөндөмдүүлүгү көрсөтө билүү жөндөмдүүлүгү деп айта алабыз.

Ал эми Г. М. Коджаспирова «Педагог должен овладеть определенными педагогическими умениями, чтобы быть компетентным педагогом» [72;204] деп белгилейт.

Демек, компетенттүү окутуучу болуу үчүн А. К. Маркова белгиленгендей компетенттүү адистин 4 түрүн көрсөтүүгө болот:

1. Атайын жана ишмердүүлүк компетенттүүлүгү - б.а өз билимин турмушка колдоно билүүгө жөндөмдүлүгү;

2. Социалдык компетенттүүлүк - б.а өздүк кесипкөй ишмердүлүгүн профессионал адис катары коомдук баарлашуда колдоно алуусу;

3. Өздүк компетенттүүлүгү – өзүн-өзү өркүндөтүүдө алдын-ала ар кандай кырдаалды көрө билүүсү жана андан чыгуунун пландарын түзө билип, андан чыгуунун жолдорун издеп, андан чыгуу жөндөмдүүлүгү;

4. Жеке компетенттүүлүгү - өзүн-өзү башкара алуусу, ага даяр болуусу, профессионалдуулукка өсүү үчүн туруктуу мотивацияларды жасай билүүсү-деп белгилөө менен өз алдынча жаныча белгилерди алуу, аны турмушта практика жүзүндө колдоно билүү ишмердиги деп белгилейт [92;312]

Педагогикалык кесипке байланыштуу «компетенттүүлүк» терминин карап көрүп, инсан, кесипкөй-окутуучу, адис катары руханий-адептик мүнөздүк касиеттерди ички жан дүйнөсүнө камтыган, илимий-теориялык, педагогика жана психологиялык илимдердин системасын өз предметинин айланасына сиңирип топтой алган, окутуу процессинде кесипкөйлүгү менен өзгөчөлөнө алган педагогду компетенттүү десек болот. Ошондуктан кесипкөй педагогдун компетенттүүлүгү көп факторлуу көрүнүш катары өз ичине теориялык билим, билгичтиктерди конкреттүү жана ыңгайсыз ситуацияларда колдоно билүүсүнөн, баа жеткис ориентациясынан, маданиятынын, интеративдүү көрсөткүчтөрүнөн көрүүгө болот. Башкача айтканда тилинен, мамилесинен, башкалар менен тез байланышынан, ар кандай илимдин тармактарынан жөндөмдүү ишмердигинен байкоого болот. Бул өзгөчөлүктү С. А. Дружилов: 1-эрктик-мотивациялык; 2-функционалдык; 3-коммуникабелдүүлүк; 4-рефлекстик деп бөлүп көрсөтөт [52;44-45]

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептери үчүн кыргыз адабияты предмети мамлекеттик окуу планына киргизилген окуу предмети катары каралат. Анын мазмунун кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүү эволюциясы, адабий процесстер, акын-жазуучулардын көркөм табылгалары жана баалуулуктары түзөт. Анткени адабият искусствонун башка түрлөрүнөн, биринчиден, аалам сырынын, адамдын жан дүйнөсүнүн эстетикалык камылгасын, туюмун кабылдап аны турмуштун ар кыл жактарын көркөм образдар аркылуу чагылдырып бергендиги менен өзгөчөлөнөт. Экинчиден, адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таанытуучулук, илим берүүчүлүк, мүмкүнчүлүгүнүн кенендиги менен айырмаланат. Үчүнчүдөн, кандай гана адабий чыгарма болбосун аны кабыл алуу, талдоо, интерпретациялоо ыкмаларына негизделет. Төртүнчүдөн,

окурмандык багыттагы окутууга таянат. Бешинчиден, окурмандын адабий өнүгүүсү жаш өзгөчөлүгүнө ылайык көз караштын калыптануусу адеп-ахлактык баалардын эволюциясы менен байланышта болот. Алтынчыдан, биздин жаш муундарды текст менен тааныштырууда окурман катары аларды, биринчиден, автор менен маектешүүгө үйрөтүлсө, экинчиден, эпикалык, адеп-ахлактык моралдык-этикалык таанып билүүсүн окурман катары калыптандырып, өнүктүрүүчү орчундуу милдетти аткарат.

Ошондуктан окурман-студентти жаш өзгөчөлүгүнө ылайык программада көрсөтүлгөн адабий материалдар менен тааныштырууга туура келет. Анткени психология илиминде таанып билүү аркылуу студентти окурмандык компетентүүлүгүн калыптандыруу процесси ар бир студенттин психикалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу ишке ашат. Андыктан, психология илиминде белгилегендей таанып билүү, көңүл буруу, сезе билүү, кабыл алуу, эске сактоо, ой жүгүртүү, кыялдануу сыяктуу категориялардын илимдин баардык тармактарына тиешелүү болуп саналгандыгы менен маанилүү болуп эсептелет. Анткени «адам баласынын психологиясында көңүл буруу, сезүү, даярдыктан өткөрүү, башкаруу, кызыгуу сыяктуу аспектилер негизги активдүү борборлордон» [138;105] болгондугун англиялык психолог Р. Л. Солсо белгилеген, адегенде сезүү аркылуу бизди курчап турган айлана-чөйрөнү аңдап, кубулуштарды түшүнүп, эске тутуп, алар жөнүндө ойлоп, ойлогон нерселерибизди дене түзүлүшүбүз, организмибиз аркылуу когнитивдүү кабыл алабыз. Кабыл алган нерсебизди аңдап түшүнөбүз, түшүнгөн нерсебизди экинчи бирөөгө жеткиребиз, же аны менен ой бөлүшөбүз. Эгерде бул процессти кыргыз адабияттын окуу менен байланыштырсак, анда окурман катары ал предметти тааныган болобуз.

Биздин илимий ишибиздин максаты - студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү болгондуктан, окурмандык компетенттүүлүк түшүнүгүнө токтолсок. Кыргыз адабияты предмети боюнча стандартта: “Окурмандык - адабий чыгарманы же бир акын-жазуучунун чыгармачылык өнөрканасын окуп түшүнүү; адабий каармандын образын ачып берүүчү

каражаттарды билүү; образды ачып берүүдө илимий аргумент катары сынчылардын көз караштарын пайдалануу; көркөм чыгарманын темасын, сюжетин, композициясын, формасын, мазмунун, жанрын ажырата билүү, көркөм чыгарманын формасы менен мазмунун биримдигин жанрлык өзгөчөлүгүн эске алуу аңгеме, ыр, эпизод, үзүндү, көрүнүштөрдү талдай алуу; ар бир чыгарманын текке, жанрга, агымга, адабий багытка тиешелүү экендигин аныктай алуу; жазуу иштерин аткарууда адабий чыгарманын тема, идея, ахлактык пафосун белгилеп көрсөтүү; сюжеттин элементтерин, композицияны, тилдин көркөм – сүрөттөө каражаттарын жана алардын чыгарманын көркөм идеялык мазмунун ачып берүүдөгү ролун аныктай алуу; көркөм тектин өзгөчөлүгүн талдоодо жигердүү сөз корун колдоно билүү" - деп көрсөтөт. [86;10]

Албетте, окурмандык компетенттүүлүк компетенттүүлүктөн окурман-студенттин адабий-теориялык, практикалык жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасын көрсөткөндүгү менен айырмалангандыгын белгилөөгө болот. Ал эми жалпылыгы - окурман-студенттин ички психологиялык, моралдык-этикалык көз караш, жүрүм-турумдарынын, билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн жогорку деңгээлдик натыйжасынын жыйындысы экендиги менен окшош.

Белгилүү болгондой, орто мектептердин адабият сабагында төмөнкү компетенттүүлүктөр калыптандырылат: *окурмандык компетенттүүлүк* – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү; *баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүк*– адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө тааным категорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө,

гуманисттик, адеп-ахлактык позицияларга бек туруу; *адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк* – ар түрдүү типтеги дил баяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк.

Жогоруда аты аталган окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен биз “окурмандык компетенттүүлүккө” төмөндөгүдөй аныктама бердик. “Компетенттүү” окурман-студент сунушталган материалды кабыл алып, билип, ой жүгүртүп түшүнөт жана ал билгендерин өз иш-аракетинде аткара да алат. Ушул өңүттөн алганда, колледждин 1-курсунун студенттери төмөндөгүдөй окурмандык компетенттүүлүккө ээ болушу керек:

а) көркөм чыгармаларды ой жүгүртүп окуй алышы;

б) окуганына ой жүгүртүп талдоо жүргүзө алышы;

в) окуганынын мазмунун, түшүнгөнүн көркөмдөп сүйлөп бере алышы;

г) окуган ыры боюнча баяндама, эссе жана дил баян жаза алышы;

д) көркөм чыгармалардан алган таасирин өз жашоосунда жана кесибинде колдоно билүүгө умтулушу;

ж) окуган чыгармаларынын негизинде сөз байлыгын өстүрө алышы;

з) окуганын абзацтарга, бөлүктөргө ажыратып, тема коё билиши;

и) окуганынын чыгармасынын тексти боюнча татаал жана жөнөкөй план түзө алышы;

к) жаңы сөздөрдү, сүйлөм курулмаларын үйрөнүп, аны кебинде пайдалана билүү ишмердүүлүгүнө ээ болушу;

л)адабий каармандарды турмуштагы айрым адамдар менен ассоциациялай алышы

Ал эми колледждерде кыргыз адабияты предметин окутууда мамлекеттик стандартта белгиленген төмөнкү компетенттүүлүктөр калыптандырылат:

**КК-1**. Өз оюн мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык жактан туура билдирип, сабаттуу жазуу, негизги кесиптик түшүнүктөрдү, терминдерди өздөштүрүү, адистик багытта сөздүк корун байытуу.

**ЖК-5**. Командада иштей билүү жана кесиптештер, жетекчилик, кардарлары менен натыйжалуу баарлаша алат.

Мамлекеттик тилде өз оюн логикалык жактан туура билдирип, сабаттуу жазыш үчүн окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүү зарыл. Топ менен кесиптик чөйрөсүндө натыйжалуу баарлашуу үчүн окурмандык компетенттүүлүктү калыптандыруу зарыл болуп саналат.

Орто кесиптик окуу жайларынын студенттерин улуттук гуманизмдин идеялары жана жалпы адамзаттык ишенимдердин духунда тарбиялоо аалам мейкиндигиндеги адамзаттын эң эле маанилүү максаттарынын бири. Азыркы учурда жаштарды улуттук баалуулуктарга багыттап тарбиялоо заманбап билим берүү системасынын эң негизги маанилүү маселелеринен болуп саналат. Кыргыз Республикасынын өз эгемендүүлүгүнө ээ болушуна байланыштуу негизги улуттун тилин, адабиятын, маданиятын, салтын жана тарыхын жеткилең үйрөтүү абдан актуалдуу маселелерден болуп келет. Колледждин студенттерин көркөм адабиятка карата болгон кызыгуусун өнүктүрүү маселеси, адабий чыгармаларды окуй билүү деңгээли жөнүндөгү маселе, окурмандык компетенттүүлүктү жана адабиятка болгон окурмандык кызыгуунун деңгээли жөнүндөгү маселелер буга чейин эле коюлуп келген.

“Окурмандык” терминин С. Момуналиевдин “Педагогикалык-психологиялык терминдердин сөздүгүндө [98;442] “окумалдуулук” деп берип, ал таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнөн окууга жана аны өздөштүрүүгө болгон жөндөмдүүлүктөн айырмаланарын белгилейт. Ошондой эле анын максималдуу өнүгүү деңгээли, өз алдынча таанып билүү мүмкүнчүлүгүнө карата аныктала тургандыгын көрсөтүп, ал:

1. Жалпы окумалдуулук – ар кандай материалдарды өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү;

Атайын окумалдуулук – материалдардын айрым түрлөрүн: түрдүү илимдерди, искусствону, практикалык иш-аракеттин түрлөрүн өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү” деп көрсөтөт. Ал эми С. К. Рысбаев: “Тактап айтканда, сабакта үйрөнгөндөрүн (окуган, билгендерин) практикада пайдалана билүү,

сабактагы мугалим менен окуучунун акыл эмгеги баланы адабиятты окуп-үйрөнүүгө даярдоодо анын талаптарына шайкеш келүүсү болуп саналат. [131;198]

Адамзатынын китеп окууга болгон муктаждыгы жана китеп окуу маданияты адам акылынын фундаменталдуу жетишкендиктерине кирет. Окуу жана инсандын окурмандык маданияты учурда дүйнө коомчулугу тарабынан жогору бааланып, таанылып келгендиктен, көркөм тексттерди сабаттуу окуу жана түшүнүү жөндөмдүүлүгү окуу жайды аяктаганда үйрөнүүчүлөрдүн бардык башка жөндөмдөрүнүн ичинен биринчи орунга чыгуу менен көркөм текстти туура түшүнүү проблемасынын мааниси азыр, кайра иштетилүүгө жана түшүнүүгө тийиш болгон маалыматтын көлөмү кескин өскөн шартта өзгөчө күчөөдө. Мындайча айтканда, көлөмдү көбөйтүү - маалыматты тез жана эффективдүү кабыл алуу жана иштетүү жөндөмүн талап кылат.

Окуу маданияты тарбиянын, билим берүүнүн жана маданий өнүгүүнүн негизги компоненти болуп саналуу менен үйрөнүүчүнү калыптандыруучу жана өнүктүрүүчү каражат катары жасалган иш-аракети, адамдын жашоодогу ийгиликке жетүү каражаты болуп саналат. Бирок, бул жердеги карама-каршылык: маалыматтык коомдо адамдык жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндөгү ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн куралы катары окуунун маанилүүлүгүнүн өсүшү менен калктын, анын ичинде студенттердин китеп окууга болгон кызыгуусунун төмөндөшүнүн улам болууда.

Окурмандык компетенттүүлүккө тарбиялоо жана аны активдештирүү маселеси менен Абрамовская Л. Н., Беленцов С.И., Бородина О. В., Дорохина С. В., Кунекова Т., Сооронкулов Г., Абдухамидова Б. жана башкалар да алектенишкен. "Окурмандык компетенттүүлүк" түшүнүгүнүн маңызы - туура окуу иш-аракетинин бир түрү - "үйрөнүүчүлөрдүн китептерди (окууга чейин, окуу учурунда жана окуудан кийин) максаттуу жеке түшүнүү жана өздөштүрүүнүн үч этаптуу процесси". [1;281] Окурмандын компетенттүүлүгү

– татаал түзүлүшкө ээ болгон интеллектуалдык жана эмоционалдык ишмердүүлүктүн өз алдынча баалуу түрү. Ал негизги үч этаптан турат: алдын ала окуу, окуу процесси жана окудан кийинки. Белгилүү болгондой, окуунун өз алдынчалыгы студентте китепке кайрылууга түрткү берүүчү мотивдердин болушу жана анын суроо-талаптарын социалдык же жеке муктаждыктарына ылайык эң аз өлчөмдө ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берген билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн системасы катары аныкталат. Окуу процессинин мындай өз алдынчалыгы бардык окурман-студенттердин (адабият таанууга жөндөмдүү балдардын гана эмес) китеп дүйнөсүнө туруктуу кызыгуусунун даярдыгы жана өз алдынча тандап алган адабияттарды жана жумушчу программада көрсөтүлгөн көркөм чыгармаларды тынымсыз окуусунун, ошондой эле өзүнүн окуу жөндөмүн объективдүү баалоосунун ачкычы болуп саналат. [38; 27].

Студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жана окууга болгон өз алдынчалыгын синоним катары атоого да болот, анткени алар бири-бирин толуктап турат. Бул позициядан караганда окурмандык компетенттүүлүк *үч этаптан* турган өз алдынча иш-аракет башкача айтканда: алдын ала окуу, окуу процесси жана окудан кийинки процесс. Эки аныктамада тең студент түздөн-түз өз алдынча китеп окууга дилгирленет да, анын окурмандык ишмердүүлүгү - көбүнчө окуунун кеңири чөйрөсү катары түшүнүлүп, ошол эле учурда бул татаал көрүнүш катары инсандын терең психикалык процесстерине таасир эткендиги менен айырмаланат. Биздин аныктама боюнча студенттердин окурмандык ишмердүүлүгү – бул максаттуу, динамикалуу, баалуу чыгармачыл иш-аракет катары таанылып, окууга дайыма өзүн-өзү канааттандыруу муктаждыгын жана окуудагы билимди, көндүмдөрдү жана атайын окуу жөндөмдөрүн ишке ашырууну билдирет. Студенттин окурмандык компетенттүлүгүн сактап калууда жана аны тынымсыз өнүктүрүүдө, окутуучу өзүнүн окуган чыгармасы, же жаңы темасы боюнча айрым мезгилде айтып берүү менен көркөм чыгарманы окуган студентти мактоо, колдоо, кеңеш берүү жана чыгармадагы

каармандардын окуядагы аракетин турмуштук кырдаал менен салыштырууга, таалим-тарбиялуу алуусуна  жардам берүү үчүн эң маанилүү болуп саналат. Мындай жагдайда студенттин окурмандык компетенттүүлүгү эки түргө бөлүнөт: активдүү жана пассивдүү. Активдүү компетенттүүлүктө студент эч кимдин багыт, көрсөтмө жардамысыз берилген тапшырманы сапаттуу ишке ашырат. Ал эми пассивдүү компетенттүүлүктө студенттин окурмандык табити солгун, ыргылжың тарizde болуп, окутуучунун катуу талабысыз берилген тапшырма ишке ашпайт. Мындан келип, окурмандык компетенттүүлүк түшүнүгү окуу ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышта экендиги аныкталат. Натыйжада студент бирөөнүн башынан өткөн окуяга сырттан карап, окурман катары кырдаалга жараша эмне болору жана эмне кылуу керектиги жөнүндө билимге ээ болот. Окурман катары изденип, өзүн жана жашоодогу ордун табат. Китеп дос, кеңешчи болуп калат [34;117]. Студенттин окууга болгон когнитивдик кызыгуусунун өнүгүшүнө окуу материалын тандоо, окуу процессин уюштуруу, баарлашуунун эмоционалдык атмосферасы, ар кандай ыкмаларды оптималдуу айкалыштыруу таасир этет. Окутуучу ар бир студентке китептин ички сюжетинен маектештерин, керектүү жана акылман досторун көрүүгө, алардын ортосундагы айырманы билүүгө, алар менен иштөөгө, бардык окуу көндүмдөрүн өздөштүрүүгө, китептин жардамы менен маектештер өздөрүн жакшыраак түшүнүүгө жана курчап турган дүйнөнү түшүнүүгө жардам бериши зарыл жана керек. Студенттин окурмандык компетенттүүлүгүндө – окуунун кеңири спектри катары анын ичинде үйрөнүүчүлөрдүн индивидуалдык өзгөчөлүктөрү, өзгөчө мүнөздүк сапаттары, китеп окууга болгон муктаждыгы, кызыгуулары жаткандыктан, бул процессте студенттин психологиялык өзгөчөлүктөрү алардын окуу активдүүлүгүнүн өзгөрүшүнө таасири тие тургандыгын таанып билүүгө болот.

Баарыбызга белгилүү болгондой көркөм чыгарманы окуу - адамдын кебин өнүктүрүү менен  аны туура, түшүнүктүү, элестүү кабыл алууну камсыз кылат. Көркөм чыгарманы окуу адамдын руханий жан дүйнөсүн

байытып, аны боорукер болууга, кайрымдуулукка, башкалардын кайгысын сезүүгө жана башкалардын ийгилигине кубанууга үйрөтөт. Көп окуган студент маалыматты аудиторияда колдонгонду жана аны талдоону да билет, аны менен бирге жаш чагынан тартып турмушта ар нерсени сүйө билүүгө, кастарлай билүүгө көндүрөт. Авторлордун ар каарманы менен окурман катары жекеме-жеке аңгемелеше алат, анын аракеттериндеги аалам сырларын аңтарган түшүнүктөргө ээ болушат, мунун баары, албетте адабият мугалиминин көмөгү менен ишке ашат. Адабият мугалими - студенттин окурмандык каалоосун канаттандыруу аркылуу, аны өзүн-өзү окутууга, өзүн-өзү активдештирүүгө болгон тенденцияга багыттаган адам.

Окурмандык маданият - коомдун өнүгүшүнүн адеп-ахлактык жана интеллектуалдык деңгээлин аныктоочу, таанып-билүүчү жараяндын ишмердүүлүгүнүн негизин камтыган социомаданий кубулуш. Анын натыйжасында окурмандык компетенттүүлүктүн активдүү жагдайы ишке ашат. Ошону менен бирге ар бир адабият сабагы – илимдин жана икусствонун айкалышынан турган окутуучунун жаңы идеяларынын натыйжасы болушу зарыл.

## 1.2 Колледждерде студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары

Орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын окутуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуудагы төмөнкү зарылдыктарды иш жүзүндө аткарууну шарттайт:

1. Студенттердин календардык-тематикалык планда көрсөтүлгөн материалды таанып-билүү ишмердүүлүгүн системалуу башкарууну жана туура багыттоону уюштурууну;

2. Окуу процессинде (таанып-билүүдө) студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатыш үчүн сабактын планын, негизги жана кошумча адабияттарды, текшерүүчү тапшырмаларды (Блумдун таксономиясы боюнча түзүлгөн), билимди текшерүүнүн формаларын, сабактын максатын, сабакта калыптандыруучу компетенцияларды жана

окутуунун натыйжаларын студенттин индивидуалдык турмушу менен айкалыштыра билүү көндүмдөрүн пайда кылууну;

3. Өзгөчө студенттин окурман катары материалды кабыл алып, таанып-билүү жана аны презентациялоону ар кандай жагдайда максаттуу пайдалана билүүнү;

4. Максатка ылайык окутуунун техникалык каражаттарын максаттуу, ыктуу пайдалана билүүнү;

5. Окуу процессин ар кандай идеялык-тематикалык мазмунда интеграциялоо менен практика жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүүнү;

6. Долборлоо технологиясын окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууда окуу процессинде үзгүлтүксүз колдоно билүүгө үйрөтүүнү;

7. Белгиленген максаттуу зарыл шарттарды ар дайым коомдук-социалдык керектөө менен айкалыштырып, аны күндөлүк практикада колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууну жана өнүктүрүүнү;

8. Дүйнөлүк билим берүү системасынын талабына ылайык студентти өзүн-өзү баалоого, ар кандай ситуацияда өзүн-өзү сын көз караш менен кароого, андан жыйынтык чыгара билүүчү компетенттүү окурман катары өзүн-өзү калыптандырууга жетишүүсү.

Жогоруда көрсөтүлгөн максаттуу зарылдыктарды жана аларга түзүлгөн шарттарды бир семестрде же бир айда аткарууга мүмкүн эмес. Ошондуктан ал процесс календардык-тематикалык пландагы мөөнөттөргө системалуу ылайыкташтыруу зарылдыгы менен шартталат. Албетте, заманбап талаптарга ылайык студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууда окутуучунун теориялык билими, тажрыйбасы, компетенттүүлүгү биринчи орунда турат деп белгилеп келе жатабыз. Анткени билими тайкы окутуучу кантип өз студентинин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулата алат. Ошондуктан, окутуучу кесипкөй болушу керек. Себеби кесипкөй окутуучу ар бир студентинин ички психологиясын өз предмети менен ачууда эң чоң ролго ээ болуп саналат.

Бул көз караштан алганда Е. А. Климов «кесипкөйлүк» белгилүү бир адистин бир гана билим деңгээли [68] эмес, ал өзүнүн тармагы боюнча ишмердиги, ички психологиясындагы белгилүү бир системада ар процессти уюштура билүүчүлүк касиети дейт. Дружилов инсандын айрым системалык ички касиети [51] десе, В. А. Бодров кесипкөй менен кесипкөйлүктүн ички түзүлүш байланышын карап келип, кесипкөйлүктү эң бийик пирамида [41] деп эсептесек, анын негизги ички маңызында кесипкөй билим жатат. Ал аркылуу кесипкөй тажрыйба, кесипкөй компетенттүүлүк жаралат деп белгилейт. Анткени кесипкөй окутуучу:

1. Ошол эле мезгилде студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууда окутуу процессинде окутуунун технологияларынын бир салаасы болгон интерактивдүү методдорду чеберчилик менен колдоно алат.

2. Ошол эле учурда окуу процессине тиешелүү болгон календардык-тематикалык планды, СӨАИлердин ички мазмуну жана аткарылыш формалары, негизги жана кошумча адабияттардын тизмесин окуу процессинде толук кандуу практикалай алат.

Анткени, окуу процессинин жүрүшү аркылуу жогорулатылуучу окурмандык компетенттүүлүгү жогорудагы зарылдыктарды аткаруучу шарттардын түзүлүшүнө байланыштуу. Себеби зарылдык аткарылуусу абдан керек болгон муктаждык. [84;640] А муктаждык – зарылдык, зарыл керектик, муктаж болуучулук. [85;230] Демек, бул муктаждыктын жүзөгө ашышы үчүн сөзсүз түрдө шарттардын түзүлүшү окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга ошол зарылдыктын жүзөгө ашышына түздөн-түз өбөлгө болот.

Өбөлгө болгон шарттарды жаратуу үчүн кандайдыр бир кырдаал же жагдайдын жаратылуусу шарт. Анткени, шарт - бир, талап – эки. Бир нерсеге таасир кылуучу, жалпы абалга таасирин тийгизүүчү жагдай, кырдаал, мүмкүндүк. [85;784] Ошол эле мезгилде өтө тездик менен аткарылуучу кырдаал деп эсептесек да болот. Албетте, бул кырдаалды студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуучу окутуучу жана окуу

процессинин сапаттык деңгээлине жооп берүүчү окуу жайдын жетекчилиги түзө билиши зарыл. Анткени билим берүүнү дүйнөлөштүрүүнүн очогу – окуу жайдын жетекчилиги болуп саналат. Эгерде жетекчилик талапка ылайык студенттин 70% өзү билим, билгичтик, көндүмгө ээ болуусун талапка ылайык ишке ашуусун каалаunion, студенттерге педагогикалык шарттарды түзүп берүү менен студенттерден билим сапатын талап кыла алат. Качан гана окутуучу өз ишмердүүлүгүнүн жогорку деңгээлин өз жетекчилиги менен студенттерге билим, билгичтик, көндүмдөрүн жогорулатууга көмөк көрсөтө алганда гана билим сапаты ишке ашат. Эгер окутуучуда мындай жөндөмдүүлүк жок болсо, эч качан студенттердин окурмандык компетенттүүлүгү жогорулабайт, ал турсун калыптанбайт. Ошондуктан жогоруда белгиленген педагогикалык шарт – окутуунун максатына жетүүнүн ийгилигин камсыз кыла турган, бири-бири менен байланыштагы, бири экинчисин толуктаган комплекстүү чаралар, [112] делсе, педагогикалык шарт бири-бирине көз каранды ички, сырткы факторлор [95;342] ошол эле мезгилде, окурмандык компетенттүүлүктү жогорулатуучу физикалык чөйрө, ага тиешелүү жогоруда белгилеп көрсөткөн педагогикалык каражаттар [58;170] болуп саналат.

Кыргыз адабияты предметинде студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун дагы бир зарылдыгы.

1. Студенттин дүйнө таанымдык компетенцияларга ээ болушуна жетиштирүү:

а) Календардык-тематикалык планда көрсөтүлгөн акын-жазуучулардын чыгармачылык өнөрканасын, чыгармаларындагы көркөм-эстетикалык табылгаларды таанып-билүүсүнө жетиштирүү;

б) Кыргыз адабиятындагы адабий процесстерди, алардын калыптануу, өнүгүү эволюциясындагы тенденциялардын мыйзам-ченемдерин талдай билүүгө жетиштирүү;

в) Кыргыз адабиятындагы ар бир темага тийиштүү илимий-теориялык булактарды окуп-билүүсүнө жетиштирүү зарылдыгы менен шартталат.

Мындай өзгөчөлүктөр А. В. Хуторской белгилегендей ар бир студенттин ички психологиясында жарандык потенциалын активдешине мүмкүнчүлүктү пайда кылат. [164; 58-64] Ошол эле учурда бул зарылдыктар системалуу түрдө студенттин кыргыз адабиятындагы ар бир теманы анализдеп-синтездөөсү, долбоорлой алуусу, өз долбоорун презентациялоого жетишүүсү, ар бир өздүк иш аракеттерин өзү баалай, андан жыйынтык чыгара билүүсү менен шартталат. [16; 311]

Демек, мындай мүнөздүк өзгөчөлүктө калыптанган студент-окурман компетенттүү студент катары ар бир кыргыз адабиятынан алган маалыматтарын турмушта колдоно билген жөндөмдүүлүгүнө ээ болуп, турмуштук позициясы бекем болот. Анткени, студент-окурманды мындай жөндөмдүүлүккө жеткирүүдө, албетте, интерактивдүү методдорго негиздеп окутуу, ал аркылуу студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу ааламдашуу мезгилинде негизги максаттардын бири катары билим берүү системасында айныксыз таанылуусу абзел. Бул маселенин коюлушу өзүнөн-өзү окуу процессин дүйнөлүк билим берүүнүн контекстине өткөрүүгө, стандартта (НББПда) белгиленген компетенцияларды жогорулатууга негизги басымды коюуга алып келет.

Ошондуктан орто кесиптик окуу жайларында окутулуп жаткан кыргыз адабияты дүйнөлүк билим берүүдөгү жетишкендиктерди чыгармачылык менен өздүк ишмердүүлүгүндө пайдалана билүүсү зарыл маселелерден болуп саналат. Анткени бул өзгөчөлүк окурман-студенттин көркөм чыгармаларды окуп үйрөнүүсүнө, ар бир акын-жазуучунун чыгармаларынын көркөм эстетикалык баалуулугун, автордун баяндоо манерасын, өздүк стилин, чыгармачылык көркөм чеберчилигин таанып билүүсүнө өбөлгө болот.

Мунун өзү орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын окуган студент компетенттүү окурман катары коомдогу кыргыз адабиятынын ордун, пикирлешүүнүн көркөм ой жүгүртүүсүн иш-чараларда өзүнүн окурмандык компетенттүүлүгүн көрсөтө алган, чыгармачылык ойлоосу күчтүү, идеяларга

бай экендигин иш жүзүндө далилдей алган билимдин ээси кылып тарбиялоого жетишүү болуп саналат.

Ошондо гана окутуучу окурман-студентти адабий-көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүсүнө, социалдык-коомдук кырдаалдарда адабий тилдеги көркөм сөз каражаттарын, кептик корун иш билгилик менен пайдалана билүүсүнө ар кандай интерактивдүү методдорду колдонууда натыйжага жетүүсүнө түздөн-түз көмөк көрсөтө алат. Ал үчүн девиз болуп калгандай окутуучунун өзү бийик компетенттүү мүнөздүк касиетке болуусу заман талабы.

Жогоруда орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын окутуу менен студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуучу зарылдыктар менен бирге колдонулуучу каражаттардын эң негизгиси - алардын дүйнө таанымын өнүктүрүү экендиги көрсөтүлдү. Анткени, философия, педагогика, психология илиминде таануу процесси көңүл буруу, сезе билүү, кабыл алуу, эске сактоо, ой жүгүртүү, кыялдануу [125;61] сыяктуу категориялардан турат деп эскерткенбиз. Окуу процессиндеги окутуучунун студентке берген билими, анын ички, сырткы ой жүгүртүүсүнө көз каранды. Себеби студент окутуучу берген билимди угуп, түшүнүп, көңүл бөлүп, кабыл алып алган билимин эсине сактап, эсинде калган билимин кайрадан ой жүгүртүүсү аркылуу кыялынан өткөрүп, аны ар кандай интерактивдүү стратегияларды колдонуу менен окутуучунун жетекчилиги менен аудиторияда презентациялайт. Бул жагдай студенттин билимди кабыл алган пассивдүү жана активдүү эрктик кабыл алуусуна жараша болот. Ошондуктан кабыл алууну – «тандалма, чен-өлчөм, токтоолук, туруктуу, бекем, көңүлкош, чаржайыт» деп бөлүп жүрүшөт. [125; 61]

Тандалма көңүл коюуда окурман-студент окутуучунун берген билиминин ичинен айрым бир бөлүгүн эсине сактап кабыл алат. Чен-өлчөм кабыл алууда окурман берилген билим боюнча белгилүү эрежени, келтирилген мисалды, же окуяны нормадан ашык эмес кабыл алуу болуп саналат. Токтоолук кабыл алууда окурман-студент берилген билимди оор

басырыктуулук, сабырдуулук менен өзүн жана ички сезимдерин окутуучу берген билимге багыттоо менен жан дүйнөсүнө сиңирүүсү эсептелсе, туруктуу кабыл алууда окурман-студент өзүн бир калыпта кармап, эч нерсеге көңүл бөлбөй, окутуучунун билимин толук түшүнүүнү өзүнө көшөрүп максат койгон кабыл алуусу болуп саналат. Бекем кабыл алууда окурман-студент окутуучу берген билимди туруктуулук, бышык, эч нерсеге алаксыбай кабыл алуусу саналса, ал эми көңүл коюп кабыл алууда окурман-студент кайдыгер, көңүл кош, анча маани бербестен, жоопкерсиздик менен салкын көз караште кабыл алуусу болуп эсептелет. Чаржайыт кабыл алууда окурман-студент берилип жаткан билимди башаламан, туш келди, иретсиз, чачкын кабыл алат. Мындай көңүлкош, чаржайыт билим алган студенттин окурмандык компетенттүүлүгү эч качан жогорулабайт. Качан гана студенттин ички мүнөзүндө туруктуу, бекем, токтоолук менен көңүл коюп кабыл алуу жөндөмдүүлүгү өскөндө, анын окурмандык компетенттүүлүгү жогорулайт. Анткени, жөндөмдүүлүк адептик сапаттарга кирүү менен адамдын кандай иште болбосун аткарууга жарамдуулугу, эптүүлүгү, шыктуулугу, тырышчаактыгы, талыкпаган туруктуулугу менен аныкталат. Мындай адептик мүнөзгө эгедер окурман-студент окутуучунун берген билими обьективдүү дүйнөнүн чагылып көрүнүшү экендигин таанып биле алат, берилген билимди деталдаштырып үйрөнүп, ал тууралуу оюн жыйынтыктап, толуктап, өнөктөшү менен идея бөлүшүүдө анын оюн кунт коюп угуп, өзүнүн активдүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алат. Окуу процессинде колдонулган интерактивдүү стратегияларды көңүлгө түйүп, аны презентациялоодо натыйжалуу колдоно алат. Өзүнүн алган билиминин деңгээлин тайпада колдонууга, алардын сынчыл ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн ар тараптан активдешүүсүнө көмөктөшө алат. Мындай мүнөзгө ээ студент, албетте, компетенттүү окурман катары таанымал болгондугу менен өзгөчөлөнөт.

XXI кылымдын кадрларына татыктуу билим берүү азыркы демократиялык коомдо замандын ООШ-кыйыш шарттарына туруштук бере

алган инсандарды даярдоо бүгүнкү окутуунун негизги милдети болуп саналат. Ушул максатта билим берүүдө окутуунун жаңы технологияларын колдонуу аркылуу студенттер менен заманбап ыкма, инновациялык усулдарды пайдалануу окутуу процессинде сапаттуу натыйжа алууга өбөлгө десек болот. Айрыкча билим берүүнү жаңы мазмун, жаңы формага салуу маселеси өзгөчө орто окуу жайларынын окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн тайпалары үчүн актуалдуу.

Анткени билим берүү системасында адабият сабагынын мааниси өтө зор, ал адамзаттын дүйнөгө болгон көз карашын, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө чеберчилигин калыптандырып, адамдын акыл сезимин, дүйнө таанымын, логикалык ой жүгүртүүсүн, сүйлөө кебин өстүрөт.

Орус элинин белгилүү сынчысы В. Г. Белинский: “Адабият деген – жазуучунун шаңдуу фантазиясы эмес, турмуш талабы, эркин көңүл эргүүнүн жемиши жана элдин күч-аракети, көркөм адабиятта улуттук дух, элдин ички дүйнөсүнүн символу, байлыгы сөзсүз чагылдырылышы керек. Адабият прогрессивдүү өнүгүү жолу менен адам жашоосун бийик асыл сонун укмуш мазмун менен толукташ үчүн кызмат кылат” [20] – деп “Адабий арзуулар. Прозадагы элегия” чыгармасында айткандай, адабияттын мааниси терең жана мазмундуу.

Адабиятты окуп үйрөнүү менен бирге студенттердин адамдардын жеке кызыкчылыгын гана ойлогон жаман ойлордон, терс сапаттардан арылтуу, эстетикалык табитин жогорулатуу болуп саналат. Билим берүү системасында адабият сабагынын мааниси өтө чон, себеби ал адам баласынын дүйнөлүк көз карашы, ой жүгүртүүсү, сүйлөө ишмердүүлүгү аркылуу жаралып, адамдын акыл-эсин, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт. [157; 77]

Студент адабият сабагын жакшы өздөштүрбөй туруп өз көз карашын, толук кандуу пикирин элге жеткирүү да кыйынчылыкка болушу ыктымал жана башка предметтерди өздөштүүдө да тоскоолдукка учурашы мүмкүн. Окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн тайпаларда студенттерди

кыргыз адабияты сабагына кызыгуусун арттыруу максатында инновациялык усулдарды пайдалануу учурдун талабы.

Окутуунун инновациялык усулдары окутуучунун ар бир студент менен иштөөсүнө, баарлашуусуна мүмкүнчүлүк түзүп, өтүлгөн теманы терең өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

Заманбап билим берүү маселелери менен алектенген изилдөөчүлөр, туура тандалган педагогикалык шарттардын комплекси педагогикалык системасынын натыйжалуулугун кыйла жогорулатууга жөндөмдүү болот деп эсептешет. Педагогикалык изилдөөлөрдө “шарт" деген түшүнүк жетиштүү эле деңгээлде кеңири колдонулат. Атап айтканда, В. А. Беликов педагогикалык шарттарга төмөнкү шарттарды киргизет, алар аң-сезимдүү түрдө билим берүү процессинде түзүлөт жана бул процесстердин ишке ашырылышы өтө натыйжалуу өтүшүн камсыз кылат. Мындан тышкары, "педагогикалык шарттарды кырдаалга, абалга, объекттердин жыйындысына, процесске таасир көрсөтүүчү, тышкы жагдайлар менен гана камтуу мүмкүн эместигин”, анткени инсанга билим берүү субъективдүү жана объективдүү, ички жана тышкы, маанимаңызын жана кубулуштардын өзүнүн биримдигин көрсөтөт» деп ал белгилейт [35;24]. Педагогикалык шарттар – бул максатка ылайык тандап алуунун натыйжасы, конструкциялоо жана кармоо элементтерин, ыкмаларды, ошондой эле окутуунун уюштуруу формаларын дидактикалык максаттарына жетүү үчүн колдонуу деп В. И. Андреев белгилейт [17;250]. Педагогикалык шарттар бул – “педагогикалык процесстин анын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иш-чараларынын жыйындысы” деп түшүнгөн Е. В. Яковлевдин көз карашына кошулабыз [177;80]. Орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн түзүү каражаты катары интеграцияланган окутуунун ишке ашышына өбөлгө түзүүчү, педагогикалык шарттарды табуу учурунда, биз төмөнкүлөрдү эске алдык:

• информатика жана эсептөөчү техника жаатындагы адистерди кесиптик даярдоонун сапатына социалдык талаптарды коюу;

• орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн түзүү каражаты катары интеграцияланган окутуу көйгөйлөрүнүн абалын талдоонун жыйынтыктары;

• маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу процессинде интеграцияланган окутууну ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүн табуу;

• системалуу, ишмердик жана интеграциялык мамилелердин мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу. Мындан тышкары, биздин пикирибиз боюнча, орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда интеграцияланган окутууну ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен белгиленген шарттардын айкалышы иликтенип жаткан процесстин бардык жактарын камтуучу динамикалык жыйындысы болушу керек. Биз жүргүзгөн изилдөөдө интеграциялык окутуунун натыйжалуу иштешин, педагогикалык шарттарга ылайык, колледждин студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун каражаттары катары билишет. Өз ара байланышкан формалардын топтомун, окуу процессинин каражаттарын жана методдорун, өз жөндөмдөрүн маалыматтык-кесиптик билим берүүнү өздөштүрүүдө максималдуу түрдө ишке ашырууга шарт түзгөн көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн, мотивацияны, өз алдынчалыкты, чыгармачылык активдүүлүктү калыптандыруу деп түшүнөбүз. Изилдөөнүн көйгөйлөрүнөн, ишмердик жана интеграциялык мамилелердин максаттарынан улам, интеграцияланган окутуу каражаттары аркылуу колледждин студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн түзүү процесси төмөнкү шарттарды аткарууда кыйла натыйжалуу болот деп божомолдойбуз:

• окуу процессин мотивациялык - дем берүүчү коштоосун уюштуруу;

• жалпы кесиптик жана атайын циклдердин дисциплиналарын предметтик аралык интеграциялоосун пайдалануу;

• студенттерди проблемалык-чыгармачылык ишмердүүлүккө киргизүү. Аталган шарттардын мазмунун ачабыз. Биринчи педагогикалык шарт-окутуу

процессин мотивациялык-стимулдаштыруучу коштоону уюштуруу. Бул процессинин жүрүшүндө, изилдөөчүлөр эки тарапты белгилешет: ички сезимдер, кызыкчылыктары, ынанымдары муктаждыктары менен байланышкан, мотивдерди түзүү жана өнүктүрүүчү сырткы байланыштар. Түрткү берүү - ишмердүүлүк кылууга каалоону чакырган себеп же кырдаал болуп саналат [45;45]. Андан башка адам ишмердүүлүгүнүн детерминациялоодогу маанилүү жагдай, сырткы таасирлерди көрсөткөн объективдүү фактор катары да эсептелинет. Ошентип, мотив адам психологиясы менен байланышы бар, ал эми стимул - тышкы фактор болуп саналат. Бул учурда, стимул катары ар кандай кубулуш болушу мүмкүн, анын ичинде окутуучу тарабынан атайын түзүлгөндүр да.

Студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн таанып-билүү аркылуу жогорулатуучу мүнөздөгү бир сабактын мисалында далилдегенге аракеттенели.

Чыңгыз Айтматовдун «Жетинин бири» аңгемеси.

Текшерилүүчү тапшырмалар:

**1. Билүү:** Ч.Айтматовдун "Жетинин бири" аңгемеси боюнча маалымат алышат.

**2. Түшүнүү.** Ч. Айтматовдун "Жетинин бири" аңгемесинин сюжетин таануу менен кабыл алышат, түшүнүшөт.

**3. Колдонуу.** Ч. Айтматовдун "Жетинин бири" аңгемесинин идеялык-тематикалык сюжетин турмуш менен байланыштырып, ар кандай кырдаалга ылайык колдоно алышат.

**4. Талдоо (анализ).** Ч. Айтматовдун "Жетинин бири" аңгемесинин сюжетине, композициясына, идеясына, образдарга талдоо жүргүзө алышат.

**5. Топтоо (синтез).** Ч. Айтматовдун "Жетинин бири" аңгемесиндеги сюжеттик окуялардан жекече жыйынтык чыгара алышат.

**6. Баалоо.** Ч. Айтматовдун "Жетинин бири" аңгемесине адабий талдоо жүргүзүү менен анын идеялык-чыгармачылык деңгээлине баа бере алышат.

Сабакты талкуулоо учурунда аңгеменин сюжетин таанытуу менен төмөндөгүдөй күтүлүүчү натыйжаларга жетишебиз:

- “Жетинин бири” аңгемесин сюжети менен таанышып, андагы окуянын идеялык мазмунун таанып билүүгө;

- аңгеменин ички мазмунуна, идеясына жараша ар бир тынымды алдын-ала божомолдоого;

- божомолдонгон оюн системалуу композициялык биримдикте окурман катары айта билгенге;

- ар бир жуп биринин идеясын экинчиси толуктай билгенге;

- толукталган ойду аудитория менен эркин бөлүшүүгө;

- ар бир жуп экинчи жуптун ортого салган оюн кунт коюу, токтоолук менен уга билгенге;

- ар бир талкууга катышкан жуптун оюн бөлбөй, сабырдуулук менен угууга жана сыйлай билүүгө;

- чыгарманын сюжети менен таанышууда чаржайыттыкка, көңүл коштукка жол бербөөгө;

- чыгарманы окурман катары окуп, билимди өзүнө сиңирип, кабыл алуусунда жана алган билимин аудитория менен бөлүшүүдө студент окутуучунун көрсөтмөсү менен интерактивдүү стратегияларды колдоно билгенге;

- ар бир жуп экинчи жуптун, жалпы аудиториянын активдүү иштешине өз жөндөмдүүлүктөрүн пайдалануу менен көмөктөшкөнгө;

- кандай жагдайда болбосун аудиторияда “Алтын эрежелерди” сактоого;

- окурман катары аңгемеден алган билимин, таанып-билүүсүн практика жүзүндө аудиторияда активдүүлүк менен презентациялай билүүгө жана турмушта колдоно билүүгө жетиштирүү.

Сабакта колдонулуучу ык-машыгуулар: башкарып окутуу, жупта, топто иштөө.

**Сабакта калыптандыруучу компетенциялар жана окутуунун натыйжалары:**

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк –** окуган чыгармаларынын жана тажрыйбасынын негизинде адабий чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү, ар түрдүү темадагы, жанрдагы жана формадагы адабий-чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүгү, адабий чыгармалар, жеке таасирленүүлөрү, ассоциациялар жөнүндө оозеки жана жазуу түрүндө китепти жаратуусу, стилдик боектогу кепти колдонуусу. Таанып-билүү жана коммуникациялык милдеттерди ишке ашыруу үчүн энциклопедиялар, сөздүктөрдөн тартып ар кандай маалымат булактарын пайдалануу, интернет ресурстары ж.б.

**Окурмандык компетенттүүлүк ээ болуу бул** – адабий чыгарманы искусствонун түрү катары окууга, эмоционалдуу кабыл алууга жана түшүнүүгө жөндөмдүүлүк. Ошондой эле искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм маанилүүлүгүн, маалыматтуулугун, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү;

- кепти толуктоо жана байытуу;
- теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү;
- окуучулардын (студенттердин) түрдүү элдерге жана маданияттарга таандык адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуу
- “автор-окурман” диалогуна чыга билүү жөндөмүн жогорулатуу.

**Баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүк** – адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө таанымкатегорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө, гуманисттик адеп-ахлактык позицияларга бек туруу;

- окуучулардын (студенттердин) автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгү артат;
- каармандардын кылган жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртөт. [86;13]

**Тема боюнча калыптандырылуучу окутуунун натыйжалары:**

- Чыгарманын (аңгеменин) идеялык сюжетин таанып билишет;
- аңгеменин композициялык түзүлүшүн билишет;
- аңгемедеги образдарды талдай алышат;
- образдарга өз эмоциясын билдире алышат;
- аңгемедеги каармандын ордун аныктап, ага өз көз карашын билдире алышат;
- Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар менен аңгемедеги каармандардын мүнөздөрүн салыштыра алышат;
- автордун ар бир чыгармасындагы стилдик бөтөнчөлүктөрүн белгилеп көрсөтө алышат.

**Сабактагы күтүлүүчү натыйжалар:**

**Билим:**

- Студенттер “Кыямат” романы жана андагы “Жетинин бири” аңгемеси жөнүндө маалыматтарды алышат.
- Каармандардын тагдыры менен таанышат.
- Чыгарманын маани-мазмунун талдашат.

**Билгичтиктер:**

- Студенттерди Ата Мекенди сүйүү сезимин ойгонот, ар-намыстуулукка тарбияланышат.
- Сабырдуулукка үйрөнөт, каада-салтты урматтай билүүгө көнүгүшөт.
- Аруулукка, чынчылдыкка, жаратылышты коргоого тарбияланышат.
- Кечиримдүүлүккө, туулган жердин ыйыктыгын сезе билүүгө, жоопкерчиликтүүлүккө тарбияланышат.

**Көндүмдөр:**

- Студенттердин ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымы өсөт.
- Өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү калыптанат.
- Чыгармачылык жөндөмдүүлүгү өнүгөт.
- Сөз байлыгы өсөт, сөздүк кору байыйт.

- Кесиптик жоопкерчилиги артат.

Ч. Айтматовдун “Жетинин бири” ангемесин өтүүдө алгач окутуучу студенттерди эки топко бөлүп, андан соң студенттердин көңүлүн бир жерге топтоо, ой жүгүртүүсүн өстүрүү максатында муз жаргычты колдонот. Кыргыз элинин дөөлөттөрү болгон Мекен темасындагы макал-лакаптар жарым-жартылай ватманга жазылып, доскага илинет. Студенттер берилген макал-лакаптардын жарымын толуктап жазышат жана анын маанисин чечмелешет. Макалдарды туура толуктай алган жана маанисин чечмелей билген студент окутуучу тарабынан бааланып турат.

Муз жаргычтын максаты: Мекен темасындагы макал-лакаптардын тарбиялык маанисин чечмелөө, студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тапкычтыкка үйрөтүү болуп эсептелет.

Мисалы:

1. Жаман жигит жин сактайт, ______ _____ ___ ________.
2. Журт мазар, _________ ____________ ______.
3. Эл четине жоо келсе, _______ ________ __________.
4. Үйүрүн сагынбас ат ат болбойт, ______ _____ ___ ____ ______.
5. Бетеге кетет, бел калат, _____ _____, ____ _____.
6. Бастырганды билбеген жолду бузат,______ ______ _______ _______ .
7. Туулган жердин ______ ________. [63; 3,46,47,48]

Үй тапшырмага “Ак кеме” повестиндеги баланын образы боюнча эссе жазып келишет. Эссеге студенттер өздөрү каалагандай тема коюп окуп беришет. Тайпанын тандоосу боюнча айрым студенттердин эсселери окулат. Калган студенттердин эсселери бош жерге илинет, аны бош убактыларында окушат, эссеге карата ой пикирлерин кийинки сабакта эске салышат, пикирлерин айтышат.

Слайд аркылуу Ч. Айтматов жана “Кыямат” романы жана андагы каармандар жөнүндө жазылган материал көрсөтүлөт. Роман жөнүндө керектүү маалыматтарды алышат.

Жаңы темага чакыруу максатында кыргыз тилинде, орус тилинде, жана башка тилде билген жети санына байланыштуу ишенимдерди, макал-лакаптарды, учкул сөздөр суралат.

Мисалга алсак:

“Жети өлчөп, бир кес” – “Семь раз отмерь, один раз отрежь”.

“Жетинин бири Кызыр”, “Жети атасын билбеген кул”,

“Семеро одного не ждут”, “Один с сошкой, семеро с ложкой”,

“Бала жетиге чыкканча жерден жети жолу таяк жейт”

жетилигин өткөрүү, жети токоч баабедин ж.б.у.с.

Максаты - кыргыз элинин, башка элдердин улуттук каада-салттарын, элдик ишенимдерди билүү, алардын тарбиялык маанисин чечмелөө.

**Тексттке чакыруу этабы.** Мында тексттин ичинен тандалып алынган ачкыч сөздөр берилет. Студенттер ачкыч сөздөрдү пайдаланып, 5 мүнөт убакытта байланыштуу текст түзүшөт. Түзгөн тексттерин жупта талкуулашат. Ар бир жуптан бирден текст окулат.

**Ачкыч сөздөр:** туулган жер, революция, дарыядагы кыргын, жетинчи адам, оор маузер, коштошуу ыры, алты адам.

Текст башкарып окутуу ыкмасы менен окутулат.

**Башкарып окутуу** – тексттин мазмунуна жана идеясына жараша алдын ала божомолдоого жана суроолор түзүлүшүнө негизделген текст менен иштөө ыкмасы. [114; 4]

Тексттин алгачкы бөлүгү окулат (текст тиркемеде берилет)

**Текстке талдоо**. - Кимдин айткан ою же түзгөн тексти жакындашты?

- Окуя эмне жөнүндө болду, кайсы революция жөнүндө сөз болуп жатат? Ал качан болгон?

- 1917-жылдагы Октябрь революциясы жөнүндө айтылып жатат.

- Текстте кимдер жөнүндө сөз болуп жатат?

- Гурам Джохадзе жана жигиттери, чекист Сандро жөнүндө сөз болуп жатат.

- Алар кимдер?

- Гурам Джохадзе жана жигиттери – Совет бийлигинин душмандары, чекист Сандро – Совет бийлиги үчүн күрөшкөн адам.

- Алардын абалы кандай эле? Тексттен таап окугула.

- Алардын ырп этээрге алдары жок чарчаган немелер, ар кими ар жерге тоголонуп жатып калышкан эле.

– Тексттин алгачкы бөлүгүндөгү акыркы сүйлөмдү окугула.

***Революциянын мыйзамына ылайык эки тарапка бөлүнгөн, кайнаса каны кошулбаган, бири-бирине кас бул эки адам дагы эмнелерди ойлоп жатканын билсе бир Кудай билер.*** [8;310-349]

- Силердин оюңарча, бул эки адам эмнени ойлоп турат, эмне үчүн Гурам жана Сандро уктай алышпай жатат?

Талкуу жүргүзүлөт. Ар бир студент өз оюн дептерге жазат, жупта талкуулашат. Ар бир жуптан бирден ой айтылат.

**II.**.Тексттин 1-тынымы (текст тиркемеде берилет) окулат.

1. Тексттин 1-тынымына талдоо

**-** Ачкыч сөздөрдү пайдаланып түзгөн текстке кимдин айткан ою дал келди?

- Кимдин божомолу дал келди?

- Чындыгында эмне болду?

- Ушул сүрөттө жаратылыштын сүрөттөлүшү кандай? Ким көркөм окуп берет?

- Айдын толуп турган кези, оң тараптан жаркырап тийип турат, түнкү токой өзүнчө бир оор күңгүрөнүп, төмөндөп таштан ташка урунуп, шаркырап аккан дарыянын дабышы келет, аска таштар арсайып, мисирейип, айланадагы тоолор тымтырс.

- Силердин оюңарча Гурам Джохадзе жана Сандрого кандай мүнөздөмө бересиңер?

- Булар эмне кылганы турушат?

- Эмне үчүн чогулушту?

- Эмне үчүн Сандро отунду алыска жыйды? Ал эмнени ойлоп турат?

Кечинде баары – алты адам жана жетинчи киши кайрадан чогулушту.

- ***Аттар токулуубу, шарт минип, жөнөп берүүгө даярсыңарбы? – деп сурады Гурам Джохадзе. Бардыгы унчукпай баштарын ийкешти.***

***Бу сен, Сандро, - деди капыстан Гурам Джохадзе, - отундун кургагынан жакшы жыйнапсың, дуулдап күйүбатат, бирок очоктон оолак жыйып салганың кандай?***

***Ага кабатыр болбо, Гурам, оттун милдети менде, өзүм жайгарам. А сен айтчу сөзүңдү айта бер.*** [8;310-349]

- **Гурам Джохадзе бир нерсе айтмакчы болуп турат, эмне айтмакчы?**

Талкуу жүргүзүлөт. Ар бир студент өз оюн дептерге жазат, жупта талкуулашат. Ар бир жуптан бирден ой айтылат. Тексттин 2-тынымы (текст тиркемеде берилет) окутулат.

Текст окулуп бүткөндөн кийин талкуу жүргүзүлөт:

- Ачкыч сөздөрдү пайдаланып түзүлгөн текстке кимдин айткан ою дал келди же жакындашты?

- Гурам Джохадзе боюнча кимдин божомолу дал келди?

- Силер кандай ойлойсуңар, Гурам Джохадзе эмне үчүн досторунан да, душмандарынан да кечирим сурап жатат?

- Гурам жана анын досторунан эмнеге тагдыр жүз үйрүп кетти?

- “А түгүл мына туулуп-өскөн жер да бизди жерип турат”,-дейт Гурам, силер кандай ойлойсуңар эмнеликтен киндик каны тамган жери өз кулундарын жерип турат?

- “Ата Журт деген баштыктай сүйрөп, өзүң менен алып жүрө турган нерсе болсо анда анын баасы сокур тыйынга турбас эле”, - дегенди кандай түшүнөсүңөр?

- Гурам үчүн эле Мекен ыйыкпы? Силер, биз үчүнчү?

- Кудай сактасын, силердин башыңарга Гурамдай иш түшсө, б.а. Мекениңерди таштап кетүүгө туура келсе кантесиңер?

Тексттин акыркы сүйлөмү окулат*: **Жети грузин, бирөө бир милдет менен, алтоо өзүнчө тарап болуп турушат, бирок аларды ырдын сыйкырдуу касиети бириктирип салды**. **Эми эмне болот?*** [8;310-349]

Талкуу жүргүзүлөт. Ар бир студент өз оюн дептерге жазат, жупта талкуулашат. Ар бир жуптан бирден ой айтылат. Тексттин 2-тынымы окутулат. Тексттин 3-тынымы (текст тиркемеде берилет) окутулат.

Текст окулуп бүткөндөн кийин талкуу жүргүзүлөт:

- Текстке карата айтылган кимдин ою жакындашты?

- Сандро бардыгын маузер менен атты, маузер канча турат? Базарда эркин сатылабы?

- Эмне үчүн ыр үзүлдү?

- Сандро өз милдетин аткарды, эмне үчүн Сандро өзүн-өзү атып алды деп ойлойсуңар?

**Мугалимдин жыйынтык сөзү:** Демек, Сандро Мекен тарабынан тагылган милдетин да, досторунун (мурда алар дос эмес душман болчу) алдындагы да милдетин аткарды. Мекен бардык адам үчүн кымбат.

Жыйынтыктоодо окутуучу студенттерден Ата журт жөнүндө макал-лакаптарды, ырларды сурайт. Студенттер эстеринде сакталып калган Мекен жөнүндөдөгү макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү, ырларды айтышат.

Мисалы: “Ар адамдын туулган жери – Мисир”, “Элин сагынбас эр болбойт”, “Мекенин сүйүү ыймандан” (хадис), “Адамды сүйө албаган адам Ата Мекенин да урматтай албайт”( А. Франс), “Мекенимдин бықшып чыккан түтүнү бал жыттанат” (А. Грибоедов)

Үйгө тапшырмага Ата журт жөнүндө эссе жазып келүү берилет.

**Студенттердин билимин баалоо**. Студенттердин жоопторуна ылайык беш бурчтуу, төрт бурчтуу, үч бурчтуу окутуучу тарабынан берилет. Алардын суммасы эсептелет, жыйынтыгында тиешелүү баасы коюлат.

Аталган сабакта студенттердин таанып-билүү окурмандык компетенттүүлүгү алардын жаңы тема боюнча берилген тапшырманы үч

тыным менен окутуучунун көрсөтмөсү боюнча көңүл коюп окуп, ага жасаган рефлекциясы аркылуу аткарылды. Ал окуу процесси үч этапта өттү:

**Чакырууда** студенттердин көңүл коюусун бир жерге топтоо үчүн:

- слайд (Ч.Айтматовдун “Кыямат” романы тууралуу материал) көрсөтүлөт;

- жети санына байланыштуу макал-лакап, учкул сөздөрдү чечмелөөгө көрсөтмө берилип, жеке, жупта, топто иштөө сунушталат.

**Түшүнүүдө** аңгеменин биринчи бөлүгү чагылдырылган текстти окуп, андагы негизги идеяны көңүл коюу менен окуп түшүнүп, окуянын жүрүшүн, андагы каармандардын аракетин дүйнө таануу факторунун негизинде кабыл алышат. Анткени чакыруу ойлоо, таануу процессинин башталышы болгондуктан, ойлогон нерсесинин ишке ашыруу иш-аракетин жүзөгө ашырылышы катары каралат. Бул өзгөчөлүктү Ч. Темпл, Д. Стил, К. Мередис (Америка), Л. С. Выготский, Д. Дьюди, Э. Ильенкова, К. Роджерс, Б. Блум, А. М. Пятигорский, М. М. Бахтиндер “окуу процессинин борбордук түйүнү” деп эсептешет, [76;145] же “өтүлгөн материал менен жаңы материалды байланыштыруудагы жаңы материалды базалык түшүнүктөрү боюнча эске түшүрүү кырдаалы” [157; 92] десек да болот. Окутуучунун бул кырдаалды жаратуусунун максаты – студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуучу таанып-билүү каражаты аркылуу ойлоо ишмердүүлүгүн активдештирүү, өз алдынча таануусун стимулдаштыруу менен логикалык ырааттуулукта өз көз карашын өнөктөшү менен бөлүшүүгө жетиштирүү. Ошондой эле жаңы теманын маңыз-мазмунун деталдаштырып кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ кылуу. Албетте, бул кырдаалды жаратууда окутуучунун илимий-педагогикалык ишмердиги жогору болушу шарт. Себеп студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорку деңгээлге өсүп жетилүүсү окутуучу менен карым-катнашынын негизинде ишке ашат. Анткени “карым-катнаш - дүйнөнү илимий жана философиялык жол менен таанып-билүү процесси” болуп саналат. [159] Себеби карым-катнаш, зарылдык, кокустук, маңыз, көрүнүш, мүмкүндүк, чындык, форма, мазмун философиянын закондоруна

байланыштуу эки субьектин карым-катнашынан пайда болгон, түшүнүүнү жаратуучу психологиялык абал болуп саналат. Бул психологиялык абалдын ички механизмдерине интеллектуалдуулук, эмоция, биргелешкен аракеттешүү кирет. Мындай кырдаалдагы окурмандын таанып-билүүсү, түшүнүүсү, алынуучу билимдин тереңдигине алып келет.

Мындай кырдаал аталган сабакта окутуучу тарабынан сунушталган үч тыным менен окууда жана аларды талкуулоо учурунда студенттердин жупта, тайпада кызматташып иштөөсү аркылуу практикаланды. Натыйжада студенттин ички жан дүйнөсүндө ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымы, өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү, сөз байлыгы өсүп, Ата Мекенин сүйүү сезими ойгонуп, туулган жердин ыйыктыгын сезе билип, өз ишине жоопкерчилик сезими өсөт. Бул психологиялык өзгөчө касиеттердин студенттин жан дүйнөсүндө жогорулашы анын окурман катары компетенттүүлүгүнүн жогорулагандыгын аныктайт. Студенттин окурмандык компетенттүүлүгүнүн жогорулашына өбөлгө болгон каражат, биринчиден, анын таанып-билүүсүнүн өсүшү болсо, экинчиден, таанып-билүү, ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшүнө окутуучу колдонгон интерактивдүү стратегиялар көмөк болгондугун белгилесек болот. Ошондой эле окурман-студент чыгарманы үч тыным менен кабыл алышты десек болот.

1. Үстүртөн кабыл алуу
2. Чыгарманын маңызын кабыл алуу
3. Чыгарманын түпкү маңызын кабыл алуу

Үстүртөн кабыл алууда студенттер текстти окуп чыккандан кийин болгон ойлору, образдарга эмоционалдуу таасирленишет.

Чыгарманын маңызын кабыл алууда студенттер чыгарманы окуп түшүнгөндөн кийин, анын маңызын өздүк ой-сезимдери аркылуу анализдөөгө багыт алышат.

Чыгарманын түпкү маңызын түшүнгөндөн кийин гана студенттер жакшы иштей башташты, башкача айтканда окутуучунун багыт,

көрсөтмөсүнө ылайык жана ошонун негизинде интерактивдүү усулдарды колдонуу менен топтордо күчтүү идеяларды аудиторияга презентациялашты.

Натыйжада, студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары - бул билим берүү процессинин субъекттеринин бирдиктүү жана өз ара аракеттенүүсүн чагылдырган факторлордун жыйындысы болуп эсептелет. Окутуучу тарабынан студенттерди окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн сапаттуу даярдык, ал студент үчүн окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган өз алдынча окуу иш-аракеттерин активдештирүү,
адабиятка болгон кызыгуусун, билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өркүндөтүү болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, көркөм чыгармаларды окутуп үйрөтүү процессинде студенттердин адабий-чыгармачылык, баалуулук-маанилик окурмандык компетенттүүлүктөрү да улам калыптанып отурат, окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутууда түпкү максат окутуучу тарабынан атайын максатка ылайык тандалып, ар бир сабак сайын жаңыланып, өнүктүрүлүп отурулат. Мына ушул талаптарды ишке ашыруу үчүн окуу программасындагы ар бир чыгарманы компетенттүүлүккө негиздеп, б.а., жогорудагы белгиленгендерди эске алып окутуп үйрөтүү педагогикалык зарыл шарттардын бири болуп эсептелет.

### 1.3 Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методологиялык-дидактикалык таянычтары

Ааламды жана инсанды таанып-билүү багытындагы илимий билимдер философия деп аталат, ал башка бардык илимдер үчүн негизги методологиялык таяныч болуп саналат. Андыктан методология ар бир изилдөөчүгө жол көрсөтүүчү багыт, таяныч болуп, негизинен мурдагы изилдөөлөрдү кабыл алуу, алардын идеяларын таануу же тануу менен тыгыз байланышта каралат. Методология – илимий изилдөө үчүн зарыл болгон ар кандай методдордун топтому, таанып-билүүнүн илимий жолун көрсөтүүчү

бирдиктүү бир система, ырааттуулук. Ал илимий эмгекти жазууда, илимий иштерге сунуш-пикирлерди айтууда таяныч жана негиз боло турган, мурда башка илимпоз-окумуштуулардын элегинен практика жүзүндө өткөн, тастыкталган теориялык жоболор болуп эсептелет. Методологиянын бардык деңгээли белгилүү учурларда бири-бирине багынып турат жана татаал системаны уюштурат.

Педагогикалык изилдөөлөр изилдөө ишинин предметине жана обьектисине ылайык методологияга жана методдорго таянып жүргүзүлөт.

Конкреттүү изилдөөлөрдүн натыйжасы, ошол изилдөөлөрдө колдонулган усулдардын топтомуна жараша жыйынтыкталат. Илимдин кайсы бир тармагында өз учурунда колдонулган усулдардын жыйындысы жана изилдөө усулдары ошол илимдин методологиясын аныктайт.

Методологиянын илимий түшүнүгү – бул илимий изилдөөнүн объектисин, предметин, принциптерин, формаларын, жолдорун аныктоо дегенди билдирет.

Белгилүү окумуштуу-педагог Н.А.Асипова бүгүнкү күндөгү методологиянын үч деңгээлин бөлүп көрсөткөн. Алар:

– бардык илимдерге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого багытталган жалпы философиялык универсалдуу методологиялык деңгээл;
– тигил же бул илимге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү чагылдыруучу атайын методологиялык деңгээл;
– конкреттүү проблеманы чечүүдө айрым изилдөөлөрдүн обьектисине жана предметине байланыштуу конкреттүү методологиялык деңгээл [22].

Бул методологиялык маселелердин белгилүү бир илимдин обьектине, предметине жана мазмунуна байланышкан илимдин мааниси зор экендигине басым жасалат.

Бүгүнкү күндө заманбап билим берүү мекемесинин актуалдуу милдеттеринин бири үйрөнүүчүлөрдүн окуу компетенттүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жана тексттик маалымат менен иштөө жөндөмдүүлүгү студенттерге академиялык жана предметтик

компетенцияларды өздөштүрүүсүнө шарт түзөт жана натыйжада социалдашуу процесси ийгиликтүү ишке ашат. Үйрөнүүчүлөрдүн окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча эмгектер бир топ жылдардан бери изилденип келет. Алардын да ичинен студенттердин окурмандык компетенттүүлүктөрүн окутуу процессинде калыптандыруу, өнүктүрүү боюнча орус окумуштууларынын (Л. П. Алексеева (1999), Н. В. Кузьмина (2019) ж.б.) жана кыргыз педагогдорунун (Н. А. Асипова (2021), А. Алимбеков (2019), К. Д. Добаев (2022), Н. К. Дюшеева (2015), М. Х. Манликова (2020), Б. М. Акматов (2016), А. Ж. Муратов (2013), М. М. Сыдыкбаева (2017), С. К. Рысбаев (2022) ж.б.) эмгектерин методологиялык негиз кылып алдык.

Бүгүнкү күндө заманбап билим берүү мекемеринин актуалдуу милдеттеринин бири үйрөнүүчүлөрдүн окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат. Бул багытта коңшу мамлекеттерден окумуштуулар: (Н. Е. Колганова (2013), Н. Л. Кольчикова (2013) И. В. Ставцева (2014), А. Е. Кожаниязова (2016) Т. Кунекова (2017)), кыргыз окумуштууларынан Г. У. Сооронкулов (1987), С. К. Рысбаев (2022), Ж. Э. Жолдошалиева (2022), Б. Абдухамидова (2022) изилдөө жүргүзүшкөн.

Алардын ичинен айрымдарына токтоло кетсек. Окурмандык компетенттүүлүк түшүнүгү боюнча Н. Е. Колганова окуу компетенттүүлүгүн үйрөнүүчүлөрдүн (окуучулардын, студенттердин) окууга жана адабиятка мазмуну жана формасы боюнча жеткиликтүү болгон эффективдүү кызыгуусу; балдардын окуу диапазонун анын жанрдык жана тематикалык байланышы боюнча билүү (эмне окуу керек? эмне жөнүндө окуу керек?); китеп менен иштөөдө жана окууга болгон муктаждыкты калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында иштөөдө керектүү окуу аракеттерин жасай билүү; окуунун өз алдынчалыгы, окуунун жемиштүү жолдору, жогорку сапаттагы окуу көндүмдөрү деп эсептейт. Н.Э.Колганованын пикири боюнча, үйрөнүүчүлөрдүн (окуучулардын, студенттердин) окуу компетенттүүлүгү инсандын интегративдик сапаты болуп саналат, ал төмөндөгүлөр менен

мүнөздөлөт: - мазмуну жана формасы боюнча жеткиликтүү адабияттарды окуу аркылуу алынган билимге жана окууга болгон мамилеси (эмне үчүн окуу?); - окурмандык жана адабий чыгармаларга карата өз көз карашынын болушу; окуу чөйрөсүн анын жанрдык-тематикалык ар түрдүүлүгүн билүү (эмнени окуу керек? эмне жөнүндө окуу керек?); - окуу муктаждыгын калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында китеп жана чыгарма менен иштөөдө зарыл болгон окуу иш-аракеттерин аткара билүү; - окуунун жемиштүү жолдоруна, сапаттуу окуу чеберчилигине ээ болуу (кантип окуу керек?) [72;111] десе, Т. Ю. Плетьяго: окурмандык компетенттүүлүктү - маалыматтык-издөө стратегияларын колдонуу, маданий коддор менен иштөө, дискурсивдик-аналитикалык жана образдуу-эмоционалдык ыкмаларды натыйжалуу айкалыштыруу аркылуу текстти чечмелөө, түшүнүү жана жеке түшүнүү процессинде жеке жана кесиптик тажрыйбаны актуалдаштырууга жана өзгөртүүгө даяр жана жөндөмдүү болгон инсандын сапаты, окуунун салттуу жана электрондук формалары. ... жалпы билим берүү этабында окурмандык компетенттүүлүк инсандын жалпы маданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө негиз болуп калат, ал эми ЖОЖдук окутуу процессинде студенттин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө болот [123;12] деген пикирин билдирет.

Окуучулардын окурмандык кызыгууларын аныктоо боюнча 1981-1986-жылдары Г. У. Соронкулов өлкөнүн 19 мектебинде изилдөө ишин жүргүзгөн. Изилдөө ишине кыргыз жана орус тилдеринде билим берген айыл мектептеринин 8- жана 10-класстарынын миңге жакын окуучусу тартылган. Жыйынтыгында мектеп окуучуларынын китеп окуу маданиятында олуттуу көйгөйлөр аныкталган: өз алдынча демилгелүү окуунун начар өнүгүшү жана окуган китеби боюнча өнүктүрүүчү баарлашуунун формаларынын деңгээлинин төмөндүгү; окурмандык күндөлүктү жүргүзүүнүн жайылтылбагандыгы ж.б. Окуучулардын китеп окуу маданиятынын начардыгынын себеби катары ата-энелердин маанилүү бөлүгүнүн “китепти аз окугандыгы” менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле окурмандык кызыгуунун

төмөндүгүнүн дагы бир себеби катары изилдөөгө катышкан мектеп китепканаларынын көпчүлүгүндөгү китеп фондунун канаттандыраарлык эмес абалы жана китепканачылардын квалификациясынын төмөн болуусу да өз таасирин тийгизген деген жыйынтыкты берген.

Жыйынтыктап айтканда изилдөөнүн методологиялык негизин компетенттүүлүк жана методика боюнча эмгектер (В.И.Байденко, А. А. Вербицкий, Л. К. Гейхман, Л. И. Гурье, А. Н. Дахин, Э. Ф. Зеер , И. А. Зимняя, Дж. Равен, Г. К. Селевко, Ю. Г. Татур, А. В. Хуторской, Н. А. Асипова, А. А. Айдаралиев, Н. А. Ахмедова, С. Т. Батаканова, И. Б. Бекбоев, К. А. Биялиев, К. Д. Добаев, Н. Ишекеев, А. Т. Калдыбаева, Э. М. Мамбетакунов, М. Х. Манликова, А. Муратов, В. И. Мусаева), окурмандык жөндөмдү өнүктүрүү жана окурмандык компетенттүүлүктү калыптандыруу боюнча эмгектер (В. А. Бородина, Т. Г. Галактионова, М. С. Гришина, К. С. Гудмэн, Ю. В. Ерёмин, И. А. Зимняя, З .И. Клычникова, Е. В. Крылова, А. А. Леонтьев, Л. В. Малетина, Й. Масуда, Ю. П. Мелентьева, Э. А. Орлова, Е. В. Пискунова, Г. В. Рогова, М. Садоски, В. В. Сафонова, Н. Н. Сметанникова, Е. Н. Соловова, Т. С. Серова, Н. К. Сульжина, С. К. Фоломкина, Г. А. Цукерман, Н. Е. Колганова, Н. Л. Кольчикова, И. В. Ставцева, А. Е. Кожаниязова, Т. Кунекова, Г. У. Сооронкулов, С. К. Рысбаев, Ж. Э. Жолдошалиева, Б. Абдухамидова) биздин эмгекке методологиялык таяныч болуп берди. Биздин темада адабият, анын ичинде кыргыз адабияты тургандыктан, орто кесиптик окуу жайларынын программасына (Кыргыз адабияты: 9-класстын базасында кабыл алынган колледждердин окуу программасы. Түз.: А. Ж. Муратов, К. А. Исаков, К. К. Акматов – Бишкек: 2018) киргизилген кыргыз акын-жазуучуларынын (А. Осмоновдун, Т. Касымбековдун, Ч. Айтматовдун, Т. Абдымомуновдун, М. Гапаровдун, А. Муратовдун ж.б.) чыгармалары да пайдаланылды.

Кыргыз адабияты дисциплинасын окутууда студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өркүндөтүүнүн методологиялык жана дидактикалык негиздери катары философия, педагогика, эстетика, адабият таануу боюнча

эмгектер пайдаланылды. Ошондой эле бул багыттагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги иштеп чыккан жана коллегиясында бекиткен нормативдик документтер (мыйзамдар, окуу планы, адабиятты окутуунун концепциялары жана мамлекеттик стандарттары, окуу программалары, окуу китептери ж.б.) жетекчиликке алынды. Кыргыз адабиятын окутуу боюнча методист-окумуштуулардын эмгектери, компетенттүүлүк боюнча диссертациялык изилдөөлөр (Б. М. Акматов, Ч. М. Алиева, Ч. А. Акматова, Д. С. Жумабаева ж.б.), окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүү боюнча илимий эмгектер (Г. У. Соронкулов, Т. Кунекова, Б. Абдухамидова, С. Рысбаев ж.б.) диссертациябыздын методологиялык таянычы болду жана алар изилдөөбүздү илимий-теориялык жактан аргументтүү жана ишенимдүү болушуна өбөлгө болду.

**Биринчи бап боюнча корутунду**

Диссертациянын биринчи бабы **«Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык маселелери»** деп аталып, анын *«компетенттүүлүк», «окурмандык компетенттүүлүк» түшүнүгү жана анын орто кесиптик окуу жайларындагы билим берүү системасында алган орду"* деген 1-бөлүмүндө «компетенттүүлүк», «окурмандык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө терминологиялык анализ бердик. Окуу процессинде мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөндөй үч түйүндүү компетенттүүлүктү окутуу процессинде колдонуу менен жогорулатуу зарылдыгынын келип чыгышына талдоо жүргүзүлдү. Негизги кемпетенциялар КРдин жалпы билим берүүчү мектептер үчүн түзүлгөн жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында берилген: маалыматтык, социалдык -коммуникациялык, өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чече билүү. Биз алардын ичинен алынган окурмандык компетенттүүлүккө токтолдук. Ошондой эле компетенттүүлүктү ишке ашыруудагы бир топ маселелер изилдөөнүн негизги таянычы болду.

Бүгүнкү күндө окурмандардын компетенттүүлүктү өнүктүрүү маселеси өзгөчө актуалдуу. Анткени көркөм чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмуну - инсанды калыптандырууда жана аны адеп-ахлактык жактан тарбиялоодо чоң роль ойноп, студенттин семантикалык кабылдоосун, көңүлүн, эс тутумун, ой жүгүртүүсүн, фантазиясын өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү актуалдуулугу менен шартталган. Окурмандык кызыгуу - таанып-билүү иш-аракетинин өнүгүүсүндөгү факторлорунун бири, ошондуктан сабаттуу адамдын калыптанышында ал чоң мааниге ээ. Окурмандардын кызыгуусун өнүктүрүү көптөгөн окумуштуулардын көңүлүн буруп келгендиги баарыбызга маалым. Ошондуктан студенттердин окурмандык кызыгуусун өнүктүрүү жараянын ийгиликтүү ишке ашырылышы үчүн, алардын калыптануу деңгээли жөнүндө билим алуу керектиги талап кылынат.

Мектепте жана колледжде окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин белгилей кетүү керек. Эгерде мектепте окурмандык компетенттүүлүк жалпы маалыматтык компетенттүүлүктүн курамдык бөлүгү катары эсептелсе, ал эми колледжде окурмандык компетенттүүлүк кесиптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат, анткени дал ушул колледжде студенттер кесибине байланыштуу жазуу жана оозеки тексттер менен иштөө жөндөмүнө ээ болушат. Мектепте окурмандык компетенттүүлүктү калыптандыруу төрт мазмундук тилке аркылуу ишке ашат:

- Автор, анын чыгармасы;
- көркөм чыгарманын сюжети жана композициясы;
- адабий каарман;
- көркөм сөз.

Бул багытта мектепте калыптанган компетенттүүлүгү колледжде тереңдетилет, тактап айтканда, автордун чыгармачылыгына жана чыгармасына баа берүү, чыгарманы талдоо, көркөм сөз каражаттарынын чыгармадагы ордуна баа берүү сыяктуу көндүмдөргө ээ болушат.

Айырмачылыгы колледждерде компетенттүүлүк жалпы жана кесиптик болуп бөлүнөт. Ал эми ЖОЖдо бул компетенттүүлүк терориялык түшүнүктөр менен толукталат.

Демек, орто кесиптик окуу жайларынын студенттеринин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу деңгээлине жетишүү аркылуу алардын кесиптик жана жалпы маданий даярдыгын активдүү өркүндөтүүгө өбөлгө түзүлөт.

Илимий темабызды ачып берүүдө бир топ илимий булактарды пайдаландык: педагогиканын дидактика, философия, адабиятты окутуунун методикасы, этнопедагогика байланышта шарттады. Философия жана эстетика чыгармаларга таанып-билүүнүн обьектиси катары баа берүүгө, чыгармадагы жашоо, өлбөстүк, баатырдык, адилеттик жана башкаларды түшүнүүгө философиялык өңүттөн кароону талап кылды, ансыз биздин айткан ойлор жана пикирлер студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын туура калыптандырууга өбөлгө боло албайт. Колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык жана дидактикалык негиздери катары педагогика, философия, адабиятты окутуунун методикасы, этнопедагогика, эстетика боюнча эмгектер пайдаланылды. Ошондой эле бул багытта КРдин Билим берүү жана илим министрлиги иштеп чыккан жана коллегиясында бекитилген нормативдик документтер (мыйзамдар, окуу планы, адабиятты окутуунун концепциялары жана мамлекеттик стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, баалоонун жана баа коюунун нормалары ж.б.) жетекчиликке алынды. Кыргыз адабиятын окутуу боюнча усулчу-окумуштуулардын эмгектери, окутуучулардын тажрыйбалары, колледждерде кыргыз адабиятын окутуу боюнча диссертациялык изилдөөлөр (Д.С.Жумабаева, Н.Тахирова, Ч.А.Асанова ж.б.), окурмандык компетенттүүлүккө багытталган илимий эмгектер (Г.Сооронкулов, С.Рысбаев, Т.Кунекова, Б.Абдулхамидова ж.б.) диссертациябыздын методологиялык таянычы болду.

Иште студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү максатында окутуучу окуу-тарбия иштерин жүргүзүүдө темирдей катуу тартип менен эмес, студент менен өз ара тыгыз байланышта иш алып барат. Студент менен окутуучунун ортосунда эркин мамилелешүү келип чыгат да, окутуучу тапшырма берүүчү, ал эми студент аны аткарып келүүчү болбостон, өз ара адамгерчиликтүү жана ишмердик байланыш түзүлөт. Адабиятты окутууда студенттердин сын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө өбөлгө болуучу “Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу” программасы боюнча [141;142;143;144;145;146;147;148;149;151;161] жана жалпы эле методикалык адабияттарды [25;100;105;106;107;108;109;135;136;137;168;] пайдаландык, алар изилдөөбүздүн методикалык-практикалык жактан таянычы болду жана ишибиздин аргументтүү, ишенимдүү болушуна көмөк көрсөттү.

# II БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ОКУРМАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1 Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары

Кыргыз адабиятын окутуунун максаты – колледждин студенттерин окурмандык ишмердүүлүккө багыттоо, кебин өстүрүү, дүйнө таанытуу. Дал ошол колледждерде окутулган кыргыз адабияты курсу изилдөөнүн да материалдары болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн объектиси** – колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – кыргыз адабияты дисциплинасы боюнча колледждин студенттеринин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү иш-аракеттери.

Изилдөө ишибиздин негизги материалдарынан алардан тышкары: «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы [78]; «Кыргыз адабиятынын» предмети боюнча мамлекеттик стандартты [86], Колледждерде кыргыз адабияты предмети боюнча окуу программалары жана андагы идеялар, музмундук курам, окуу китептери, методикалык колдонмолор, мугалимдердин иш тажрыйбалары, окуу-нормативдик документтер, студенттердин жазуу иштери.

Колледждердин кыргыз адабияты дисципланасы боюнча окуу программасы КР Конституциясына, КР «Билим берүү жөнүндө мыйзамына», КР Билим берүү жана илим министрлиги кабыл алган мамлекеттик билим стандарттарына ж.б. расмий документтерге таянат. Ал окуу программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясы бекиткен адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын

жана жалпы билим берүүчү мектептердин V-XI класстары үчүн кыргыз адабияты программасы түзүлгөн. Программаны түзүүчүлөр А.Муратов, К.Исаков, К.Акматов.

Программада колледждердин кыргыз адабияты дисципланасынын негизги төмөндөгүдөй өзгөчөлүгү эске алынган.

Ал өзгөчөлүктөр:

1. Окутуунун бул формасынын контингентти жалпы билим берүүчү орто мектептердин 9-класстарын бүтүрүп келген окуучулар болуп, эми алар кайсыл бир адистикти (техникалык, гуманитардык, медициналык ж.б.) тереңдетип окууга багытталат.

2. Мында колледждердин багыттары ар кандай профилде болгондуктан, адабият предмети боюнча программага чыгармаларды сунуштоодо колледждердин профилдери эске алынат.

3. Жалпы билим берүүчү мектептерден айырмаланып, колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасы боюнча сааттарды бөлүштүрүүнүн тематикалык планы семестр боюнча жүргүзүлөт жана жалпысы 2 семестрге бөлүнөт.

4. Мектептерде кыргыз адабиятын үйрөнүп жаткандар окуучулар болсо, колледждерде студенттер болуп, булардын психологиялык өзгөчөлүктөрү да эске алынды.

5. Программа арналып жаткан колледждерде текшерүүнүн формасы катары жыйынтык баа колдонулгандыктан, бул учурлар да атайын чагылдырылды.

Бирок мамлекеттик стандарттын талабы негизинен сакталган. Мамлекеттик стандартта белгиленгендей колледждердин кыргыз адабияты дисципланасынын башкы **максаты** – студенттин өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө. Мындай максат-милдеттерди аткаруу үчүн:

•өз улутунун жана дүйнө адабиятынын мыкты үлгүлөрүн окуучуларга (колледждерде – студенттерге) окутуп-үйрөтүү керек;

•окуучулардын (колледждерде – студенттердин) көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылган билимин жана билгичтигин, көндүмдөрүн калыптандырып, адабиятты улуттук жана бүткүл адамзаттык негизде кабыл алуусун иштеп чыгуу;

•инсандын личность катары эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искусствого болгон мамиле-жообун, социалдык түшүнүгүн калыптандыруу;

•адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезимдерин жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү;

•окуучунун (студенттин) көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу;

•окуучунун (студенттин) адабий кебин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу.

Адабий билим берүүнүн максаттарынын ишке ашкандыгын төмөнкү **көрсөткүчтөр мүнөздөйт:**

•студенттердин көркөм чыгармаларды көп окугандыгы;

•ар тараптуу, системалуу, багыттуу даярдануусу;

•китепти туура тандай билүүсү;

•адабий чыгармаларга болгон окурмандык кызыгуусунун артышы;

•көркөм чыгарманын идеялык маанисин терең өздөштүргөндүгү, кабылдоонун жекелик мүнөзү, чыгарманын мазмуну менен формасынын

өзгөчөлүктөрүн ар тараптан кенен кабылдоо, ага жекече баа берүү, берген баасын далилдей алуу;

•адабият боюнча терең билимге жетишүү, көркөм чыгармадан алган таасирлерди турмуштук кырдаалдарга жараша колдоно билүүгө ыңгайлануусу;

•сөз байлыгынын молдугу, чыгарманын көркөм сөз каражаттарын өз сөзүндө пайдалана билүүсү, кебинин байланыштуулугу, коозлугу, тактыгы, таамайлыгы, жеткиликтүүлүгү, логикалуулугу, ырааттуулугу ж.б".

Колледждерде адабият курсун үйрөнүү обьектиси – көркөм сөз өнөрү, коомдук турмушту, адамдын жан дүйнөсүн изилдеген көркөм образдар дүйнөсү болуп саналат. Адабият өзүнүн образдык-эмоционалдык жаратылышынын аркасында коомдун адеп-ахлак идеяларын, бийик гуманисттик жана рухий асыл нарктарын студенттин сезим-туюму, эмоциясы, психологиясы, жүрөгү аркылуу алып өтүп, анын аң-сезимине, рухуна бекем сиңире билүүгө жөндөмдүүлүгү менен тарбия системасында башка каражаттарга, дисциплиналарга караганда кыйла артыкчылыктарга ээ болгондугунда болуп эсептелет.

Кыргыз адабияты – кыргыз элинин көркөм казынасы. Кыргыз адабиятын окутуунун максаты – колледждин студенттерин көркөм казынанын, турмуштун сыноосунан өткөн мыкты үлгүлөрү менен терең тааныштыруу аркылуу алардын дүйнөгө гуманисттик көз карашын, турмуштук активдүү позициясын, адеп-ахлак ишенимин, рухий маданиятын калыптандыруу, оозеки жана жазуу кебин өстүрүү, эстетикалык табитин жогорулатуу. Өз эл-жерин сүйгөн, башка калктарды да урматтаган, улутунун прогрессивдүү салт-санаасын, рухий, адеп-ахлак кенчтерин боюна сиңирген, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү өздөштүргөн, демократиялык аң-сезимди алып жүргөн, ыймандуу жана ишкер инсандарды калыптандырууга иштиктүү түрдө көмөктөшүү, адабиятты коомдук аң-сезимдин, рухий өнүгүштүн спецификалык бир формасы катары жаш муундарга таанытуу, жеткирүү.

Кыргыз адабияты курсунун **негизги мазмунун** байыркы доордогу жана орто кылымдардагы адабий мурастардын үлгүлөрү, акындар поэзиясы, жазма адабиятыбыздын жана профессионал көркөм сөз өнөрүбүздүн чыгармалары түзөт. Ошону менен бирге өткөн тоталитардык доордо коммунисттик идеология тарабынан тыюу салынган кыргыз акын-жазуучулары жана алардын адабий мурастары да программага киргизилген.

Программа үчүн көркөм чыгармаларды тандап алууда төмөндөгүдөй чен-өлчөмдөр жетекчиликке алынган:

•адеп-ахлактык чен-өлчөм: чыгарманын бийик моралдык-этикалык асыл нарктарга, гуманисттик идеяларга тарбиялоочу мүмкүнчүлүгү, тарбиялык – таанытуучулук потенциалы;

•эстетикалык-көркөмдүк чен-өлчөм: чыгарманын көркөм формасынын кооздугу жана анын окурмандар арасындагы рейтингинин жогорулугу;

•лингвистикалык чен-өлчөм: адабий тилдин нормасынын жалпы калк үчүн мүнөздүүлүгү;

•психологиялык-педагогикалык чен-өлчөм: чыгарманын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө, таанып-билүүчүлүк кызыкчылыгына, муктаждыгына ылайык келиши;

•жанрдык-тематикалык чен-өлчөм: чыгармалардын жанрдык жана тематикалык ар түрдүүлүгү.

Тандалып алынган адабий материалдарды жайгаштыруу дидактиканын принциптеринин негизинде ишке ашырылды. Чыгармалар студенттердин жаш өзгөчөлүгүнө жараша жайгаштырылып, тили, сюжети, мазмуну, образдар системасы, проблемасы боюнча жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден оорго карай өсүп жүрүп отурат. Адабияттын теориясы боюнча түшүнүктөр да жөнөкөйдөн татаалга карай улам кеңейтилди жана тереңдетилди.

Программа чыгармаларды адабий тарыхый негизде үйрөнүүнү негиз кылып алган. Бул жалпы билим берүүчү мектептердин 10-11-класстарындагы кыргыз адабиятынын системалуу курсун жетекчиликке алат.

Колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окутуу өзгөчөлүктөрү:

- Көркөм чыгармаларды тарыхый-адабий негизде үйрөнүү системалык мүнөзгө өтөт.
- Адабияттын турмуш менен байланыштуулук принциби жетекчиликке алынат.
- Чыгарманын эстетикалык жана адеп-ахлак проблемаларына көңүл буруу өзгөчө актуалдашат.
- Жазуучунун өмүр-баяны доор жана окулуучу чыгармалары менен байланышта каралат.

Адабият курсу обзордук жана монографиялык темаларды ичине алат. Адабий обзорлордо ошол мезгилдик тилкенин социалдык тарыхый өзгөчөлүгүн, учурдун коомдук-саясий, рухий эстетикалык таламдарынын адабияттын тематикасына жана проблемасына тийгизген таасири, чыгармалардын, адабий-көркөм процесстин мүнөздүү касиеттери кыска, так сыпатталат. Айрым этаптык мүнөздөгү урунттуу чыгармаларга кыскача токтолуп, алардын жалпы адабий өнүгүштөгү ордун белгилеп көрсөтүү максатка ылайык. Ал эми монографиялык темаларда конкреттүү бир акын-жазуучунун биографиясы жана чыгармасы гана сунушталат.

Көркөм чыгарма идеялык-тематикалык планда гана талданбастан, көркөм формасы (образдары, стили, композициясы, тили ж.б.) да талданат.

Кыргыз адабияты башка бир катар дисциплиналар (тарых, тил, география, орус адабияты ж.б.) жана атайын дисциплиналар менен интеграцияланып үйрөнүлөт.

Колледждерде кыргыз адабиятын окутууда жогорку окуу жайларында кеңири колдонулган окутуунун ийкемдүү формалары, методдору, каражаттары, жаңы ыкмалары көбүрөөк колдонулат.

Студенттерге адабий билим берүүдө лекция, диспут, семинар, сабак-сахна, сабак-конференция, адабий викторина, сабак-тегерек үстөл, сабак-таанытым (презентация), сабак-таймаш сыяктуу жана башка салттык жана интерактивдүү формаларды, ыкма-жолдорду активдүү пайдалануу майнаптуу жолдордон болуп саналат.

Студенттерди өз алдынча иштешине, доклад, реферат, билдирүү, рецензия, аннотация, баяндама жазышына көбүрөөк көңүл буруу жакшы натыйжаларды берет.

Адабият боюнча студенттердин билиминин тереңдешине жана кеңейишине техникалык жана көрсөтмө каражаттар, кино, радио жана телеберүүлөр, компьютер, интернет, видеотасмалар менен иш жүргүзүү чоң мааниге ээ болот. Адабият дисциплинасында ийрим иштери, адабий кечелер, диспут, ШТК, музейлерге, концерт, кинотеатрларга, адабияттык жайларга экскурсияга баруу, эл арасында китепти пропагандалоо жана кошумча, тандоо сабактарын өткөрүү менен терең айкалыштыруу зарыл. Эл арасындагы оозеки адабиятты жыйноого да өзгөчө маани берүү кажет.

Студенттерге эскерте турган нерсе, чыгармаларды үйрөнүүгө бөлүнгөн сааттар болжолдуу болуп эсептелет, зарылдыгына карай бөлүнгөн сааттарды өз алдынча өзгөртүүгө, чыгармадан чыгармага сыйлыгыштырууга мүмкүнчүлүк берилет.

Колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасына студенттерди даярдоонун милдеттүү (минималдуу) деңгээлине коюлган талаптар:

Колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окуп-үйрөнүү аркылуу студенттери төмөнкүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болушу керек:

•студенттер көркөм чыгарманын түзүлүшү, анын тектери, түрлөрү, жанрлары жөнүндөгү жалпы түшүнүктөргө ээ болушат;

•адабият жана көркөм өнөр (искусство) түшүнүктөрүн, алардын байланыштарын жана өзгөчөлүктөрүн ажыратат;

•каармандын мүнөзү (кылган иши, портрети жана анын элементтери, автордун мүнөздөмөсү, көркөм деталь, сюжет, окуялар, каармандардын кагылышуусу), композиция, эпизод, образдар системасы, пейзаж, интерьер, чыгарманын көркөмдүгү, тилинин өзгөчөлүгү, колдонгон көркөм сөз каражаттары, чыгарманын темасы менен идеясы, жазуучунун позициясы, автордун көз карашы, автордун биографиясынын чыгармасы менен байланышы жөнүндөгү алгачкы түшүнүккө ээ болот;

•кептин кара сөз, драма жана ыр түрүндөгү берилиши аныктайт;

•көркөм чыгарманын тектери (эпика, лирика, драма) жана жанрлары (аңгеме, повесть, роман, ыр, поэма, пьеса, комедия ж.б.) жөнүндө түшүнүктөргө ээ болуп, алардын көркөм үлгүлөрүн окуп үйрөнүшөт;

•окушкан көркөм чыгарманын автору жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү алышат, ал жашаган коом, мезгил жөнүндө үйрөнүп, чыгарманын бүгүнкү күндөгү маанисине баа берет.

Студенттин тилдик (стилистикалык) компетенттүүлүк деңгээли:

•окуган чыгарманы кайра айтып берүү (чыгарманы стилистикалык жана жанрдык өзгөчөлүктөрүн кошо камтуу менен);

•окуяны сүрөттөө боюнча түшүнүк (пейзаж, интерьер, портрет) алуу;

•окуган көркөм чыгарма боюнча жөнөкөй формада баяндама же дил баян, эссе жаза билүү;

•чыгармада катышкан каармандардын тилине мүнөздөмө берүү;

•окуган китебине, көргөн спектаклине же кинофильмге пикир айта билүү;

•монолог жана диалог жөнүндө түшүнүк алуу, алардын аңгеме, тамсил, жомоктордо колдонулуш өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү.

Студенттердин ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрү:

•чыгармалардын окуяларына, каармандарга болгон жекече мамилелерин билдирүү;

•көркөм чыгарманын текстти менен иштөө;

•чыгармага үстүртөн жана кеңири талдоо жасоо;

•текстке карата план түзүү;

•окуган эпикалык чыгарманын мазмунун кайра айтып берүү;

•адабий каарман жөнүндө аңгеме куруп берүү;

•каарман тууралуу эссе, баяндама же дил баян жазуу;

•окуган чыгармага пикир, чакан рецензия жаза билүү;

•сөздүк жумуштарын аткара алуу.

А.Муратов, К.Исаков, К.Акматов тарабынан түзүлгөн кыргыз адабияты боюнча окуу программасында өтүлүүчү тематикалар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн:

**1-таблица. – Акын-жазуучулардын, чыгармалардын семестрге, сааттарга бөлүштүрүлүшү. 1-семестр, 40 саат**

| **Өтүлүүчү акын-жазуучулар, чыгармалар** | **Саат көлөмү** |
|---|---|
| Молдо Нияз. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Санаттар», «Даткайым» | 2 саат |
| Нурмолдо. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Насыят ырлары» | 2 саат |
| Молдо Кылыч. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. Казалдары: «Зилзала», «Зар заман», «Буудайык», «Бүркүттүн тою» | 2 саат |
| Тоголок Молдо. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. «Куштардын аңгемеси», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», «Жер жана анын балдары», «Кемчонтой», «Үрпүкан», «Эшек менен булбул» | 4 саат |
| Осмонаалы Сыдыков. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Шабдан казалы» | 2 саат |
| Касым Тыныстанов. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. «Жаңыл Мырза» поэмасы | 2 саат |
| М.Элебаев. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. «Узак жол» романы | 4 саат |
| А.Токомбаев. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. Лирикалары: «Өмүргө», «Арча көрсөң», «Макул эмесмин», «Бир шилтемдер», «Накыл», «Тил алса», «Алкоо», «Угасыңбы», «Махабат», «Эгер болсом», «Сизге», «Жооп кат», «Унут дедиң», «Эскерем», «Түбөлүк деп түшүнбө», «Мунарым». | 4 саат |

| | |
|---|---|
| Романы: «Кандуу жылдар» | |
| Ж. Турусбеков. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу маалымат. «Ажал ордунда» драмасы | 2 саат |
| Ж.Бөкөнбаев. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу. «Кыргыздын Алатоосу», «Жаштык кез», «Алатоонун аскасынан ашалы», «Кезигишүү», «Аккан суу», «Жайдын кечи», «Көк менен», «Бүркүттүн канаты» | 2 саат |
| К. Жантөшев «Курманбек» (драмадан үзүндү) | 2 саат |
| Т. Сыдыкбеков. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. «Тоо арасында» романы | 4 саат |
| А. Осмонов. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. Лирикалары: «Отуз жаш», «Өмүргө», «Дүнүйө», «Адамга», «Чын жолдош», «Сүйүү жана мен», «Сулууга», «Аялга». Поэмалары: «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Махабат» | 4 саат |
| М. Алыбаев. Лирикалары: «Сүйгөнүмдүн сүрөтүнө», «Кыз жана гүл», «Кээде бүркөө, кээде жарк дейт кабагың», «Ойлончу», «Айтчы жаным», «Сага». Сатиралары: «Ак чүч!», «Бюрократ», «Кошоматчы», «Адабияттык парад» | 2 саат |
| Р. Шүкүрбеков. «Жинди суу» термеси | 2 саат |

**2-таблица. – Акын-жазуучулардын, чыгармалардын семестрге, сааттарга бөлүштүрүлүшү. 2-семестр, 40 саат**

| **Өтүлүүчү акын-жазуучулар, чыгармалар** | **Саат көлөмү** |
|---|---|
| Ч. Айтматов. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. «Жамийла», «Делбирим», «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөт», «Гүлсарат» повесттери, «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Тоолор кулаганда» романдары | 12саат |
| Т. Касымбеков. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу | 4 саат |

| | |
|---|---|
| маалымат. «Сынган кылыч» романы | |
| С. Эралиев. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу маалымат. Лирикалары: «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара». Поэмасы: «Кесир инсан» | 2 саат |
| Б. Сарногоев. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу маалымат. «Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы ырлардан («Ар кыл ырлар», «Арноо жана каалоо ырлары», «Махабат ырлары», «Юмор жана сатира ырлары», «Поэмалар жана термелер», «Жаңы ырлар жана ода» деген бөлүмдөрдөн) тандоо | 2 саат |
| Т. Абдумомунов. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу маалымат. «Абийир кечирбейт» драмасы | 2 саат |
| М. Байжиев. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу маалымат. «Төрт адам» («Эрөөл») | 2 саат |
| С. Жусуев. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу маалымат. «Курманжан датка» (тандалган үзүндүлөр). | 2 саат |
| К. Жусупов. Өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу маалымат. «Ыр сабындагы өмүр» (тандалган үзүндүлөр). | 2 саат |
| М. Гапаров «Эки ирет гүлдөөчү алмалар» | 2 саат |
| С. Жигитов «Элегия» | 1 саат |
| Э. Ибраев. Поэмалары: «Жан дүйнө жаңырыгы», «Ойлон, кыргыз» | 2 саат |
| Ш. Дүйшеев «Агындылар» (үзүндү) | 2 саат |
| Б. Алымов. Автор тууралуу маалыматтар. «Шакиртиме кат» | 1 саат |
| С. Байгазиев. Автор тууралуу маалыматтар. «Иниме кат» | 1 саат |
| Ш. Абдыраманов. Автор тууралуу маалыматтар. «Полот хан» | 1 саат |
| Абдыкерим Муратов. Адеп аңгемелери | 2 саат |

Программада колледждерде кыргыз адабиятын окутуу методдору катары төмөндөгүлөр сунушталган:

1. Салттуу адабият сабактары: текстти көркөм окуу; текстти чечмелеп түшүндүрүү; оозеки баяндамалар; жазуу жумуштары; лекция сабагы; окутуучунун көркөм окуусу; текстти жаттоо; тексти кайра айтып берүү; текстти көркөмдөп айтып берүү, чыгармадагы ойду толуктап баяндоо; текстти көркөм иллюстрациялоо; баарлашуу сабагы; экскурсия сабагы; көрмө сабак; өз алдынча иштөө сабагы; лабораториялык жана практикалык сабактар; сабактардын ар кыл түрлөрүн айкалыштыруу сабагы; ар түрдүү мүнөздөрдү салыштыруу сабактары ж.б.

2. Салттуу эмес адабият сабактары: сахна-сабак; жомок-сабак; пресс-конференция сабагы; теле көпүрө сабагы; дебат сабагы; ток-шоу сабагы; интервью сабагы; тегерек үстөл сабагы; иштиктүү оюндар сабагы; дидактикалык оюндар сабагы; акылдуулар, тапкычтар клубу (ШТК) сабагы; адабий викторина сабагы; диспут-сабак; мелдеш-сабак; концерт-сабак; конкурс-сабак ж.б.

Салттуу эмес адабият сабактарына кирүүчү интерактивдүү адабият сабактары: мээге чабуул; инсерт; кластер; диалог; талаш-тартыш (диспут); талкуу; проблемалык кырдаалдар; издөө-иликтөө ишмердиги; оюн; эксперимент; зигзаг; РАФТ; эки бөлүктүү күндөлүк, авторго суроо, башкарып окутуу ж.б. Буларды мындай ыкмаларга жалпылоого мүмкүн: түшүндүрмө-иллюстративдик же маалыматтык-рецептивдик; репродуктивдик; проблемалык баяндоо методу; эвристикалык, же жарым-жартылай изденүү; изилдөөчүлүк метод.

Сонку учурда маалыматтык каражаттардын (интернет, видео, аудио материалдары) мүмкүнчүлүгүнөн улам долбоорлоо методу көп колдонула баштады, адабиятты башка предметтер менен байланышта (интеграциялап) окутуу технологиялары, сабак-таанытым (урок-презентация) да кеңири пайдаланылып жатат.

## 2.2 Илимий изилдөөнүн теориялык жана эксперименталдык методдору

Коомдун өзгөрүшү менен учур талабына ылайык илимий-методикалык илимдердин идеялык маңызы жаңыланып, илимий таанып-билүүнүн методдору өнүгүп өстү. Анын натыйжасында инсанга багыттап окутуу концепциясына ылайык билим берүү системасында вариативдүүлүк өркүндөп, автордук окуу пландарын, программаларын, окуу китептерин түзүүгө мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Бул мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу максатында окутуунун жаңы технологияларын, башкача айтканда инновациялык окутууну окуу, тарбиялоо процессинде колдонууга толук мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Билим берүү системасындагы мындай жаңычылдыктар өндүрүштүн бардык сферасында жана илимий чөйрөдө изилдөө объектисине айланды. Анын негизинде сандаган илимий-методикалык эмгектер жазылып, алардын мазмунунда окутуунун жаңы технологиялары катары интерактивдүү окутуу сунуш кылынды. Аты аталган технология бала бакчадан баштап, мектептеги окуучулардын, ЖОЖдордогу, орто кесиптик окуу жайларындагы студенттердин чыгармачылык, интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ар тараптан ачуу менен алардын өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, руханий адептүүлүккө тарбиялоо, билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруу менен жогорулатуу максатын көздөдү. Максатты ишке ашырууда окутуунун жаңы технологияларынын мазмуну, багыттары жаңыча практикаланды. Окутуунун технологиялары - максатка жетүү үчүн окутуу методдорун, каражаттарын, формаларын иштеп чыгуунун, тандоонун, колдонуунун жолу болуп эсептелет. Аларга: проблемалык окутуу технологиясын, инсанга багыттап окутуу технологиясын, долбоордук окутуу технологиясын кошобуз.

Изилдөөбүздүн методдору көп багыттуу болду. Метод – изилдөөдө жыйынтыкка жетүү максатында колдонулган ыкмалар, жолдор. Азыркы педагогика илими көбүнчө мурда колдонулуп келген усулдарды жетекчиликке алат.

Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий эмгегибиздин жалпы усулдарын жалпысынан теориялык жана тажрыйбалык (эксперименттик) методдор деп экиге ажыраттык.

Изилдөөбүздүн усулдарын аныктоо үчүн метод түшүнүгүнүн маанисин чечмелеп алуу зарыл. Адабияттарда усул бул илимде кайсыл бир жыйынтык, натыйжа алуу үчүн колдонулган жолдор, ыкмалар. Усулдар илимий жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн биримдигинен келип чыгат, ал канчалык туура болсо илимий концепция айтуу ошончолук аргументтүү болот. Биз диссертациялык изилдөөбүздө да педагогика илими мурда колдонуп сыноодон өткөн усулдарга токтолдук. Усул - объективдүү реалдуулукту таанып билүүнүн жолу, ыкмасы, каражаты. Усул – бул изилдөөнүн компасы, жол көрсөткүчү.

Жалпы усулдар эки чоң топко бөлүнөт: изилдөөнүн эмпирикалык усулу жана теориялык усулу.

Теориялык усулдар – кыймыл-аракеттин кандайдыр бир нерсени таанып билүүгө багытталгандыгы; карама-каршылыктарды аныктоо жана аны жөнгө салуу; көйгөйлүү маселени алып чыгуу; божомолдорду келтирүү; далилдөөлөр ж.б. Теориялык усулдар – теориялык жоболорду, тажрыйбага негизделген маалыматтарды интерпретациялоо, анализдөө жана жалпылоо үчүн кызмат кылат. Алсак, адабияттарды, архивдик маалыматтарды жана иш кагаздарды, изилдөөнүн негизги термин, түшүнүктөрүн, окшоштуктар усулун, божомолдоолорду келтирүүнү ж.б.теориялык жактан анализдөө.

Изилдөө ишинде коюлган максаттарга, милдеттерге, жалпы эле теманы ачып берүүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык мындай теориялык методдорду колдондук.

***Илимий булактарды үйрөнүү усулу же иштин методологиялык негиздерин үйрөнүү усулу.*** Бул биздин эмгекте чыгармаларды окутуу тууралуу илимди педагогиканын дидактика, адабиятты окутунун методикасы, этнопедагогика бөлүмдөрү менен байланышта үйрөнүүнү

шарттады. Философия жана эстетика чыгармаларга таанып-билүүнүн объектиси катары баа берүүгө, чыгармалардагы жашоо, өлбөстүк, баатырдык, адилеттик, кара ниеттик ж.б. түшүнүктөргө философиялык өңүттөн кароону талап кылды, ансыз биздин айткан ойлор жана пикирлер дүйнөнү жана адамды таануунун мыйзамдарын чагылдырмак эмес. Адабият таануу илими чыгармалардын жанрдык белгилерин көрсөтүп берди, адабият таануучулар көптөгөн чыгармалардын идеясын, темасын, проблематикасын, сюжетин жана композициясын, образдар системасын, поэтикасын талдоо менен биздин ишибизде көркөм чыгармаларды анализдөөнүн жолдорун жана методологиясын түшүндүрдү. Адабий чыгармаларды окутуу боюнча орус жана кыргыз, чет өлкөлүк методисттердин эмгектери чыгармаларды окуу, окутуу, сабактарда талдоо технологияларын көрсөттү. Диссертацияда мына ушундай илимий методологиялык булактар үйрөнүлдү жана алар аркылуу көркөм чыгармаларды кайсыл мезгилде кандайча окутулуп келгендигин тактап алдык.

***Аңгемелешүү методу.*** Бул усул – ишти жазууда кеңири колдонулган ыкма болду. Аңгемелешүү илимий иш жазууда ыңгайлуу ыкма. Бул усул менен төмөнкүдөй маселелер аныкталды:

•топтор менен жана индивидуалдуу алганда студенттердин кайсыл чыгармаларга кызыга же кызыкпай тургандыгы;

•ата-энелердин чыгармаларды канчалык деңгээлде биле же билбей тургандыгы;

•окутуучулардын чыгарма окуу жана чыгармаларды студенттерге жеткире алуу мүмкүнчүлүгү;

•чыгармаларды окутуунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн окутуучуларга кандай методикалык, адабий-теориялык ж.б. жардамдардын зарылдыгы ж.б.

Студенттер менен да, окутуучулар менен да аңгемелешүү жүргүздүк. Мисалы, окутуучулардын көпчүлүгү 90-99-жылдарда мектепти бүтүшкөндүктөн, алар ошол мезгилдерде көп окулган Ч.Айтматовдун,

М.Гапаровдун, А.Стамовдун, Т.Касымбековдун, К.Бобуловдун, Ө.Даникеевдин, С.Өмүрбаевдин чыгармаларын эсте калгандыгын айтышты. Ал эми студенттер көркөм чыгармалардан Ч.Айтматовдун, М.Элебаевдин, Т.Касымбековдун, акындардан А.Осмоновдун, Ж.Бөкөнбаевдин, С.Жусуевдин ырлары менен тааныш экендиктерин айтышты. Аңгемелешкен окурмандардын көпчүлүгү А.Осмоновдун ырларынан үзүндү айтышты. Андан кийин Ч.Айтматовдун “Жамийла”, “Саманчынын жолу”, “Эрте келген турналар”, “Бетме-бет”, “Делбирим”, “Кылым карытар бир күн”, Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” чыгармалары көбүнүн эсинде калган, бул чыгармаларды алардын эстеп жүрүшүнө чыгармалардын сюжетинин кызыктуулугу, каармандарынын турмуштагы кайсы бир тааныштарына окшош экендиги, чыгарманын идеясы, автордун берейин деген ою мыкты берилгендиги, тарбиялык мааниси жогору экендигин жана көркөм чыгарма эл турмуш менен тыгыз байланышта экендигин, аңгемелешкен инсандар айтып беришти.

***Студенттердин жазган жазуу иштерин талкуулоо.*** Студенттер менен иштөө процессинде биз изилдеген теманын негизинде биринчи курстун студенттерине дил баян, эссе жаздырдык. Л.Н.Толстой, К.Д.Ушинский, В.Сухомлинский ж.б. таланттуу педагогдор өздөрү чыгарма жазып гана калбай, окуучуларына чыгарма жазууга тапшырмаларды берген. Биздин изилдөө боюнча жазуу ишинин структуралык талабын сактап студенттердин 5-10%ы гана фантазияны катыштырып, сюжетинин динамикасын өнүктүрүп, поэтикасында туруктуу кайталоолорду колдонуп кыска чыгармачылык эссе жаза алышат. 40-50% студенттер чыгарманын кандай аякташы боюнча өз фантазиясына ылайык чыгарма жазат, бирок алардын жазгандарында жанрдык талап сакталбайт, жомокко окшоп баратып эле аңгемеге же макалага окшоп кетет. 10-12% студент даяр, мурда окулган, же тасмада көргөн сюжеттерди эле жазып койгон. Студенттердин калган бөлүгү деги эле чыгарманын жыйынтыгын жазууга да аракет кылбайт. Студенттердин жазуу ишмердүүлүгүн жогорулатуу максатында сюжеттүү

чыгармалар алынып, алардын ички мазмунуна ылайык, салыштырып жазуу, каршылаш пикир жазуу тапшырмалары берилди. Мисалы, М. Гапаровдун “Эки ирет гүлдөөчү алмалар” аңгемесиндеги Сардал менен азыркы учурдагы ата-энеси миграцияда жүргөн балдардын жашоолорун салыштырып жазышса, Ч. Айтматовдун “Гүлсарат” повестинин негизинде “Гүлсарат” повестиндеги трагедиялуулук” деген темада повесттеги трагедия жараткан эпизод, андагы трагедиялык каарман, повесттеги конфликт тууралуу талдап, чыгарманы бүгүнкү күн менен салыштырып, өздөрүнө каршы келген пикирлерди талдоого алышып, мисалдар менен далилдөөгө аракет жасашты. Иште мына ушундай студенттердин жазган жазуу иштери талдоого алынды. Албетте, окутуучунун милдети – чыгарма жазгыч студенттерди даярдоо эмес, студенттерди көркөм чыгармаларды окууга тарта билүү. Ушул куракта кээ бир студенттерге чоң адамдардын оюна келбеген сюжеттер келет.

***Китепканалык формулярларды үйрөнүү усулу.*** Советтик учурда ар бир китепканада окурмандын жеке карточкасы (формуляр) сакталчу, азыр да айрым айылдык четки мектептерде кездешет, бирок көп китепканачылар студенттердин китеп алган, кайра берген даталарын компьютерге түшүрүп, компьютер аркылуу каттайт.

Бул усул аркылуу студенттердин азыр кандай китептерге кызыгышары, алардын ичинен көркөм чыгармалар кандай орунда экендиги билинет. Сурамжылоонун жыйынтыгында, студенттер көркөм адабий чыгармаларга караганда, көбүнесе мотивация берүүчү, фантастикалык, детективдик, психологиялык адабияттарды окушары маалым болду.

***Анкеттөө усулу.*** Анкетага суроо жазып, анын туура жообун алуу педагогиканын тарыхында эң көп колдонулган усул. Ал көп убакытты талап кылбаган ыкма. Негизгиси суроолор түшүнүктүү жана студенттер үчүн кызыктуу болушу керек. Бул усулду колдонуу менен изилдөө ишибизге керектүү болгон бир топ көйгөйлөрдү аныктап алдык.

***Анализ жана синтез.*** Мында изилдөө боюнча жалпы жыйналган чийки материалдар талдоого алынды, алардын жыйынтыгы синтезделди.

***Жалпылоо жана системалаштыруу.*** Илимий изилдөө үчүн керек болот деп жыйналган материалдарды жалпылаштырдык жана ырааттуу бир системага келтирип, диссертация формасында жазып чыктык.

Тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин баштапкы этабында колледжде студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун абалын изилдөө милдети коюлду. Констатациялык эксперименттин жыйынтыгы, окуу жана илимий-методикалык иштерди изилдөө жана иликтөө көркөм чыгармалар тууралуу түшүнүктү калыптандыруунун методикалык моделин иштеп чыгууга жардам берет. Констатациялык эксперименттин максаты төмөнкүлөр:

1. Колледждин студенттеринин кыргыз адабияты тууралуу жалпы билимдерин аныктоо.

2. Студенттердин көркөм чыгармаларды кабылдоосунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

3. Студенттердин көркөм чыгармалар тууралуу түшүнүктөрүнүн калыптануу деңгээлин белгилөө.

*Эксперименттик базалар:* Ош мамлекеттик университетинин финансы-юридикалык колледжи, ОшТУнун гуманитардык-технологиялык колледжи, КӨЭАУнун кесиптик колледжи.

Изилдөөбүздүн обьектине, предметине жана мазмунуна байланышкан педагогикалык изилдөө усулдарын колдонуу менен эксперименталдык тажрыйба иштерин жүргүздүк.

Педагогикалык изилдөө усулдары изилдөө предметине жана обьектисине карата классификацияланат. Алардын биздин изилдөөбүзгө тиешелүүсүн анализдеп көрөлү.

**Жеке жана жалпы усулдар:**

**Жеке усул –** бул белгилүү бир ыкмалардын, эрежелердин, объектерди өздөштүрүү боюнча сунуштардын, көрүнүштөрдүн, далилдердин топтому. Мында өздөштүрүү түшүнүгү сезимталдуу жана рационалдуу таанып билүү катарында кабыл алынат. Тигил же бул усулду жеке усулдар түзүмүнө кошуу

анын колдонуу чөйрөсүн чектөөнү билдирбейт. Жеке усулдун төмөнкүдөй түрлөрү бар: байкоо, өлчөө, сүрөттөө, салыштыруу, тажрыйба жүргүзүү

Жеке усулдан айырмаланып жалпы усулдар изилдөө процессинин жүрүшүндө, ар башка илимдерде колдонулат. Жалпы усулдар эки чоң топко бөлүнөт: изилдөөнүн эмпирикалык усулу жана теориялык усулу.

**Эмпирикалык усул** – изилдөөнү уюштуруу; тажрыйбага негизделген маалыматтарды чогултуу; (байкоо, сурамжылоо, моделдештирүү ж.б.)

Байкоо усулу – нерселерди табигый шарттарда изилдөө, мында изилдөөчү пассивдүү ролду ойнойт. Байкоонун эки түрү бар. Түздөн-түз байкоо жана кыйыр байкоо. Түздөн-түз байкоо жүргүзгөндө байкоочу объектке эч кандай изилдөө жабдыктарын колдонбойт. Ал эми, кыйыр байкоо жүргүзгөндө байкоочу изилдөө жабдыктарын жана изилдөө үчүн керектелүүчү каражаттарды пайдаланат.

Сурамжылоо усулу – анкеталык, жазуу жүзүндө же оозеки түрүндө (сурамжылоо, баарлашуу, интервью ж.б.) берилген суроолорго жооп алуу;

Моделдештирүү усулу – берилген объекттин моделин түзүү жана аны анализдөө (математикалык, кибернетикалык, имитациялык) аркылуу изилдөө;

Эмпирикалык усул – теориялык усул менен бирдей деңгээлдеги илимий изилдөөлөрдүн маанилүү бөлүгү. Кандай гана илим болбосун бул усулдарды колдонбой өсүп-өнүгө албайт. Эмпирикалык усул – эксперимент жана байкоонун жардамында изилденилип жаткан нерсе менен өз ара аракеттешүүнү болжолдогон тажрыйбага негизделген ыкманын негизинде курчап турган чындыкты илимий жактан таанып-билүү. Изилдөөнүн эмпирикалык усулу тигил же бул көрүнүштөрдүн өнүгүүсүн камсыздаган жалпыга бирдей мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоодо жардам берет.

Мындай татаал кадамдардын жыйынтыгында жаңы илимий ачылыштар жаралат. Эмпирикалык усулдун төмөнкүдөй түрлөрү бар: байкоо, эксперимент, баарлашуу, анкеталык сурамжылоо. Таанып-билүүнүн

эмпирикалык усулунун теориялык усулдан артыкчылыгы мүмкүн болуучу каталардын минималдуулугу.

**Теориялык усул** – кыймыл-аракеттин кандайдыр бир нерсени таанып билүүгө багытталгандыгы; карама-каршылыктарды аныктоо жана аны жөнгө салуу; көйгөйлүү маселени алып чыгуу; божомолдорду келтирүү; далилдөөлөр ж.б. Теориялык усулдар – теориялык жоболорду, тажрыйбага негизделген маалыматтарды интерпретациялоо, анализдөө жана жалпылоо үчүн кызмат кылат. Алсак, адабияттарды, архивдик маалыматтарды жана иш кагаздарды, изилдөөнүн негизги термин, түшүнүктөрүн, окшоштуктар усулун, божомолдоолорду келтирүүнү ж.б. теориялык жактан анализдөө.

**Констатациялык жана кайра түзүүчү эксперименттер** – констатациялык усул педагогикалык процесстин жана анын катышуучуларынын изилдөөнү жүргүзүү учурундагы абалын, тигил же бул өзгөчөлүктөрүн аныктоого багытталган. Изилдөөнүн негизинде алынган маалыматтар пайда болгон же кайталанма мүнөзгө ээ болгон ар кандай кырдаалдарды сүрөттөөдө жана инсандын ички механизмин анын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн сапатын изилдөөдө негиз болуу менен алардын мүнөзүнүн, сапатынын, касиетинин мындан аркы өнүгүүсүн божомолдоого мүмкүндүк берет. Ал эми кайра түзүүчү калыптандыруучу усул – педагогикалык процессти өзгөртүү менен байланышкан. Кайра түзүүчү усулдарды ишке ашырууда адамдардын ишмердүүлүгүн башкаруу маселеси жаралат. Мында адамдардын аң-сезимин алдап башкаруу көйгөйү орчундуу маселелердин катарын толуктайт. Ошондой эле көп кырдуу кесиптик билгичтиктиктерге жана ишмердүүлүктүн ички каражаттарынын болуусун болжолдойт. Констатациялык усул – педагогикалык процессте иштин чыныгы абалын гана аныктайт.

**Сапаттык жана сандык усулдар** – сапаттык усул нерсенин табиятын көрсөтүүчү касиеттердин жыйындысы. Сандык усул – нерсенин өлчөмүн, чоңдугун, сапатын аныктайт. Сапаттык усул салттуу түрдө нерсенин белгилерин сүрөттөө аркылуу бериле турган болсо, ал эми сандык өлчөмү

менен санын аныктоодон турат. Нерсенин сапатын анализдөө менен изилдөөчү анын буга чейинки белгилүү болгон кайсы типке таандыктыгын, өзгөчөлүгүн жана нерселердин ортосундагы себеп-натыйжалуу көз карандылыкты аныктайт. Сандык анализдин милдети аталган өзгөчөлүктөрдү ченеп-өлчөөдө турат.

**Кырдаалдарды түзүү усулу** – изилдөөбүздөгү бул усул көбүнчө сабактын жаңы темага өбөлгө түзүү этабында жаңы темага карата ар түрдүү мазмундагы кырдаалдарды түзүү менен жана жаңы теманы өтүүдө теманын максатына жана мазмунуна жараша кырдаалдарды түзүү менен ишке ашырылды. Бул усулду тандоодо кырдаал түзүү негизги ролду ойнойт. Аталган усул максатка тез жана натыйжалуу жетүүдө колдонулат. Түзүлүшү боюнча кырдаалдарды түзүү усулу көптөгөн ыкмалар жана жолдор менен айкалышкандыктан, салттуу жана жаңы ыкмалар, идеялар бири-бири менен тыгыз байланышта колдонулду. Аталган усул стандарттуу эмес чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзгөндүктөн, студенттердин чыгармачылык менен ой-жүгүртүүсүнө түрткү берип, алардын активдүү позицияда болуусун камсыз кылды.

**Сахналаштыруу усулу** – калыптандыруучу эксперимент учурунда бул программанын мазмунундагы 1-курстун студенттерин үй-бүлөлүк, коомдук турмушка даярдоону чагылдырган сахналык көрүнүштөрдү чагылдырууда колдонулду. Бул усул студенттерге окутуунун башка усулдары камсыз кыла албаган шарттарды түзүү менен кабыл алынган чечимдердин жыйынтыгын сынап көрүүгө жардам берди.

Сабакты сахналаштыруунун эки түрүн колдонууга болот: биринчиси – бул алдын-ала даярдалган сахналаштыруу; экинчиси – алдын-ала даярдалбаган сахналаштыруу. Мында сахналаштыруу кокусунан жана күтүүсүздөн окуу көйгөйлөрүн талкуулоо учурунда пайда болот.

Алдын-ала даярдалган сахналаштырууда көйгөйдү талкуулоо үчүн окутуучу кырдаалды өзү тандайт. Ал эми экинчисинде студенттер белгилүү бир көйгөйдү чечүүдө кырдаалды өздөрү сунуш кылышат. Ал эми окутуучу

окуу көйгөйүн жамаатта аткарып сахналаштырууга жөндөмдүү болуусу керек.

Сахналаштыруу усулу окутуучудан ар тараптуу даярдыкты, кырдаалды усулдук жактан туура иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгүн талап кылат. Усулду коомдук-тарбиялык иштерди жүргүзүүдө да кеңири пайдаландык, акын-жазуучулардын маарекелеринде, 12-декабрь – Адабият күнүндө ж.б.у.с. иш - чараларды уюштурууда колдонулду.

**Демонстрациялоо усулу** – ар бир сабактын негизги бөлүгүндө (жаңы теманы түшүндүрүү) дидактикалык материалдарды колдонуу менен теманын актуалдуулугунун жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу максатында топтордо иштөө аркылуу ишке ашырылды. Мында сабактын мазмунун түшүндүрүү процессинде көрсөтмө куралдар пайдаланылат.

**Иллюстрация усулу** – мында берилүүчү маалыматтарды толугу менен айтып берип, андан кийин көрсөтмөлүүлүк пайдаланылат.

**Реферат жазуу усулу** – өтүлгөн темалардын практикадагы жана кесибиндеги маанилүүлүгүн чагылдыруу жана аны өз турмушунда колдонуу жолдорун аныктоо үчүн колдонулду.

**Мээге чабуул усулу** – ар бир сабактын уюштуруу этабында студенттердин активдүүлүгүн, көңүл бурuусун бир багытка, жаңы маалыматтарды кабыл алууга багыттоо учурунда колдонулду. Бул усул болсо, чыгармачылык активдүүлүктү жөнгө салуунун негизинде көйгөйдү чечүүнүн оперативдүү жолун табууга жардам берди. Белгилүү бир темадагы маселе боюнча тез арада ой жүгүртүү, бүтүм чыгаруу жана пикир туудуруу максатында колдонуп, мында талкуулоонун катышуучуларына чечим кабыл алуунун варианттары тандалып, андан соң айтылган ойлордун ичинен эң эле натыйжалуу, иш жүзүндө колдонууга мүмкүн болгон мыкты идеялар тандалып алынды. Мээге чабуул – жаңы идеяларды издөө усулу катары, изилдөөнүн кийинки баскычына өбөлгө түздү. Мээ чабуулуна көркөм чыгарма боюнча тартылган көркөм, документалдуу тасмалардан үзүндүлөрдү, чыгарманын негизинде тартылган сүрөттөрдү да колдонсок

болот. Мисалы, “Саманчынын жолу” повестин өтүп жатканда, Толгонайдын кошунасы оорукчан Айшанын үйүнөн акыркы калган буудайын алып кеткен эпизодду пайдалансак болот.

**Тест усулу** – бул студенттин билим деңгээлин, жөндөмдүүлүктөрүн жана башка сапаттарын, ошондой эле катышуучулар тарабынан анализдөө жолу менен аткарылган тапшырмалардын белгилүү бир нормаларга дал келүүсүн аныктоо. Тест – бул изилдөөчүгө адамдын касиеттерин, психологиялык мүнөзүн, тигил же бул объектке карата мамилесин диагностикалоого шарт түзгөн стандартташтырылган тапшырмалар же бири-бири менен өз ара байланышкан тапшырмалар. Тестирлөөнүн жардамы менен изилденилип жаткан объектин кээ бир өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүү деңгээлин аныктап, аны изилденилип жаткан объектин буга чейинки өнүгүү деңгээли менен салыштырууга да болот. Андан тышкары колледждин студенттери үчүн ар бир өтүлгөн теманы бышыктоо иретинде 5-6 суроодон турган тест даярдап, атайын колледждин студенттери үчүн кыргыз тили жана адабиятынан тесттер жыйнагын иштеп чыкканбыз.

**Талкуу усулу** – сабактын негизги этабында, жаңы маалыматтарды кабыл алууда чакан топтордо же командада иштөө менен ал маалыматтарды биргелешип талкуулоо менен ишке ашырылды.

Талкуу усулу – аудиторияда чыгармачыл абалды жаратып, өз оюн эркин айта билүүгө, башка бирөөнүн пикирин сын көз менен кабыл алууга жана сыйлоо сыяктуу жөндөм-сезимдерин өркүндөтүүгө багытталган инсан таламдуу усул болгондуктан, өтүлгөн сабакты жадысынан чыгарбай, эске бекем сактап калуу жагынан өзгөчө үзүрлүү болду. Анткени, өтүлгөн теманы кайталап айтып бере алуу ал билимди бекем өздөштүрүүнүн бирден бир белгиси. Талкуу усулунун таасирдүүлүк даражасын арттыруу үчүн эң обол анын туура пландаштырылышы б.а. окутуучунун жана талкууга катышкан студенттердин иш-аракеттеринин өз орду менен болушу эске алынды. Аны төмөнкүчө мүнөздөөгө болот.

Талкуу күн мурунтан пландалып, эреже катары талкууну уюштурганда төмөнкүлөр эске алынды:

- ✓ Талкуунун темасы менен максатын алдын ала аныктап, ага жараша план түзүлдү.
- ✓ Талкуугa катышуучу студенттердин тема боюнча даярдыгынын деңгээли алдын-ала текшерилди.
- ✓ Талкуу өткөрүлө турган жердин ыңгайлуулугу, керектелүүчү каражаттар жана башкалар менен камсыз болушу текшерилип турулду.
- ✓ Талкууну жогорку деңгээлде өткөрүү үчүн тиешелүү эрежелер аныкталды.
- ✓ Талкууга катышкан студенттердин билимдерин баалоо критерийлери иштелип чыкты.

Топтун катышуучулары өздөрү тандап алган көркөм чыгарманын үзүндүсү, же акын-жазуучунун өмүрүнүн урунттуу окуялары, чыгарманын жазылыш тарыхы, катышкан каармандар, алардын турмуштук прототиптери ж.б.у.с. менен таанышып чыгып, аны башка топторго презентация аркылуу айтып беришет. Студенттер берилген тапшырма боюнча жаңы маалыматка ээ болгон соң, ар бир таанытымдын оң, терс жактары, берилген жаңы маалыматтар боюнча каршы, талаш-тартыш жараткан пикирлерге талкуу жүргүзүшөт. Талкуунун жүрүшүндө айтылган мыкты ой пикирлер ватманга жазылуу менен аткарылат.

**Каталар үстүндө иштөө усулу** – өтүлгөн сабактардын жыйынтыктоо этабында сабактын жүрүшүн анализдөө менен ар бир студенттин катышуусун баалоодо колдонулду. Бул усул көбүнесе эссе, баяндама, дил баян жаздыргандан кийин пайдаланылды. Ошондой эле салыштырып жазуу, каршылаш пикир жазуу жумуштарынан кийин бир топ экинчи топтун жазган ишин текшергенден кийин жүргүзүлдү.

**Оюнга негиздеп окутуу усулу** – бул билим берүүчү маалыматтарды издеп табуу, иштеп чыгуу жана өздөштүрүү ишмердүүлүгүнө багытталган жумуштарды өз алдынча ишке ашыруу. Максатка жетүүнүн каражаты –

үйрөнүүчүнү чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу үчүн оюн ыкмасын колдонуу. Мында сабак учурунда студенттердин сабакка болгон көңүл буруусун бир жерге топтоо, чакыруу этабында сабакка багыттоо, түшүнүү этаптарында алган билимдерин бышыктоо максатында пайдаландык.

**Лекция усулу –** көлөмдүү материалды узакка созулган убакыт ичинде түшүндүрүү. Атайын түзүлгөн программанын ар бир темасына байланыштуу маалыматтар лекция усулу менен ишке ашырылды. Мында айрым студенттер үчүн жаңы маалыматтарды ушул усул менен бергенге аракет жасадык.

**Байкоо усулу –** бул көрүнүштөрдү, предметтердин касиеттерин сезүү органдары аркылуу кабыл алуу. Байкоонун жыйынтыгында изилдөөчү көрүнүштөрдүн жана предметтердин сырткы касиети жөнүндөгү билимдерге ээ болот. Мында чыгармаларда берилген анча эле байкала бербеген деталдар, алардын чыгармадагы орду, чыгарманын көркөмдүгүн арттырууга кошкон символдук маани-маңызы сыяктуу учурлардын ачып берилиши каралды. Айта кетсек, эки ирет гүлдөөчү алманын чыгармадагы символдук мааниси; Саманчынын Жолу жылдызынын чыгармада Толгонайга көрүнгөн учурдагы абалы, анын жалпы адамзат тагдыры менен байланышы сыяктуу учурлар талданды.

**Салыштыруу усулу** – эки же андан ашык предметтерди белгилери боюнча салыштыруу, алардын ортосундагы айырмачылыктарды, жалпылыктарды аныктоо. Аталган усул адабият сабагында студентердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууга өбөк болгон усулдардан. Мында адабият сабагында каарман менен каарманды, каарман менен жаныбардын образдарын, чыгарма менен чыгарманы салыштырууда кеңири колдонулду. Мисалы, М.Гапаровдун “Байчечек” аңгемесиндеги шаар турмушу менен айыл турмушун салыштыруу аркылуу, шаар менен айылдын карама-каршылыктуу сүрөтүн, алардын адамга тийгизген таасири, автордун айыл тууралуу айткан ойлору менен учурдагы шаар турмушун салыштырып талкуу жүргүзүлдү.

**Жоон суроолорду жана ичке суроолорду түзүү ыкмасы** – бул студенттердин тема боюнча өз ара сурамжылоо жүргүзүүлөрүн уюштуруу жолу. Мында ичке суроолор “ооба”, “жок” жооптору менен шартталса, ал эми жоон суроолор тапшырманын үстүнөн терең ойлонууну, кошумча билимдерди издөөнү, маалыматтарды анализдөөнү шарттайт.

## 2.3 Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана анын жыйынтыктары.

Орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабияты дисциплинасын окутуу менен студент-окурмандын компетенттүүлүгүн жогорулатуу проблемасын чечүү үчүн эксперимент өткөрүү төмөнкү зарылдыктан улам келип чыгып отурат:

1. Орто кесиптик окуу жайларында атайын студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн объективдүү жана субъективдүү себептердин бардыгынан;
2. Окутуу процессинде студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн интерактивдүү методдорду колдоно билген окутуучулардын жетишсиздиги;
3. Билим берүү системасына коюлуп келе жаткан мурдакы салттуу талаптардын бүгүнкү мезгилде да улантылып келе жаткандыгынан;
4. Кыргыз адабиятынан алынган тест жана текшерүү иштеринин жыйынтыгы студент-окурмандын билим деңгээлин текшерүүнүн булагы катары эсептелгендигинен;
5. Ар бир сабакта окутуучу тарабынан берилген тапшырмаларды окурман-студенттин чыгармачылык менен анализдөөсү, өз оюн логикалык системага келтирүү компетенттүүлүгүнүн жоктугунан;
6. Окурман-студенттин жазуу, оозеки кептеринин начардыгынан;
7. Ар бир жаңы сабактын моделине киришүүдө окурман-студенттин активдүү чыгармачылык компетенттүүлүгүнүн пассивдүүлүгүнөн.

Жалпы окуу китептерине, өзгөчө көркөм чыгармаларды окууга болгон окурман-студенттин кызыгуу, дилгирленүү компетенттүүлүгүнүн

жоктугунан улам бул экспериментти жүргүзүү зарылдыгы чыгып отурат. Эксперимент төмөнкү принциптерге таянылуу менен өткөрүлдү:

1. Кыргыз адабиятын интерактивдүү окутуу менен окурман-студенттин теориялык, практикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу;

2. Окурман-студенттин компетенттүүлүгүн кыргыз адабиятынын программасында көрсөтүлгөн көркөм чыгармаларды интерактивдүү стратегияларды колдонуп окутуу аркылуу жогорулатуу;

3. Окурман-студенттин компетенттүүлүгүн өз алдынча иштерди ар кандай формада, интерактивдүү методдорду колдонуу менен аткарышын талап кылуу аркылуу жогорулатуу.

Педагогикалык эксперименттин натыйжаларын диагностикалоонун эффективдүү жолдоруна студенттердин жеке документтерин талдоо (китепкана формуляры, анкеталар, чыгармачылык иштер) жана байкоолор саналат. Байкоо – үйрөнүүчүнүн жүрүм-турумун максаттуу, уюшкандыкта кабыл алуу жана жазуу. Студенттердин окурмандык деңгээлин байкоо максатында аудиторияда (адабий чыгармаларды окууга жана талкуулоого байланыштуу тапшырмаларды аткарууда) көркөм чыгарма студентке кандай таасир этээрин билүү үчүн жүргүзүлөт. Башкача айтканда ал окуган чыгармаларындагы кандай окуяларды жана кандай каармандарды бөлүп көрсөтөт, ал кандай маанайды жана сезимдерди пайда кыла тургандыгын белгилеп көрсөтүүсү менен шартталат. Ар кандай иш-чараларды өткөрүүдө байкоо ыкмасы студенттердин (активдүү же пассивдүү) бул окуяларга катышуусун, сүйлөө маданиятын, эрудициясын, дүйнө таанымын, окууга болгон кызыгууларынын кеңдигин жана туруктуулугун көзөмөлдөөгө жардам берет. Колледждердин студенттеринен алынган анкеталарга байкоо жүргүзүүнү талдоо алардын кандай түрдөгү жана жанрдагы адабиятка болгон кызыгуусунун калыптанышын жана тереңдешин, окурман катары кабыл алуусунун өзгөрүшүн көзөмөлдөөгө жана эң көп окулган адабияттарды, алардын окугандарына болгон мамилесин аныктоого мүмкүндүк берет.

Студенттердин окурмандык деңгээлин аныктоонун дагы бир жолу - сүйлөшүү. Мында адегенде, алдын-ала түзүлгөн суроолор белгилүү бир ырааттуулукта берилгендиктен, алар студенттердин иш-аракетин бир топ жеңилдетет. Натыйжада эркин баарлашуу так, деталдуу маалымат алуу үчүн суроолорду ар түрдүү формада түзүүгө мүмкүндүк берет. Студенттер менен типтүү сүйлөшүү үчүн суроолорду төмөндөгүчө берсек болот:

- ✓ Автордун өмүр баяны боюнча кандай фактылар бар? Дагы кандай чыгармаларды жазган?
- ✓ Окуп жатканда кандай сезимдерге кабылдыңар жана аны түшүндүрүп бергиле. Чыгарманын темасы? Негизги идеясы?
- ✓ Чыгармада адамдык кандай сапаттар ачылган? Алардын эмнеси суктанууга татыктуу?
- ✓ Окуп жаткандагы сезимдериңерди түшүндүрүп бергиле. Эсиңерде калган окуянын сүрөтүн (иллюстрациясын) тарткыла.
- ✓ Өз алдынча окуган чыгармаларыңарды атагыла.
- ✓ Окуган чыгармаларыңын ичинен кайсы чыгарманы көп эстейсиң жана эң жакшы көрөсүң? Эмнеге?
- ✓ Сен эмнени жактырасың, китептиби же тасманыбы? Эмнеге?
- ✓ Ата-энең сенин көркөм чыгармаларды окууңа кызыгабы?

Ал эми студенттер менен эркин баарлашуу үчүн төмөнкү суроолорду берүүгө болот:

- ✓ Үйдө китепканаңар барбы? Сен аны пайдаланасыңбы?
- ✓ Сен колледждин китепканасындагы китептерди колдоносуңбу?
- ✓ Сен китепкананын окурманысыңбы?
- ✓ Колледждин китепканасында кандай китептер болушу керек деп ойлойсуң (учурда алар жок же аз болушу мүмкүн)?
- ✓ Китепканада кандай китептер болушун каалайсың?

Жогорудагы диагностикалык ыкмалардын аркасында студенттин инсандыгы, анын окурман катары өзгөчөлүктөрү, кызыгуулары жана хоббилери, үй-бүлөсү жана колледжге болгон мамилеси билинет. Окууга

жана китепке карата жеке айырмачылыктар айкын болуп, окууга болгон кызыгуусун арттырууга жардам берет. Аудиторияда студенттердин окууга болгон кызыгуусун жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруунун формалары:

- ар кыл жанрдагы адабий чыгармалардан сүйлөмдөрдү, цитаталарды жазуу;
- сүйүктүү чыгармалар, китептер, авторлор, адабий каармандар жөнүндө дил баян, баяндама, эссе жазуу (талкуу жүргүзүү);
- окулган чыгармага, сүйүктүү китепке аннотация жазуу;
- сүйүктүү чыгармага карата сүрөт (иллюстрация) тартуу;
- окулган чыгарма боюнча тартылган сүрөт, көркөм тасманы чыгарма менен салыштыруу, талкуулоо ж.б.

*Аудиторияда:*

- ар кыл авторлордун прозалык чыгармаларын, лирикалык чыгармаларын, жамааттык окуу (андан кийин баарлашуу, талкуулоо);
- студенттердин көп окулган китеби, студенттердин сүйүктүү китебин жарнамалоо;
- адабий оюндар, викториналар;
- чыгармачыл долбоорлор;
- окурмандын күндөлүгү менен иштөө.

Колледждерде студенттердин жазуу, оозеки кептик компетенттүүлүгүн жогорулатуу эң башкы милдеттеринин бири болуп саналат. Ал үчүн окутуучу эң жөнөкөй стратегиялардан баштоосу талапка ылайык. Маселен, алгачкы адабият боюнча жаңы теманы түшүндүргөндөн кийин, бышыктоодо синквейн жаздыруу алардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүргөнгө, чыгармачылык шык бергенге өбөлгө болот. Андан кийин жеңилден бир аз татаалыраак стратегияга өтүү студенттин чыгармачылык компетенттүүлүгүн активдештирүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Айтсак, эссе жаздыруу. Бул интерактивдүү стратегияда окурман-студент өз алдынча ойлонуп, чыгармачылык дараметин активдештирүү менен алдыга кадам таштайт.

Ошентип жөнөкөйдөн татаалга студенттин ички психологиясы, тышкы ишмердиги калыптанып, чыгармачылык компетенттүүлүгү активдешип ар

бир студент өз алдынча ой-пикир, көз караштарын ортого, тайпага сунуш кылганга жетише башташат. Топто күчтүү идея топтогонго жетишишет. Мындай деңгээлге жеткен студенттерди күчтүү идеялык компетенттүүлүккө өсүп жеткирүү үчүн жана андан татаалыраак графикалык ыкмаларды сунуш кылуу максатка ылайыктуу болот.

Жогоруда айтылган процесстерди далилдөө үчүн өткөрүлгөн эксперименттик сабактын бир моделин сунуш кылалы.

Сабактын темасы: Ч.Айтматовдун “Саманчынын жолу” повести (үзүндү) Колдонулган ыкма: кластер-табышмак, адабий ийримдер.

Сабак “Чачылган макалдардын ордун табуу” муз жаргычы менен башталат. Анда жаңы темага чакыруу максатында темага байланыштуу бир нече макалдар студенттер отурган каанасынын төрт бурчуна илинет. Кыргыз элинин улуттук дөөлөттөрү болгон макалдарды чечмелөө аркылуу студенттер алардын маани-маңызын түшүнүшөт. Студенттер аларды издеп таап маани-маңызын чечмелешет, макалдардын негизинде тайпа төрт топко бөлүнөт:

- Ашың калса калсын, ишиң калбасын.
- Буудайдын барар жери - тегирмен, кыздын барар жери – күйөө.
- Жашыңда берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү.
- Кетмен чапмак алмак-салмак, кош айдамак бармак-келмек. [63;13,41,21,52]

Үй тапшырмасына “Жамийла” повестиндеги башкы каарман Жамийла жөнүндө эссе жазып келүү берилген. 2-3 студенттин эссеси окулат. Калган студенттердин эсселери дубалга илинип коюлат, аны бош убактыларында окуп, пикирлерин кийинки сабакта айтышат. Максаты - студенттердин теориялык-адабий түшүнүктөрдү пайдалануу менен чыгармачыл иштерди жазуу жөндөмдүүлүгүнүн компетенттүүлүгүн арттыруу;

-адабий-көркөм образадарга жазуу формасында талдоо жүргүзүү компетенттүүлүгүн жогорулатуу;

- теориялык билимдерин, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруу;


-теорияда алган билимин практикада колдоно билүү компетенттүүлүгүн жогорулатуу болуп эсептелет.

Студенттердин өтүлгөн тема боюнча алган билимин текшерүү үчүн кластер-табышмак стратегиясы сунушталат. Максаты - образдык сөздү түшүнүү; - сөздүн көп маанилүүлүгүн аңдай билүү; - адабий чыгарманы эстетикалык жактан өздөштүрүү компетенттүүлүгүн арттыруу болуп саналат. Доскага кластер-табышмак илинет. Окутуучу тарабынан “Жамийла” повестиндеги кайсы каармандын келбети жөнүндө айтылып жаткандыгын таап жазгыла деген көрсөтмө берилет.

“Жамийла” повестиндеги кайсы каармандын келбети жөнүндө айтылып жаткандыгын таап жазгыла деген късрсътмъ берилет.




2. Кластер-табышмакта “Жамийла” повестиндеги кайсы каармандын сырткы түзүлүшү экендигин аныктагыла



Тиешелүү жооптор алынгандан кийин окутуучу өтүлгөн тема боюнча үйгө берилген тапшырманы жыйынтыктоо сөзүн айтат. Доскага жаңы тема жазылат. Жаңы темага **чакыруу** максатында режиссер Геннадий Базаров тарткан “Саманчынын жолу ”көркөм тасмасынан үзүндү көрсөтүлөт. Студенттер кайсы көркөм тасма экендигин аныкташат. Тасманын негизинде талкуу жүргүзүлөт:

1. Бул кайсы тасмадан? 2. Тасмада кимдер тартылган?

3. Эмне үчүн биздин каарман аялдын акыркы данын тартып алды?

4. Согуш мезгилинде буудайдын баасы канча турган?

Окутуу орус тилинде жүргүзүлүүчү тайпа болгондуктан, окула турган текстте кездешүүчү түшүнүксүз сөздөрдүн түшүндүрмөсү жана котормосун слайд аркылуу окутуучу студенттерге түшүндүрөт, ал сөздөргө сүйлөм түздүрөт.

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**Кырман** – эгин бастыруу үчүн атайы тазаланып жасалган аянт

**Алачыктын** – жыгачтардын башын байлап, үстүнө чөп ж.б. нерсе жаап жасалган кепе

**Кызыл үйгө** - Союз мезгилиндеги көчмө китепкана

**Ачыма** – ачытылган ачкыл, жарма, бозо ж.б. суусундук

**Иңирге** - күн баткандан кийинки караңгы тарта башаган мезгил

**Керт башыма** – жеке башыма, жеке башыма, өзүмө, өз башыма

**Комсомол –** Кеңеш өкмөтү мезгилинде түзүлгөн жаштар уюму

**Желе-жорто жүргөн сыдырым** – эртели-кеч болуучу салкын жел

**Копшолуп** – кыймылдатып ордунан бошотуу, козголтуу, жылдыруу

**Топон** – эгиндин бастырылгандан кийинки данынан бөлүнүп чыккан кабыгы, майдаланган сабактары ж.б. калдыгы

**Жайдак эле жерге** –эч нерсеси жок, эч нерсе чыкпаган, өспөгөн талаа

**Көптүн тилегине үзөңгүлөшүп** – элдин тилегине кошулуп, эл менен бирге

**Чарбак –** короо-жайды айландыра курчаган тосмо, үй куруу үчүн алынган жер аянты [84;78]

***Түшүнүү этабында*** төрт топко бөлүнгөн тайпага текст таркатылат (текст тиркемеде берилет). Текстти окуу менен бирге ар бир топко тиешелүү тапшырмалар берилет.

**1-топ. “Сөз издөөчүлөр”.** Текстти окуп баратып, сөз берметтеринин таап астын сызышат. Түшүндүрмө сөздүктү пайдаланып, тандалып алынган сөз берметтеринин маани-маңызын жалпы тайпага чечмелеп беришет. Аны менен бирге өздөрү да сөз берметтерин табуу менен сөздүн маани-маңызын талдай билишет, ошол сөздөрдү пайдаланып сүйлөп берүүнү үйрөнүшөт, б.а жаңы өздөштүргөн сөздөрү менен сөздүк корун байытышат.

**2-топ. “Көркөм окуучулар”.** Текстти окуп чыгып, автордун, каармандардын сөзүн өзүнчө, тексттеги жаратылыш көрүнүштөрүн сүрөттөгөн жерди өзүнчө көркөм үн кубултуп окуп беришет, же ролдоштуруп аткарып беришсе да болот. Муну менен кошо студенттер көркөм окуу боюнча көркөм окуунун техникасы, логикалык басым, пауза сыяктуу теориялык билимдери да тереңдейт.

**3-топ. “Сүрөтчүлөр”.**Текстти окуп чыгып, кайсы бир жерин сүрөткө тартып, тарткан сүрөттөрүнүн маңыз-мазмунун түшүндүрүп сүйлөп беришет. Сүрөтчүлөрдүн максатын билүү үчүн:

- Эмне үчүн ушул жерин сүрөткө алдыңар?
- Эмнеси менен силерге таасир этти? ж.б.у.с. суроолор берилет.

Студенттер сүрөт аркылуу чыгарманын маанисин чагылдырып бергенге аракет жасашат. Иллюстрация аркылуу да студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга болот.

**4-топ. “Суроо берүүчүлөр”** Текстти окуп чыгып, тексттен топтун ар бир мүчөсү 2ден кем эмес суроо түзүшөт. Суроолордон тандап туруп 6-7 суроону калган үч топко беришет. Калган үч топ алардын суроолоруна жооп беришет. Жооп бере албаган суроолорго өздөрү жооп беришет.

Суроого жооп бергенге караганда суроо бере билүү чоң эмгекти талап кылат. Муну менен студенттер суроону туура түзө билүүнү, бири-бирине туура кайрылууну үйрөнүшөт.

***Ой жүгүртүү этабы***

Жыйынтыгында, төрт топтун презентациясы менен тема студенттерге жеткиликтүү түшүндүрүлөт. Окутуучу айрым учурларга тактоо, толуктоо киргизип, сабактын түшүнүктүү болушун жетекчиликке алат.

Үй тапшырмасына “Согушту эмне үчүн баары жек көрүшөт?” деген темада эссе жазуу жана СӨАИге чыгарманы толук окуп, андагы 7-8 сөз берметтин табуу берилет. Тапшырманы аткаруу үчүн тиешелүү адабияттар сунуш кылынат.

Студенттердин билимин баалоодо жоопторуна ылайык беш бурчтуу, төрт бурчтуу, үч бурчтуу стикерлер окутуучу тарабынан берилген, алар тийиштүү баллды билдирет, жыйынтыгында алардын суммасы эсептелет, тиешелүү баа коюлат.

Жыйынтыктап айтканда, ар бир сабак интерактивдүү усулдар менен өтүлсө, студенттердин сабакка кызыгуусу жогорулайт, көркөм чыгарманы талдоо менен көркөм чыгарманын сюжетин, идеясын, темасын, автордун позициясын аныктай билишет, ошону менен бирге студенттердин окурмандык компетенттүүлүгү да калыптанат. Студенттердин сабакка болгон кызыгуусу артат, өтүлгөн теманы да жеткиликтүү түшүнүшөт.

Анткени бул өтүлгөн интерактивдүү сабакта дүйнө элине таанымал кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын интерактивдүү усулдар менен окутуу биринчиден, окурман-студенттин компетенттүүлүгүн жогорулатып учурдун талабына шайкеш келди, экинчиден, бүгүнкү ааламдашуу алкагында окутуунун ар кандай заманбап усулдарын пайдаланып, салттык ыкмалардан четтеп, мезгил талабына ылайык окутуунун интерактивдүү усулдарын пайдаланып өтүү заман талабы болуп калбастан, ошол эле мезгилде студенттердин окурмандык оозеки жана жазуу, чыгармачылык компетенттүүлүгүн жогорулатты, үчүнчүдөн атайын орто окуу жайларында кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында окутуунун интерактивдүү усулдарын пайдалануу максатка ылайыкталды.

Анткени компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору болуп саналат.

Ошол эле мезгилде окурмандык компетенттүүлүк – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүүрүү экендигин орто атайын кесиптик билим берүү окуу жайларынын 1-курстарында кыргыз адабиятын окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн тайпаларда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы үчүн 8 саат бөлүнүп берилген. Анын ичинде “Саманчынын жолу” повестине 1 саат бөлүнгөн. Повесттин алгачкы бөлүгү “Сынчыл ойломду өстүрүү үчүн окуу жана жазуунун программасынын” адабий ийримдер ыкмасы менен өтүлдү. Анткени, адабий ийримдер - тексттин негизинде окуучулар (студенттер) өткөрүшкөн ролдук талкуу. Окуунун жүрүшүндө окуп жаткандар ар кандай ролдорду аткарышат: цитатаны тапкан кишинин изилдөөчүнүн, из куучунун, суроолорду берген байланышчынын (связист), сөздөрдү издөөчүнүн, текшерүүчүнүн, персонаждарды айтып түшүндүрүүчүнүн, иллюстратордун, жазгычтын, докладчынын ж.б.Топтун ар бир мүчөсү өзүнүн ролуна жараша аткарылган иш жөнүндө баяндама жасайт. Талкуунун жыйынтыктары жазуу жүзүндөгү отчет же оозеки түрдө аудиторияга тааныштырып көрсөтүүнүн формасында жалпыланат.

Окурман-студенттин компетенттүүлүгүн жогорулатууда “Окурмандык баарлашуу”, “Окуйбуз, ойлонобуз, түзөбүз”, “Ар кандай булактардан пайдаланып эссе жазуу” сыяктуу интерактивдүү ыкмаларды колдонуу да эң жакшы натыйжаларды берет.

Жогорудагы биз сунуштаган баптардагы модель сабактагы стратегиялар теориядан практикага өтүү аркылуу аткарылса, жазма кебин жогорулатууда колдонулган бул интерактивдүү ыкмалар, тескересинче, практика жүзүндө жазылып баштоо менен улантылат. Экинчиден, түздөн-түз сабак мезгилинде студенттин чыгармачылык сынчыл ойлоосун өстүргөнгө өбөлгө болот. Үчүнчүдөн, белгилүү бир максаттуу берилген теманын үстүндө жазылган аудиториялык иш студенттердин арасында тема боюнча түшүнүктөрүн өз ара бекемдеп, бышыктап, анализдегенге жетиштирет. Анткени, бул иш-аракет үйгө берилсе, анда ал жазуу иши жалгыз студент үчүн гана жазылгандай түшүнүк калтырары бышык. Ошондуктан ар бир жаңы тема боюнча жазылган аудиториялык иштин натыйжасы жакшы жыйынтыкка алып келет. Чындыгында, жазма кепке адабият сабактарында анча көңүл бөлүшпөйт. Анткени, жазма кепти бир студенттин белгилүү бир тема боюнча өзүнүн билгенин жазуу жүзүндө окутуучуга берген эсеп-кысабы катары түшүнүп, кабыл алып келгендигибиз факт.

Ошондуктан жазма жана оозеки кепти атайын окуу процесси катары карап, мамиле жасай турган болсок, албетте, окурман-студенттин ички психологиясында төмөнкү компетенттүүлүктөр сөзсүз жогорулай тургандыгы шексиз:

1. Интерактивдүү өтүлгөн ар бир сабактын натыйжасында ар бир окурман-студент өздүк көз карашы калыптангандыгын сезүү жана туюу компетенттүүлүгү;

2. Ички психологиясында сабырдуулук, өздүк иш-аракетине сыймыктануу, өзүн-өзү барктоо сезими жогорулагандыгын билүү компетенттүүлүгү;

3. Ар бир өтүлгөн темага адабий анализ жасай билүү компетенттүүлүгү;

4. Жазуу, окуу процесси интерактивдүү формада практика жүзүндө календардык пландын негизинде көп аткаргандыгына байланыштуу жигердүүлүгү жогорулагандыгын сезүү компетенттүүлүгү;

5. Жазуу, оозеки түрдө аткарылган иш-аракеттердин канчалык кыйынчылыктар аркылуу ишке ашарын сезе билүү компетенттүүлүгү;

6. Ар бир окурман-студенттин тайпада болобу, аудиторияда болобу айтылган ой пикири сөзсүз түрдө баалуу экендигине ынануу компетенттүүлүгү;

7. Ар бир студент окурман катары аткарып жаткан тапшырмасын көркөм, илимий көз караште, идеялык-тематикалык-эстетикалык жактан жогорку деңгээлде аудиторияга ачып берүүгө жетишүү комптенттүүлүгү;

8. Ар бир студенттин иш-аракетине өнөктөшү катары өз идеясын кошуп толуктай билүү компетенттүүлүгү;

9. Окурман-студент көркөм чыгарманын сюжеттик-композициялык ырааттуулугун сактап, бүтүн бир идеялык мазмунду берүү компетенттүүлүгү;

10. Ар бир чыгармадагы образ-мүнөздү талдоого алып, жалпылап, жыйынтык чыгара билүү компетенттүүлүгү;

11. Жазуу жана оозеки кеби аркылуу окурман-студент автор-сүрөтчүнүн ролун аткарып, чыгарма (сүрөт) жаратуунун сырларын, кыйынчылыктарын жан дили менен сезип, сүрөткердин эмгегин туя, баалай билүү компетенттүүлүгү;

12. Ар кандай ролдорго кирүү аркылуу ар бир кесиптин ордун, ролун сезип, анын кыйынчылыгына туруштук берүү компетенттүүлүгү жогорулагандыгын байкадык.

Ар бир өтүлгөн сабак чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү этабынан тургандыктан, ар бир этапка пайдаланылган практикалык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү усулдар сунушталды. Анткени бул ыкмалар студент-окурмандын компетенттүүлүгүн жогорулатуудагы эң негизги өбөлгөлөрдөн болду.

Чакыруу этабында колдонулуучу интерактивдүү усулдарга: “Алдын-ала белги берүү”, “Кыйыр суроолор”, “Эстеймин” ж.б.

Түшүнүүдө: “Билбесең окутам”, ой жүгүртүү этабында “Ойлонобуз, түзөбүз, бөлүштүрөбүз”, “Окуймун, айтамын, жазамын, тартамын”, “Өзөктүү сөздөр, сүйлөмдөр”, “Сурасаң айтам”. [157;194]

Албетте, биз белгилеген ой-пикир, сунуштардын баары эксперимент учурунда колдонулду. Окурман-студенттин кыргыз адабияты сабагында компетенттүүлүгүн жогорулатуучу бул усулдар педагогикалык процесстеги алардын жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуучу ыкмалардан болуп эсептелди, ошол эле мезгилде максатка жетүүдөгү таанып-билүү процесси такталды, окурман-студенттин компетенцияларынын жогорулашына бирден-бир таяныч катары таанылгандыгы менен өзгөчөлөндү.

Эксперименттик тажрыйба иштерибиз салттык мүнөздө: аныктоочу, изденүүчү, окутуучу болуп үч этапта өттү.

**I**. Аныктоочу эксперимент ОшМУнун алдындагы финансы-юридикалык колледжинин 1-курстарынын арасында төмөндөгүдөй максатта жүргүзүлдү:

1. Финансы-юридикалык колледжинде окуган студенттердин окуу процессинде кыргыз адабиятын окутуунун жаңы технологияларын колдонуп өтүү менен окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун жол-жоболорун иштеп чыгуу;

2. Кыргыз адабияты сабагында окутуунун жаңы технологияларын колдонуп өтүү менен студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу;

3. Окурмандык компетенттүүлүгү жогорулаган студенттин өздүк багажын турмушта колдоно билүү көндүмдөрүн иштеп чыгуу.

**Милдети:**

1. Атайын максатты ишке ашыруунун план, программасын түзүү;

2. Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүнүн деңгээлин текшерүү;

3.Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун форма, түр, методдорун иштеп чыгуу менен аны эксперименттик тажрыйбада сыноо жүргүзүү.

Жогоруда белгиленген максат, милдеттерге ылайык кыргыз адабиятындагы окуу материалдарды адабияттын тарыхый өнүгүш этабы боюнча студенттердин билимин аныктоочу тематикалык материалдарды киргизгенге аракет кылдык.

1. XIX-XX кылымдын кол жазма адабиятынан: Молдо Нияз “Санат дигарасттар”, Молдо Кылыч “Буудайык”, “Бүркүттүн тою”, Тоголок Молдо “Жер жана анын балдары”, Б.Солтоноев “Румкан”, О.Сыдыков “Шабдан казалы”.

2. Кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы, калыптанышы (1918-29-жж), К.Тыныстанов “Жаңыл Мырза”, М.Элебаев “Узак жол”, А.Токомбаев “Кандуу жылдар”, Ж.Бөкөнбаевдин лирикалары, А.Осмонов “Жеңишбек”, “Майдын түнү” поэмалары ж.б.

3. Согуш мезгилиндеги жана андан кийинки кыргыз адабияты: М.Алыбаев “Ак чүч”, “Бюрократ” поэмаларынан, Р.Шүкүрбеков “Жинди суу” термесинен, Б.Сарногоев “Ашуудан берген отчетум” ырлар жыйнагынан, Т.Касымбеков “Сынган кылыч” романынан, Ч.Айтматов “Жамийла”, “Делбирим”, “Гүлсарат” повесттеринен, “Кылым карытар бир күн”, “Кыямат”, “Тоолор кулаганда” романдарынан, М.Гапаров “Эки ирет гүлдөөчү алмалар” аңгемесинен ж.б.

Биринчи – аныктоочу этапта кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүшү боюнча жогоруда белгиленген акын-жазуучулардын чыгармаларынын идеялык мазмунун интерактивдүү методдорду колдонуу аркылуу жана окурман-студент катары окурмандык компетенттүүлүктөрүн канчалык деңгээлде болсо да жогорулатуунун жолдорун билишти деген максатта текшерилди.

**XIX-XX кылымдын кол жазма адабияты боюнча:**

1. Окурман катары М.Нияздын “Санат дигарстарынын” идеялык-тематикалык мазмуну студенттердин компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдар менен жогорулатууда ролу кандай дээр элең?

2. Молдо Кылычтын чыгармаларында турмуштук кандай кырдаалдар чагылдырылгандыгын бүгүнкү жашоо менен салыштырууда, талдоодо кандай окурмандык компетенттүүлүктөр зарылдыгын аңдай алдыңбы?

3. О.Сыдыковдун чыгармасынын тарыхый мааниси эмнеде жана андагы элдик идеяң кандай?

4. Б.Солтоноевдин казалдарынын идеялык-мазмуну кандай маңызды камтыган?

5. Жазма адабияттын биз белгилеген өкүлдөрүнүн чыгармаларынын идеялык мазмуну аркылуу окурмандык компетенттүүлүктү жогорулатууга болот деп ойлойсуңбу?

**2.Кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы, калыптанышы боюнча:**

- К.Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасындагы “Намыс – сүйүүдөн кымбат” деген накыл сөздүн Жаңыл Мырзанын образы менен кандай байланышы бар деп ойлойсуң?
- Жаңыл Мырзанын образынан өзүңө кандай сапаттарды ала алдың?

**3. Согушка чейинки мезгилде:**

- ✓ А. Токомбаевдин лирикалары, “Кандуу жылдар” романы, М.Элебаевдин “Узак жол” романы сенин окурмандык компетенттүүлүгүңдү жогорулатууга кандай таасир этет деп ойлойсуң?
- ✓ Ж. Бөкөнбаевдин лирикаларындагы, А.Осмоновдун поэмаларындагы лирикалык каармандар окурман-студент катары сенин компетенттүүлүгүңдүн жогорулашына канчалык деңгээлде таасир берди жана мүнөзүңдө өзгөрүүлөр болду деп айта алаар элең?
- ✓ Ж. Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасы, К. Жантөшевдин “Курманбек” драмасы сенин жан дүйнөңдү адам катары түйшөлттүбү? Кантип? Эмнеге?

**4. Кыргыз адабияты согуштан кийинки мезгилдердеги тарыхый этабы боюнча:**

1. М.Алыбаевдин, Б.Сарногоевдин сатиралары окурмандык компетенттүүлүгүңдүн активдешип, жогорулашына кандай таасир берди?

2. Ч.Айтматовдун повесть, романдарынан өзүңө турмуштук кандай сабак ала алдың?

2. Ар бир сабакта өтүлгөн акын-жазуучулардын чыгармалары интерактивдүү усулдар менен өтүлгөндө сенин жан дүйнөңдө кандай толкундануулар болду? Ал толкундануулар эмненин таасиринен болушу мүмкүн?

3. Салттык сабак менен интерактивдүү сабактын айырма, окшоштуктарын, руханий-адептик, пайда-зыяндарын анализдеп бере аласыңбы?

4. Окурман-студент, окурмандык компетенттүүлүк деген сөздөрдүн маанилерин толук түшүнө алдыңбы?

Биринчи сурамжылоого финансы-юридикалык колледжинин 1-курстарынын студенттери төмөндөгүдөй жоопторду беришти:

1. Албетте, жакшы дээр элем. Анткени биз мектепте бул жазгыч акындардын өмүр-жолун, чыгармаларын жаңы тема катары мугалим бизге айтып берип, үйгө тапшырма берип койчу. Биз алар боюнча маалыматтарды үйдөн окуп келип, түшүнүгүбүздү айтып берчүбүз. Азыр ар бир акындын өмүрү, чыгармачылыгы, чыгармаларын жаңы интерактивдүү усулдар менен өткөндө ички жан дүйнө мүнөзүңдө эң жакшы сапаттар пайда болот экен. Мисалы, жоопкерчилик, сабырдуулук, бири-бирин сыйлай-урматтай билүү, атаандаштык, активдүүлүк, тайпада күчтүү идея жаратуу, ар бир алган билимиңди практикада колдоно билүү көндүмүбүз калыптанды. Ошондой эле ар бир окуган чыгармаңдын идеялык-сюжеттик мазмунун тереңден аңдай билип жана аны реалдуулук менен айкалыштырып, анын натыйжасына жете түшүндүк. Менимче, бул окурмандык компетенттүүлүгүбүздүн өскөнү деп ойлойм.

2. Ооба. Бул эки акындын чыгармаларында турмуштагы эң керектүү таалим-тарбия чагылдырылат экен. Мүмкүн болушунча, бул чыгармаларды окугандан кийин турмуштун ар кандай кыйынчылыгына чыдоонун керектигин билдик. Эгер жашоодо чыдамдуу, туруктуу болсоң бардык ийгиликтерди багынтарын билдик. Жашоонун кечээкиси менен бүгүнкүсүн салыштырып, андан тыянак чыгарууну билдик. Мүнөзүбүздөгү бул касиеттердин бардыгы алган билимибиздин тереңдигинен экендигин билдик.

3. Ооба, байкадык. Анткени, эки акын өз чыгармаларында баштарынан өткөн тарыхый чындыкты чагылдырышкан. Бирок алар эл арасында жашагандыктан, бул чындыкты эл да башынан өткөргөн, ошондуктан эки акындын казал ырлары элдик идеяны чагылдырган деп айтсак болот. Бул чыгармаларды окуу менен биздин элдик таалим-тарбияны баалоо компетенттүүлүгүбүз өскөндүгүн билдик.

4. Б.Солтоноев “Румкан” казалынын мазмунунда, биринчиден, ошол мезгилдеги тарыхый чындыкты көрсөтсө, экинчиден, Румкандын намыскөйлүгүн, эмгекчилдигин чагылдырган идеяны туюп билдим.

5. Албетте, кол жазма адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармаларын окурман катары таанып жатып, чындыкты туя билүү, туура кабыл алуу, аны реалдуу, көркөм талдай билүү, өз көз карашыңды окуган чыгармалар аркылуу далилдей билүү жөндөмдүүлүктөрүбүз калыптанды деп ойлойм. Мүнөзүбүздөгү бул өзгөчөлүктөр компетенттүүлүктүн белгилери деп ойлоймун.

2. Кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы, калыптанышы этабы боюнча:

1.К.Тыныстанов “Жаңыл Мырза” поэмасындагы Жаңыл Мырзанын образы “Намыс – сүйүүдөн кымбат” деген накыл сөзгө төп келет. Анткени, Жаңыл Түлкүнү сүйсө да, аны бир ооз сөзү үчүн набыт кылды. Себеби элин талап-тоногон адам ал үчүн кымбат эмес эле. Сүйүүнү тапса болот, бирок

элди кайрадан табыш кыйын деген ойдомун. Накыл сөз менен Жаңылдын образы айкалышып турат.

Интерактивдүү усулдар менен өтүлгөн эки жазуучунун романдары, повесттери окурман студент катары тарыхты билүү, аны баалоо, бүгүнкү заманга жетүү үчүн ал чыгармалардагы каармандардын жигердүүлүгүн кабыл алууну үйрөттү.

2. Албетте, бул жазуучу, акындардын чыгармаларын интерактивдүү окуу менен мүнөзүбүздө токтоолук, бири-бирибиздин оюбузду сыйлоо менен угуу, активдүү чыгармачыл идеяны жаратуу, тез кабыл алуу сыяктуу мүнөздүк өзгөчөлүктөр пайда болуп калыптанды. Менин оюмча, бул мүнөздүк өзгөчөлүктөр да окурмандык компетенттүүлүгүбүздүн жогорулагандыгы деп эсептейм.

3. Ооба, ойго салды. Бул чыгармаларды окугандан кийин тарыхтын оош-кыйыш жактарын билдим. Эл башкарган төбөлдөрдүн адилетсиздиги жан дүйнөмдү оорутту.

4. Кыргыз адабияты согуштан кийинки мезгилдерде тарыхый этабы боюнча:

1. Байкаганым, ушул окуу жайына келгенге жана кыргыз адабиятын окуганга чейин түнт, өз оюн тартынып айта албаган жан элем. Азыр адабияттын бул этабына келгенде өз оюмду эркин айтып, ошол эле мезгилде жазуу иштеринде да өз оюмду ыраатуу бере баштадым. Азыр сабакта активдүүмүн. Өз оюм, өз пикирим бар.

2. Жылдын башында менде жаңы теманы бышыктоо боюнча эч реакция жок болчу. Жөн эле угуп отура берчүмүн. Азыр сабактын башынан аягына чейин активдүү катышамын. Ал эмес топто биринчи идеяны айта алам.

3. Сөзсүз. Мектепте ар бир сабак традициялык ыкмада өтүлчү. Мугалим айтып берет. Биз түшүнгөнүбүздү кайра айтып берип. Ал эми азыркы интерактивдүү методдор менен өтүлгөн сабакта окутуучу багыт берет. Калган бүт сабакты өзүбүз тайпа менен иштеп чыгып, кайра

аудиторияга өзүбүз презентациялайбыз. Өзүңдүн жасаган ишиң үчүн өзүң ушунчалык толкунданасың. Кандай жакшы. Пайдадан башка зыяны жок.

4. Ооба. Окурман-студент дегенде. Студент сабакта өтүлгөн ар бир теманы өзү окуп, өзү аудиторияга презентациялап берүүчү. Ал эми окурмандык компетенттүүлүк дегенде студент өзү окуп, өзү иштеп, ар бир өтүлгөн теманын эсеп-кысабын билим, билгичтик, көндүмдөрү аркылуу жигердүүлүгүн көрсөтүүсү деп түшүндүм.

Ушул эле суроолор КӨЭАУнун, ОшМУнун, ОшТУнун колледждеринин студенттерине берилди. Жыйынтык көрсөткүчү төмөндөгүдөй болду:

**Таблица 1. XIX-XX кылымдардагы кол жазма адабияты боюнча студенттердин жоопторунун көрсөткүчү**

| | **ОшМУ, ФЮК** | | **ОшТУ, ГТК** | | **КӨЭАУ, кес.колл.** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Тайпа** | Экс. | Текш. | Экс. | Текш. | Экс. | Текш. |
| **Студ.саны** | 25 | 25 | 25 | 25 | 25 | 25 |
| **Жогорку** | 34% | 30% | 32% | 29% | 30% | 28% |
| **Ортоңку** | 35% | 33% | 34% | 33% | 34% | 30,7% |
| **Төмөнкү** | 31% | 37% | 36% | 38% | 36% | 41% |

**Таблица 2. Кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы жана согушка чейинки мезгилде студенттердин жоопторунун көрсөткүчү**

| | **ОшМУ, ФЮК** | | **ОшТУ, ГТК** | | **КӨЭАУ, кес.колл.** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Тайпа** | Экс. | Текш. | Экс. | Текш. | Экс. | Текш. |
| **Студ.саны** | 25 | 25 | 25 | 25 | 25 | 25 |
| **Жогорку** | 30% | 28% | 33% | 30% | 30% | 29% |
| **Ортоңку** | 33% | 31% | 35% | 34% | 34% | 32% |
| **Төмөнкү** | 37% | 41% | 32% | 36% | 36% | 39% |
| | | | | | | |

**Таблица 3. Согуш мезгилиндеги жана андан кийинки кыргыз адабияты боюнча студенттердин жоопторунун көрсөткүчү**

| | ОшМУ, ФЮК | | ОшТУ, ГТК | | КӨЭАУ, кес.колл. | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Тайпа** | Экс. | Текш. | Экс. | Текш. | Экс. | Текш. |
| **Студ.саны** | 25 | 25 | 25 | 25 | 25 | 25 |
| **Жогорку** | 30% | 25% | 34% | 30% | 32 % | 28% |
| **Ортоңку** | 35% | 33% | 34% | 36% | 34% | 32% |
| **Төмөнкү** | 35% | 42% | 32% | 34% | 33,8% | 40% |

Таблицадан көрүнгөндөй кыргыз адабиятын окутууда заманбап технологияларды колдонуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун деңгээли боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик:

1. **Төмөнкү деңгээлде**, негизинен кыргыз адабиятын интерактивдүү усулдарды колдонуп өтүү менен студенттердин окурмандык деңгээлин жогорулатууга болорун аз билишет.

2. **Ортоңку деңгээлде** кыргыз адабиятын интерактивдүү усулдарды колдонуп өтүү менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгү жогорулай тургандыгы тууралуу маалыматтар бар, бирок анын теориялык-практикалык жолдорун түшүндүрүүдө билим, билгичтик жетишээрлик эмес.

3. **Жогорку деңгээлде** жалпы кыргыз адабияты боюнча алган билимдери жогору. Ал чыгармалардын идеялык-тематикалык-эстетикалык мазмундук маалыматы менен окурман-студенттин компетенттүүлүгүн жогорулатууга боло тургандыгын анализдеп, талдай алышат. Бирок, өкүнүчтүү жери мындай деңгээлдеги студенттердин саны таблицада көрсөтүлгөндөй аз санда экендиги. Бул көйгөйдүн себептери катары төмөнкүлөр эсептелди:

**1.** Жалпы эле интерактивдүү усулда өтүлгөн кыргыз адабияты сабагы студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун бирден-бир каражаты экендиги тууралуу билишпегендиги.

**2.** Интерактивдүү өтүлгөн кыргыз адабияты боюнча ар бир маалымат (акын-жазуучулардын чыгармачылыгы жана чыгармалары) студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатары тууралуу түшүнүктөрүнүн жоктугу.

**3.** Колледжде кыргыз адабиятын интерактивдүү усулдар менен өтүлбөгөндүгү.

**4.** Колледжде студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун бирден-бир каражаты болгон адабий ийримдерге таптакыр көңүл бурулбагандыгы.

**5.** Колледждерде атайын көркөм чыгармаларды кураторлук сааттарда, маданий-массалык иш-чараларда колдонулуп адаптацияланбагандыгы.

**6.** Колледждердин окутуучулары үчүн атайын ушул багыттагы окуу-усулдук колдонмолордун жоктугу.

**7.** Колледждерде атайын "Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу" программасынын семинарларынан адабият мугалимдеринин өтпөгөндүгү.

Негизинен, студенттерден алган бул жооптордун мындай начар деңгээлде түзүлүп калышына себеп:

1. Жогоруда белгилегендей мектепте кыргыз адабияты боюнча теориялык практиканын жоктугу;
2. Жазуу, оозеки кептеринин начардыгы;
3. Чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүнүн төмөндүгү;
4. Интерактивдүү сабактардын өтүлбөгөндүгү.

Биз белгилеген кемчиликтерди жоюу максатында 2017-2021-жылдарда жогоруда аталган колледждерде атайын изденүүчү эксперимент эки багытта жүргүзүлдү.

1. Календардык-тематикалык план боюнча кыргыз адабияты предметинин бүт материалдарын окуп аткаруу жана ар бир чыгармага окурман катары талдоо жүргүзүү.

2. Ар бир студентке окурман катары кыргыз адабияты предметинин ички мазмунун камтыган ар бир чыгармачыл инсандын өмүр жолуна, чыгармачылыгына, чыгармаларына талдоо жүргүзүүдө компетенттүүлүктү жогорулатуучу идеяларды билдирүү, үйрөтүү, кантип жогорулатуунун жолдорун аныктоо.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн атайын программа жана эксперименттик материалдар түзүлдү:

1. Программа иштелип чыкты.

2. Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө болгон шарттар аныкталды.

3. Интерактивдүү метод жана аны аткаруунун ыкмалары үйрөтүлдү.

Программанын милдетин аныктоодо төмөнкү жоболор жетекчиликке алынды:

- Программа окуу процессинин негизи болгондуктан, студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн интерактивдүү методдорду колдонуу аркылуу жогорулатууга багытталгандыгы.

Программанын максаты:

1. Кыргыз адабияты сабагын интерактивдүү методдорду колдонуп окутуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууда билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн негизин илимий-методикалык жактан иштеп чыгуу;

2. Кыргыз адабиятын орто кесиптик окуу жайларында окутуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу;

3. Интерактивдүү усулдарды ЧТО боюнча системага келтирүүнү иштеп чыгуу;

Программада белгиленген максаттар боюнча төмөндөгү иштер аткарылды:

1. Жеке, топтук иштердин ар кандай формалары;

2. Интерактивдүү усулдарды колдонуу менен аткарылган ар кандай иштелмелер;

3. Кыргыз адабияты боюнча тесттик суроолордун колдонмосу иштелди;

4. Окуу жайда өткөрүлгөн ар кандай иш-чараларда кыргыз адабиятынын материалдары камтылган адабий-музыкалуу кечелердин сценарийлери;

5. ЧТО боюнча интерактивдүү усулдардын колдонмосу иштелип чыкты.

Биз белгилеген максаттуу аткарылган иш-чаралар студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун жыйынтыгы катары болду.

Изилдөөнүн натыйжасында 1 колдонмо, 10 макала жарык көрдү. Ар акын-жазуучунун юбилейлик даталарына карата адабий кече, илимий-практикалык конференциялар өткөрүлүп, Брейн-рингдер уюштурулду.

**Иш-чаралар:**

1. М. Алыбаевдин 100 жылдыгына карата «Мидин – сейрек жаралчу талант» аттуу кеченин сценарийи (№1 тиркеме);

2. Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата «Алп талантка таазим» аттуу адабий-музыкалык кеченин сценарийи;

3. “Адам жана табият – Ч.Айтматовдун чыгармаларында” аттуу илимий-студенттик конференция (№2 тиркеме);

Жогоруда иштелип чыккан макала, усулдук колдонмолорубузду таяныч кылып, окутуу эксперименттик тажрыйбабызды жүргүздүк. Окутуу эксперименти ОшМУнун, КӨЭАУнун, ОшТУнун колледждеринде өткөрүлдү. Эксперименттик топко 100, текшерүүчү топко 100 студент, 4 окутуучу катышты. Окутуу экспериментинин алдына төмөнкү милдеттер коюлду:

1. Орто кесиптик окуу жайларында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдарды колдонуу менен жогорулатуунун жол-жоболорун аныктоо менен аны иштеп чыгуу;

2. Жогоруда көрсөтүлгөн жоболорго таянуу менен орто кесиптик окуу жайларынын календардык-тематикалык планын иштеп чыгуу;

3. Жогорудагы негиздерге (календардык-тематикалык планга) таянуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууну активдештирүүгө жетишүү.

Окутулуучу эксперименттин жыйынтык тажрыйбасына таянуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүнүн жогорулагандыгын аныктоочу-далилдөөчү суроолорду иштеп чыгуу менен аталган милдеттерди жүзөгө ашыруудагы мүмкүнчүлүктөр катары төмөнкү иш-аракеттер эсептелди:

1.Окурман-студенттин кыргыз адабиятындагы программалык материалдардын толук мазмунун билүү;

2. Өзгөчө программадагы адабий көркөм туундулардын идеялык-сюжетин аныктоо;

3. Программадагы көркөм туундуларды билүүдө студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуучу интерактивдүү усулдарды тандап колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу;

4. Ар бир окурман-студенттин компетенттүүлүктү жогорулатуучу методдордун теориялык эрежелерин, жол-жоболорун билүүсүнө жетишүү;

5. Компетенттүү окурман-студенттин заманбап усулдар боюнча билим, билгичтиктерин ар бир үйгө берилген тапшырма менен жаңы теманы презентациялоодо тастыктай алуусуна жетиштирүү;

6. Окурман-студент өзүнүн компетенттүүлүгүн ар дайым коомдук жайларда, илимий чөйрөдө, маданий иш-чараларда, жыйынтыгында жашоо-турмушунда колдоно билүүсүнө жетиштирүү жана ага тарбиялоо.

Жогоруда белгиленген мүмкүнчүлүктөргө жетүү үчүн атайын интерактивдүү усулдардын эрежелери, аны колдонуунун ыкмалары студенттерге үйрөтүлдү. Ар бир окутулган теориялык билим кыргыз адабиятынын материалын окутууда бекемделип жүрүп отурулду. Бышыктоо иретинде ар кандай эссе, жана башка жазуу жумуштарын аткарышып, окурмандык компетенттүүлүктөрү калыптандырылды.

Жыйынтыгында программанын негизинде кыргыз адабияты боюнча ар бир окутуунун заманбап технологияларын колдонуп өтүлгөн сабак студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатты. Ошол эле

мезгилде студенттер заманбап усулдарды билүү менен аны практика жүзүндө пайдалана билүүгө жетишишти.

Бул жетишкендикти Блумдун таксономиясы боюнча М.Гапаровдун “Эки ирет гүлдөөчү алмалар” аңгемеси аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүнүн жогорулатуу максатында берилген тапшырмалар менен далилдегенге аракеттенели:

**Гапаров Мурзанын «Эки ирет гүлдөөчү алмалар» аңгемеси боюнча текшерүү үчүн тапшырмалар:**

**Эске тутуу.** М.Гапаровдун кыскача өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө айтып бергиле.

**Түшүнүү.**

**-** Эмне үчүн бала апасын укпай өгөй атасынын урушаарын билип туруп, үйгө кирип жатып алды?

**-** Өгөй атанын сырткы келбетинин сүрөттөлүшүн тексттен таап окугула.

**-** Заары чачыраган көздөр эмнени билдирип турат жана андан эмнени сезүүгө болот?

**-** Эмне себептен Сардал апасынан качты?

**-**Энесин көрүп, баланын жүрөгү эмнеге ооруй түштү жана апасынын абалы кандай эле?

**Колдонуу.**

**-** Өгөй ата баланы эмнеликтен “Ашка жүк, башка жүк” деп айтты? Сөздүн маанисин чечмелегиле **-**Элде эки ирет гүлдөгөн алмалар жөнүндө элде кандай айтымдар бар?

**-** Силер турмуштан ушуга окшогон окуяларды уктуңар беле?

- Үй-бүлө, туулган жер жөнүндө кандай ырларды, макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү билесиңер?

**Талдоо.**

-***Эгер билсең, чон кишилер да жаңылышат. Баарынан жаманы: алардын ар бир катасы өтө кымбат баалар менен төлөнөт...***

Текстеги ушул сүйлөмдө кандай түшүндүңөр? Эмне үчүн чоң адамдардын катасы өтө кымбат баа менен төлөнөт?

- Сардал эмне үчүн атасына жолуга албады?

-*“Жакып аке үйдө бекен?”*... Эмне үчүн Жакыптын баласымын деп айтпады?

-Эмнеликтен досторуна сууга ыргытылган күчүктөй абалын көрсөткүсү келбеди?

-Уйлардын чайпала басышы эмнеден кабар берет? Уйлардын ээлери бактылуубу?

-Эмне себептен Сардалдын көзүнө жылына эки ирет гүлдөөчү алмалар көрүнгөндө көзү жашка толду, алар эмнени эсине салды?

- Эки ирет гүлдөөчү алмалар эмнеден кабар берип турат? Ал чыгармада канча жолу учурады?

**Жыйноо.**

-Эмне себептен Сардалдын көзүнө жылына эки ирет гүлдөөчү алмалар көрүнгөндө көзү жашка толду, алар эмнени эске салып турган эле? Ал сүрөттөөнү чыгарманын окуясы менен кантип байланыштырууга болот? [46;310-316]

-Элде эки ирет гүлдөгөн алмалар жөнүндө кандай айтымдар бар?

-Алма эки ирет гүлдөсө, түшүм мол болот.ж.б.у.с.

- Чыгарманын темасы жана негизги идеясы?

**Баалоо.**

- Аңгеме силерге жактыбы?

-Аңгеменин кандай аякташын каалайт элеңер?

-Силер турмуштан ушуга окшогон окуяларды уктуңар беле?

**Чыгармачылык.**

-«Мен бул чыгармадан өзүмө кандай сабак алдым?». Пикириңди жаз.

(***Үлгү: «Эки ирет гүлдөөчү алмалар» аңгемеси ... .***

Демек, жогорудагы суроо-жоопторго караганда студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулагандыгы байкалат. Ага далил

катары заманбап усулдарды билип, аларды окуган чыгармалары боюнча презентация жасоодо колдоно алышкандыгы, чыгармалардын идеялык-сюжеттик мазмунуна талдоо жүргүзө алышкандыгы, образдар системасына анализ жүргүзүшкөндүгүнөн көрүнүүдө. Мындай чыгармачылык активдүүлүктүн окурман-студенттин ички мүнөзүндө болушу анын компетенттүүлүгүнүн жогорулагандыгын далилдейт.

I. Окутуунун натыйжаларын текшерүү үчүн төмөнкү анкеталык суроолор сунушталды:

1. Кол жазма адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармаларынын сюжетинин кайсы урунттуу жерлери эсиңерде калды?

2. К.Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасын окуганда ички дүйнөңдө кандай сезим пайда болду?

3. Ж.Турусбековдун "Ажал ордуна" драмасын, М.Элебаевдин "Узак жол", А.Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романдары кандай адамдык жакшы сапаттарга тарбиялады?

4. "Балбай" поэмасын окуу менен ошол мезгилдеги тарыхка кандай баа берет элең? Эгер сен Балбайдын ордунда болсоң эмне кылмак элең?

5. Мидиндин, Байдылданын сатиралары адамдын мүнөзүндөгү кандай сапаттарын ашкерелейт? Эмне үчүн?

6. М.Гапаровдун чыгармаларындагы идеялар сени эмнеси менен түйшөлттү?

7. Жогорудагы чыгармачыл инсандарды жана алардын чыгармаларын заманбап усулдарды колдонуп окууда сен эмнеге жетиштиң?

I. Окутуунун жыйынтыгында студенттердин билимин текшерүүчү анкеталык суроолорго алынган жооптор:

1. Кыргыз адабияты боюнча окуган бардык материалдардын ички мазмунунан өзүмө бир топ жакшы мүнөздүк сапаттарды калыптандыра алдым деп ойлойм.

2. Мүнөзүм жакшы жакка оогондугун байкадым.

3. Адабиятка болгон кызыгуум артты.

4. Канчалык көркөм адабиятты көп окусаң, ошончолук дүйнөгө болгон көз карашың өзгөрөрүн, жакшы жашоо үчүн умтуларыңды билдим.

5. Ар бир чыгарманы окугандан кийин оң идеяларды кабыл алуу, турмушта туура жол тандоого багыт бергендиги мени кубандырды.

6. Окуган чыгармалардагы окуяларга, каармандарга алардын образдарына таасирленип жакшы, активдүү көз караштагы, компетенттүү инсан болууга аракеттенүүдөмүн.

7. Студент досторго, мектеп окуучуларына сунушум, көркөм чыгармаларды, ошол эле мезгилде ар бир класстын кыргыз адабиятын жакшы окугула демекчимин. Анткени, көркөм чыгарманы канчалык көп окусаң, ошончолук ички дүйнөң бай, позитивдүү инсан болуп тарбияланат экенсиң.

Окутуу мезгилинде жүргүзүлгөн эксперименттик тажрыйбалар орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын практикалык формада окутулган учурда жүргүзүлгөндүктөн, студенттердин практикалык иштерине өзгөчө көңүл бурулду. Натыйжада студенттердин окурмандык компетенттүүлүгү алардын материалды окуп билүү менен бирге өзүнүн билгендерин, чыгармачыл активдүүлүктөрүн көрсөтүп презентациялай алыштарынан, өз ойлорун ачык, эркин билдире алууларынан, демилгелүүлүктөрүнөн, сезгичтиктеринен, сынды көтөрө билүүлөрүнөн, бири-биринин ой-пикирин баалай билүүлөрүнөн, бат таасирленүүлөрүнөн көрүндү.

Эксперименттик жыйынтык чыгарууда эксперименттик тайпаларга коюлган талаптар:

1. Эксперимент жүргүзүүнүн максаты, заманбап усулдарды окутуп, аны колдоно билүүнүн жолдору иштелип чыгылды.

2. Эксперимент план боюнча жүргүзүлүп, жыйынтык чыгарылды.

3. Эксперименттик үч этап (аныктоочу, изденүүчү, окутуучу) боюнча жүргүзүлүүсүндө студенттер өздөрүнүн окурмандык

компетенттүүлүгүн заманбап усулдарды колдонуу менен жогорулашына байкоо жүргүзүшүп, андан жыйынтык чыгара алышты.

4. Эксперимент түзүлгөн пландын талап-шарттарына ылайык аткарылды.

Тажрыйбада студенттердин деңгээлин **баалоо критерийлери** төмөнкүлөр болду:

- ✓ Авторго жана анын чыгармасына мүнөздөмө бере алышабы;
- ✓ Программада берилген чыгармалардын мазмунун айтып бере алышы;
- ✓ Чыгармалардын каармандарды талдай билишеби;
- ✓ Чыгармадан чыгарма жарата алышабы;
- ✓ Чыгарманын сюжетин, тилин талдай билишеби;
- ✓ Көркөм чыгармалардагы идеяларды, образдарды талдай алышабы;
- ✓ Көркөм чыгармалардын идеялык-тарбиялык маанини аңдай алышабы;
- ✓ Каарманга карата жеке мамилесин билдирип баа бере алышабы;
- ✓ Адабияттын адам турмушундагы маанисин түшүнүүсү жана жеке позициясын жактай алышы;
- ✓ Көркөм чыгарманы искусствонун башка чыгармалары салыштыра билишеби

Тажрыйба жүргүзүү үчүн тандалып алынган чыгармалар: Ч.Айтматов “Кылым карытар бир күн” романы, “Саманчынын жолу” повести, “Жетинин бири” аңгемеси (“Кыямат” романы боюнча), Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романы, М.Гапаровдун “Эки ирет гүлдөөчү алмалар” аңгемеси, Т.Абдымомуновдун “Абийир кечирбейт” драмасы, А.Муратовдун “Тилге мамиле” аңгемелери.

Тажрыйба жүргүзүлгөн тайпаларда көркөм чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү:

- ✓ Чыгармалардын жанрдык табиятына талдоо;
- ✓ Каармандарды башка каармандар менен салыштырып талдоо жүргүзүү;
- ✓ Чыгармаларда берилген деталдардын окшоштугун, айырмачылыгын салыштырып талдоо;

- ✓ Чыгармалардагы жаратылыш көрүнүштөрүнө, интерьерге маани берүү менен, алардын чыгарманын мазмунуна, каармандарын мүнөздөрүн ачуудагы маани-маңызын талдай билүү;
- ✓ Ар кандай жанрдагы чыгармалардагы көркөм образдарды айырмалап, өзүнүн түшүнгөнүн тексттен мисал келтирүү аркылуу ырастоо;
- ✓ Сөз менен жаратылган каармандардын образын музыкадагы, кинодогу жана сүрөт өнөрүндөгү образдар менен салыштыруу;
- ✓ Чыгарманын автору жана өтүлгөн чыгарма боюнча таанытым (презентация) жасоо;
- ✓ Ар кандай жазуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн салыштыра билүү (чыгарма, стиль);
- ✓ Чыгармадагы каармандын ролуна, анын психологиялык абалына жана ага карата автордун мамилесине баа берүү;
- ✓ Тексттеги жаңы сөздөрдү бөлүп көрсөтөт жана сөздөрдүн, сөз айкаштарынын маанисин ачып берүү үчүн ар түрдүү сөздүк, энциклопедиялар, интернет ж.б. колдонуу;
- ✓ Кыргыз жана башка тилге мүнөздүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын тексттен бөлүп көрсөтүү жана аларды чечмелей билүү;
- ✓ Чыгармага мүнөздөмө берүүдө адеп-ахлактык-философиялык, маданияттаануу боюнча сөздөрдү жана сөз айкаштарын, адабий-теориялык түшүнүктөрдү колдонуу ж.б.

Колдонулган усул-ыкмалар: эки бөлүктүү күндөлүк, башкарып окутуу (тыным менен окуу), окуп түшүнүү, угуп түшүнүү, окурмандык баарлашуу, “Окуйбуз, ойлонобуз, түзөбүз”, Блумдун ромашка гүлү, авторго суроо, адабий ийримдер, ж.б.

Жыйынтыктоо учурунда тажрыйбалардын натыйжалары төмөнкүдөй болду:

**Таблица 2.1 - Эксперименттин натыйжалары**

| **Деңгээл** | **Эксперименттик тайпалар** | | **Текшерүүчү тайпалар** | |
|---|---|---|---|---|
| | Аныктоочу | Жыйынтыкто | Аныктоочу | Жыйынтыктоо |

| | этап | | очу этап | | этап | | чу этап | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Студ. саны** | **%** | **Студ. саны** | **%** | **Студ. саны** | **%** | **Студ. саны** | **%** |
| Төмөнкү | 40 | 32% | 25 | 20% | 25 | 33,3% | 26 | 34,6% |
| Ортоңку | 50 | 40% | 55 | 44% | 36 | 48% | 37 | 49,3% |
| Жогорку | 35 | 28% | 45 | 36% | 14 | 18,6 % | 15 | 16% |
| | | | | | | | | |

Жогорку таблицада көрсөтүлгөндөй, эксперименттин жыйынтыгында жогорку деңгээл 6%, ортоңку деңгээл 4% жогорулап, төмөнкү деңгээл 12% кыскарган . Ал эми текшерүүчү тайпада олуттуу өзгөрүүлөр болгон жок.

Мунун натыйжасында:

1. Орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын интерактивдүү усулдар менен окутуу аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгү жогорулады, сапаттык деңгээли тереңдеди.

2. Орто кесиптик окуу жайларында интерактивдүү усулдарды ар бир предметте колдоно билүү жакшы натыйжа берери аныкталды.

Жогорудагы натыйжалардын негизинде сунушталган усул, максаттарыбыз орто кесиптик окуу жайларындагы окутуу-тарбиялоо процессинде толук кандуу жайылтууга негиз боло алат деген жыйынтыкка келүүгө аргумент болду. Анткени далилдөөчү экспериментибиз практиканын негизинде 5-6 жылда аткарылгандыгы акыйкат. А акыйкат ынандыруучу аргументтин критерийи экендиги да чындык. Ал эми алына турган натыйжа изилдөөлөрүбүздө көрсөтүлдү. Божомолдорубуз реалдуу далилденди. Ал далил студенттердин компетенттүү жыйынтык ой-пикирлерине таянылды. Жыйынтыктап айтканда, студенттердин окурмандык компетенттүүлүгү интерактивдүү усулдарды колдонуу аркылуу жогорулады.

**Экинчи бап боюнча корутунду**

Экинчи бап **“Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору”** деп аталат. Анын “Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары” аттуу бөлүмүндө орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятынын календардык-тематикалык планы, андагы акын-жазуучулардын чыгармаларына сааттардын бөлүштүрүлүшү, программанын негизги мазмуну, тандалып алынган чыгармалар, мектеп окуучуларынын 10-11-класстарынын кыргыз адабияты предметине бөлүштүрүлгөн сааттан айырмачылыгы берилген. Андан сырткары орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын окутуунун максат-милдеттери, колледждин студенттеринин кесиптик өзгөчүлөгүнө ыктап берилиши, алардын мектеп программасынан өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн.

Колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окутуу өзгөчөлүктөрү:

- Көркөм чыгармаларды тарыхый-адабий негизде үйрөнүү системалык мүнөзгө өтөт.
- Адабияттын турмуш менен байланыштуулук принциби жетекчиликке алынат.
- Чыгарманын эстетикалык жана адеп-ахлак проблемаларына көңүл буруу өзгөчө актуалдашат.
- Жазуучунун өмүр-баяны ал жашаган доор жана окулуучу чыгармалары менен тыгыз байланышта каралат.

Жыйынтыктап айтканда, бул бөлүмдө эмгекти жазууда таяныч болгон жана изилдөөгө алынган материалдар чагылдырылды.

Экинчи баптын “Илимий изилдөөнүн теориялык жана эксперименттик методдору” бөлүмүндө изилдөөбүздүн методдору, алардын түрлөрүн экиге бөлүп:

- Изилдөөнүн теориялык методдору
- Изилдөөнүн эксперименталдык методдору деп экиге ажыраттык.

Изилдөө ишинде колдонулган теориялык методдор, алардын максаттары, милдеттери, жалпы эле теманы ачып берүүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык алардын түрлөрүнө токтолдук.

Педагогикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү ишинин предметине жана обьектисине ылайык методологияга жана методдорго таянып жүргүзүлүшү, конкреттүү изилдөөлөрдүн натыйжасы, ошол изилдөөлөрдө колдонулган усулдардын топтому, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маселелер каралды. Илимдин кайсы бир тармагында өз учурунда колдонулган усулдардын жыйындысы жана изилдөө методдору ошол илимдин методологиясын аныктайт. Ошону менен бирге усулдардын ар бирине токтолуп, аларга ылайык адабият сабагынын календардык-тематикалык планында берилген чыгармаларды кайсы усул менен пайдаланууга боло тургандыгына токтолдук, аларга карата талдоо жүргүзүүгө аракет жасадык. Азыркы окутуу процессин өркүндөтүүнүн натыйжалуу жолу катары активдүү жана интерактивдүү окутуу усулдары сунуш кылынды.

Ошондой эле методологиялык маселелердин белгилүү бир илимдин обьектине, предметине жана мазмунуна байланышкан маанисинин зор экендигине басым жасалат. Андыктан, изилдөөбүздүн обьектине, предметине жана мазмунуна байланышкан педагогикалык изилдөө усулдарын колдонуу менен эксперименталдык тажрыйба иштерин жүргүздүк.

Педагогикалык изилдөө усулдары изилдөө предметине жана обьектисине карата классификацияланат. Алардын биздин изилдөөбүзгө тиешелүүсүн талдоого алганга аракет жасадык.

Экинчи баптын үчүнчү бөлүмүндө **“Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана анын жыйынтыктарында”** колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окутуу менен студент-окурмандын компетенттүүлүгүн жогорулатуу көйгөйүн чечүү үчүн эксперимент өткөрүүнүн зарылдыктары чагылдырылды. Изилдөөбүздүн максатына жана милдеттерине, логикалык ырааттуулугуна ылайык аныкталган интерактивдүү усулдардын түрлөрүн жана жалпы сунуштарды педагогикалык процессте

экспериментте текшерүү аркылуу чындыкка жетүү зарылдыгы болду. Демек, биздин педагогикалык эксперименттин максаты илимий жактан негизделген моделдин эффективдүүлүгүн орто кесиптик окуу жайларында сыноо жана сынактан өткөн варианттарды практикага сунуштоо болуп эсептелет. Бул багытта биз педагогикалык эксперименттерди уюштуруу жана өткөрүү боюнча окумуштуулардын эмгектерин жетекчиликке алдык.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош мамлекеттик университетинин финансы-юридикалык, Ош технологиялык университетинин гуманитардык-технологиялык, Кыргыз-өзбек эл аралык университетинин кесиптик колледждери тандалды. Тажрыйбалык тайпалар менен эксперименталдык тайпаларда биринчи - аныктоо этабында билим деңгээли бирдей болсо, биз эксперимент жүргүзгөн тайпаларга окутуунун компетенттүүлүккө негизделген усулдук ыкмаларын, заманбап технологияларды сунуш кылдык. Жыйынтыгында, биздин сунуш кылган окутуунун компетенттүүлүккө негизделген ыкмалары, каражаттары жана технологиялары майнаптуу экендигин тастыктады.

# III БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ СТУДЕНТТЕРДИН ОКУРМАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ИНТЕРАКТИВДҮҮ УСУЛДАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ЖОГОРУЛАТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

## 3.1 Кыргыз адабияты сабагында студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн технологиялары

Замандын талабына ылайык коом өзгөргөн сайын теориялык-методикалык илимдердин мазмуну өзгөрүп, илимий таанып-билүүнүн усулдары өркүндөй баштады. Анын натыйжасында педагогикалык технологиялардын жаңы идеялары, табылга, жетишкендиктери инновациялык окутуу катары пайда болуп, аны окуу, тарбиялоо процесстеринде колдонуу өркүндөлүүдө. Бул өзгөрүүлөр билим берүү системасында окутуунун эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчү катары кабыл алынды.

Билим берүү системасында жаңы технологияларды колдонуу, анын жаңыча мазмун, формадагы түрлөрүн жаратуу, аны тажрыйбада сыноо, заманбап ыкма-усулдарды билим жараянында туура жолго салуу сапаттуу натыйжа алууга жакындан жардам бере тургандыгы баарыбызга белгилүү. Өзгөчө билим берүүнү жаңы мазмун, жаңы формага салуу маселеси эң биринчи адабият предметине тиешелүү экендиги белгиленүүгө тийиш. Андыктан ар кандай предмет билим аркылуу үйрөнүлүп, эне тили аркылуу билим жолуна кадам таштайт. Ал эми адабият – бул билим жана тарбиянын коломтосу, тутандыра турган кору. [157;19]  Акыркы жылдарда өлкөбүздөгү орто кесиптик окуу жайларында студенттердин билим деңгээлинин сапаты менен параллель алардын окурмандык компетенттүүлүгүн ар бир предметти окутууда, ошонун ичинде кыргыз адабияты сабагында жогорулатуу үчүн ар кандай аракеттер жасалууда. 60-70-жылдардагы студенттерден учурдагы студенттердин айырмачылыгы кыргыз адабиятынан билим алууга өтө кайдыгер мамиле жасашкандыгында. Ошондуктан бүгүнкү педагогдор окутуунун жаңы технологияларын окуу процессине колдонуунун

эффективдүү жолдорун тынымсыз изденүү аракетинде келе жатышат. Бул маселеден алып караганда, орто кесиптик окуу жайларында студенттердин кыргыз адабияты боюнча окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун теориялык, практикалык каражаттары катары билим берүүдө окутуунун жаңы стратегияларын колдонууну күчөтүү, активдештирүү, билимди тереңирээк өздөштүрүүсү үчүн ар кандай дидактикалык, психологиялык жагдайларды түзүү эң негизги маселелерден болуп саналат.

Анткени жасалып жаткан бул аракеттер бир гана студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн окутуунун жаңы технологиялары менен жогорулатуу эмес, инсан катары социалдык жактан активдүүлүгүн өстүрүп, чыгармачылык ойлоосун кеңейтип, активдүү көз караштагы толук кандуу компетенттүү студент болушуна көмөктөшөт. Чындыгында, окурман-студенттер билим алууда жаңы нерселерди жарата алышпайт, болгону программада берилген материал боюнча маалымат алышат. Бирок алган билимин аудиторияга презентациялоо процессинде алар ар кандай интерактивдүү ыкмаларды өз алдынча колдонушуп, маселенин жагдайына ылайыкташтырышып, жаңыча көз караашта иштей билишет. Анткени компетенттүү окурмандын ички мүнөзүндөгү психологиялык активдүүлүгү - алган билимин ар кандай ыкмаларда тез өздөштүрүүсү, табармандыгы, идеясынын күчтүүлүгү, зарыл билимге ээ болуу үчүн умтулган жигердүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Ошол эле мезгилде окурман-студенттин алган билимин презентациялоодо көрсөткөн эмгекчилдиги жана бул сапаты аркылуу алган маалыматынын ички мазмунунан окшоштук, айырмачылыктарын көрө билүүсү анын компетенттүүлүгүн көрсөтүүчү негиз катары көрүнөт. Демек, мындан «технология» термини гректердин «техно»+ «логия» деген сөзүнөн алынып «техно» - искусство, чеберчилик деген түшүнүктү билдирип, чындыкты көркөм образдар аркылуу чыгармачылык менен чагылдыруу аталса, чеберчилик – “өнөр”, “өнөрчүлүк, устачылык, кесипчиликти” билдирет, ал эми «логос» - үйрөнүү, окуу дегенди түшүндүрөт. Ошентип,

технология термини - бир нерсенин формасын, мазмунун өзгөртүп, жаңыча форма, мазмунга ээ болуу жана аны үйрөнүү дегенди түшүндүрөт.

Экинчи бир жагдай «окутуунун жаңы технологияларын көпчүлүк мезгилде анын бир салаасы катары – «интерактивдүү усулдар» деп атап келебиз. Бул терминди англисчеден которгондо – “өз ара аракеттенүү”, “кызматташуу”, ал процесс жуптан, үчтөн, төрттөн, тайпалык жагдайда ишке ашкандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Өзгөчө жаңы технологиялардын ичинен “Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу” программасынын стратегиялары активдүү колдонулуп, бардык билим берүү тармактарында субъект менен объектин ишмердүүлүгүн, карым-катнаш мамиле стилин түп тамырынан жаңыча өзгөртүүгө алып келди. Натыйжада интерактивдүү методдор ачык-айкын максаттарга жетүүнүн башкы куралы болууга жетишти. Анын натыйжасында, биринчиден, студент-окурман кандай гана турмуштук ситуация болбосун эң маанилүү маселелерди өзүнүн чыгармачылык активдүү позициясы менен чечип, андан чыгып кетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болду. Экинчиден, ошол эле мезгилде окурман катары студент кандай көркөм тексттин маңыз-маанисине карабастан, анын ичинен тилдик бирдиктерди бөлүп ала билүү билгичтигинин өнүккөндүгү менен айырмалана баштады. Үчүнчүдөн, топ, тайпа менен иштеше билүү жөндөмдүүлүгү жогорулап өтө активдешүү деңгээлине жеткендиги менен өзгөчөлөндү. Төртүнчүдөн, маалыматтык (көркөм чыгармалар, аудио, видео материалдар) булактар менен иштөөдөгү тактыгы, максатты так кое билүүлөрү, аларды тыкандык менен аткара алышкандыгы менен өзгөчөлөнө баштады. Бешинчиден, туура эмес көз караштарга өзүнүн сынчыл көз караштарын айта билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүккөндүгү ар бир студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө болду. Айрыкча орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын окутууда окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууда алардын чыгармачылык изденүүсүн, кайтарым билимдерин, кептик корунун тереңдешин, идеялык биримдикти окурман катары

аудиторияга презентациялай алуусуна жетиштирилди. Ошону менен бирге студенттердин окурмандык жөндөмдүүлүгү жеке, жуп, топтук мүнөздөгү иш-аракетте жүзөгө ашырылышы алардын сөз байлыгын, логикасын, активдүү, ишкердүү деңгээлде арттырууга шарт түздү. Натыйжада компетенттүүлүккө мүнөздүү болгон окуу, кабыл алуу, чыгармачылык ойлоо, жазуу, сүйлөө жөндөмдүүлүктөрү жогорулай баштады. Жогорудагы ой пикирлерибизди көп жылдык жүргүзгөн эксперименттерибиздин натыйжасы катары төмөнкүдөй өтүлүп жүргөн бир сабагыбыздын мисалында көрсөтүүгө аракеттенели.


Учурдагы ааламдашуу процесси Кыргызстандын орто кесиптик окуу жайларынын билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине аралаша башташы калыптанып калган салттык окутууну Европалык агартуу системасына ыңгайлаштыруу милдетин жаратууда. Анын негизинде билим берүү системасындагы билим алуу парадигмасы компетенттүүлүк позициясынан каралуусу керек болууда. Мамлекетибизде жана дүйнө жүзүндө болуп жаткан кайра жаралуулар билим берүүнү жаңылоо менен да байланыштуу. Өнүгүп жаткан коомго заманбап билим берүүнү тандоо зарылчылыгы келип чыккандыктан, жаңыча билим берүү системасы билимдерди ар дайым толуктап турууну калыптандырууга, көндүм жана жөндөмдөрдү өркүндөтүп өстүрүүгө, аларды бышыктоого жана компетенцияга айлануусуна багытталуусу шарт.

Максатка ылайык адабият предметин окутуу менен студенттердин ички мүнөздөрүндө окурмандык компетенттүүлүктү калыптандырууда эне тилдин бардык байлыгын пайдалана билүү талап кылынбайт, бирок көркөм образды талдоо аркылуу социалдык жактан активдүү башкы каармандын психологиялык-эмоционалдык табиятын айырмалап билүүгө, башкача айтканда абалга баа берүү мүмкүнчүлүгүн калыптандырууга багыттоо мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат. Ошол эле мезгилде адабий билим берүүнүн жаңы мазмунунда чагылган компетенттүүлүктөр аталган илимдин илимий-теориялык мазмунун заманбап шартта пайдаланууну милдеттендирет жана ар башка чыгармадагы каармандын көп түрдүү психологиялык табиятын

студентке түшүндүрүп жеткирүү менен турмуштагы коммуникативдүү кырдаалда психологиялык абалды өздөштүрүүнүн, өзгөчө аны туура чечүү ыгын таба алган билимге ээ болушуна өбөлгө болот. Башкача айтканда, “окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет”.[86; 19]

Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулагандыгын текшерүү максатында педагогикалык байкоо, педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. Педагогикалык байкоо жүргүзүүгө ушул сабакта СОнун интерактивдүү усулдардан Блумдун ромашка гүлү стратегиясы колдонулду.

Америкалык педагог жана психолог Бенджамин Блум тарабынан түзүлгөн таанып-билүү ишмердигинин деңгээлдерине ылайык окуу максаттарын коюунун таксономиясына негизделген суроолордун системасы бүгүнкү күндө билим берүү чөйрөсүндө өз баасын жоготпой пайдаланып келе жатат. Анда биз алты типтеги суроолордун мазмуну жөнүндө кыскача маалымат берип өтсөк:




***Жөнөкөй суроолор*** – жооп берүүдө берилген тексттеги фактыларды атап, маалыматтарды эске түшүрүү менен кайра аудиторияга айтып берүү

болуп эсептелет. Айрым учурда фактологиялык суроолор деп атап келебиз. Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууда мындай суроолор да чоӊ мааниге ээ.

***Тактоочу суроолор*** – мындай суроолорду баяндоо учурунда туюнтулуп, бирок айтылбай калган маалыматты угуу үчүн беришет. Көркөм чыгармаларды окутууда мындай суроолор аркылуу ача пикир жараткан ойлорду аныктоодо, чыгармадагы айрым түшүнбөй калган сөз, сөз айкаштарын окуп түшүнүүдө колдонсок болот.

***Чечмелөөчү (түшүндүрүүчү) суроолор*** – адатта, «Эмне үчүн?» деген сөздөр менен башталып, айрым учурларда актанууга мажбурлап жаткандай – терс кабыл кабыл алынышы мүмкүн. Башка бир учурларда алар себеп-натыйжалык байланыштарды аныктоого багытталат. Мындай суроолор көркөм чыгарманы талкуулоодо чоӊ мааниге ээ. Талкуулоо учурда айрым талаш жараткан көйгөйлөрдү аныктап алсак болот.

***Чыгармачыл суроолор*** – Эгер суроодо «со» деген мүчө, шарттуулуктун, божомолдоонун, түкшүмөлдөөнүн белгилери бар болсо, биз аны чыгармачыл суроо деп эсептейбиз. «Адамдардын ар бир колунда беш эмес, үч манжасы болсо, дүйнөдө эмне өзгөрөт эле?», «Жарнамадан кийин фильмдин сюжети кандайча өнүгөт деп ойлойсуз?» ж.б. Мындай суроолор менен иштөө студенттердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрөт.

***Баалоочу суроолор*** – Мындай суроолор тигил же бул окуяларга, көрүнүштөргө, фактыларга баа берүүнүн критерийлерин айкындоого багытталат. «Эмне үчүн буларды жакшы, ал эми буларды жаман дейбиз?», «Бир сабак экинчисинен эмнеси менен айырмаланат?» ж.б. Мындай суроолор аркылуу көркөм чыгармадагы окуяларды, көрүнүштөрдү бири-бирине салыштырып, каршы коюп баа берүүгө машыгабыз, аларды турмуштук көрүнүштөр менен салыштырабыз.

***Практикалык суроолор*** – Эгерде суроо теория менен практиканын ортосундагы өз ара байланышты аныктоого багытталса, анда аны практикалык суроо деп атайбыз. «Аӊгеменин каарманынын ордунда

болсоңуз, сиз эмне кылаар элеңиз?» ж.б. Мындай суроолор аркылуу студенттерди теориядан алган билимдерин практика жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтөбүз. [150;161-162]

Жогорудагы суроолорду колдонуп окутуу окутуучу менен студенттин бирдей аракет кылып максатка жетүүнүн жолу болуп эсептелет. Мындай учурда бүтүндөй тайпа жандуу кыймылда, чыгармачылык изденүүдө болот. Окутуучу студенттерге жол көрсөткүч катары кызмат аткарса, студенттер сабактан алган таасирлерин кесибинде, жашоо-турмушта пайдаланыш үчүн аракет жасашат.

Алгач окутуучу студенттер менен биргеликте сабактын темасын, максаттарын аныктап, студенттерди сабактын баалоо критерийлери менен тааныштырат. Үй тапшырмага "Гүлсарат" повестинин образдар системасына эссе жазып келүү берилет.

Үй тапшырмадан окутуучу 4-5 студенттин эссесин окутат. Калган студенттердин эсселери дубалга илинип коюлат, аны бош убактыларында окуп, пикирлерин кийинки сабакта айтуу тапшырмасы берилет. Танаписте дубалга илинген эсселерди окуп, ага карата өз пикирлерин дептерлерине кыскача жазып алышат. Кийинки сабакта жазган пикирлерин кыскача баяндап беришет. Жаңы темага чакыруу максатында окутуучу слайд аркылуу Ч.Айтматовдун "Кылым карытар бир күн" чыгармасы жөнүндө, андагы каармандар жана айрым фактыларды айтып берүү менен жазуучунун алгачкы романын тааныштырат.

"Кылым карытар бир күн" – Айтматовдун бул романы алгач орус тилинде "И дольше века длиться день" деген ат менен "Новый мир" (1980, №11) журналына жарык көргөн. Кыргыз тилинде жазуучунун 3 томдон турган чыгармалар жыйнагынын үчүнчү томунда (Фрунзе, 1981) басылган.[7;248-бет]




Окула турган текстке чакыруу максатында режиссер Д.Садырбаевдин “Махабат дастаны” көркөм фильминен үзүндү көрсөтөт. Фильм боюнча студенттерге төмөндөгүдөй суроолорду берет:

- Кайсы көркөм фильмден алынган үзүндүнү көрдүңөр жана тарткан режиссеру ким?
- Белгилүү режиссер Дооронбек Садырбаевдин “Махабат дастаны” көркөм фильми
- Көркөм фильмдин мазмуну эмне жөнүндө?
- Фильмде жашы 60ка жакындап калган Раймалы акын менен жаш сулуу Бегимайдын бири-бирине жетпей калган махабаты жөнүндө баяндалат.
- Эмне үчүн ушул фильмди көрсөттү деп ойлойсуңар? Биздин темабызга кандай байланышы бар деген ойдосуңар?
- Фильм “Кылым карытар бир күн” романындагы Раймалы менен Бегимай жөнүндөгү уламыштын негизинде тартылган. Ошондой эле өтө турган темабыз да сүйүү жөнүндө болсо керек.

Окутуучу алардын жоопторун тактайт, ошондой эле студенттердин чыгарма, фильм жөнүндөгү айрым суроолоруна жооп берет. Андан соң текстте кездешүүчү түшүнүксүз сөздөр менен слайд аркылуу тааныштырат жана ал сөздөргө талдоо жүргүзөт:

**Түшүндүрмө сөздүк:**

**ээн калган баракта** – ээн калган убактылуу жашай туруу үчүн жеңил-желпи салынган үй

**буулугуп** – буулуу, кысылуу, бук болуу

**каары ичте камалып** – катуу жинденип, ачуусун сыртка чыгара албай, буулугуп

**буркан-шаркан түшүп** – албууттанып, буркулдап ачууланып

**буурасын** – төөнүн тукумдатуучу эркеги

**разъезд** – бет келген поезддер бири-бирине жол берип өтүү үчүн жасалган темир жол айрыгы бар пункт

**малакай** – жүнү ичине каратылып териден тигилген баш кийим

**шайман-шоогун** – бир нерсе өндүрүүгө, куруугa, жасоого ж.б. колдонулуучу эмгек куралдары

**жашоонун кунары** – жашоонун мааниси, касиети

**жазыгы кайсы** – күнөөсү кайсы

**Абдилхан** – Раймалы аганын бир тууган иниси

**түнөрүп** – кабагын бүркөгөн, каарданган кейипте болуу

**акшыя** – жактырбай, жаман көз менен кароо

**башбоосу** – башын байлаган жип

**аңдадыңбы** – түшүндүңбү, баамдадыңбы

**чүрпөлөрүн** – кичинекей балдарын [84,82]

Түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүргөндөн кийин окутуучу текстти таркатат жана ага көрсөтмө берет. Студенттерге чыгарманы окуп баратып өзгөчө таасир калтырган окуяларды карандаш менен сызып, кунт коюп окуп чыгуу тапшырмасы берет. Текст таркатылат (Текст тиркемеде берилет) [5;310-349]

Текст окулуп бүткөндөн кийин окутуучу студенттерди 6 топко бөлөт:

1. Фактологиялык суроолор;
2. Тактоочу суроолор;
3. Практикалык суроолор;
4. Чечмелөөчү суроолор;
5. Интерпретациялоочу суроолор;
6. Баалоочу суроолор.

Жогорудагы суроолор боюнча ар бир топтон бир студент келип, илинип турган Блумдун ромашка гүлүнөн бирден суроону тандап алышат. Окутуучу топтордун алган суроолорго даярдануусуна 10 мүнөт убакыт бөлүп берет. Студенттер төмөндөгү суроолорго жооп даярдашат:

**1. Фактологиялык суроолор:**

2. Үзүндүдө сөз ким жөнүндө болуп жатат?

3. Эдигейдин аялы ким?

4. Зарипа качан кетип калды?

5. Окуя кайсы жерде өтүп жатат?

**2. Тактоочу суроолор:**

1. Автор каармандын кандай психологиялык абалы жөнүндө сөз кылды? Түшүндүрүп бергиле.

2. Эдигей Каранарды эмне себептен өлөрчө сабап салды?

3. Бороондуу Эдигей разъездден эмне үчүн көчүп кетмекчи болду?

**3. Практикалык суроолор:**

1.Үкүбаланын ордунда болсоң сен эмне кылмакчысың?

2.Зарипа менен Эдигейдикиндей окуялар турмушта кездешеби? Аларга турмуштук фактылардан мисал келтиргиле.

3. Турмушта үй-бүлөсү бар туруп башка бирөөнү сүйүп калган учурлар барбы? Мисал келтиргиле.

**4. Чечмелөөчү суроолор:**

1.Зарипа эмне үчүн көчүп кетти?

2. Зарипаны Үкүбала менен кантип салыштырууга болот?

3. Казангаптын “Үкүбаладай аялды кылымдын кыйырынан издеп таппайсың” деген сөзүн чечмелегиле.

4.Казангап Эдигейдин жасап жаткан жоруктарына кандай баа берди?

**5. Интерпретациялоочу суроолор:**

1. Автор эмне себептен Каранар менен Эдигейдин психологиялык абалын параллель берип жатат?

2. Силердин оюңарча, Эдигей эмне үчүн Казангапты муунтуп салгысы келди?

3. Текстте автор кайсы идеяны айткысы келген?

**6. Баалоочу суроолор:**

1.Зарипанын кетип калганына кандай көз караштасың?

2. Казангаптын “Кетип калыш эрдик эмес. Ар ким кете алат. Бирок ар ким өзүн жеңе албайт” деген сөзүнөн кандай тарбиялык таасир алууга болот?

3. Эдигейди кандай адам деп эсептейсиңер?

Ар бир топ тиешелүү суроолорго жоопторду топтун катышуучулары менен биргеликте талкуулашып, жоопторун ватманга жазышат, белгиленген убакыт бүткөндөн кийин тайпанын алдында сүйлөп беришет, башка топтордун кошумча суроолоруна да жооп беришет. Эгерде алардын жооптору так болбой калса, башка топтун мүчөлөрү толуктоо киргизсе болот. Ар бир топтун аткарган тапшырмаларын окутуучу көзөмөлдөп, керек учурда толуктап турат.

**“Блумдун ромашка гүлү” боюнча түзүлгөн суроолорго студенттердин жооптору:**

**Фактологиялык суроолорго жооптор:**

1. Үзүндүдө “Кылым карытар бир күн” романынын башкы каарманы Эдигей жана анын үй-бүлөсү жөнүндө сөз болуп жатат.

2. Эдигейдин аялы - Үкүбала.

3. Окуя Бороондуу станциясында өтүп жатат.

**Тактоочу суроолорго жооптор:**

1. Эдигейдин жоктугунан пайдаланып, Зарипанын дарегин таштабай кетип калгандан кийинки өтө ачуулуу, өзүнө-өзү батпай, “урунарга тоо, урушарга жоо таппай” турган психологиялык абалы сүрөттөлгөн.

2. Зарипанын кетип калышына Каранарды күнөөлөп, ызасын кимден чыгараарын билбей төөсүн өлөрчө сабап салды.

3. Зарипага болгон кусалыгын, эңсөөсүн көтөрө албай разъездден көчүп кетмекчи болду.

**Практикалык суроолорго жооптор:**

1. Үкүбаланын ордунда болсом, мен да сабырдуулук менен Эдигейдин Зарипаны унутушун күтмөкмүн, унутушуна көмөк көрсөтмөкмүн.

2. Азыркы учурда Зарипа менен Эдигейдикиндей окуялар турмушта көп кездешет. Айрыкча бул жакка үй-бүлөсүн таштап, чет жактарга иштегени кеткендер барган жеринен башкасын таап алып жатышпайбы.

3. Үй-бүлөсү бар туруп сүйүп калгандар да толтура, интернетти ачсаң ушул сыяктуу окуялар өтө көп кездешкендиги жүрөк оорутат.

**Чечмелөөчү суроолорго жооптор:**

1. Зарипа акылдуулук менен разъездден көчүп кетти, анткени ал кетип калбаса Эдигейдин үй-бүлөсү бузулмак, Үкүбала экөөнүн ортосундагы сый мамиле ажырамак.

2. Зарипа да Үкүбала да экөө акылдуу, токтоо, кеменгер аялдар. Бекеринен кыргыз элинде: “Аял жакшы – эр жакшы”, “Күчтүү эркектин артында күчтүү аял турат”, - деп айтылбаган. Экөө тең акылдуу. Бирок Зарипага караганда Үкүбала сабырдуу.

3. Үкүбаланын акылга дыйкан, айлалуу, сабырдуулугуна баа берген Казангап: “Үкүбаладай аялды кылымдын кыйырынан издеп таппайсың” деп бекеринен айткан жок. Анын ордунда башка бирөө болгондо, Эдигейдин абийирин айрандай төгүп турса, Эдигей Каранардан да жаман абалга кириптер болмок.

4. Казангап Эдигейдин жасаган жоруктарын туура эмес деп бетине айтпаса да, Эдигейге кандай жыйынтык чыгарсаң да өзүң бил. Бирок кийин өкүнүп калбагын деп акырын эскертти.

**Интерпретациялоочу суроолорго жооптор:**

1. Дегинкиси, жазуучу Ч.Айтматов адам мүнөзү менен жаныбарлардын мүнөзүндөгү окшоштук-өзгөчөлүктөрдү параллель сүрөттөөнүн чебери болуп эсептелет эмеспи. Автор Эдигей менен Каранардын психологиялык абалын параллель сүрөттөп берген. Себеби, экөө тең буулуккан сүйүүнү,

албуут сезимди баса албай, алардын ички жан дүйнөсү сагыныч менен буулугууга толуп ташып тургандыгын параллель сүрөттөөгө алат.

2. Зарипанын көчүп кетишине жардам берип, аны поездге жүктөрүн жүктөшүп, узатып койгондугу үчүн Эдигей Казангапты муунтуп салгысы келди.

3. Текстте жазуучу окурманды акылмандуулукка чакырган. Ар дайым акыл менен иш жасаган адамдар ийгиликке жетишет жана сый үстүндө болот. Ошондой эле сүйүүнү да кир жугузбай акактай таза сакташ керек деген идеяны берген.

**Баалоочу суроолорго жооптор:**

1. Зарипанын кетип калышын туура деп эсептейм. Анткени, ал өзүнүн да, Үкүбаланын да кадырын түшүрбөй тынч гана кетип калуусу туура иш.

2. Казангаптын “Кетип калыш эрдик эмес. Ар ким кете алат. Бирок ар ким өзүн жеңе албайт” деген сөзүнөн чоң тарбия алууга болот. Ал Эдигейге кетип калганы менен кайгыны, кусалыкты, сагынычты кошо алып кетерин эскертип, эгер жигит болсоң, ушулардын бардыгын эч кайда кетпестен жеңгин деп акыл айтат. Чынында эле бардык адамдын башына ар кандай иш түшөт, бирок аны көтөрүмдүүлүк менен, токтоолук менен жеңе билүү ар кимдин колунан келе бербейт.

3. Эдигей эмгекчил, ак көңүл, боорукер адам.

Блумдун ромашка гүлү боюнча текст толук талдангандан кийин, окутуучу студенттерге чыгарманын картасын төмөндөгүдөй схема менен түздүрөт.

Чыгарманын картасын ар бир студент жекече түзөт. Мисалы, ФКК-1-18 тайпасынын студенти Сүйүнбай кызы Аэлитанын түзгөн чыгармачылык картасы:

**1.Чыгармадагы окуя:**
Эдигейдин окуясы

**2. Окуя болгон жер:**
Бороондуу разъезди

**3. Каармандар:**
Үкүбала, Эдигей

**4.Көйгөй:**
үй-бүлөнү сактап калуу

**5. Көйгөйдү чечүүнүн жолдору:**
- үй-бүлөсүнө көңүл буруу;
- токтооолук, көтөрүмдүүлүк;
- жумушка алаксуу;
- өзүн-өзү жеңе билүү.

**6. Чыгармадан алган тарбиялык сабагым:**
Бул чыгарма мага өзгөчө таасир калтырды. Айрыкча Үкүбала менен Зарипанын образы өтө жакты.Ушул эки аял албууттанган Эдигейди турмушта өз ордун таптырды деп ойлойм. Болбосо мунун арты жакшылык менен аяктабайт болчу.Эки аял тең өз баасын билген, бирөөнүн баркын да сыйлай билген акылдуу жандар.

Айрым студенттер түзгөн картасын тайпага окуп беришет, калгандарынын түзгөн чыгарманын карталарын окутуучуга жыйнап беришет. Эгерде жогорудагы тапшырманы аткарганга убакыт жетишпей калса, окутуучу үй тапшырмага берсе болот.

**Үй тапшырмага:** чыгарманы толук окуп чыгуу жана чыгарманын аты эмне үчүн “Кылым карытар бир күн” деп аталарын аныктап келүү, ал эми **СӨАИге** чыгарманын башкы каармандарына синквейн жазып келүү берилет.

**Синквейн** - жапон миниатюрасына окшош ойлонуп табылган (шарттуу) ыр формасы. Окуп үйрөнүлгөн нерсенин резюме жасоонун кыска, сыйымдуу формасы. Ар биринин өзүнчө мазмуну жана структурасы бар беш сап. [110;133]

**Синквейндин үлгүлөрү:**

| | |
|---|---|
| 1.Эдигей | 1.Үкүбала |
| 2. Боорукер, ачуусу чукул | 2. Сабырдуу, акылдуу |
| 3. Кадырлайт, ачууланат, кайгырат | 3. Түшүнөт, колдойт, чыдайт |
| 4.Зарланткан кайгысын, кусалыгын | 4.Кылымдын кыйырынан издеп |

| | |
|---|---|
| жеңе билген | таппай турган |
| 5. Инсан | 5. Аял |

Окутуучу студенттердин билимине жараша топтогон баллдарынын эсебин чыгарып, тиешелүү бааларын журналга түшүрөт.

Бул чыгарманы окуу менен студент окурман катары Эдигей, Казангап, Үкүбала, Зарипанын образын реалдуу турмуш менен айкалыштырып, көркөм эстетикалык деңгээлде кабыл алып, Зарипа менен Эдигейдин сүйүүсүн эмоционалдуу кабыл алды. Аны “Блумдун ромашкасы гүлү” аркылуу тастыкташты. Зарипанын кетишинен кийинки Эдигейдин ички психологиялык кайгысын анын жанында турган адамдай кошо бирге тартышты. Ушул көрүнүштүн баары окурмандын ички психологиясынан өтүп, анын жүрөгүн жаралап, бардык тиричиликтен качып, разъездден көчүп кетүү чечимине келгендигин, Казангаптын баалуу акылы Эдигейди тизгиндегендиги аудиторияда жеке, жупта, топто иштөө, Блумдун ромашка гүлү, чыгарманын картасын түзүү стратегиялары менен ишке ашты. Ошол эле мезгилде төмөнкү компетенциялары жогорулады:

1. Окутуучунун түшүндүрмөлөрүн, негизги тезистерди, корутундуларды кабыл алуу түшүнүктөрү иштелип чыгуу жөндөмдүүлүктөрү жогорулады.

2. Аудио, видеоматериалдарды угуу, көрүү менен көркөм окууга, баяндап берүүгө, аларды талдоо үчүн жаңы ыкмаларды изденип колдонуу, материалды түшүндүрүп чечмелөө, аңгемелешүү көндүмдөрү жогорулады, башкача айтканда:

- Уккан кебин кабыл алуу көндүмдөрү;
- Кептик практикадан көнүгүүлөрдү аткаруу жөндөмдүүлүктөрү;
- Көркөм образдар аркылуу ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрү;
- Таанып-билүү ишмердигинин жигердүүлүгү;
- Билимди жаратуу, колдоно билүү үчүн зарыл үйрөнүү каражаттарын, булактарын таба билүү жөндөмдүүлүктөрү;
- Маалымат (текст) булактары менен иштей билүү жөндөмдүүлүктөрү;

➢ Образдык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрү;

➢ Жеке, жупта, топтордогу демилгелүүлүгү, өз алдынчалуулугу жогорку деңгээлде өсүп жетилди.

Окурмандык компетенциялардын мындай деңгээлге жогорулашынын негизги себеп-натыйжасы катары, сабактын структурасы ЧТОну камтыгандыгы, башкача айтканда сабак ырааттуу композициялык биримдиктен: чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү этаптарын камтыгандыгын алсак болот. Анткени инновациялык багыттагы интерактивдүү методдорду колдонуу менен окутууда өтүлүүчү жаңы тема сөзсүз түрдө ушул үч этап аркылуу ишке ашырылышы керек. Чакыруу стадиясы окурман-студент берилген теманы аңдап, кабыл алып, өтүлгөн тема менен байланыштырып, ага рефлекция жасоо десек болот.

Жогорудагы суроолорго студенттер толук жооп бергенге аракеттенишет, ошондой эле айрым суроолорго бир түрдүү эмес, ар кандай жооптор болушу да мүмкүн. Мындай учурда окутуучу башка топтордун да пикирин угуп, жалпы бир жыйынтык чыгарганга милдеттүү. Ушул эле ыкма менен алты түрдүү: фактологиялык, тактоочу, практикалык, чечмелөөчү, интерпретациялоочу, баалоочу суроолорду студенттердин өздөрүнө түздүрсө да болот. Мындайда окутуучу студенттерге алгач ар бир суроонун маанисин түшүндүрөт, ошону менен бирге ар бир суроолор тобуна тиешелүү суроолуу сөздөрдү жаздырат. Мисалы, Кантип? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге? Кандайча? Эмне себептен? ж.б. Даяр суроолорго жооп бергенге караганда студенттер өздөрү суроо түзгөн учурда бир топ изденишет, алган маалыматтарын такташат, өздөрүнүн ой пикирин, көз карашын бергенге аракеттенишет, бирөөлөрдүн ой пикирлерин уга билүүгө көнүгүшөт. Демек, ушундай алты түрдөгү суроолорго жооп берүү, суроо түзүү менен текстти кеңири түшүнүшөт жана тексттин калган бөлүгүн да окуп чыгууга кызыгуусу артат. Эгерде студенттер суроолорду колдоно билүү ыкмасын өздөштүрүп алышса, алар мындай суроолорду ар кандай жагдайларда бере билүү жөндөмдүүлүгү өнүгөт.

Окутуу процессиндеги мындай карым-катнаш, байланыш биргелешкен ишкердикти, бирдиктүү идеяны, бирдиктүү түшүнүүнү пайда кылуучу психологиялык абал болуп саналат. Бул процесстин ички механизмдерине эмоционалдуулук, интеллектуалдуулук, аракеттенүүчүлүк кирүү менен ал эмоционалдык ортоктоштуктун психологиялык көрүнүшүнө жатат. Мындай окутуу процессине түшүнүү стадиясы кирет. Анткени окутуу процессиндеги биргелешкен идеялардын натыйжалуу мындай негизи окумуштуулар белгилегендей тайпалык ишмердүүлүктөн, биргелешкен идеядагы жардамдашуудан көрүнөт. Башкача айтканда түшүнүү процесси окутуучу менен окурман-студенттин ортосундагы шарттуу түрдө органикалык байланышы менен түшүндүрүлөт. Түшүнүү этабы – окутуу процессиндеги компетенттүү окутуучу менен студенттин ортосундагы биргелешкен аракет. Окутуу процессиндеги педагогикалык биргелешкен мындай карым-катнаш, байланыш окутуунун тарыхына, ишеничтерине байланышкан ишкердикти пайда кылуучу психологиялык абал болуп саналат.

Окутуу процессиндеги түшүнүү стадиясы, адегенде жалгыздан, экиден, үчтөн, топто жүргүзүлгөн иш-аракет болуп эсептелет. Билим берүү системасындагы мындай иш-аракетти 50-60-жылдары педагогикалык психологияда “биргелешкен жардамдашуудан” көрүшкөн. Биргелешкен жардамдашуу термини деп:

- кандайдыр бир чөйрөдө убактылуу биримдикте болуу;
- ишмердүүлүктү уюштура, башкара билүү;
- активдүү биргелешкен иш-аракет;
- студенттердин ортосундагы мамилелердин органикалык биримдикти атасак болот. Бул иш-аракеттин бардыгы түшүнүү стадиясынын ички мазмунун түзгөндүгү менен мүнөздөлөт.

Ой жүгүртүү этабы деп, чакыруу, түшүнүү этабындагы окуу процессинин жыйындысынын натыйжасын атайбыз жана бул натыйжа биргелешкен жардамдашуудагы күчтүү идеянын жаралышына негиз болуп бергендиги менен мүнөздөлөт.

Кайтарым билимдеги студенттердин идеяларынын бекем, натыйжалуу болушуна компетенттүү окутуучунун ар кандай ситуацияларга ар кандай технологияларды колдонуусу, жаңы темасынын технологиялык картасын көз алдына элестете билүүсү, зарылдыгы, бере турган билиминин ийгилигине окутуучунун көзүнүн жетиши биргелешкен ой жүгүртүү процессиндеги тайпалык иш-аракет аркылуу билим берүү жекече билим берүүгө караганда активдүүлүктү жаратаарын тааный билүүсүнүн зарылдыгы менен аныкталды.

Компетенттүү окутуучунун студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуусу, ага багыттай билүүсү билим берүүдө ушул үч стадияга (окутуунун технологиясына) байланыштуу экендиги окуу процессинин сапаттык деңгээли менен аныкталат.

Ошол эле мезгилде окутуунун интерактивдүү бул процесси студенттердин жекече алган билимдерине караганда тайпалык түшүнүктүн жалпыланган бир идеяга келиши окурман-студенттин ички психологиясында образ жана анын мүнөздүк өзгөчөлүктөрү тууралуу кенен маалымат алуусуна өбөлгө болду.

Жыйынтыгында, кыргыз адабияты сабагында көркөм чыгармаларды талдоо менен студенттер чыгармадан алынган үзүндүнүн маани-маңызын түшүнүшүп, көркөм табиттери артат. Тайпадагы алты түрдүү суроонун тегерегинде талдоонун жүргүзүлүшү менен каармандар жана чыгарманын автору жараткан турмуш картинасын көз алдына элестетишип, каармандардын окуядагы кылык-жоруктарынын түпкү натыйжасы жашоодо эмнеге алып баргандыгын жон териси менен сезишип, өз жашоосуна салыштырышып, чыгарманын идеясын, темасын, автордун позициясын аныктай билгенге жетишишет. Бул стратегияны колдонуп окутуу студенттерге окутуучунун көркөм чыгарманы жеткиликтүү түшүндүрүүсүнө, сабакта күтүлүүчү окутуунун натыйжаларын калыптандырууга көмөк берүү менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө түздөн-түз өбөлгө болот.

## 3.2 Кыргыз адабияты сабагы аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн интерактивдүү жолдор менен өнүктүрүү

Азыркы мезгилде окуучулардын, студенттердин таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн, өз билимин өркүндөтүүсүн, өзүн-өзү таанып-билүүсүн жана калыптандыруусун пайда кылуучу жана өнүктүрүүчү окутуунун жаңы технологияларын билим берүү системасында кеңири колдонууга мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Ал үчүн атайын илимий-теориялык, методикалык эмгектер, окуу куралдары жазылып, жаңы технологияларды бала бакчадан баштап ЖОЖдорго чейин колдонуу заман талабына ылайык күч алууда. Анткени билим берүүдөгү окутуунун жаңы технологияларынын өзгөчөлүгү, биринчиден, окурман-студент менен окутуучунун ортосундагы байланышты тереңдетет. Экинчиден, билим берүү процессиндеги окурман-студенттердин дүйнө таануу жөндөмдүүлүгүн арттырат. Үчүнчүдөн, билим кабыл алуу учурунда кайтарым билимдеринин натыйжасын окурман-студент оозеки сүйлөп, жазып, ырдап, сүрөт тартып өз пикирлерин эркин, ишеничтүү далилдеп берүүгө жетишишет. Билим берүүдө бул технологияны максаттуу окууга жаңы мамиле жасоо десек да болот.

Мындай жалпы дүйнөлүк билим берүү системасында заманбап талапка ылайык окутуунун жаңы технологияларын колдонуу зарыл шарттардан экендигин жогоруда белгилеп өттүк. Ошол эле мезгилде ар бир окутуучу өзүнүн окуу процессинде студенттерди билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырат. Бир эле убакытта компетенттүү окутуучу студенттердин чыгармачылык ойлоосун өнүктүрөт. Эки субъекттин мындай өз ара бир максатта биргелешип аракеттенүүсү окутуучунун окутуу ыкмасына кирет. Ал окутуунун максатынан, студенттин окуп үйрөнүү ыкмаларынан, окутуучунун окутууда колдонулуучу методдорунан турат. Бул жерде окутуунун максаты – билим берүүнүн мазмуну менен аныкталат, ал эми студенттин билим алуусу, компетенттүү окутуучунун ар кандай ыкмаларды колдонуп, алардан кайтарым билимди талап кылуучу чеберчилигине жараша болот. Окурман-студенттердин окутуучу берген билимди колдоно билүүсү

берилген тапшырма боюнча жасалган алардын презентацияларынан таасын чагылдырылат.

Глобалдашуу агымына ылайык орто кесиптик окуу жайларында студенттерге адабиятты окутуу менен окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууда жаңы усул-ыкмаларды, жаңычыл технологияларды колдонуу өтө курч маселе болуп келүүдө. Ошого байланыштуу баштагыдай салттуу окутуу методикасы менен бирге жаңычыл окутуу, заманбап методикалык усул-ыкмаларды пайдалануу, сабактарды көрсөтмөлүү өтүү жана алдыңкы технологиялык жетишкендиктердин жардамы менен окуп-үйрөтүүнүн натыйжалуулугун арттыруу түшүнүгү күн тартибине коюлду. Себеп дегенде аалам масштабында тез өзгөрүүнүн шартынан улам маданий, илимий тажрыйбалардын интеграциясы жүрүүдө. Анын натыйжасында заманбап шарттарга тездик менен көнүгүү, окуп үйрөтүлгөн адабияттын жардамы менен ар бир студенттин билимин, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатуу, ар кандай ситуациялардан бат чыгып кетүү жана ага тез аралашуу, башкача айтканда компетенттүүлүгүн жогорулатуу көйгөйү алдыга коюлууда.

Андыктан өлкөбүздө дүйнөлүк масштабга интеграциялануу процессинин жүрүшүнүн себеби, жалпы европалык билим берүү мейкиндигине киргендигибиз. Анын натыйжасында эл аралык байланыштардын, кызматташтыктардын бардык деңгээлде кеңейүүсү. Жогорку окуу жайларында жана орто кесиптик окуу жайларында, орто мектептерде сапаттык билим берүүнү өркүндөтүү милдетин алдыңкы планга чыгышы да ушул проблемага байланыштуу. Ал боюнча колледждердин студенттери кыргыз адабиятын окуу менен өздөрүнүн окурмандык компетенттүүлүгүн өркүндөтүүдө сүйлөшүү ишмердүүлүгүнө ээ болууга, үйрөнгөн билим, билгичтик, көндүмдөрүн күнүмдүк жана маданият аралык коммуникацияга тез катышууга жана тилдик, окурмандык деңгээлдерин өз алдынча өркүндөтүүгө жөндөмдүү болууларын талап кылынууда. Жогорудагы милдет талаптарды ишке ашырууда жана студенттердин

окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууда адабият мугалимдеринин алдына жаңычыл жана дүйнөлүк практикадагы мыкты натыйжаларды берген усул-ыкмаларды пайдаланып, аларды кыргыз адабиятын орто кесиптик окуу жайларында окутуу процессине алып келүү зарылдыгы жаратылды. Студенттерге кыргыз адабиятын окутуу менен окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн чыгармачылыгын өстүрүүгө багытталган жаңы технологияларды колдонуунун заманбап жолдору пайда болууда.

Биз сунуш кылган окурмандык компетенттүүлүктү жогорулатуунун методикалык ыкмалары: текстти талдап окуу, текстти көркөм окуу, түшүнүксүз сөздөрдү изилдеп окуу, текстти бөлүктөргө бөлүп окуу, студенттин жеке кабылдоосуна ылайык чыгармачылык менен аткарылуучу көнүгүү-тапшырмалар ж.б. Студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө ишмердүүлүктүн түрлөрү: окуп түшүнүү, өз пикирин жазуу, окуганын кайра сүйлөп берүү, укканын көркөмдөп айтып берүү, карама-каршы пикир жазуу, салыштырып жазуу, чыгарманын картасын түзүү, “Окуйбуз, ойлонобуз, түзөбүз”, “Окурмандын баарлашуусу” ж.б. ыкмаларды колдондук жана ал ыкмалардын оптималдуу экендигин тажрыйбада сыноодон өткөрдүк. Мисал катары “Окуйбуз, ойлонобуз, түзөбүз” ыкмасын сунуштайбыз.

**“Окуйбуз, ойлонобуз, түзөбүз” ыкмасы** - чакыруу, түшүнүү жана ойлонуу стадиясындагы алдын алып айтууну текшерүүдө колдонулуучу интерактивдүү ыкма. Ыкманын этаптары:

1. Ачкыч сөздү аныктоо
2. Ачкыч сөз аркылуу негизги маанини таап чыгуу, түзүү
3. Тактоочу суроолордун негизинде текстти интерпретациялоо

**Стратегиянын кадамдары:**

**Окутуучунун иши**:

1. Тексттин маанисин аныктоого ылайыктуу сөздөрдү таап белгилеп чыгат.

2. Студенттерди тандалган (кара менен басылган) сөздөрдү гана окутуу аркылуу тексттин мазмуну эмне тууралуу экендигин аныктатат, божомолдорун айттырат.
3. Тексттеги абзацтын башталгыч сүйлөмдөрүн окутат жана тексттин негизги мазмунун аныктат.
4. Текстти толугу менен окутат жана автордун ою менен студенттердин оюн салыштыртат.
5. Тактоочу суроолордун негизинде текстти интерпретациялатат.

**Студенттердин иштери**:

1.Текстти окубай туруп, тандалган (кара менен басылган) сөздөрдү маани берип окуп чыгышат.
2. Андан тексттин мазмуну эмне тууралуу экендигин аныкташат (өз божомолдорун айтышат).
3. Тексттеги абзацтын башталгыч сүйлөмдөрүн окуп чыгышат. Тексттин негизги мазмунун аныкташат. Автор менен өз вариантын салыштырышат.
4. Текстти толук окуп чыгышат.
5. Тактоочу суроолорго жооп беришип, текстти талдашат.

Мисал катары Шайлообек Дүйшеевдин “Агындыларынан” алынган текстти беребиз:

- Эне, былтыр Дакен, Какен болуп ойноп келип **ушул жерден** жылан өлтүргөнбүз, - дедим.

- А балакетиңди алайын, андай кылчу эмес, **жыланды** да кудай жараткан, кудай аны өлтүрсүн деп жараткан эмес,- дейт энем.

- Кара чаар жылан экен.

- Кара чаар жыланбы, ак жыланбы, кыргыз жылан **өлтүргөн эмес**, балам. Илгери биз **бала кезибизде** түнү бою боз үйдүн керегесинин түбүндө түпкүчтөй ийрилип, түнөп чыккан жыландар болгон.

- **Апаларыбыз**: “Тийбегиле, чочутпагыла!” - деп, жылан жаткан жерден баштап босогонун аягына дейре **ак чачып** чыгар эле. Баягы жылан ошондон кийин жаткан жеринен “ойгонуп”, соймондогон тилин акка

тийгизип алып, келген жагын көздөй сойлоп кетчү. Көрсө, жыландардын да ниети карарып жаманына ооп калган кезинде анысын агартып алыш үчүн ак издеп, ак эңсеп жер астынан боз үйлөргө чыгып келчү турбайбы жарыктыктар. Анан ак чачкан жылан **ниетин агартып** алган соң экинчи кайрылып келчү эмес.

- Ак деген эмне?

- Айран, сүт, кымызды **ата-бабаң** "ак" деп койгон, балам. Акты ыйык санаган. Алкаса: "Ак жалгасын!"- деп, каргаса: "Ак урсун!"- деп каргаган. Карасанатай уулдарын аталар "ак кылдым" деген. "Ак кылганы" өз энесине колу тийген, **тили тийген** баласынан кечкени, баш тартканы болгон. Энелердин "эмчегим сүтүм ак кылдым" дегени ошондон калган. "Эмчек сүтүн ак кылганы" бакпай баса берген **кыз-уулун** сүтү менен каргаганы балам. Каргыштын эң оору: мусапырдын каргышы, ата-эненин каргышы, анан элдин каргышы. Ушул **үч каргыштын** бирине калган адам оңбойт. Каргыштан койдун каргышы гана бөрүгө жетпейт. Калган каргыш жаман, балакетиңди алайын, каргышка кала көрбө. Мындан кийин жылан өлтүрбөй жүргүн.

- Жылан да **каргайбы**, эне?

- Каргабай коймок беле анан?

- Кантип каргайт?

- **Бешигинде** уктайын,
Бейитинден чыкпайын.
Өкүргөн жерде уктайын.
Өлүгүңдөн **чыкпайын**.
Мүрзөңө киргенче кубалайын,
Мүлжүлгөн башында уялайын! - **деп каргайт.**[49;142,144]

- Ои-ий, жаман каргайт турбайбы. Баягы жыландар тууралуу жомогуңду айтып берчи, эне?

Жогорудагы текст алгач төмөндөгүчө окулат: ***Ушул жерден жыланды өлтүргөн эмес. Бала кезибизде апаларыбыз ак чачып, ниетин агартып,***

***ата-бабаң тили тийген кыз-уулун үч каргыштын каргайбы? Бешигинде чыкпайын деп каргайт.***

Студенттер кара менен белгиленген сөздөрдү окугандан кийин төмөндөгүдөй пикирлерди айтышты: *Кыргыз эли жылан өлтүргөн эмес, эгер кокус өлтүрүп алса, ак чачып кетиришкен; Антпесе жылан өлтүргөн адамды үч жолу каргаган; өч алган, бешигине жатып алган,* ж.б.у.с пикирлерди айтып, тексттин мазмуну эмне жөнүндө экендигин аныктаганга аракет жасашты.

**Ой жүгүртүү этабында төмөнкү тапшырмаларды аткарышты**:

**1. Тексттеги негизги ой эмне жөнүндө?**

а) Жыландарды өлтүрбөө тууралуу

б) Сөздүн магиялык күчү, каргыштын касиети, анын таасири тууралуу

в) Жыландардын адамдардан алган кектери жөнүндө

г) Ак сөзүнүн ар кандай маанилери жөнүндө

**2. Сүйлөмдөрдө берилген ойлорду өзүңөрдүн пикириңердин негизинде толуктагыла.**

а) Кыргыз жылан өлтүргөн эмес, .......................................................................

б) Карасанатай уулдарын аталар “ак кылдым” деген. .......................................

в) Каргыштын эң оору: ........................................................................................

**3. “Ак урсун!”** Бул сүйлөмдөгү ***ак*** деген сөз кандай мааниде келди?

а) айран-сүт маанисинде

в) заттын ак түсү маанисинде

б) каргыш, ант маанисинде

г) таза, кылмыш жасабаган адам маанисинде

**4. Элдик айтымдарга ой жүгүртүп, пикириңерди жазгыла**.

| | ***Тексттен алынган тезистер*** | ***Төгүндөө же колдоо үчүн далилдер*** |
|---|---|---|
| 1 | Жылан ошондон кийин жаткан жеринен “ойгонуп”, соймондогон тилин акка тийгизип алып, келген жагын көздөй сойлоп кетчү. | Колдойм. Турмушта мындай окуялар өтө көп кездешет. Көркөм чыгармаларда адамдар менен арбашкан жыландар |

| | | |
|---|---|---|
| | | жөнүндө да окугам. |
| 2 | Эл арасында: “Каргыш жети атага чейин кубалайт” деген сөз бар. | Төгүндөйм, кантип эле. Бирок эл оозунан башка жаныбарлардын каргышы тууралуу укканмын. |

Экинчи усулубуз **“Окурмандык баарлашуу”** – текстке чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү стадиясында пайдаланууга негизделген, тексттин негизги мазмунун алдын алып айтууну текшерүүдө колдонулуучу интерактивдүү ыкма.

**Окутуучунун иш-аракети:**

Тексттен негизги ой баяндалган сүйлөмдү алып, андан:
“Бул жерде кайсы ой камтылган?”, “Менде кайсы ой жаралды?”, “Кайсы маалыматтар бар?”, “Менин реакциям?” ж.б.у.с. суроолорду таблицага жазып студент-окурмандардын берилген сүйлөмдөргө карата оюн айттырат, башкача айтканда сүйлөмдүн артында кандай ой бар экендигин табуу аркылуу тексттеги негизги ойду аныкташат.

**Студенттин иш-аракети**:

Берилген суроолорго ылайык ар бир студент сүйлөмдү окуганда канча ой келсе, кандай пикир туулса таблицага түшүрөт. Сүйлөмдөргө карап: Бул жерде канча адам? Бир адамбы же бир нече адамбы? Менде кайсы ой жаралды? Таңыркообу же таң калуубу? Мындай эмеспи? Эмне үчүн айтып жатат? д.у.с. кандай ой туулса, өз пикирин таблицага түшүрөт.

| № | Мисалдар | Бул жерде кайсы ой камтылган? | Менде кайсы ой жаралды? | Менин реакциям |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сен жакын арада мени өз үйүмөн да кууп чыгат окшойсуң, а? | коркутуу | Үйүнө жашаткысы келбей жатат | Боорум ачып кетти, бечараны үйүнө батырбай кууп жатат. |
| 2 | Бала буудайды аралай кеткен башка бир жолго бурулду. | | | |
| 3 | –Сен, минтип мага жардам кылбайсың да? | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | — деди. | | | |
| 4 | Эгер билсең, чон кишилер да жаңылышат. | | | |
| 5 | Өмүрүндө көрбөгөн бул чоочун кишилер аны аябай таң калтырды | | | |
| 6 | Сууга ыргытылган күчүктөй бүжүрөп тургусу келбеди. | | | |

Таблицаны толтуруп, ой-пикирлерди талкуулагандан кийин текст таркатылат. Текстти окуп чыгышып, өздөрү талдоого алган ой-пикирлерлерине автордун оюн салыштырып талкуу жүргүзүшөт.

Көркөм чыгармаларды окутуучунун баракчасынан (интернет баракчасынан) **“Түшүндүрмөсү менен окуу”** усулу - текстти окуп жатканда кездешүүчү түшүнүксүз сөздөр кара менен белгиленип, аларды компьютерден чычкан менен (мышь) басканда түшүндүрмөсү чыгып туруучу ыкма. Колледждин кыргыз адабиятынын программасында кездешүүчү бардык тексттерди киргизип койсок окутууга абдан жеңил болмок.

Жаңы маалыматтык технологиялар, модулдук окутуу, интерактивдүү усулдар, проективдүү методдор, кейс-технология жана башкаларды окутуунун жаңы заманбап технологиялары деп атоого болот. Ушундай методологиялык технологиялардын бири болгон студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн, жетишкендигин жогорулатуучу, чыгармачылык ойлоосун активдештирүүчү, практикалык сүйлөшүүгө, баарлашууга, маектешүүгө тездик менен алып чыгуучу аудио-видео технологиясы заманбап усулдардын бири катары учурда кеңири колдонулууда. Анткени, видео – бул бериле турган билимдин мазмунун өнүгүү, динамикалык абалда натыйжалуу, көрсөтмөлүү берүүнүн заманбап технологиясы. Видео аркылуу окутуунун дидактикалык өзгөчөлүгү катары:

- окуу-маалыматтарды берүүнү рационалдаштыруу, үйрөнүлө турган кубулуштардын өнүгүүсүн, динамикасын көрсөтүү, чындыкты

чагылдыруунун реалдуулугу, маалыматты бир учурда угуу, көрүү аркылуу кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн бергендиги эсептелет.

- Видео фрагменттерди сабактын үч этабында тең колдонууга болот. Эгерде чакырууда колдонулса – мотивациялык, актуалдаштыруучу мааниге ээ болот. Эгерде түшүнүү стадиясында колдонулса, зарыл маалыматтарды кабыл алуу, маселени чечүү маанисинде болот. Эгерде ой жүгүртүү этабында колдонулса – алган билимдерин бекемдөө, көндүм маанисинде болот.

Видеонун колдонулуш максаты жана формасы:

- Иллюстрация түрүндө
- Өз алдынча изилдөө үчүн
- Башкалардын пикирин билүү үчүн
- Мисал, үлгү алуу үчүн
- Көрсөтмө алуу үчүн
- Кошумча материал катары
- Түшүнүксүз теманы түшүндүрүү үчүн [100;12]

Бирок кантип жана сабактын кайсы этабында колдонууну окутуучу өзү пландаштырып алышы зарыл. Көрүлө турган видеонун натыйжалуу болушу үчүн студенттерди ага даярдоо зарыл. Тактап айтканда, сабактын үч этабынын кайсынысында, кандай максатта көрсөтүлө тургандыгын окутуучу алдын-ала эскертүү керек. Эгерде көрсөтүлө турган видеомаалымат өтүлө турган жаңы темага чакыруу иретиндеби же, түшүнүүдөбү, ой жүгүртүүдө пайдаланылабы, андагы маалыматтар сөзсүз түрдө жаңы тема менен байланышта болушу талапка ылайык болуп эсептелет. Эскертүүчү жагдай, окурман-студент видеону көрүп жатканда, андагы маалыматтар жаңы тема менен канчалык деңгээлде байланыша тургандыгына карата алар материалды көрүп, сезип кабыл алышат. Бул көрсөтүүнүн убактысы – методиканын маанилүү элементи болуп саналат. Ошондуктан кайсы темага байланыштуу болбосун, талдоого ала турган видеоматериалдар 1-3 минутадан ашпай, аны көрсөтүү иллюстрация сыяктуу көрсөтүлүшү керек. Эгерде видеоматериал жалпы темада болсо 3-5 минут, эгер татаал теманы камтыса 7-8 минут

болушу керек. Белгилөөчү жагдай, көрсөтүлө турган видеоматериал, эгерде сабактын биринчи этабына тиешелүү болсо, бүгүнкү жаңы тема эмне жана кандай мазмунда болушу керектигин окурман-студент алдын-ала аналитикалык ой жүгүрткөнгө түрткү болот. Эгерде чыгарманын кыскача мазмуну, катышкан каармандар жөнүндө, башкача айтканда бүткүл чыгарманын кийинки жүрүшү үчүн өзөк болуучу окуялар пролог иретинде кыскача көрсөтүлөт.

Эгерде чыгарма же чыгармачыл сүрөткердин өмүр жолу, чыгарманын аягы тууралуу маалымат бериле турган болсо, көрсөтүлө турган видеоматериал эпилог иретинде көрсөтүлүшү керек. Бул жерде видеоматериалдар көрсөтүлүп эле койбостон, алар кандай гана темага байланышпасын анализделиши, синтезделиши, башка чыгармалар менен салыштырылышы, ошол эле мезгилде идеялык-тематикалык, эстетикалык жактан окурман-студент чыгармачылык ойлоосунун деңгээлине жараша адабий талдоого алышы зарыл. Анткени сабакта видеоматериалды көрсөтүү студенттер үчүн жөн эле маалымат каражаты эмес, чыгармачыл ойлонууга, аналитикалык иш-аракет жасоого түрткү болуучу маалымат катары кабыл алынышы маанилүү жана зарыл болуп саналат. Албетте окурман-студент коюлган видеоматериалды көрдү, кабыл алды, түшүнүк алды. Өзгөчө өтүлө турган же өтүлгөн теманы кайрадан аң-сезиминде бышыктады.

Эгерде бир окурман-студент үйгө берилген тапшырманы өзүнүн ою аркылуу айтып берсе, бул жерде окурмандын ою өтө чектелип калат. Эгерде ошол эле тапшырманы тайпалык биримдикте айтып беришсе, же түшүндүрүшсө, окурман-студенттердин ойлору жекече ойлоодон идеялардын көптүгү, күчтүүлүгү, негиздүүлүгү менен айырмаланат. Максатталган маселени чечүүдө аны жолго коюунун шарттары аныкталып, аны чечүүнүн туура жолдору тандалып, алдыга коюлган маселе негиздүү болот. Анын маанилүүлүгү окурман-студент өзүнүн компетенттүүлүгүн белгилүү жазуучунун чыгармасындагы каармандын образын ошол чыгарманы окуу менен маани-маңызын түшүнүп аны талдай алат. Каарманга карата өз

эмоционалдуу мамилесин билдире алат. Көркөм образды жана адабий тилдеги түшүнүктөрүн ошол чыгармадан талдоо аркылуу түшүнө алат. Ошол чыгармадагы каармандардын образдарынын ордун аныктай алат. Башка чыгармадагы каармандар менен салыштыра ала турган деңгээлге жеткендигин Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча жыйынтык сабакта ал процесс кандай ишке ашкандыгын байкап көрөлүк. Сабак жыйынтыктоочу болгондуктан, окутуучу акын-жазуучунун чыгармаларын 40сааттан бери окутту. Ошондуктан аларда чыгармалардын идеялык-сюжеттик-тематикалык мазмуну боюнча толук маалыматы бар. Ошондуктан окутуучу жазуучунун чыгармалары боюнча тартылган көркөм фильмдерден иллюстрацияларды көрсөтөт. Студенттер көргөн иллюстрацияларынын негизинде жазуучунун кайсы чыгармасы, кайсы каарман, аны аткарган актерлорду аныкташат, ошону менен бирге каармандардын образдарына талкуу жүргүзүп, образ жана анын жанрлары боюнча өзгөчөлүктөрүн окурман катары ачып бергенге аракеттер жасалуусу керек экендигин окутуучу эскертет. Сабак башталганда экранда:

1. Сары-Өзөктүн учу-кыйыры жок ээн талаасындагы темир жолду жээктеп төө минген киши баратат.

2. Көк мелжиген учу-кыйыры чексиз деңиздеги жалгыз кайыкта жаш бала сүзүп келе жатат.

3. Эки караан күзгү ээн талаадагы чийлерди аралап кетип бара жатышат.

4. Жер кучактап буркурап ыйлап жаткан аял жана куржун кармаган жаш келин.

5. Жазуучу Т.Касымбековдун сүрөтү жана “Тарых” деген чоң форматтагы жазуу чыгат.

6. А.Токомбаев, Ж.Турусбеков, К.Жантөшев, С.Жусуев, А.Осмонов жана башка акын-жазуучулардын сүрөттөрү 7-9 минута аралыгында көрсөтүлөт.

Экрандагы видео токтогондон кийин окутуучу студенттерден кайсы акын-жазуучулар жана алардын кайсы чыгармалары боюнча бүгүнкү

сабактын мазмуну камтыла тургандыгын чакыруу иретинде сурап алат. Алар программага ылайык көп материал залкар жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармалары экендигин, ошол эле мезгилде Т.Касымбековдун “Сынган кылыч”, А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар”, С.Жусуевдин “Курманжан датка” романдарын, Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна”, К.Жантөшевдин “Курманбек” драмалары, А.Осмоновдун ырлар жана поэмалары тууралуу сөз кыла тургандыгын белгилешет.

Окутуучу бул жерде окурман-студенттин жыл бою алган билиминин натыйжасын канчалык деңгээлде колдоно билүүгө жетишкендиктерин, башкача айтканда окурмандык компетенттүүлүктөрүн текшерүү максатын көздөдү. Анткени окурман-студенттин билимге компетенттүү мамиле кылуусу – бул коом талап кылган билим берүү ишмердүүлүгүнө ылайык таанып-билүүнүн жана аны ишке ашыруунун өзгөчө бир формасы болуп саналат. Ошондуктан жыл бою алган билимдеринде алардын компетенттүүлүктөрү канчалык деңгээлде жогорулагандыгы, конкреттүү кырдаалда, конкреттүү ишмердикте билим, ык-машыгууларын, тажрыйбаларын компетенттүү окурман катары колдонуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгондугун текшерүү максатында тайпаны 4 топко бөлөт:

1-топ. “Журналисттер”

2-топ. “Актерлор”

3-топ. “Жазуучулар”

4-топ. “Сүрөтчүлөр”

Биринчи топ видеоматериалда көргөн эпизоддору боюнча интервью даярдашат. Экинчи топ видеоматериалда көрсөтүлгөн чыгармалардан үзүндү аткарып беришет. Үчүнчү топ видеоматериалда көргөн чыгармаларына эссе жазышат. Төртүнчү топ видеоматериалда көрсөтүлгөн чыгармалары боюнча сүрөт тартышат. Бул жерде колдонулган видеофрагменттер окуу материалы катары маалыматты бир учурда угуу, көрүү, кабыл алуу, сезүү мүмкүнчүлүгүн берди. Анын натыйжасында студенттердин алган билимдерин тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүгүн көрсөтүп,

берилген тапшырманы талапка ылайык көрүп, угуп, окуусу алардын кеп ишмердүүлүгүнүн негизги процесстеринин бирин түздү. Анткени окурман-студент көркөм чыгармалардан фрагменттерди көрүп, угуусу менен аны аң сезиминде кабылдашы кеп ишмердүүлүгүнүн калган түрлөрү менен байланыштырылды. Натыйжада көрүп, укканын мурда алган билимдери менен байланыштырып, аны кайра жазып берүү, сүйлөө кеби менен байланышып, бул процесс аркылуу окурман-студент тарабынан кептин оозеки формасы аткарылып, сүйлөө кеп ишмердүүлүгү ишке ашты.

Ар бир жазылган жазуу ишинин мазмуну, логикалуулугу, тактыгы менен тыгыз байланыштуу. Кептин логикалуулугу, баарынан мурда, ой жүгүртүү менен, кептин байланыштуулугу менен негизделет. [116;16] Башкача айтканда, сүйлөмдө берилген ой, логиканын мыйзамдарына ылайык өз функцияларын аткарып, ырааттуу түзүлгөндүктөн түшүнүүгө жеңил болот. Эгерде сүйлөмдөгү сөздөр башаламан тартипте болуп, логикалык ырааттуулук сакталбаса, анда тексттин мазмунундагы ой түшүнүксүз эле болбостон, башка багытка бурулуп кетиши да толук ыктымал. Ошондуктан окурмандын милдети сүйлөмдү логикалуу түзүүсүндө эле эмес, текстти түзүүдө да логикалуулуктун сакталышынын ролу чоң болуп саналат. Анткени сүйлөм курулушунда ал сүйлөмдөгү сөздөрдүн логикалык орун тартибине жараша чечилгендиктен, текстти логикалык жактан бекем берилгендикте жана жыйынтыктуу түзүлгөн сүйлөмдөрдүн тобу деп түшүнсөк, анда окурман тарабынан түзүлгөн кептин логикалуулугу текст түзүүдө да негизги ролду ойнойт. Анткени окурмандын түзгөн текстинин логикалык структурасы – башталышына, негизги бөлүгүнө, жыйынтыкталышына, [116;16] тексттеги сөздөрдүн байланышуу жолдоруна “уланма, тематикалык” жана алардын өз ара ички мазмундук байланышына түздөн-түз көз каранды болгондугунда.

Окурман-студент окурмандык компетенттүүлүккө ээ болушу үчүн, көрмө каражаттар аркылуу маалымат алып, аны билет, билген маалыматын эсине сактап, практикада колдоно ала тургандыгы жогоруда өтүлгөн сабакта

көрсөтүлдү. Ар бир топ видеодо көргөн фрагменттерин мурдатан алган маалыматтары боюнча көргөн үзүндүлөрүн салыштырышып, жалпылышып, жазышып, айтышып, ошол эле мезгилде гипотезалык көндүмдөргө ээ болушту. Жалпы мазмундан негизги темага байланыштуу ойду бөлүп көрсөтө алышты. Образ тууралуу теориялык билимдерин практика жүзүндө акын-жазуучулардын чыгармаларындагы каармандарды образдык өзгөчөлүгүнө жараша талдоо жүргүзүштү. Ар бир образдын чыгармадагы ордун, ролун белгилөөгө жетишти. Ошол эле мезгилде окурман-студенттин компетенциясын калыптандырууга түздөн-түз тиешеси бар окутуунун түрдүү формадагы техникалык каражаттары, ыкмалары студенттер тарабынан пайдаланылды. Сабак процессинде маалыматты уюштуруу, жеткирүү системасы максаттуу колдонулду. Сабакта окутуунун натыйжаларына жетүүдө окутуунун усулдары, каражаттары орду менен пайдаланылды. Окурман-студенттин компетенциялары калыптанышы үчүн сабактын максатын белгилөө, иш билгилигин ойготуу, аналитикалык, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатуу, алган теориялык билими, билгичтиктери, колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрү жогорулады. Ар бир студент окуу процессинде берилген тема боюнча долборлоо технологиясын иш билгилик менен пайдаланып, андан жыйынтык чыгарууга жетишишти. Өзүн-өзү реализациялоо компетенциялары жогорулады. Башкача айтканда ар бир автордун чыгармаларын көрүп, кабыл алып, ал автордун берейин деген оюн чечмелеп, анын үстүндө ой жүгүртүштү. С.Л.Рубинштейн айткандай: “Көркөм адабият деген чыгарманын мазмунун, маңызын, көркөмдүгүн көркөм элестетүү, кайра жаратуу”. [129] Бул процесс жогоруда белгилегендей, адабий чыгарманы көрүп кабыл алуу, оозеки жана жазуу түрүндө эки этап менен ишке ашты. Биринчиси – ошол адабий чыгарманы өз мезгилинде окуган учурда ББкБ стратегиясы менен ишке ашырылды. Муну менен окурман-студенттин алгачкы чыгармага карата анализ жүргүзүүсү жүзөгө ашты. Экинчиси ирет кабыл алуусу видеоматериалдагы үзүндүлөрдү көрүү процессинен кийин аткарылды. Мында ар бир көргөн

видеомаалыматын өтүлгөн темалар менен байланыштырып, жогоруда белгилеген стратегиялардын негизинде чыгармачыл тапшырмаларды аткарышып, жалпы чыгармалардын идеялык-сюжеттик мааниси, образдар системасы боюнча интерпретациялашты. Натыйжада студенттин окурмандык компетенттүүлүгү жалпы программа боюнча алган билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн ар кандай кырдаалда, өз алдынча жаңы технологияларды колдонуу менен, интерактивдүү жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу аркылуу калыптандырылды. Анткени окурман-студенттин адабий-чыгармачылык ойлоосу жыл бою окуган акын-жазуучулар, алардын чыгармалары жалпы тайпалык биримдикте ар түрдүү темадагы, жанрдагы жана формадагы чыгармачыл иштерди жасоого жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтө алуу менен окурмандык компетенттүүлүгү жүзөгө ашырылды. Жогорудагы сабакта окурман-студенттин бир нече компетенттүүлүгү ишке ашты. Башкача айтканда тайпада канча студент болсо, алардын ар биринин өз көз карашы, пикирлери маданияттуу маанайда жалпылаштырылып, аудиторияда презентацияланды. Сүйлөшүүнүн диалогдук формасы пайдаланылып, ар бир топ өз идеяларын далилдүү, түшүнүктүү айтып берүүгө жетишишти. Аудиторияда айтылган сын пикирлерге толеранттуулук менен мамиле жасалды.

Окурман-студенттин өз ишин уюштуруу жана маселе чече билүү компетенттүүлүгү – көргөн кадрлардагы үзүндүлөр боюнча алган маалыматтарын бир гана окуу процессинде эмес, турмуштук ар кандай кырдаалдардан чыгып кетүү үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонгондугу, чечимдерди кабыл алышкандыгы ар бир топтун презентацияларынан көрүндү. Натыйжада студенттер тайпадагы ар түрдүү ойлорду талдоо аркылуу андан жыйынтык чыгарганга жетишкендиги байкалды.

Ошондой эле окурман-студенттин компетенттүүлүгү экрандан көргөн адабий чыгармалардан үзүндүлөрдү искусствонун бир түрү катары сезишип, эмоционалдуу кабыл алышып, түшүнүшүп, искусствонун башка түрлөрүнөн кыргыз адабиятынын өзгөчөлүгүн белгилешип, образ жана анын маанисинин

көп жактуулугун, ошол эле кезде маалыматтуулугун, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу аркылуу образды жогорку деңгээлде кабыл алганга жетишишти. Окутулган чыгармалар боюнча жыйынтык сабак болгондуктан, өтүлгөн чыгармалардагы образдардын идеялык-сюжеттик айырмачылыктарын салыштырып, анализдеп, идеялык-тарбиялык маңызын синтездөө менен адабий чыгарманы талдоо көндүмдөрүнө ээ болушту. Мындан келип окурман-студенттин адабий-чыгармачылык компетенттүүлүгү жогорулады. Натыйжада жыл бою окуган чыгармаларын, чыгармачыл акын-жазуучулардын чыгармачылыгын ар бир студент өзүнүн адабий-чыгармачыл жөндөмдүүлүгү жогорулагандыгынын негизи катары ар түрдүү темадагы эмес, ар түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий-чыгармачыл жөндөмдүүлүгү арткандыгын алардын жазган синквейн, эссе, даймонд, улама дил баяндарынан көрүндү.

Видеодон көргөн фрагменттерге таасирленүүлөрү, ассоциациялары тууралуу оозеки жана жазуу түрүндө кепти жаратууларынан улам окурман-студенттин компетенттүүлүгүнүн сапатттык деңгээли арткандыгы байкалат. Күтүлүүчү натыйжалар убакыттын өтүшү менен тереңдеп, студент тарабынан адабий материал боюнча тапшырмаларды өздөштүрүү, чечүү татаалдашкандыгы көрүнөт. Ошентип студенттин окурмандык компетенттүүлүгү - алардын билим, билгичтик, көндүмдөрүн өз алдынча колдонууга болгон жөндөмдүүлүгү катары таанылды. Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүгү - ар кандай жанр, темадагы чыгармаларды жазууга болгон жөндөмдүүлүгү калыптанды. Чыгармачылык ойлоо компетенттүүлүгү - алардын өтүлгөн чыгармаларды идеялык-мазмундук, тематикалык, образдык жактан салыштырышып, сюжеттик жактан классификациялашып, өз ойлорун илимий-теориялык жактан такташып, ошол эле мезгилде жалпылашкан жөндөмдүүлүктөрүнөн көрүндү.

Ошондой эле окурман-студенттин ар бир чыгармадан алынган фрагменттерге байкоо жүргүзүү, аларды жалпылоо, өз сөздөрү менен айтып берүү жеке идеялары менен билим, билгичтик, көндүмдөрүн жогорулатты.

Ар бир кадрдагы үзүндүлөрдү көрүү менен алардын сюжетин эске салып, алар тууралуу ой жүгүртүп, андагы себеп-натыйжалык, логикалык байланыштарды ой-сезиминде иргеп, алардын композициялык ырааттуулугун табуу компетенттүүлүктөрү жогорулады. Ошол эле мезгилде:

-Көргөнүн жалпылоо, байкоо жүргүзүү, өзүнүн сөзү менен айтып берүү көндүмдөрү калыптанды;

-көрсөтүлгөн фрагменттер окурман-студенттин элестетүүлөрүн өнүктүрдү;

- кабыл алуу, сезүү, көңүл коюу, көпкө чейин эске тутуу жөндөмдүүлүгү жогорулады.

- ар бир көргөн кадрындагы фрагменттердин негизин түшүнүүлөрү терңдеди;

-чыгармачылык жана өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү артты;

-кесиптик компетенттүүлүктөрү жогорулады.

Жыйынтыктап айтканда, студент өзүнө интеллектуалдык көндүмдөрүн калыптандыруучу билим алууну жана колдонууну, алган билиминин сапатына компетенттүү мамиле жасоону, фундаменталдык, универсалдык, интерактивдүүлүк, вариативдүүлүк, практикалык негиздүүлүктү камтыган компетенттүүлүгү жогорулап өнүктү.

## 3.3 Колледждерде окурмандык компетенттүүлүктү жогорулатууда студенттин өз алдынча иштери окуу процессинин негизги формасы

Баарыбызга белгилүү болгондой азыркы мезгилде мектептен баштап жогорку окуу жайларына чейин билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын түзүү проблемасына көңүл буруу негизги маселелерден болуп саналууда. Анткени бүгүнкү коомдун жаңылануусу, өзгөрүүлөрдүн күтүлбөгөн ылдамдык менен мүнөздүлүшү, ар бир адистен ийкемдүүлүктү, мобилдүүлүктү, күтүлбөгөн жаңы шарттарга ыңгайлашууну, ар кандай маалымат булактары менен иштей билүүнү, кесиптик деңгээлин тынымсыз жогорулатып турууну талап кылууда. Ушундай зарылдыкты пайда кылган шарттардан улам билим берүү системасынын максаты – аалам масштабында

ой жүгүртө билген, келечек багыты жигердүү, чыгармачыл активдүү позициядагы кесипкөй адисти инсан кылып калыптандыруу милдети болуп саналат. Андыктан мектептеги мугалимдер жамаатынан баштап ЖОЖдорго чейин өз ишмердүүлүктөрүн билим берүүнү өнүктүрүү программа концепцияларына ылайык уюштурулууда. Мындан аталган маселелерди чече билбеген компетенттүү адистерди орто кесиптик окуу жайларында даярдоодо, студенттердин өз алдынча иштөөсүн, ошол эле мезгилде окутуунун натыйжалуулугун, экинчиден адис катары даярдоону жогорулатууну өркөндөтүү зарылдыгы келип чыгат. Анткени студенттерге өз алдынча иштерди аткартпасак, алардын өз алдынча чыгармачылык менен иштөө көндүмдөрү калыптанбай калышы ачык аргумент. Анткени “өз алдынча иштөө болочок адистин өз алдынча билим алуу даярдыгын калыптандырат, үзгүлтүксүз билим алуусунун негизин түзөт, аң-сезимдүү, жигердүү жана жаратман атуул болуусуна мүмкүнчүлүк берет”. [53;192] Анткени “билимди гана өздөштүрүүнү камсыз кылган эмес, окуу иштеринин ыкмаларына ээ болгон, өз ишмердүүлүгүн өз алдынча кура алганга жөндөмдүү, рационалдуу ыкмаларды издеп тапкан, аларды окуу боюнча берилбеген шартка келтирүүчү окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу өзгөчө мааниге ээ”. [175;326]

Студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштурууда төмөнкүлөр эске алынуусу зарылдыгы менен шартталат:

“1. Окуу материалын айрым бирдиктерге бөлүү, алардын ар биринин дидактикалык максатын, студенттердин өз алдынча жекече иштеринин түрү, форма жана усулдарын так аныктоонун зарылдыгы;

2.Студенттердин өз алдынча иштеринин уюштурулушу, консультациялардын, жеке же тайпалык сабактардын, атайын усулдук көрсөтмөлөрдүн жардамы менен жөнгө салуунун зарылдыгы;

3. Студенттердин өз алдынча иштери студенттин өзүн-өзү көзөмөлдөөсү же окутуучусу тарабынан көзөмөлдөөнүн зарылдыгы;

4. Ар бир окуу бирдигинин дидактикалык максатка толук кандуу жетишүүсү үчүн окутуучунун камсыздоосунун зарылдыгы" [47;13-15] уюштуруусу менен мүнөздөлөт. Ошондуктан студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууну окумуштуулар:

"1. Практикалык сабактардагы өз алдынча иштер;

2. Аудиториядан тышкаркы өз алдынча иштер" [48;221] деп сунушташат, айрымдары:

"1. Берилген үлгү боюнча көчүрүп-тууроо аракеттери;

2. Маалыматты кайрадан айтып берүү боюнча репродиктивдүү иш-аракеттер;

3. Алынган билимди өз алдынча колдонуунун продуктивдүү иш-аракети" [70;192.91;82-88] бөлүшөт.

Жыл өткөн сайын коомдук өзгөрүүлөрдүн агымынын тенденциясы менен билим берүү багытында орто кесиптик окуу жайларынын студенттеринин кыргыз адабияты боюнча алган билими алардын окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдү берип, натыйжалуу өз алдынча ойлоно алуусуна, өзүнө-өзү жоопкерчиликтүү кароосуна, максатталган туура чечим кабыл алуусуна жетиштирүүчү көндүмдөргө ээ болууну талап кылууда. Демек, мында кыргыз адабиятын окуткан ар бир окутуучунун алдына койгон негизги максаттарынын бири – студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн өз алдынча аткарган иштери аркылуу калыптандыруу маселесинин келип чыккандыгы болуп саналат.

Окутуунун натыйжалуулугуна жетүүдө студенттердин өз алдынча иштери аркылуу билим, билгичтик, көндүмдөрүн өнүктүрүү өзгөчөлүктөрүн чет өлкөлүк Дж. Гилфорд, Е.П.Торренс, россиялык Б.Д.Богоявленская, В.Н.Дружинин, Л.С.Выготский, А.Н.Леонтьев, И.Я.Лернерлер өз эмгектеринде белгилешкен. Ал эми окумуштуулар И.Б.Бекбоев, Э.М.Мамбетакунов, А.М.Мамытов, Н.А.Асипова, Г.Д.Панькова, С.К.Калдыбаев, Т.М.Сияев, А.К.Наркозиев, Н.И.Ишекеев, С.Т.Батаканова ж.б. эмгектеринде белгилеген. Бул маселеде А.Матвеев "адамдын

стандарттык эмес боло алышы, жаңы нерсени жаратуу багытында оригиналдуу ой жүгүртүүсү жана аракети” [94]

Орто кесиптик окуу жайларынын студенти ал кайсы кесиптин ээси болгондугуна карабастан, ал кесиптин адистик квалификациясына ээ болгонго чейин мамлекеттик тилде оозеки жана жазуу тексттерин өз алдынча түшүнүктүү деңгээлде түзө билиши мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошол эле мезгилде өз ара пикирлешүүдө да өз оюн так, түшүнүктүү, экинчи адамга жеткиликтүү бере билүү компетенцияларына ээ болуусу талапка ылайык.

Ошондуктан окутуу процессинде студенттердин өз алдынча ишин туура жана эффективдүү уюштуруу проблемасы актуалдуу болуп саналат. Анын максаты ар бир студенттин ой жүгүртүүсүндөгү өз алдынчалуулугун активдештирүүгө жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталат.

Аталган проблемаларды ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-методикалык кеңеш жана профессордук-окутуучулук курам тарабынан окуу иштеринин бардык түрлөрү, текшерүүнүн ар кандай формалары, аны пландоо, окуу планындагы ар бир предметтин өз алдынча аткарылуучу студенттердин иштери так аныкталышы керек. Ар бир окутуучунун жумушчу программасында, силлабусунда студенттин өз алдынча иштеринин планынан баштап, аткаруучу графиги, тапшыруучу күндөрү, аткаруунун формалары, колдонулуучу адабияттарына чейин окуу жылынын башында түзүлүп, ар бир студенттин колуна берилиши керек. Анткени студенттин өз алдынча иштери алардын өз алдынча окурман катары компетенттүүлүгүн жогорулатуунун негизги каражаты болуп эсептелет.

Студенттин өз алдынча аткарган иштеринин негизги милдети – окутуучунун катышуусуз, бирок окутуучу берген тапшырманы белгиленген график боюнча өз учурунда алган билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн пайдалануу менен максатка жетүүгө умтулуусу.

1. Компетенттүү окурман катары "студенттин өз алдынча иштерин аткаруунун негизги максаты – бул сабактагы окуу ишмердүүлүгүнүн туура уюштурулгандыгынын далили, ал өз алдынча ишти бош убакта өз алдынча кеңейтүүсүн, тереңдетүүсүн жана андан ары улантуусун талап кылуусу." [51]

2. Кыргыз адабияты боюнча түзүлгөн календардык-тематикалык пландарга, жумушчу окуу пландарына студенттердин туруктуу кызыгуусун пайда кылуу менен аны өнүктүрүп тереңдетүү.

3. Студенттердин кыргыз адабияты сабагындагы программалык материалдарды өздөштүрүүсүндөгү билимдерин өркүндөтүү.

4. Студенттердин илимий-изилдөөчүлүк билим, билгичтик, көндүм жөндөмдүүлүктөрүн тереңдетүү.

5. Студенттердин көркөм чыгармаларды окурман катары өз алдынча окуп, аны идеялык-эстетикалык жактан талдай билүү жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу.

6. Студенттин чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүү.

7. Студент менен окутуучунун, студент менен студенттин карым-катышын, идеялаштыгын, руханий адеп-ахлагынын тереңдешин жогорулатуу.

Анткени бул максатты ишке ашырууда окуу процесси учурундагы 45 минутанын ичинде ишке ашыруу акылга сыйбай турган нерсе. Ошондуктан студент окурман катары өзүнүн компетенттүүлүгүн жогорулатуусу жогорку максатталган иш-аракеттерди өз алдынча аткарышканда гана жакшы натыйжаларга жетишилет. Башкача айтканда, окуу процессинин интеграцияланган бөлүктөрүнүн бир катары студенттердин жоопкерчиликтүү, өз алдынча чыгармачыл ишин талап кылуусу, чыгармачыл ишмердүүлүктүн негизи болгон окурмандык компетенттүүлүгүнүн жогорулатышына болгон өбөлгөсү, студенттин окурман катары өтүлгөн материалдарды өз алдынча аң сезимдүүлүк менен өздөштүрүүсү болуп саналат. Жаңы билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болууга багытталган

окуусу, чыгармачылык ишмердүүлүгү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн жогорулагандыгы менен аныкталат.

**Студенттин өз алдынча ишинин максаты жана милдети:**

Студенттин өз алдынча иштеринин максаты - ар бир адистиктин окуу планы менен дал келип, сабак учурунда алган билим, билгичтик, көндүмдөрүн жогорулатуу болуп саналат.

Студенттин өз алдынча иштеринин милдети:

- Теориялык билимдерин практика жүзүндө бышыктоосу;

- Теориялык билимдерин тереңдетүүсү, кеңейтүүсү;

- Атайын илимий-теориялык булактарды үйрөнүү жөндөмдүүлүгүнүн калыптандыруусу жана жогорулатуусу;

- Студенттердин таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн, активдүүлүгүн өнүктүрүүсү;

- Чыгармачылык жигерин, өз алдынчалуулугун, жоопкерчилигин, уюштуруучулугун жогорулатуусу;

- Өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү менен билим, билгичтик, көндүмдөрүн реализациялай алуусу;

- Изилдөө ишмердигин өнүктүрүүсү. “Студенттердин компетенттүү окурман катары чыгармачылыгын өсүшүндөгү негизги кенен талаа болот” [125;576]

Кыргыз адабияты боюнча окуу процессинде студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга караганда өз алдынча иштерди аткартуу менен окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун ортосунда бир нече өзгөчөлүктөрү бар экендигин белгилөөгө туура келет:

1. Студенттердин өз алдынча иштери окутуу программасынын регламентине мазмунунун дал келбестиги;

2. аудиториядан тышкаркы мезгилде аткарылгандыгы;

3. ар түрдүү формада, ар кандай түрдө аткарылгандыгы;

4. отчеттуулугу боюнча кызыктуулугу;

5.эркин, чыгармачылык жигердүүлүктө ишке ашкандыгы менен айырмаланат.

Ал эми окшоштуктары:

1. Окутуунун методологиялык негизин билим берүү процессинде окурман-студенттин өз алдынча иштерди аткаруусунда дидактиканын принциптерин жетекчиликке алгандыгында;

2. Окутуунун эки түрүндө тең дидактикалык принциптердин сакталгандыгы, башкача айтканда илимийлүүлүк, аң-сезимдүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, активдүүлүк жана башка ушул сыяктуулар;

3. Студенттердин өз алдынча иштеринин практикаланышында компетенттүү окурман-студенттин билим, билгичтик көндүмдөрү жогорулабастан, жогорку компетенттүү, руханий адистик сапаттарга тарбиялангандыгы менен мүнөздөлөт.

Студенттердин өз алдынча иштеринин негизги маани-маңызы:

- таанып-билүү иш-аракеттеринин өнүктүрөт;

-кабыл алуусун, көңүл бөлүүсүн, эске сактоосун, эмгекчилдигин, сезимталдыгын өнүктүрөт;

- адабий чыгармачылык активдүүлүгүн өстүрөт;

- жазуу жана оозеки кебин өстүрөт;

- көркөм чыгарманы окуу табитин, руханий адептүүлүгүн калыптандырат жана жогорулатат.

Ошону менен бирге студенттердин өз алдынча иштери адабиятты өздөштүрүүнүн ар кандай ыкмаларына ээ болууга, окурман-студенттин креативдүүлүгүн жана конструктивдик активдүүлүгүн өнүктүрүүгө, окуу жана жазуу ишмердүүлүгүнүн башка субъектилер менен өз ара аракеттенүүгө жөндөмдүүлүктөрүн, окурмандык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт.

Билим берүү системасында студенттин өз алдынча аткарган иштери аудиториядан тышкаркы аткарылуучу иштерге кирет. Студенттин өз алдынча иштери окутуучунун кыргыз адабияты боюнча көрсөтмө, тапшырмасынын

негизинде аткарылуучу жана окутуучунун көрсөтмөсү жок өз алдынча аткарылуучу иштер болуп эки түргө бөлүнөт.

Кыргыз адабияты боюнча окутуучунун көрсөтмөсүсүз студенттин өз алдынча аткарган иштерге:

- лектордун берген адабияттарынын негизинде лекцияны толуктоо, бышыктоо иретинде илимий-теориялык адабияттарды конспектилөө;
- рефераттын планын түзүү, ага керектүү маалыматтарды топтоо;
- темага, өтүлүп жаткан предметке байланыштуу макалаларды чогултуу, тизмелөө, окуп чыгуу, салыштыруу;
- өтүлүп жаткан предмет боюнча микроизилдөө жасоо;
- практикалык сабактын иштелмелерин даярдоо;
- дисциплина боюнча түзүлгөн электрондук тесттердин жоопторун таап, иштеп чыгуу.

Кыргыз адабияты боюнча окутуучунун көрсөтмөсү, тапшырмасы менен аткарылган студенттин өз алдынча иштерге:

- коллоквиум
- текшерүү иштерин аткаруу, жазуу
- курстук иштерди жазуу
- квалификациялык (дипломдук) иштерди жазуу жана башкалар кирет.

Жогоруда белгилеген иш-аракеттер студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатат жана окурмандык табитин арттырат.

**Студенттин өз алдынча иштерин уюштуруу**

Студенттин өз алдынча иштерин уюштуруунун методикасы окулуп жаткан кыргыз адабияты предметтин өзгөчө мүнөзүнө, мазмундук түзүлүшүнө, сааттын көлөмүнө, студенттерге берилген тапшырманын түр, формаларына, ар бир студенттин жекече өзгөчөлүгүнө, окуу ишмердигинин шарттарына жараша түзүлөт.

Студенттин өз алдынча иштерин уюштуруу процесси төмөндөгүдөй этаптардан турат:

1. Даярдоо этабы. Максатты аныктоо, тапшырма боюнча программа түзүүнү, методикалык жактан камсыздоону даярдоо, көрсөтмө куралдарды даярдоо.

2.Негизги этап. Программаны жайылтуу, информациялык маалыматтарды тактоо, аны өздөштүрүү, аларды кайрадан иштеп чыгуу, колдонуу, натыйжаны жалпылоо.

3. Жыйынтыктоочу этап. Ишти баалоо, натыйжаны анализдөө, аны системалоо, программанын өндүрүшкө кабыл алуу эффективдүүлүгүн баалоо, жалпылоо.

Студенттин өз алдынча иштерин уюштурууну жана камсыздоону окуу-методикалык бөлүм, колледж, университет алып барат.

Ал эми белгилүү бир предметтен аткарылуучу студенттин өз алдынча иштери окутуучунун белгиленген графиги боюнча ишке ашат. Студенттин өз алдынча иштеринин сааты КРнын Илим жана билим берүү министрлиги тарабынан бекитилгин окуу планында көрсөтүлгөн. Окуу планынын негизинде жумушчу программа түзүлүп, анда студенттин өз алдынча иштеринин аткаруу формалары берилген. Маселен:

**Студенттердин өз алдынча иштөөсүнө тапшырмалар (СӨАИ)**

**1-семестр, 16 саат**

| **№** | | **Темасы** | **СӨАИ темасы** | **Аткаруунун формасы** | **адабияттар** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | **Нег.** | **Кош.** |
| 1 | 2с | Молдо Нияз (1823-1896). “Санаттар” | “Даткайым сулуу” | Айтып берүү | 4,6,7 | 17 |
| 2 | 2 с | Тоголок Молдо (1860-1942) «Жер жана анын балдары», “Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы” | “Куштардын аңгемеси” поэмасы | Класстер түзүү | 4,6,7 | 18 |
| 3 | 2 с | Касым Тыныстанов (1901- | Кыргыздын салт-ырасымы | Эссе жазуу | 1,6,7 | 9,22 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1938). “Жаңыл Мырза” поэмасы | | | | |
| 4 | 2 с | М.Элебаев. (1906 - 1944) «Узак жол» романы | Бала менен ата-эненин байланышы, жетимчилик жөнүндө ойлор. (эки бөлүктүү күндөлүк) | Чыгармадан эненин асыл сапаттарын көрсөткөн үзүндүлөрдү жазып келүү | 4, 6,7 | 12 |
| 5 | 2 с | А. Токомбаев (1904-1988) “Кандуу жылдар” романындагы тарыхый урунттуу учурлар | Улуттук-боштондук күрөш | Көтөрүлүштү н урунттуу учурлары нан мисал табуу | 4, 6, 7 | 12,13 |
| 6 | 2 с | Алыкул Осмонов (1915-1950) Лирикалары, поэмалары | “Махабат” поэмасы | “Майдын түнү” поэмасы менен Венндин диаграммасы н түзүү | 2,4,6, 7 | 25 |
| 7 | 2 с | Райхан Шүкүрбеков (1913-1964) «Жинди суу» термеси | Ичкиликтин коомго тийгизген зыяндуулугу | “Т” схемасын түзүү | 1,4,6, 7 | 23 |
| 8 | 2 с | Төлөгөн Касымбеков (1931-2011) “Сынган кылыч” романы (үзүндү) | Ордодогу бийлик оюндары, анын курмандыктары | Синквейн | 4,7 | 23 |
| | **16** | **Баары** | | | | |

**Студенттердин өз алдынча иштөөсүнө тапшырмалар (СӨАИ)**

**2-семестр, 14саат**

| **№** | **Сааты** | **Темасы** | **СӨАИ** | **Аткаруунун формасы** | **Адабият-р** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | **Нег** | **Кош** |
| 1 | 2с | Ч Айтматов (1928-2008) Өмүрү жана чыгармачылыгы “Гүлсарат” повести | Гүлсары жана Танабай: окшоштуктар, жакындыктар, | Венндин диаграммасы | 3, 5,6 | 1,2, 12 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | айырмачылыктар | | | |
| 2 | 2 с | “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повести | Чыгармадагы уламыштар | Угуп түшүнүү | 1,3 | 1 |
| 3 | 2 с | “Кыямат”романы (үзүндү) | Баңгичилик темасы – романдын өзөктүү темаларынын бири | Эссе жазуу | 3 | 1 |
| 4 | 2 с | М.Байжиев (1935) “Төрт адам” драмасы | Азиз – абийир, актык, тазалыктын символу | Даймонд | 3 | 1 |
| 5 | 2 с | С. Жусуев (1925) “Курманжан датка” романы | Алай ханышасынын тарыхый орду | Синквейн | 3 | 1 |
| 6 | 2 с | Ш. Дүйшеев «Агындылар» (үзүндү) | Улуттук рух жана инсан | Эссе жазуу | 3 | 1 |
| 7 | 2 с | А.Муратов “Адеп аңгемелери” | Аманатка кыянат кылбоо адеби. | Эссе жазуу | 3 | 1 |
| | **14** | **Баары** | | | | |
| | | **Жалпысы** | | | | |

Ар бир студент өз алдынча иштерди аткаруу менен билим, билгичтик, көндүмдөргө жана төмөндөгү компетенттүүлүккө ээ болду:

- көркөм чыгарманын түзүлүшү, тектери, түрлөрү, жанрлары боюнча алган билимдери кеңейди;

-адабий чыгармачыл инсандардын программадагы чыгармалары боюнча билимдери бышыкталды жана толукталды;

- чыгармачыл инсандар боюнча жазылган адабий сын макалалар менен таанышышты;

- чыгармачылык жана өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүктөрү өстү;

- илимий-теориялык булактар менен иштөө аркылуу изилдөө жөндөмдүүлүгү артты;

- кептин кара сөз, драма, ыр түрүндө берилишин аныктоого жетишишти;

- автордун көз карашы, автордун өмүр жолу менен чыгармасынын ортосундагы байланышты аныктай билгенге жетишишти;

- чыгарма жазылган мезгил жөнүндө үйрөнүп, чыгарманын бүгүнкү күндөгү маанисине баа бере алууга жетишишти;

- жазуу жана оозеки кеби өнүгүп, сөздүк кору байыды;

- адабий көркөм табиттери ашты;

- чыгармачыл активдүү көз карашы терендеди;

- креативдүүлүк жөндөмдүүлүктөрү жогорку деңгээлге өсүп жетилди.

Кандай гана окуу процесси болбосун студенттин өз алдынча иштери – окуу планында көрсөтүлгөн студент-изденүүчүнүн илимий-изилдөөчү катары аудиториядан тышкаркы жетекчи-окутуучунун методикалык көрсөтмөсү менен аткарылуучу иш процесси болуп саналат. Анткени студенттин өз алдынча иштери орто кесиптик окуу жайларында аткарылуучу студенттин негизги илимий ишмердигинин ошол эле учурда окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун бир түрү катары таанылат. Дегенибиз мамстандартта ар бир предмет боюнча окуу планында берилген жалпы сааттын 20%ы студенттин өз алдынча иштерине бөлүнгөн. Буга байланыштуу жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында жогоруда белгилеп өткөнүбүздөй эки практикалык иш аткарылат, бири – окуу ппоцессиндеги практикалык сабак, экинчиси – окуу процессинен сырткы студенттин өз алдынча иштери. Ошондуктан студенттин өз алдынча иштери атайын максатка багытталышы жана эффективдүү болушу шарт. Бул шартты аткаруу үчүн, албетте студент СӨАИни окутуучунун көрсөтмөсү менен бир семестрден экинчи семестрге чейин аткарышы керек, себеби студенттин өз алдынча иштери жалпы окуу процессинин жүрүшүндө негизги ролду ойнойт. Студентин өз алдынча иштеринин формасы ар кандай. Студенттин өз алдынча иштери студент-окурмандын өз алдынча таанып билүү компетенттүүлүгүн жогорулатуунун каражаты катары төрт тиби белгиленип жүрөт:

1. Репродиктивдүү өз алдынча иш. Үлгү боюнча студенттин өз алдынча иштери;

2. Вариативдик өз алдынча иш;

3. Эвристикалык өз алдынча иш. Мында студенттердин мурда алган билимдеринин, элестетүүлөрүнүн, түшүнүктөрүнүн, байкоолорунун негизинде өз алдынча тыянак, эрежелерди чыгарууга жетишүүчү иш. [95;760]

4. Чыгармачылык менен аткарылуучу студенттин өз алдынча иштери.

Эскерте кетүүчү жагдай, студенттин өз алдынча иштерине репродиктивдүү, башкача айтканда үлгү багыттындагы иштерди аткаруу эмес, натыйжага ээ болуучу, чыгармачылык менен аткарылуучу өз алдынча иштер кирет. Үлгү багытындагы иштерди аткарууда студенттин окурман катары компетенттүүлүгү жогорулабайт, себеби окутуучунун чийген таблицасына же көрсөтмө схемасына карап туруп, ошо сыяктуу окшоштуруп берилген тапшырманы иштейт. Мындай жагдайда студент тапшырманы аткаруу үчүн анын жолдорун, натыйжа, сапатын ойлоно бербейт. Болгону үлгүгө карап туруп механикалык түрдө берилген тапшырманы аткарып коет. Демек, бул процессте студенттин изденүү, ойлонуу, чыгармачылык активдүүлүк, интеллектуалдык компетенттери ошол бойдон кыймылсыз кала берет. Ошондуктан окутуучу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн өз алдынча аткарылуучу иштердин формаларын талапка ылайык улам жаңылап туруу зарыл шарттардан болуп эсептелет.

Экинчи вариативдик типтеги окурман-студент өз алдынча аткарылуучу иштердин ар кандай варианттарын ойлоп, кошумча булактарды издеп, өздүк ишмердүүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүп, окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууга аракети күчтүү болот.

Үчүнчү типте студент-окурман өз алдынча аткарылуучу иштерди окутуучу тарабынан берилген тапшырма боюнча чыгармачылык менен бирдиктүү, тайпалык күчтүү идеялардын жетегинде өз алдынча жыйынтыктарды чыгарышат. Аны жалпылап, бир нече сунуштарды киргизишет. Анын натыйжасында окутуучу тарабынан түзүлгөн татаал проблемалуу ситуацияны чечүүгө багытталган ишмердүүлүк компетенциялары жогорулайт.

Төртүнчү типте окурман-студент берилген тапшырманы жаңыча ойлоп, жаңы варианттарын изденип, мурда өтүлгөн темалар менен байланыштырып аткарышат.

Окутуучу тарабынан иштелген СӨАИнин бир үлгүсүн мисал катары берсек. Текстке ссылка берилет, студенттер ссылка аркылуу Google дисктен текстти угушат.

**Студенттин өз алдынча иши. Ч.Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повести боюнча тапшырмалар.**

**Жалпы упайы – 3 упай**

**Тайпасы _____________ Студенттин аты-жөнү ______________________**

**СӨАИнин максаты:**

*- Текстти угуп, ага карата берилген тапшырмаларды жазуу жүзүндө айтып берип, анын негизинде адистиктин алкагында эркин темада өзүнүн оригиналдуу тексттин жаратат.*

*-Текстте берилген фактыларды бөлүп көрсөтөт.*

*- Жанры жана стили боюнча ар кандай тексттерди жаратат.*

**1. Текстти уккандан чейин төмөнкү суроолорго жооп жазабыз. Берилген суроолорго карата макул же каршы болуп, өз көз карашыбызды билдиребиз** – *0,3 упай*

1. “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повести кимге арналып жазылган?
2. Кыргыз элинде Жердин пайда болушу жөнүндө кандай уламыштар бар?
3. Кыргыз элинде ата-бабаларыбыздан бери келе жаткан кандай жазылбаган мыйзамдарды билесиңер?

**2. Төмөнкү сөздөрдүн маанилештерин (синонимдерин) аныктап жазгыла – *0,2 упай***

а) омуролоо …………………………………….........

б) сүрдүгүү ………………………………………..

в) булуң …………………………………………………

г) алибеттүү ..................................................................

**3.Текстти эки жолу угабыз. Андан соң төмөнкү тапшырмаларды иштейбиз.**

**https://drive.google.com/file/d/10GGrom8FqKw_3N4ibjp5jC0xkg6Ub8a2/view?usp=sharing №1**

4. **Quiz Botто тест иштөө –** *0,4 упай*

**5. Берилген сөздөрдүн маанилерин чечмелеп, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө –** *0,2 упай*

а) шыбаттуу ……………………………………………………………

б) өчөгүштүү …………………………………………………………

в) өпкө кагуу …………………………………………………………

г) айыгыш …………………………………………………………......

**6. Окуяны улантып жазгыла. Толгоосу күчөп, айласы куруган Лувр өрдөк** - *0,3у.*

………………………………………………………………………….........

**7. Эмне үчүн деңиз жээгиндеги аска «Ала-Дөбөт» деп аталып калган? Себебин жазгыла –** *0,3у.*

…………………………………………………………………………………

**8. Текстте сейрек колдонулган сөздөрдү таап, алардын маанисин жазгыла, аз колдонулган себебин айтып бергиле -** *0,3 у.*

***Саңоор*** *–*

***чулдук*** *– буттары узун, ичке узун тумшуктуу, анчалык чоң болбогон саз кушу*

***оозандырыш*** *-*

**9. Текстке 2-3 сүйлөмдөн турган аннотация жазгыла –** *0,2 у.*

*1. Автору ким?*

*2. Үзүндүдө ..............................................................................сөз болот.*

*3. Кимдерге арналган?*

.........................................................................................................................

**10. Текстти публицистикалык стилге айлантып айтып бергиле -** *0,3 у*

**11. Аңчылардын фотороботтун түзгүлө. Каармандардын фотороботун кантип түздүң? Баяндоо тексттин жазгыла – *0,5 у.***

*Мен каармандардын фотороботун түзүш үчүн* ...............................................

Жогорудагы өз алдынча иш окутуучу тарабынан иштелип, студенттерге үйгө берилет. Студенттер аны үйдөн аткарып келишет. Тапшырманы угуп иштөө аркылуу студенттин угуу сезимин өнүгөт, пассивдүү жана активдүү сөздүк кору байыйт, чыгарманы кайра-кайра угуп, толук окуп чыгуу үчүн далалат кылат, окурмандык кызыгуусу артат.

Натыйжада студенттин өз алдынча ишти аткаруудагы чыгармачылык жигердүүлүк компетенттүүлүгү теориялык жана практикалык жактан түздөн-түз бири-бирине көз каранды жана биринен экинчиси айырмаланган үйрөнүү, бирин-бири окутуу, түшүнүү, ой жүгүртүү сыяктуу түшүнүктөрдү камтыйт. Булардын ичинен үйрөнүү компетенттүүлүгү таанып маалымат алуучу же берүүчү когнитивдүү, интеллектуалдуу мааниде ишке ашат.

Когнитивдүү үйрөнүүдө кандай студент болбосун, уккан маалыматын элестетүү менен аны эсине сактап, толук кандуу эсине сакташ үчүн бүт көңүлүн буруп, аны образдуу таанып билгенге аракет жасайт. Анын натыйжасында алган маалыматын окуп билет, өздөштүрүп, андан белгилүү түшүнүк алат да, аны экинчи бирөөгө кеби аркылуу түшүндүрөт. Анын негизинде окурман-студенттин ички психологиясында өсүү процесси жүрөт. Чыгармачылык ойлоо компетенттүүлүгү жогорулагандыгы үчүн студент же студенттер ар кандай тапшырма, проблемаларды чечкенге жетишишет. Өз максаттарына жетүү үчүн аракеттенүүсүнүн натыйжасында интеллектуалдык, акыл, ойлоо компетенттүүлүгү жогорулайт. Бир эле мезгилде үйрөнүүнүн эки компененти бири-бири менен тыгыз байланышкандыгы менен мааниси жагынан бири-биринен айырмаланып турушат. Экинчи чыгармачылык окутуу фазасында биз жогоруда көп ирет белгилегендей студент билимди окутуудан алат, үйрөнөт. Бирок натыйжа кандай болору “субъектин компетенттүүлүгүнө – алган билимин синтездөөсүнө, берилген теманы интеллектине жараша таанып билүүсүнө”

[39;65] жараша болот. Анткени бул өзгөчөлүк компетенттүү окурман-студенттин көз караш түшүнүгүнө, билимге болгон мамилесине, жалпы чыгармачылык ишмердигине, моралдык-этикалык өзгөчөлүгүндөгү мүнөздүк системалуулугуна жараша ишке ашат.

Демек, бул өзгөчөлүктөргө караганда студенттин өз алдынча иштеринде алардын компетенттүүлүгү:

- ➢ Чыгармачыл ойломдорунун интеллектуалдык жаңылыгынан;
- ➢ Берилген тапшырманы башкача нукта көрө билүү жөндөмдүүлүктөрүнөн;
- ➢ Берилген тапшырманын өзгөчө касиеттерин таба билүү аракеттеринен;
- ➢ Көптөгөн проблемаларды чечүүнүн жолдорун көрсөтүүлөрүнөн көрүндү.

Демек, бул жердеги студенттин өз алдынча иштерин аткаруудагы окурман-студенттин компетенттүүлүгүнүн маңызы эмнеде дегенде, төмөндөгү артыкчылыктарды белгилөөгө болот:

- ✓ Кандай кырдаал болбосун негизги маселени көрө билгендигинде;
- ✓ Өтө сезимтал, кыраакылыгында;
- ✓ Берилген тапшырманы тез кабыл алып, ага тез реакция жасай билгендигинде;
- ✓ Берилген тапшырманы заман талабына ылайык турмуш менен байланыштыра билгендигинде;
- ✓ Эски көз караштын четке кагып, шаблондон чыга билүүсүндө;
- ✓ Жалпыланган идеяларды тездик менен топтоштуруу жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болгондуктарында;
- ✓ Берилген тапшырманы конкреттештирүүгө, синтездештирүүгө жөндөмдүүлүгүндө;
- ✓ Жогорку деңгээлдеги компетенттүүлүгү менен аудиторияны ынандыра алгандыгында.

Анткени бул жерде окурман-студенттин компетенттүүлүгүнүн маңызын анын турмушка болгон активдүүлүгүнүн негизи түзүү менен ишенимдүүлүгүнүн, аң сезимдүүлүгүнүн деңгээли анын көз карашы, кеби менен аныкталды.

**Үчүнчү бап боюнча корутунду**

Үчүнчү бап **«Колледждерде студенттердин окурмандык компетенттүүлүүгүн интерактивдүү усулдардын негизинде жогорулатуунун методикасы»** деп аталат. Бул бапта кыргыз адабияты предметин окутуунун максаты катары орто кесиптик окуу жайларынын 1-курсунун студенттеринин адабий билимин жогорулатуу, окурмандык ишмердүүлүгүн арттыруу, эне тилинде оозеки кеп казынасын өстүрүү, сөздүк корун байытуу менен көркөм ой жүгүртүүсүн калыптандыруу жана интерактивдүү усулдардын негизинде чыгармачылык ой чабытын өнүктүрүү болуп саналгандыгы белгиленет.

Диссертацияда изилденип жаткан маселебиздин изилденүү абалы студенттердин кыргыз адабияты сабагында окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу зарылдыгы тууралуу маанилүү тыянакка алып келди. Иштелип чыккан усулдардын негизги өзгөчөлүгү болуп колледждин 1-курсунун студенттеринин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн көркөм чыгармаларды окууга кызыктыруу, аларды өздөштүрүү аркылуу сөз байлыгынын кенен болушуна, сүйлөө маданиятынын калыптанышына, ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө шарт түзүү болуп саналат. Орто кесиптик окуу жайларынын студенттери кыргыз адабиятын дүйнө таануунун, адеп-ахлак, таалим-тарбия алуунун башкы каражаты катары кабылдап, адабий билимди терең өздөштүрүп, аны өз турмушунда, болочок кесиби менен иштөөдө колдоно билүүгө жетүү максатында окушат.

“Кыргыз адабияты сабагында студенттин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун технологиялары” бөлүмүндө окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүү максатында инновациялык

технологиялар менен өтүлгөн сабактардын эң негизгиси интерактивдүү усулдар менен өтүлгөн сабактар, башкача айтканда традициялуу сабактардан айырмаланган, динамикага багытталган, үйрөнүүчүлөрдүн сабакка болгон кызыгуусун арттырган сабактар экендиги айтылып, Бенджамин Блумдун таксономиясынан келип чыккан "Блумдун ромашка гүлү" деп аталган усул аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун жолдору берилди. Андагы фактологиялык, тактоочу, практикалык, чечмелөөчү, интерпретациялоочу, баалоочу суроолордун кандай жана кандайча берилери Ч.Айтматовдун "Кылым карытар бир күн" романынан негизинде иштелген сабакка таянуу менен сунушталды. Мындан башка да бир нече суроолордун түрлөрүн берүүгө мүмкүн болору айтылып, суроону туура түзө билүүгө да машыктырууга болору көрсөтүлдү. Суроо канчалык так берилсе, жооп берүү да оңой болот, так, таамай түзүлгөн суроолорду берүү окутуучунун билим деңгээлинен көз каранды, тактап айтканда окутуучунун суроосу – күчтүү инструмент.

"Кыргыз адабияты сабагы аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн интерактивдүү жолдор менен өнүктүрүү" бөлүмүндө студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун методикалык ыкмалары: текстти талдап окуу, текстти бөлүктөргө бөлүп окуу, окуп түшүнүү, өз пикирин жазуу, каршы пикир жазуу, чыгарманын картасын түзүү, "Окуйбуз, ойлонобуз, түзөбүз", "Окурмандын баарлашуусу" жана башка бир нече интерактивдүү ыкмалар сунуш кылынды жана аталган ыкмалардын эффективдүү экендигин тажрыйбада сыноодон өткөрдүк. Ошону менен текстти окууда жаңы түшүнүксүз сөздөрдү, сөз айкаштарын түшүндүрүү менен ассоциациялоо; текстти талкуулоо үчүн "акыл-эс чабуулу" ыкмасындагы суроолор жана тапшырмалар менен иштөө, окуган тексттинин негизинде чыгарманын картасын түзүү, графикалык уюштургучтар (кластер, концептуалдык карта ж.б.) менен иштөө, видео, аудио сабактар менен иш алып баруунун жолдору сунуш кылынды.

“Колледждерде окурмандык компетенттүүлүктү жогорулатууда студенттин өз алдынча иштери окуу процессинин негизги формасы” бөлүмүндө студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн дагы бир жолу бул – өз алдынча иштер экендиги көрсөтүлдү. Анда студенттин өз алдынча иштеринин максат-милдеттери, түрлөрү, варианттары, уюштуруунун жолдору, аткаруунун жолдору, формалары, календардык-тематикалык пландагы сааты көрсөтүлүп, өз алдынча иш менен иштөөнүн оптималдуу варианты катары “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повести боюнча иштелген угуп түшүнүү тапшырмасы сунушталды.

Жыйынтыктап айтканда, окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүүдө студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн интерактивдүү окутуунун усул-ыктарын салттуу окутуу системасы менен салыштыруу, анализдөө, синтездөө, жалпылоо маселеси да козголуп, студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги шарттары катары кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармалар, алар көтөргөн идеяларды жеткирүү боюнча окутуунун интерактивдүү усулдарын пайдалануу учурдун талабы экендигин көрсөттү. Демек, кыргыз адабиятын окутуу менен студенттердин адептик тарбия алышына, эстетикалык табитинин жогорулашына өбөлгө түзүп, көркөм чыгармаларды көп окууга, алар көтөргөн идеялардан таалим-тарбия алууга, сөз казынасын байытууга, оозеки жана жазма кебин өстүрүүгө мүмкүнчүлүк беребиз.

## Изилдөөнүн жалпы жыйынтыгы жана практикалык сунуштар

Коллеждерде студенттерге адабиятты окутуу менен окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууда жаңыча усул-ыкмаларды, жаңычыл технологияларды колдонуу өтө курч маселе болуп келүүдө. Мына ошондуктан салттуу окутуу методикасы менен бирге жаңычыл окутуу, заманбап усул-ыкмаларды пайдалануу, сабактарды көрсөтмөлүү өтүү жана алдыңкы технологиялык жетишкендиктердин жардамы менен окуп-үйрөтүүнүн натыйжалуулугун арттыруу түшүнүгү күн тартибиндеги

маанилүү маселелерден болуп калды. Анткени аалам масштабында өзгөрүүлөрдөн улам маданий, илимий тажрыйбалардын интеграциясы жүрүүдө. Натыйжада заманбап шарттарга тездик менен көнүгүү, окуп үйрөтүлгөн адабияттын жардамы менен ар бир студенттин билимин, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, ар кандай кырдаалдардан чыгып кетүү жана ага бат аралашуу, башкача айтканда компетенттүүлүгүн жогорулатуу көйгөйү алдыга коюлду.

Учурда колледждердин студенттеринин адеп-ахлак, жүрүш-туруш маселелеринде мүчүлүштүктөрдүн көп болушу, улуттук салт-санаалардын, элдик нарктын жоголуп баратышы, рухий дөөлөттүн ордун материалдык байлыкка алмаштыруу жолдорунун күчөп баратышына байланыштуу, студенттердин социалдык чөйрөсүн таанып билип, алардын адамдык асыл сапаттарын калыптандыруу максатында кыргыз адабияты предмети боюнча сабактардын үлгүлөрүн сунуштоого аракеттендик. Эмгекте сунушталган сабактын үлгүлөрүн окутуучулар сөзсүз пайдаланышы керек дегенден алыспыз, ошентсе да өзүбүз байкаган, изилдеген окурмандык компетенттүүлүктү интерактивдүү формада өнүктүрүүнүн жолдорун, уруntуу учурларын чагылдырууга аракет жасадык. Биздин ой корутундуларды жалпылоодо усулчу окумуштуулардын, белгилүү педагогдордун ойлорун далилдөөдө колдондук.

Диссертациялык изилдөөбүздүн алдына республиканын орто кесиптик окуу жайларынын 1-курсунун студенттерин компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун натыйжалуу технологияларын иштеп чыгуу, эксперименттик сынактан өткөрүү милдети коюлган.

Аталган изилдөө колледждерде кыргыз адабиятын окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун маанилүү милдеттери нугунда каралат: адабиятты окутуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу, аны өнүктүрүүнүн жолдорун, усулдарын, каражаттарын жана ишке ашыруунун технологияларын иштеп чыгуу болуп

эсептелет. Бул милдеттерди аткаруу колледждин студенттеринин адабий-теориялык билимдерин жогорулатуусуз ишке ашыруу мүмкүн эмес.

***Изилдөөбүздүн негизги максатына ылайык төмөндөгү милдеттер аткарылды***;

**1. Биринчи милдетте** изилдөөнүн илимий-методикалык проблемаларын анализдөө менен кыргыз адабиятын колледждерде окутууда негизги окурмандык компетенттүүлүктү пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөгө алдык. Аталган маселени чечүүдө анын илимий-методикалык негиздери аныкталып, такталды. Илимий-методикалык негиздеринде бул маселени биз изилдөөгө алганга чейинки ата мекендик жана чет элдик окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө байланыштуу жарык көргөн булактарга талдоо жүргүзүлдү. Учурда заманбап билим берүү мекемесинин актуалдуу милдеттеринин бири үйрөнүүчүлөрдүн окуу компетенттүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жана тексттик маалымат менен иштөө жөндөмдүүлүгү студенттерге академиялык жана предметтик компетенцияларды өздөштүрүүсүнө шарт түзөт жана натыйжада социалдашуу процессин ийгиликтүү ишке ашат. Студенттердин компетенттүүлүктөрүн окутуу процессинде калыптандыруу, өнүктүрүү боюнча орус окумуштууларынын (Л.П.Алексеева (1999), Н.В.Кузьмина (2019) ж.б.) жана кыргыз педагогдорунун (Н.А.Асипова (2021), А.Алимбеков (2019), К.Д.Добаев (2022), Н.К.Дюшеева (2015), М. Х. Манликова (2020), Б.М.Акматов (2016), А.Ж.Муратов (2013), М.М.Сыдыкбаева (2017), С. К. Рысбаев (2022) ж.б.) эмгектерин методологиялык негиз кылып алдык.

Бүгүнкү күндө заманбап билим берүү мекемелеринин актуалдуу милдеттеринин бири үйрөнүүчүлөрдүн окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат. Бул багытта коңшу мамлекеттерден окумуштуулар: (Н.Е.Колганова (2013), Т.Ю.Плетьяго (2013), Н.Л.Кольчикова (2013) И.В.Ставцева (2014), А.Е.Кожаниязова (2016) Т.Кунекова (2017)), кыргыз окумуштуулары Г.У.Сооронкулов (1987),

С.К.Рысбаев (2022), Ж.Э.Жолдошалиева (2022), Б.Абдухамидова (2022) изилдөө жүргүзүшкөн.

Жыйынтыгында, колледждерде кыргыз адабиятын окутуп-үйрөтүүдө окутуунун заманбап усулдарын колдонуу аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун принциптери жана методдору сабактын максаты, мазмунуна ылайык тандала тургандыгын аныктай, тактай алдык.

**2. Экинчи милдетте** колледждерде студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн окутуунун заманбап усулдары, каражаттары жана аларды ишке ашыруунун технологияларын колдонуунун жолдору иштеп чыгылды. Орто кесиптик окуу жайларынын студенттеринин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн бир нече интерактивдүү сабактын моделдери белгилүү максатка ылайыкталып түзүлүп, практикаланды. Сабак процессинде студенттерге өтүлө турган теманын мазмунунун заманбап технологиялар менен өтүү биринчиден, студенттердин алган билиминин бышыкталып, тереңдешине өбөлгө болсо, экинчиден, алардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүн, сабакка болгон кызыгуусун арттырды, мурдагы студенттердин жообун угуп отурган студент айтылып жаткан ой-пикирлердин мазмунуна карап, айтылбай, унутулуп калган материалдарды кошумчалап, толуктаганга мүмкүнчүлүк алды. Мунун негизинде студенттердин мурда алган түшүнүктөрүн байытуу менен көркөм чыгарманы толугу менен кызыгып окуп чыгууга болгон жөндөмдүүлүгү артты.

Колледждерде кыргыз адабияты сабагында окутуунун заманбап усулдарын колдонуу аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун жолдору иштелип чыкты, анын моделин практикада колдоно билүүнүн шарттары аныкталды жана бул маселенин турмушка ашырылышында иштелип чыккан усулдар орто кесиптик окуу жайларынын иш тажрыйбасына сунушталды.

Изилдөөбүздө эскертилип өткөндөй, орто кесиптик окуу жайларында окуган студенттерге кыргыз адабияты сабагында интерактивдүү усулдарды колдонуп өткөн ар андай сабак үч этаптан турат:

- чакыруу;
- түшүнүү;
- ой жүгүртүү

Ар бир этапта окутуучу чебечилигине ылайык төмөндөгү ыкмаларды колдонсо болот. Мисалы:

Чакыруу этабында колдонулуучу ыкмалар: “Окурмандын баарлашуусу”, кластер, концептуалдык карта, ББкБ, мээге чабуул ж.б.

Түшүндүрүүдө колдонула турган стратегиялар: башкарып окутуу, зигзаг, авторго суроо, кайчылаш дискуссия, эки бөлүктүү күндөлүк, “Окуйбуз, ойлонобуз, түзөбүз”, , “Түшүндүрмөсү менен окуу” ж.б.

Ойлонууда колдоно турган ыкмалар: чыгарманын картасын түзүү, синквейн, даймонд, каршы пикир жазуу ж.б.у.с. усулдар учурдагы окутуунун жаңы кырдаалында, биргелешкен аракетте, педагогикалык процесстин субьектилеринин жөндөмдүүлүктөрүн камсыздандыруучу билимге ээ болуунун өзгөчө түрү болуп саналат. Ошондой эле жаңы технологиялардын негизинде максаттуу долбоорлоонун таанып-билүү процесси экендиги аныкталды. Студенттердин окурмандык компетенциясынын калыптанышына өбөлгө түзүүчү окутуунун жаңы технологиялары менен жана башка заманбап усулдарды пайдалануу жолдору сунушталды.

**4. Үчүнчү милдетте** колледждердеги студенттерге кыргыз адабияты сабагында окутуунун жаңы технологияларын колдонуу аркылуу окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн жолдорунун натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент жүргүзүү аркылуу текшерүү жана аны жүргүзүү анализденди. Аталган маселелер атайын иш тажрыйбадан өткөрүлдү. Педагогикалык иш тажрыйбабыз ОшМУнун, КӨЭАУнун, ОшТУнун колледждеринде жүргүзүлүп, текшерүү иштеринин

жыйынтыктарын салыштырууда студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн өзгөрүү динамикасы байкалды. Жыйынтыгында, изилдөөгө катышкан студенттердин көрсөткүчү жогорку деңгээл 6%, ортоңку деңгээл 4% жогорулап, төмөнкү деңгээл 12% кыскаргандыгын көрөбүз. Демек, муну менен изилденип жаткан сапаттык көрсөткүч өсүү жагына багытталгандыгы реалдуу экендиги тастыкталды. Студенттер менен аткарылган эксперименттердин ар түрдүү баскычтарында өткөрүлгөн текшерүү иштин жыйынтыктары таблицаларда көрсөтүлдү. Ошондуктан сунушталган усулдарыбыз натыйжалуу жана колледждердеги окуу-тарбия процессинде жайылтуу үчүн негиз боло алат деген жыйынтыкка келдик.

Изилдөөнүн негизинде белгиленген сунуштар, албетте, мезгил талабына ылайык бардык колледждер боюнча адистерди даярдап чыгууда жакындан көмөк, усулдук багыт болооруна чоң ишеничтебиз.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Колледждерде окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен студенттердин окурмандык компетентүүлүгүн өнүктүрүү боюнча атайын иш-чараларды (“Акыл-Ордо”, Брейн-ринг интеллектуалдык таймаштарын, конкурс, сынактарды ж.б.) уюштуруу жана аларды күчөтүү зарыл, анткени бул иш-чаралар студенттерди көп окууга, чыгармалардын маани-мазмунун талдай билүүгө, окурмандык кызыгуусун өстүрүүгө себепчи болот.

2. Колледждердеги билим берүү чөйрөсүндө студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн окуу пландарын жана программаларын кайрадан изилдөө талап кылынат, көп жылдан бери кайталанып окутулуп келе жаткан темалардын ордуна студенттердин жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктуу заманбап темаларды иргеп алып окутуу үйрөнүүчүлөрдүн окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууга таяныч болот.

3. Билим берүү чөйрөсүндө окутуунун интерактивдүү формаларынын жана усулдарынын жардамы менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн активдештирүүчү тапшырмалардын үстүндө иштелип

жатат, ага ылайык окутуучулар үчүн да методикалык эмгектин жазылышы колго алынат жана жетишерлик санда чыгарылышына аракет жасалат.

4. Интенсивдүү түрдө окуу процессинде колдонулуп, натыйжалуу жыйынтык алуу үчүн сунушталган окутуунун жаңы моделдерин камтыган, заманбап талаптардын негизинде түзүлгөн атайын окуу китебинин электрондук вариантты иштелип жатат, анткени мындай окуулукту мугалимдерге сунуштоо - учурдун талабы.

5. Окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында аларды өз алдынча, илимий, ж.б. иш-аракеттерди аткаруусуна жетиштирүү.

Изилдөөнүн негизинде алынган сунуштар, албетте, мезгилдин талабына ылайык бардык колледждерде адистерди даярдоого методикалык багыт жана түздөн-түз салым кошот деп терең ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абрамовская Л. Н. К проблеме воспитания активного читателя [Текст] / Л. Н. Абрамовская. Педагогика искусства. – М.: 2011. - №1. – С.281-286
2. Абдухамидова Б. Башталгыч класстардын окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн талаптары, педагогикалык шарттары жана окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн принциптери. [Текст] / Б. Абдухамидова. И.Арабаев ат. КУУнун Жарчысы, - №4. 2022. 177-184-бб.
3. Айтматов Ч. 1-том [ Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
4. Айтматов Ч. 2-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
5. Айтматов Ч. 3-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018. 304-314-беттер.
6. Айтматов Ч. 4-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
7. Айтматов Ч. 5-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
8. Айтматов Ч. 6-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
9. Айтматов Ч. 7-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
10. Айтматов Ч. 8-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
11. Айтматов Ч. 9-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
12. Айтматов Ч. 10-том [Чыгармалар]. –Б.: “Улуу тоолор”, 2018.
13. Айтматов энциклопедиясы: II том: З-С/ – Экинчи басылышы. Б.: “Турар”, 2018. 248-бет.
14. Акматов Б. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы. [Текст]: дис. ... пед.ил.канд: 13.00.02 / Б. Акматов. – Б.:2016. 22-23-бет
15. Алымова А. Окуучуларды баалоо. Жаңыча мамилелер жана усулдар: мугалимдер үчүн окуу методикалык куралы [Текст] / А. Алымова, А. Буркитова, М. Мыкыева. – Бишкек, 2010. 342-б.
16. Андреев А. Знания или компетенции [Текст] / А. Андреев. Высшее образование в России. -2005: №2. 311 стр.

17. Андреев В. И. Педагогика: Учебный курс для творческого саморазвития. [Текст] /. В. И. Андреев. – 3-е изд. – Казань: Центр инновационных технологий, 2012. - 608 стр.
18. Артыкбаев К. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин 11-кл.үчүн окуу китеби. Толукталып, үчүнчү басылышы. [Текст] / К. Артыкбаев, К. Асаналиев, С. Байгазиев ж.б. - Б.: «Билим компьютер», 2014. - 336 б.
19. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. [Текст] / К. Артыкбаев. – Б.: "Аврасия -пресс", 2015. – 464бб.
20. Асакеева Д. Ж. Адабият теориясы. Төртүнчү басылышы. [Текст] / Окуу китеби / Д. Ж. Асакеева – Б., 2019.
21. Асаналиев К. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин 10-кл.үчүн окуу китеби. Толукталып, үчүнчү басылышы. [Текст] / К. Асаналиев, С. Байгазиев ж. б. - Б.: «Билим куту», 2007. - 360 б.
22. Асипова Н. А. Педагогиканын кээ бир жалпы маселелери. Окуу куралы. [Текст] / Н. А. Асипова. - Б.: КГНУ, 1999.
23. Ахметова Н. А. Формирование межкультурной коммуникативной компетенции у студентов-экологов [Текст] / Н. А. Ахметова, Айнур Касен. Вестник КНУ им. Ж.Баласагына.- Серия 1- Выпуск 3. - Социальные и гуманитарные науки – 2009. - С.26-33.
24. Байгазиев С. Кыргыз адабиятынын программасы. [Текст]: Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V – IX класстары үчүн / С. Байгазиев, А. Муратов, Б. Абдулхамидова, К. Акматов. – Б.: 2018
25. Батаканова С. Т. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы. [Текст] / С. Т. Батаканова. - Б.: Кут бер, 2014. - 415 б
26. Батышев С. Я. Профессиональная педагогика [Текст] С. Я. Батышев. - М.: 2009. 342 - б.
27. Бекбоев. И. Б. Кесиптик компетенттүүлүк – педагогикалык эмгектин сапатынын негизи // Жаңы мектеп - жаңы мугалим. Эл аралык илимий – практикалык конференциясынын материалдары [Текст] / И. Б. Бекбоев.– Бишкек, 2003.83 - 93 - б.

28. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И. Б. Бекбоев. – Б.: Педагогика, 2003. 17 - бет; 304 – бет.

29. Бекмуратова Р. Т. Ч.Айтматовдун “Жетинин бири” аңгемесин окутуу [Текст] / Р. Т. Бекмуратова. ОшМУнун жарчысы. – 2015. № 4. 3-чыгарылыш, 86-92-бб.

30. Бекмуратова Р. Т. Мурза Гапаровдун “Эки ирет гүлдөөчү алмалар” аңгемесин окутуу менен студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу [Текст] / Р. Т. Бекмуратова. ОшМУнун жарчысы. – 2018. №3. 59-67-бб.

31. Бекмуратова Р. Т. Ч.Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестин окутууда адабий ийримдер усулу аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу // П.и.д.,профессор А.Муратовдун 60 жылдыгына карата “Ааламдашуу доорундагы адабият менен педагогиканын орду” деген темада өткөн эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциянын материалдары [Текст] / Р. Т. Бекмуратова. И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы.– Атайын чыгарылыш. – 2017. - 211-215-бб.

32. Bekmuratova R. Development of Studentg Reading Competence through the Novel “The Day Lasts More than a Hunbred Uears” [Текст] / R. Bekmuratova, H. Tilekova, G. Usarova Open Journal of Modern Linguistics.Volume 10, Numer 5, October 2020. – с. 606 - 619.

33. Беленцов С. И. Читательская активность как социально-педагогический феномен / С. И. Беленцов, О. Н. Малыхина. Известия Юго-Западного государственного университета. – Курск. – 2016. - №3 – С.115-125

34. Беликов В. А. Образование. Деятельность. Личность. Монография: учебное пособие для вузов по специальности 050700.62 "Педагогика" [Текст] / В. А. Беликов. - М.: Академия Естествознания, 2010. - С. 339

35. Беликов В. А. Дидактические основы организации учебно-познавательной деятельности школьников: дис. док. педагогических наук: 13.00.01 [Текст] / В. А. Беликов. – Магнитогорск. - 1995

36. Белухин Д. А. Мифы и легенды педагогики. Рефлексия основ педагогической деятельности [Текст] / Д. А. Белухин. – М.:2008.- 236стр.
37. Беспалько В. П. Слагаемые педагогической технологии [Текст] / В. П. Беспалько. - М.: Педагогика, 1989.192 - б.
38. Брайцева Е. Ю. Формирование читательского интереса подростков через творческую деятельность [Текст] / Е. Ю. Брайцева / Через уроки русского языка и литературы к гармонизации личности. StudNet. — 2015. — С. 25- 30.
39. Богявленская Д. Б. Психология творческих способностей. [Текст] / Д. Б. Богявленская. – М.: 2002. - С. 65
40. Борбугулов М. Адабият теориясы [Текст] / М. Борбугулов. - Б.: 1996.
41. Бодрова Т. Е. Формирование социально-трудовых компетенций учащихся в многопрофильном учреждении дополнителдокьного образования детей. [Текст]: Дисс. кан. пед. наук. 13.00.02 / Т. Е. Бодрова. – Самара, 2006
42. Валькова И. П. Как развивать критическое мышление (опыт педагогической рефлексии). Метод пособие [Текст] / И. П. Валькова, И. А. Низовская, Н. П. Задорожная, Т. М. Буйских. - Б.: ФПОИ, 2005. 286 - б.
43. Вербицская А. А. Активные обучение в высшей школе: контекстный подход. [Текст] / А. А. Вербицская. – М.:1991. – С 207
44. Вершловский С. Г. Социальные проблемы воспитания молодежи [Текст] / С. Г. Вершловский. – Л.: Знание, 1976. – 38 с.
45. Галперин П. Я. Психология мышления и учение о поэтапном формировании умственных действий // Исследования мышления в советском психологии [Текст] / П. Я. Галперин. – М.: 1996, - С. 21.
46. Гапаров Мурза. Экөө ээн бакта [Текст] / Мурза Гапаров. - Б.: Турар, 2009. 310-316-беттер.
47. Дайри Н. Г. О сущности самостоятельной работы // Народное образование [Текст] / Н. Г. Дайри. – Москва, 1963. №5. 13-15-бет
48. Данилов М. А. Теоретические основы обучения и проблемы воспитания познавательной активности и самостоятельности учащихся [Текст] / М. А. Данилов. – М.: Учпедгиз, 1988, 321стр.

49. Дүйшеев Ш. Агындылар: Биринчи китеп: 6-бас. [текст] \ Ш. Дүйшеев. – Б.: Турар, 2018. 568 бб.

50. Дмитриенко Т. А. Новые образовательные технологии в высшей педагогической школе \\ Высшее образование сегодня [Текст] \ Т. А. Дмитриенко. - М., 2003. № 08 26-30стр.

51. Дружилов С. А. Профессиональная компетентность и профессионализм педагога: Психологический подход. Сибирь. Философия. Образование - Научно-публицистический альманах СО. РАО. ИПК. [Текст] / С. А. Дружилов. – Новокузнецк, 2005. (выпуск- 8) – С. 27.

52. Дружилов С. А. Критерий эффективности профессионалов в условиях совместной деятельности // Объединенный научный журнал. [Текст] / С. А. Дружилов. - М.: ТЕЗАРУС, 2001-№22. 44-45 стр

53. Загвязинский В. И. Теория обучения: современная интерпрета. Учебное пособие для студентов высш. пед. учеб. заведений [Текст] / В. И. Загвязинский. - М.: Издательский центр «Академия», 2001, 192стр

54. Задорожная Н. Педагогикалык тажрыйбадан педагогикалык рефлексияга [Текст] / Н. Задорожная, И. Низовская. - Б.: Maxprit, 2011.148 бб.

55. Задорожная Н. П. Критическое мышление в Кыргызстане: от знания к оценке [Текст] / Н. П. Задорожная. - Б: ОФЦИР, 2003 - 2004. – С. 145; 123; 127; 206.

56. Зимняя И. А. Педагогическая психология: учебник для студентов высших учебных заведений, обучающихся по педагогическим и психологическим направлениям и специальностям [Текст] / И. А. Зимняя. - Изд. 2-е, доп., испр. и перераб. - Москва: Логос, 2009 г. — 382 с. - (Новая университетская библиотека). — ISBN 978-5-98704-442-1

57. Зимняя И. А. Психологические основы обучения иностранным языкам. [Текст] / И. А. Зимняя. - Москва: Просвещение,1991.133-бет.

58. Ибраев А. Д. Жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу шартында студенттердин өз алдынча иштерин өркүндөтүүнүн дидактикалык негиздери

(информатика предметинин мисалында) [Текст]/ пед.илим.канд.дисс. 13.00.02 / А. Д. Ибраев. - Б.:2012.170-бет.
59. Иманалиев К. Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст]/ К. Иманалиев. – Ф.;Мектеп, 1981, 21 - бет.
60. Интерактивдүү окутуу методу жана классты башкаруу [Текст] / – Бишкек: IFTS, 2004.
61. Инновационные процессы в образовании. Педагогика: учебний для студентов вузов и педагогической колледжей [Текст] / Под. ред. П. И. Пидкосистого. – М.: Педагогическое общество России, 2003.
62. Инновационные процессы в педагогической практике и образовании [Текст] / Под. ред. Г. И. Прозументовой. – Барнаул: Томск, 1997.
63. Исаков Б. Санат сөз. 1-бөлүк [Текст] / Б. Исаков – Б.: Учкун, 2005. 46-47-48-беттер.
64. Критическое мышление и новые виды грамотности / Сост. О. Варшавер [Текст] / О. Варшавер. – М.: ЦГЛ, 2005.
65. Касымбеков Т. Сынган кылыч: тарыхый роман. Кайрадан иштелип, 5-бас. [Текст] / Т. Касымбеков.—Б.: Кыргызстан, 1998. —712 б
66. Кларин М. Б. Инновационные модели обучения в зарубежных педагогических поисках: Пособие к спецкурсу [Текст] / М. Б. Кларин. – М.: Арена, 1994.
67. Кларин М. В. Педагогическая технология в учебном процессе [Текст] / М. Б. Кларин. – М.: Знание, 1989. – С. 75.
68. Климова О. Специфика формирования коммуникативной компетенции будущих юристов. Наука и образование. Электронный научный журнал. [Текст] / https://cyberleninka.ru/article/n/spetsifika-formirovaniya-kommunikativnoy-kompetentsii-buduschih-yuristov
69. Кулюткин Ю. Н. Исследование познавательной деятельности учащихся вечерних школ: Самоорганизация познавательной деятельности личности как основа готовности к самообразованию / Ю. Н. Кулюткин, Т. С. Сухотская. – М.: Педагогика, 1997. – 152 с.

70. Кобыляцкий И. И. Дидактические основы учебного процесса в высшей школе [Текст] / И. И. Кобыляцкий. – Одесса, - 2002, 192-бет.
71. Коджаспирова Г. М. Педагогика. Учебник: учебник для академического бакалавриата [Текст] / Г. М. Коджаспирова. - М: Гардарики, 204 -528с.
72. Колганова Н. Е. Науки об образовании. Вестник ТГУ. Выпуск №3. / Педагогические условия формирования основ читательской компетентности младших школьников [Текст] / Н. Е. Колганова. – Тамбов, 2013. 106-111 стр.
73. Концепция развития образования в Кыргызской Республики до 2020 года. Стратегия развития образования в Кыргызской Республике на 2012-2020 годы // Норматив. акты Кырг. Респ. – Б, 2012. 114 стр.
74. Красило А. М. Психология боюнча хрестоматия. [Текст] / А. М. Красило, А. П. Новгородцева – М.: 2000. 184-бет.
75. Краткий психологический словарь [Текст] / – М.: Политиздат, 1985, - С. 84,51.
76. Критическое мышление в Кыргызстане: от знания к оценке: Материалы Респ. научно-практической конференции (25 - ноября 2002г.) [Текст] / матер. науч. конф. – Бишкек: ОФЦИР, 2003– 2004, - С. 145, 123, 127, 206.
77. Кричевский В. Ю. Профессиограмма директора школы - проблемы повышения квалификации руководителей школ. [Текст] / В. Ю. Кричевский. - М.: Педагогика, 1987. - С. 67.
78. КРдин Билим берүү закону [Текст] / –Б.: 2003-жылдын 30-апрели. № 92.
79. Крофорд А. Солсо В. Мэтьюз С. Р., Макинстер Дж. Уроки критических мыслителей: стратегии активного обучения и критического мышления. // Публикация проекта развитие критического мышления через чтение и письмо. [Текст] / А. Крофорд, Э. В. Солсо, С. Мэтьюз, Дж. Макинстер – ИОО: Нью-Йорк-Будапешт, 2004.
80. Кунекова Т. Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун методикалык негиздери. [Текст]: пед.илим. кан. дисс. авторефераты. 13.00.02. / Т. М. Кунекова. – Б.:2017

81. Кут билим / Коомдук-билим берүү жана илимий-популярдуу гезит [Текст] / - Б.: 2002. №2.
82. Кыргыз адабияты: маалыматтама [Текст] / А. Муратов, Ж. Шериев, К. Исаков. – Б.: Айат, 2014. 246-247-беттер.
83. Кыргызча-орусча сөздүк. Түзгөн: проф. К. К. Юдахин. [Текст] / К. К. Юдахин. - Б.: Бийиктик, 2015.
84. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Биринчи бөлүк. Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. / - Б.: Аврасия Пресс, 2015.
85. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Экинчи бөлүк. Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. / - Б.: Аврасия Пресс, 2015.
86. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11-класстар үчүн кыргыз адабияты предмети боюнча предметтик стандарты (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгүн мектептер үчүн) [Текст] / Түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А. Муратов. Б. Абдухамидова, Э. Сабитова, В. Акматова, А. Оморова. - Б:2018, 13-бет.
87. Кыргызстандагы билим берүү системасы: кечээ, бүгүн жана эртең // Алыбаев А. Жогорку окуу жайларында студенттердин өз алдынча иштөөсүн глобалдаштыруу шарттарындагы билим берүү системасына карата өнөктүрүү маселелери; Жумакадырова К. XXI кылымдагы Кыргызстандын билим берүү системасындагы айрым проблемалар [Текст] /А. Алыбаев –Б.: 2008. 274-бет.
88. Леви В. Л. Искусство быть другим. [Текст] / В. Л. Леви. - Москва, 1980. С.125
89. Левитов Н. Д. О психологических состояниях человека. [Текст] / – М.: 1964. 5,58-беттер.
90. Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери [Текст] / Э. Мамбетакунов, Т. Сияев. - Б.:2008. - 138 - бет.
91. Маркова А. К. Психологический анализ профессиональной компетентности учителя [Текст] / А. К. Маркова. - М.: Педагогика, 2014, 82-88-бет.

92. Маркова. А. К. Психология профессионализма. [Текст] / А. К. Маркова. - М: Международный гуманитарный фонд «Знание».1996, С. 312

93. Маслов А. Психология бытия [Текст] /А. Маслов. – М.: Рефлекс. Бук. Воклер. -1997. С. 37

94. Матвеев А. Креативность: мысли вслух [электр.ресурс] / А. Матвеев Режим доступа: http//www. Arsvitac.ru. // cdi-bin // cm/get doc. Ld=71

95. Машбиц Е. И. Психолого-педагогические проблемы компьютеризации обучения / Педагогическая наука–реформа школы [Текст] / Е. И. Машбиц – М.: Педагогика, 1988. С.342

96. Миңбаев К. М. Психология [Текст] / К. М. Миңбаев, А. Закиров – М.: 2010.

97. Митина Л. М. Психология профессионального развития учителя. [Текст] / Л. М. Митина - М.: 1998. С.102

98. Момуналиев С. Педагогикалык-психологиялык терминдердин сөздүгү [Текст] / С. Момуналиев. - Б.:2014. 442-бет.

99. Монахов В. М. Инновации в образовании [Текст] / В. М. Монахов. – М.: 2007.

100. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. [Текст] / - Бишкек-Maxpint, 2018. 12-бет.

101. Муратов А. Ж. Аталар сөзү – акылдын көзү // Адеп аңгемелери. Кошумчаланып 2-бас. [Текст] / А. Ж. Муратов. – Б.: «Айат», 2015. – 192 бб..

102. Муратов А. Ж. Көпөлөктөр өрөөнүн көксөгөн Мурза Гапаров / Кыргыз маданият борбору. https://www.okuma.kg/books.php?id=601

103. Муратов А. Ж. Чыңгыз Айтматов – жазуучу-этнопедагог [Текст] / А. Ж. Муратов. - Б.: 2006.

104. Муратов А. Ж. Кыргыз тили, кыргыз адабияты жана аларды окутуу [Текст] / А. Ж. Муратов. - Б.:2007.

105. Муратов А. Ж. Дил баян – дил сыры, тил сыны [Текст] / А. Ж. Муратов. - Б.:2008.

106. Муратов А. Ж. Окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруунун жолдору [Текст] / А. Ж. Муратов. - Б.:2009.

107. Муратов А.Ж. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу [Текст] / А. Ж. Муратов. -Б.:2009.

108. Муратов А. Ж. Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары [Текст] / А. Ж. Муратов. - Б.:2009.

109. Муратов А. Ж. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы: Педагогикалык билим берүүчү жогорку окуу жайларынын студенттери жана мектеп мугалимдери үчүн. 1-китеп [Текст] / А. Ж. Муратов. – Б.: Турар. – 603 б.

110. Мурзаев М. С. Окутуунун психологиясы. Окуу-методикалык колдонмо [Текст] / М. С. Мурзаев. – Ош 2004, 92 - б.

111. Мусамбетов Т. Көркөм чыгармаларды проблемалык окутуу [Текст] / Т. Мусамбетов. – Ф.:1990

112. Мухров И. С. Условия формирования профессиональной компетентности молодых квалифицированных рабочих в системе начального профессионального образования // Электронный научный журнал. Современные проблемы науки и образования [Текст] / И. С. Мухров. – 2012. – № 3

113. Низовская И. А. Учимся мыслить критически. [Текст] / И. А. Низовская, Н. Задорожная, Т. Матохина. – Б.: Maxrint, 2011. – С. 8.

114. Низовская И. А. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын сөздүгү [Текст] / И. А. Низовская. – Бишкек: ОФЦИР, 2003.

115. Новый словарь иностранных слов [Текст] / - Мн.современный литератор, 2005, 108стр.

116. О культуре речи. Сборник статьей // - М.: Знание, 1981. 16-бет

117. Оторбаев Б. К. Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары // ЖОЖдордун филология факультеттеринин студенттери, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн [Текст] / Б. Оторбаев. – Б.: 2009. – 96 б,.

118. Оторбаев Б. К. Көркөм чыгарманы мектепте талдоо // Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин методист-окутуучулары, студенттери, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн [Текст] / Б. К. Оторбаев. – Б.:Айат, 2015. 99-бет.

119. Оторбаев Б. К. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу // ЖОЖдордун филология факультеттеринин студенттери, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн [Текст] / Б. К. Оторбаев. - Б.: -2010. – 96 б.

120. Педагогика: Педагогические теории, системы, технологии [Текст] / - М.: Академия, 1999. - С.264.

121. Панарин, А. И. Многоуровневое педагогическое образование [Текст] / А. И. Панарин. - М.: Педагогика., 1993.- №1.- С. 53-57.

122. Педагогикалык изденүү. Түзгөн: И. Н. Баженова (кыргызча котормосу) [Текст] / И. Н. Баженова. – Ф.: Мектеп, 1989.

123. Педагогические технологии: Учебные пособие [Текст] / под редакцией В. С. Кукушкина. -М., 2002. 78-бет

124. Плетьяго Т. Ю. Совершенствование читательской компетентности студентов вуза на основе развивающего потенциала межкультурной коммуникации [Текст]: автореферат дисс. 13.00.02 / Т. Ю. Плетьяго. – Тюм., 2013, 12с

125. Подлассый И. П. Педагогика: Новый курс обучения Учеб. [Текст] / Для студ. высш. учебных заведений: В 2кн.-М.,Гуманит. изд. центр. ВЛАДОСС, 2002. - Кн. 1.: Общие основы. Процесс обучения. – 576 - б

126. Психология: учебник и практикум для СПО / под общ. ред. А. С. Обухова. [Текст] / 2-е изд., перераб. и доп.– М.: Юрайт. 2016. – С. 86;197,198.

127. Психологический словарь [Текст] / - М.: 1983. - 84 - б.

128. Равен Дж. Компетентность в современном обществе [Текст] / Дж. Равен. - М: Когито центр. 2002.

129. Рубинштейн С. Л. Проблемы общей психологии [Текст] / С. Л. Рубинштейн - М., 1976.

130. Рубцов В. В. Формирования в учебной деятельности школьников [Текст] / В. В. Рубцов, В. В. Авдеев – Волгоград: ВГПИ, 1976
131. Рысбаев С. К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери // ЖОЖдордун, педагогикалык факультеттердин окутуучулары, студенттери, аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн окуу куралы. 5-китеп, толукталып 2-басылышы. [Текст] / С. К. Рысбаев - Бишкек, 2015. 198-бет.
132. Рысбаев С. К. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары // Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн методикалык колдонмо [Текст] / С. К. Рысбаев – Б.: 2015
133. Рысбаев С. К. Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш [Текст] / С. К. Рысбаев – Б.: Бийиктик плюс, 2015. 272-бб.
134. Саалаев Д. Окутуунун интерактивдүү усулдары [Текст] / Д. Саалаев - Б.: 2009. 3 - б.
135. Селевко Т. К. Современные образовательные технологии: Учебные пособие [Текст] / Т. К. Селевко - М.: Народные образование. 1998. – С. 56.
136. Сластенин В. А. Педагогика [Текст] / Учеб. пособие для студ. высш. пед. учеб. заведений / В. А. Сластенин, И. Ф. Исаев, Е. Н. Шиянов; Под ред. В.А. Сластенина. - М.: Издательский центр "Академия", 2013. - 576 с.
137. Современные образовательные технологии: учебное пособие. Под ред. Н. В. Бордовской. [Текст] / - М., 2011. – стр 432.
138. Советский энциклопедия. Словарь [Текст] / –М.:Советский энциклопедия. 1982. – С. 725. 250-бет
139. Солсо Р. Л. Когнитивная психология [Текст] / Р. Л. Солсо – М.: Тривола, 2002. – С. 105.
140. Соосар Н., Замковая Н. Интерактивные методы преподавания [Текст] / Н. Соосар, Н. Замковая. Часть 1. – СПб.: Златоуст, 2004.
141. Стил Дж. Воспитание вдумчивого читателя [Текст] / Дж. Стил, К. С. Мередит, Ч. Темпл. Пособие 8. – Бишкек: «Сорос - Кыргызстан», 1999.

142. Стил Дж. Дальнейшие методы, способствующие развитию критического мышления [Текст] / Стил Дж., Мередит К.С., Темпл Ч. Пособие 2. – Бишкек. Фонд «Сорос - Кыргызстан», 1998.
143. Стил Дж. Дальнейшие методы, способствующие развитию критического мышления [Текст] / Дж. Стил, К. С. Мередит, Ч. Темпл. Пособие 4. – Бишкек. Фонд «Сорос - Кыргызстан», 1998.
144. Стил Дж. Дальнейшие методы, способствующие развитию критического мышления [Текст] / Дж. Стил, К. С. Мередит, Ч. Темпл. Пособие 5. – Бишкек. Фонд «Сорос - Кыргызстан», 1998.
145. Стил Дж. Основы критического мышления [Текст] / Дж. Стил, К. С. Мередит, Ч. Темпл. Пособие 2. – Бишкек. Фонд «Сорос - Кыргызстан», 1998.
146. Стил Дж. От самовыражения к письменной аргументации: Пособие 7. [Текст] / Дж. Стил, К. С. Мередит, Ч. Темпл. – Бишкек. Фонд «Сорос - Кыргызстан», 1998.
147. Стил Дж. Планирование урока и оценка успеваемости [Текст] / Дж. Стил, К. С. Мередит, Ч. Темпл. – Бишкек. Фонд «Сорос - Кыргызстан», 1999.
148. Стил Дж. Чтение, письмо, дисскуссия в каждом учебном предмете: Пособие 3 [Текст] / Дж. Стил, К. С. Мередит, Ч. Темпл. – Бишкек. Фонд «Сорос - Кыргызстан», 1998.
149. Сынчыл ойломдун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн методдор [Текст] / Дж. Стил, К. С. Мередит, Ч. Темпл. – Бишкек: Сорос-Кыргызстан, 1997. 164 бб.
150. “Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу” программасынын хрестоматиясы [Текст] / Түзгөндөр: Эсенгулова М., Асекова Ж. Д. – Бишкек, 2004.
151. Тапшынар М. Окутуунун жалпы методдору [Текст] / М. Тапшынар, А. Алимбеков – Б.: КТМУ, 2004. 236 - б.
152. Теплов Б.М. Изучение основных свойств нервной системы и их значения для психологии индивидуальных различий // Вопросы психологии [Текст] / Б. М. Теплов, В. Д. Небылицы. -М.: 1963. №5. - С.46.

153. Толипов У. К. Педагогик-технологияларнинг татбикий ассослари (Укув кулланма) [Текст] / У. К. Толипов, Н. Усманбаева. – Тошкент: Фан, 2006. 262 - б.
154. Толковый словарь русского языка: 80 000 слов и фразеологических выражений // Российская академия наук. Институт русского языка им. В. В. Виноградова [Текст] / С. И. Ожегов, Н. Ю. Шведова. — 4-е изд., дополненное. — М.: Азбуковник, 1999.
155. Ушаков Д. Н. Большой толковый словарь современного русского языка. 170000 слов и словосочетаний // [Текст] / Д. Н. Ушаков, О. А. Шеглова. – М.:Хит-книга, 2021
156. Укуева Б. К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий педагогикалык негиздери [Текст] / Б. К. Укуева. Ош - 2010.
157. Укуева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун илимий-методикалык негиздери [Текст] / Б. К. Укуева Ош, 2012. 92-бет.
158. Философия [Текст]: учебник для бакалавров // В. Н. Лавриненко, Г. И. Иконникова, В. П. Ратников, В. В. Юдин / под ред. В. Н. Лавриненко. — 6-е изд., перераб. и доп. — М.: Издательство Юрайт, 2014. — 575 с.
159. Философия: жогорку окуу жайлар үчүн // Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети [Текст] / Г. Т. Токтогулова - Бишкек, 2022. 48-бет
160. Философия: Учебник // Под ред. А. Ф. Зотова, В. В. Миронова, А. В. Разина.— 2-е изд., перераб. и доп.— М.: Академический Проект; Трикста, 2004.— 688 с
161. Халперн Д. Психология критического мышлении [Текст] / Д. Халперн. – СПб: Издательство «Питер», 2000. — 512 с

162. Хуторской А. В. Ключевые компетенции как компетент личностно-ориентированного образования [Текст] / А. В. Хуторской // Народное образование. – М.:2003. №2. 58-64стр

163. Хуторский А. В. Педагогическая инноватика: методология, практика, монография [Текст] / А. В. Хуторский – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов. 2004

164. Хуторский А. В. Современная дидактика: Учебник для вузов [Текст] / А. В. Хуторский - Питер. 2001. – С.544.

165. Цукерман Г. А. Виды общения в обучении [Текст] / Г. А. Цукерман– Томск, 1993. - С.110.

166. Чошанов М. А. Гибкая технология проблемно-модульного обучения [Текст] / М. А. Чашанов –М: Народное образование, 1996.160-бет.

167. Чуб Е. В. Компетентностный подход в образовании // Инновации в образовании [Текст] / Е. В. Чуб. Е.В. №3. – С.21,27.

168. Чыманов Ж. А. Кыргыз тили: Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы [Текст] / Ж. А. Чыманов - Б.: Турар, 2009.

169. Элебаев М. Узак жол [Текст] / М. Элебаев. Фрунзе: Мектеп, 1976

170. Этика боюнча сөздүк [Текст] / И. С. Кондун редакциясы асиында. – Ф.: Кыргызстан, 1983. 253 - бет.

171. Юсуфбекова Н. Р. Педагогические исследования и инновационные процессы // Институт теоретической педагогики и международных исследований в образовании РАО [Текст] / Н. Р. Юсуфбекова, - М.: 1994.

172. Юсупова Ш. Окутуунун илгерилетилген формаларын жаңы технологиялык маалыматтык байланыштар менен окуу жараянына киргизүү [Текст] / Ш. Юсупова. Ташкент: ЦЕНТР НАУЧНЫХ ПУБЛИКАЦИЙ (buxdu. uz), 2020

173. Юсупова Ш. Хозирги өзбек адабий тили дарсларида укувчилар тафаккурини устиришнинг илмий-методик асослари: пед.фан.док.дисс. [Текст] / Ш. Юсупова. Ташкент, 2005. 98-бет

174. Якиманская И. С. Возрастные и индивидуальные особенности образного мышления учащихся [Текст] / И. С. Якиманская, В. С. Столетнев, И. Я. Каплунович и др… – М.: Педагогика, 1989. - 221с.
175. Яковлев Е.В. Педагогическое исследование: содержание и представление результатов [Текст] / Е. В. Яковлев, О. Н. Яковлева. – Челябинск: Издательство РБИУ, 2010. 317с
176. Яковлев Е. В. Педагогическая концепция: методологические аспекты построения [Текст] / Е. В. Яковлев, Н. О. Яковлева. – М.: Гуманитар. изд. центр ВЛАДОС, 2006. – 239 с

**Тиркеме №1**

**«Мидин – сейрек жаралчу талант» аттуу кечени сценарийи**

Кече таланттуу акын Мидин Алыбаев жөнүндөгү видеоролик менен ачылат.

**Программа**

- **Саламдашуу**
- **Жеке номер “Сага”**
- **Фантомимо “Кыз жана гүл”**
- **Кыргыз бийи “Жалын бий”**
- **Көркөм окуу**
- **Жеке номер “Ала-Тоого”**
- **Сатира “Бюрократ”**
- **Жеке номер “Ойлончу”**
- **Көркөм окуу “Китеп жана Эркинбек”**
- **Кечени жыйынтыктоо**

1) **1-Алып баруучу:**

   - **Саламатсыздарбы, урматтуу финансы-юридикалык колледжинин окутуучулары жана студент достор!**

Талантың таңкы чолпон жылдыз эле,
Таптаган мүнүшкөрүң турмуш эле,
Аялдар акын төрөйт, баатыр төрөйт,
Сендейди сейрек төрөйт кыргыз эне!

**2- Алып баруучу:**

Карысы ичтен күдүңдөп,
Жаштары жайжан күлүңдөп,
Жатышат жаттап ырыңды,
“Жашасын биздин Мидин” деп!

**1- Алып баруучу:**

Бүгүнкү биздин Ала-Тоо элине аттын кашкасындай таанымал акын Мидин Алыбаевдин 100 жылдык маарекесине арналган “Мидин – сейрек

жаралчу талант” аттуу кечебизге кош келиңиздер. Мидин Алыбаевдин жарык дүйнөгө келгенине быйыл туптуура 100 жыл толуп отурат. Бул маареке кыргыз жергесинде, ошону менен бирге Ош мамлекеттик университетинде да ректорубуз, профессор К.Исаковдун жарлыгы менен жогорку деңгээлде белгиленүүдө.

**2-Алып баруучу:**

**-** Анда, кечени ачып берүү үчүн сөздү ФЮКтун директору доцент Т.Акматовага беребиз. (колледждин директору доцент Т.Акматовага сөз берилет)

**2) Жеке номер. “Сага”**

**1-Алып баруучу:**

Кээде бүркөө, кээде жарк дейт кабагың,
Кантип сенин кыялыңды табамын?
Мен өзүмдү эр көкүрөк көрсөм да,
Ээрчип жүргөн көлөкөңдөй санадың...

**2- Алып баруучу:**

Жаш кылгырат кирпигимди ирмесем,
Аза күтөм эгер түшкө кирбесең.
Мен шар суумун кулагыңды тундурган,
Кантмек элем какшаганды билбесең.

- Анда кезекти, **обондуу ырга** берели. “Сага”. Сөзү: М.Алыбаевдики.

Аткаруучулар – Салижан кызы Айнура жана Акмырзаева Айжан

**3) Мидин Алыбаев “Кыз жана гүл”**

**1-Алып баруучу:**

Сүйүүнү сүйө билсе сыры терең,
Баш ийбейт даңк атакка сүйүү деген.
Сулуунун сугу түшкөн жары бардыр
Пайда жок! Мен асылып жүргөн менен.

**2-Алып баруучу:**

Жаш кыз элең жаңы таштап лентаны,

Уялтчу эле кара бактын эл жагы.

Сүйө билген, бирок сенден сүрдөгөн,

Ошол кезде жаш болчумун мен дагы

**1- Алып баруучу:**

- Мидин Алыбаевдин **“Кыз жана гүл”** . ЭБК-2-17 тайпасынын студенттери

**4) Кыргыз бийи. “Жалын бий”**

**1- Алып баруучу:**

Кымча бел назик кийинип,

Сулуулар азыр чыгышат.

Ак куудай болуп буралып,

Кыргыздын бийин сунушат.

**2-Алып баруучу:**

-Кезек **“Жалын бийде”**

**5) Көркөм окуу**

**1-Алып баруучу:**

Жай-кышы бел курчоодон чөпкө калың

Кең Жумгал, Кара Кочкор, Ак-Сай, Нарын

Кой маарап, бээ кишенеп ар өзөндө,

Бай элим күтүрөтүп айдайт малын.

**2-Алып баруучу:**

Балбылдап, жылдызыңдан жагылат шам,

Болбостур сөөлөтүңдү сүйбөгөн жан,

Өсө бер, өркүндөй бер, таалайын бар,

Кыргыздын көркүн ачкан кең Тяншан!

**1-алып баруучу:**Кезекти Мидин Алыбаевдин ырларынан көркөм окууга берсек.

**6) Жеке номер “Ала-Тоого”**

- **1-Алып баруучу:**

Эч жерге теңебейм - деп бул жеримди

Элжиреп кандай акын ырдабасын,

Жалпыга көрсөтөм деп көркөм жерди

Кагазын кай сүрөтчү сырдабасын

- **2-Алып баруучу:**

Салкын жел, тунук аба, жашыл шибер,

Кыргыздын Ала-Тоосу көрккө бай го!

Сагынтат алыс кеткен өз баласын –

- Замана көркүн ачкан жаңы жайлоо!

**1-Алып баруучу:**

- Кезек жеке номерде. М.Алыбаев “Ала-Тоого”

**7) Сахналык көрүнүш “Бюрократ”**

**1-Алып баруучу:**

Бюрократтын,

Дагы бир мүнөзү:

Заматта,

Тааныбай калышат –

Кечээ эле,

Окууда,

Же армияда,

Бирге жүргөн жолдошун.

Бат эле,

Басыгын таштап,

Чыгара баштайт “жоргосун”

- **2-Алып баруучу:**

Сизди кайдан көрдүм эле – дейт,

Үйүндө сүрөтүң –

Турса да илинип.

Ушундан турат –

Бой которгону билинип.

Айласыздан айткың келет:

- Тааныбай калдыңбы, сен?

Баягы эле мен!

- **2-Алып баруучу:**

Кезекти Мидин Алыбаевдин сатиралык чыгармасы - “Бюрократ”

**8) Жеке номер “Ойлончу”**

**1-Алып баруучу:**

Кыйнабачы жүрөктөгү жарадай,
Кылгырбачы, койчу мени карабай.
Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи,
Куса болдум сагынганым тарабай.
Үн жок, сөз жок томсоросуң турасың,
Ыйлап-ыйлап улутунган баладай.

- **2-Алып баруучу:**

Сүйдүм, сүйдүң бир кезекте ченебей,
Минутуңду миң жылдарга теңебей.
Таалай укмуш! Сүйүү бүткөн капкачан,
Тартылды бейм көз алдыдан кемедей.

- **1-Алып баруучу:**

Обондуу ыр. М.Алыбаев “Ойлончу”.

**9) Көркөм окуу “Китеп жана Эркинбек”**

**1-Алып баруучу:**

Мидиндин кайталангыс сейрек талантынын күчү ушунчалык. Адабий сынчылардын пикиринде, биздин заманга чейинки байыркы доордогу Гораций, Овидий, Европанын кайра жаралуу доорундагы Петрарка, Данте, Байрон, Гете, 19-кылымдагы Пушкин, Лермонтов, 20-кылымдагы Есенин сыяктуу дүйнөнү дүңгүрөткөн акындар "улуу" деген наамга чындап татыктуу болушканы менен, бири да Мидин Алыбаев өңдөнүп **лирика менен кошо сатираны** тең жаза алышкан эмес экен. Мидиндин кайталангыс өзгөчөлүгү ушунда болгон.

- **2-Алып баруучу:**

Дагы бир кызыктуу көрүнүш, Мидин Алыбаевдин чыгармачылыгында достук азилдери, эпиграмма жанрындагы саптар чоң орунду ээлеген. Акын замандаштарынын эсинде ары шайыр, ары сөзмөр, бирок көзүнө кабыла калган бир кичине да калыссыздыкты жөн калтырбай ырга салып угуза калган, чындыкты бетке айткан адам катары сакталган.

- Кезек көркөм окуучуларда:

**Кечени жыйынтыктоо**

**1- Алып баруучу:**

Кош, Соң-Көл, сен турасың кылым санап,
Мелтиреп кадимкидей көктү карап.
Кош, Соң-Көл! Же келермин, же келбесмин,
Болжошту айтыш кыйын атаганат...
Мен өлүп, сени экинчи көрбөсөм да ,
Эскирген сары кагазда ырым калат.

**2- Алып баруучу:**

Ушуну менен М.Алыбаевдин 100 жылдыгына арналган “Мидин – сейрек жаралчу талант” аттуу адабий - музыкалык кечебиз кечебиз соңуна чыкты. Айтайын дегенибиз – Мидин өлбөс өмүрдүн бактысына ээ болуп кылымдар менен жарышка түшкөн акын. Анын керемет поэзиясына таазим!

**Тиркеме №2**

**Кыргыз элинин залкар жазуучусу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына арналган “Адам жана табият – Ч.Айтматовдун чыгармаларында” илимий-студенттик конференциянын программасы**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Убак тысы | жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Слайд. Ч. Айтматов - залкар жазуучу | 13.00 | Бекмуратова Р, |
| 2. | Илимий-студенттик конференциянын ачылышы | 13:10 | -ЖББДнин тилдер кафедрасынын доктору, профессор Укуева Б.К;<br>-ФЮКтун директорунун м.а., доцент Исаков Н.Ж<br>- ОшМУнун илим жана аспирантура бөлүмүнүн башчысы, ф.м.и.к. Анарбаева Г. |
| 3. | Студенттик доклад. Чыңгыз Айтматовдун “Кыямат” жана “Саманчынын жолу” чыгармаларындагы адам жана жаратылыш мамилеси. | 13:25 | БДК-1-17 тайпасынын студенти Абдиллаева Таттыбүбү |
| 4. | Музыкалык тыныгуу.<br>“Ысык-Көлдү сагынуу” | 13:40 | БДК-1-17 тайпасы, Махаматжан кызы Мугира |
| 5. | Студенттик доклад. Символ гор в романе Ч. Айтматова “Когда падают горы” | 13:45 | УКК-1-17 тайпасы, Жанболот уулу Аслан |
| 6. | Музыкалык тыныгуу.<br>“Илиястын ыры” | 14:00 | ФКК-2-16 тайпасы, Мамасыдыков Адилет |
| 7. | Студенттик доклад. “Кыямат” романындагы экологиялык проблемалар | 14:05 | ННК-1-17 тайпасы, Абдималик к. Адина |
| 8. | Музыкалык тыныгуу.<br>“Бегимайдын ыры” | 14:20 | БДК-1-17 тайпасы, Махаматжан кызы Мугира |
| 9. | Студенттик доклад. “Ак кеме” повестиндеги адам жана жаратылыш | 14:25 | ЭБР-4-17 тайпасы Эгемназаров Исхак |
| 10. | Слайд көрсөтүлөт.<br>Ак кеме – идеал-символ | 14:40 | Бекмуратова Р. |
| 11. | Ак кеме повести боюнча талкуу (дебат) | 14:50 | Бекмуратова Р. |
| 12. | Илимий-студенттик конференцияны жыйынтыктоо | 15:20 | Проф. Б.Укуева |

1. Слайд көрсөтүлөт (Ч. Айтматов  - залкар жазуучу). Китептер көргөзмөсү уюштурулат [3;4;5;6;7;8;9;10;11;12;13]
2. **Илимий-студенттик конференциянын ачылышы**

**Алып баруучу Аринов Залкар:**

- Саламатсыздарбы, урматтуу окутуучулар жамааты, студент достор жана конференциянын меймандары!

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:**

Чыңгыз – от, күйүп турат эл көзүндө,
Чыңгыз – кут, ар бир адам өргөөсүндө.
“Айтматов” аттуу адабий океан,
Кыргыздын ажайып кооз жергесинде.

**Алып баруучу Аринов Залкар:**

Чыңгыз Күндөй, тарайт элге нур жашы,
Бүт “Чыңгыз” дейт, жаш-карынын курдашы.
Таланттардын тээ байыртан бер жакка,
Кыргыздагы канынын ал тунмасы.

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:** Чыңгыз Айтматов - бул адабияттагы сейрек учуроочу өзгөчө талант. Башкыр элинин жазуучусу Мустай Карим айткандай “Менин оюмча, дүйнөлүк адабиятка Чыңгыз өзү кирген жок. Дүйнөлүк адабияттын өзү анын чыгармачылыгын кабыл алды. Адабияттын таразасында жазуучунун салмагы таланты менен өлчөнөт” деп айткандай Чыңгыз атабыз таразанын ташын таланты менен багындыра билген улуу адам болгон.

**Алып баруучу Аринов Залкар:** Анда, Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналган “Адам жана табият – Ч.Айтматовдун чыгармаларында” аттуу илимий-студенттик конференциябызды ачып берүү үчүн ЖББДнин тилдер кафедрасынын профессору Үкүева Бүшарипа Кожояровнага сөз беребиз.

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай: -** Анда эмесе, урматтуу конференциянын катышуучулары, кийинки сөздү финансы-юридикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу, э.и.к., доцент Исаков

Нургазы Жолболдуевичке жана ОшМУнун илим жана аспирантура бөлүмүнүн башчысы, ф.м.и.к. Анарбаева Гүлжамал Маматовнага сөз беребиз.

3. **Студенттик доклад. Чыңгыз Айтматовдун “Кыямат” жана “Саманчынын жолу” чыгармаларындагы адам жана жаратылыш мамилеси**

**Алып баруучу Аринов Залкар:** Арабызда Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын кызыгып окуган студенттерибиз көп, бул албетте бизди кубандырат. Мына бүгүн ошондой студенттерибиздин бири БДК-1-17 тайпасынын студенти Абдиллаева Таттыбүбү “Ч. Айтматовдун “Кыямат” жана “Саманчынын жолу” чыгармаларындагы адам жана жаратылыш мамилеси” аттуу доклад даярдап келген экен, анда эмесе көңүл бурабыз. Аягында кызыккан суроолоруңар болсо берсеңер болот.

4. **Музыкалык тыныгуу. “Ысык-Көлдү сагынуу”**

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:**

**-** Кезегинде, атактуу акын Алыкулга дартына дабаа, өзүнө жолдош болгон кыргыз бермети Ысык-Көл жөнүндө залкар жазуучу Ч.Айтматов да ыр жазган.

**Алып баруучу Аринов Залкар:** Анда кезекти, **музыкалык тыныгууга** берели. “Ысык-Көлдү сагынуу”. Сөзү: Ч.Айтматовдуку Обону: Муратбек Бегалиевдики.Аткаруучу БДК-1-17 тайпасынын студенти Махаматжан кызы Мугира

5. **Студенттик доклад. Символ гор в романе Ч. Айтматова “Когда падают горы”**

   **Алып баруучу Абдибалиева Барчынай: -** Анда эмесе, кийинки докладды дагы ошондой бир студенттерибиздин бири УКК-1-17 тайпасынын студенти Жанболот уулу Аслан “Символ гор в романе Ч. Айтматова “Когда падают горы” аттуу доклад даярдап келген экен, анда эмесе көңүл бурабыз. Аягында кызыккан суроолоруңар болсо берсеңер болот.

6. **Музыкалык тыныгуу. “Илиястын ыры”**

**Алып баруучу Аринов Залкар:**

Адаштым бара жаткан түз жолумдан,

Алдырдым Аселимди өз колумдан.

Жолчуга белек кылып жан баламды,

Кыйналдым, от чыкты бейм бир “оюндан”

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:**

Сүйүүгө мас болом деп майтарылдым,

Алданып азгырыкка, бактым кыйдым.

Оо, кең дүйнө, мени аябай,өзүңдү ая!

Мен куруюн, өзүмө өзүм кылдым!

**-** Армандуу махабаттын ээси - “Илиястын ыры”. Аткаруучу – Мамасыдыков Адилет

7**. Студенттик доклад. “Кыямат” романындагы экологиялык проблемалар**

**Алып баруучу Аринов Залкар:**

“Кыямат” **–** залкар жазуучунун дүйнө элдерине кеңири белгилүү чыгармасы. Чыгарма кылымдын өтө курч экологиялык көйгөйлөрүн көтөрүп чыгуу аркылуу коомдун оорусун көрсөткөндүгү менен дүйнөлүк адабияттан өз ордун тапкан.

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:**

Кезекти кийинки докладка берели, НКК-1-17 тайпасынын студенти Абдималик кызы Адина “Кыямат” романындагы экологиялык проблемалар” аттуу доклад даярдап келген, көңүл бурабыз. Аягында кызыккан суроолоруңар болсо берсеңер болот.

8. **Музыкалык тыныгуу. “Бегимайдын ыры”**

**Алып баруучу Аринов Залкар:**

Каректен нурун төгүлүп,

Кат-каттап көңүлүм бөлүнүп.

Кайгыга салдың агаңды,

Картайган кезде көрүнүп.

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:**

Кара тоодон көч келет, көч келгенде,

Ала-Тоодон көч келет, көч келгенде.

Жарманкеден күтпө мени Бегимай...

- Кезекте музыкалык тыныгуу. “Бегимайдын ырына” , БДК-1-17 тайпасынын студенти – Махаматжан кызы Мугира

9. **Студенттик доклад. “Ак кеме” повестиндеги адам жана жаратылыш**

**Алып баруучу Аринов Залкар:**

Алсыздар алдуулардын болуп жеми,

Күчсүздөр күчтүүлөрдүн болуп кеми.

Кол салат адам неге табиятка,

Баарына топук кылбай мынча деги?!

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:**

Кордосо чөптү көзгө зыян деген!

Айбанды көп өлтүрсө убал деген!

Сактаган, табияттан шыпаа тапкан,

Бугу эле эмес, тил табышкан жылан менен.

**Алып баруучу Аринов Залкар:** Анда эмесе, кийинки докладды дагы ошондой бир студенттерибиздин бири ЭБР-4-17 тайпасынын студенти Эгемназаров Исхак “Ак кеме”повестиндеги адам жана жаратылыш” аттуу доклад даярдап келген экен, анда эмесе көңүл бурабыз. Аягында кызыккан суроолоруңар болсо берсеңер болот.

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:**

Адамдар арак ичип мас болбосо,

Кол салып табиятка кас болбосо.

Орозкул абам дагы жомоктогу,

Бугуну өлтүрбөсө, ач болбосо

**Алып баруучу Аринов Залкар:**

Таятам жаңы жомок ойлоп тапса,

Орозкул байкем угуп үйдөн качса.

Көлдөн түз көккө сүзгөн кемедеги,

Атакем ылдый карап мени тапса.

**Алып баруучу Абдибалиева Барчынай:** Кезек "Ак кеме" повести боюнча талкууда (дебат) Талкуунун уюштуруучусу - окутуучу Бекмуратова Рахат

**10. "Ак кеме" повестиндеги адеп-ахлак проблемалары" ( дебат)**

1. Алгач "Ак кеме" жөнүндө слайд көрсөтүлөт.

---

2. Чыгармадан үзүндү аткарылат.
3. – Силердин эсиңерде кайсы чөптөр калды? (катышуучуларга суроо)
4. ***– Чындыгында эле жаратылыш менен ушинтип сүйлөшүүгө болобу?(талкуу)***

---

- Болот - болбойт

---

*Албетте, бала болгондон кийин баланын өзүнө ылайык чөйрөсү болушу керек. Ойной турган оюнчуктары болушу керек. А бул чыгармада баланын теңтуштары да жок. Анын чөйрөсү: ар түрдүү таштар, "Ээр таш", "Таңке таш", "Кашабаң" ж.б таштар, ар түрдүү чөптөр, гүлдөр, аларды кыял-мүнөзүнө жараша бөлүштүрүп да алган, "жакшысы" бар, "жаманы" бар, ал турмак "ачуулусу" да бар. Ошон үчүн бала өзүнө жараша "чөйрө", "дүйнө" түзүп алган*

---

5. – Кимдир бирөөңөр колуңардагы буюмуңар менен сүйлөшө аласыңарбы? (залдагы катышуучулардан суралат)
6. – "Ак кеме" кинотасмасынан үзүндү көрсөтүлөт. Мында Баланын китепкап, дүрбү менен сүйлөшкөн жерлери көрсөтүлөт. 27:10- 28:37мин (китеп кап) 20-20:10 (дүрбү)

---

*Бала айлана-чөйрөсүн, бүт жаратылышты "жандуудай" кабыл алат, таш да, чөп да, дүрбү да, китепкап да жандуу. Баары тең бөлүнбөс, ажырагыс бир бүтүн организм. Ошондуктан аянычтуу "Бугу Эне" жомогун китепкабына айтып берет.*

---

***7. – Момун таятасы Мүйүздүү Бугу энеге ок атып, ата-бабалардын арбактарынын алдында актана алабы? (Эми балага берер жообу кайсы? Өзүнүн абийиринин алдындачы?) (талкуу)***

- Алат - албайт

*Мүйүздүү Бугу эне жөнүндөгү жомок повесттин борбордук түйүндөрүнүн бири десек болот. Бул жомок түпкү теги кыргыз элиндеги бугу уруусунун генеологиясы жөнүндөгү санжыра легендадан келип чыкканы байкалып турат. Мүйүздүү Бугу эне баарынан мурда ата-бабадан келаткан эзелки мурас, символ, ыйык эненин элеси, адам баласы тутунган идеял. Ага кол көтөрүү энеге кол көтөрүү менен барабар. Бала да дал ушундай кабыл алат.*

***8. – Силердин оюңарча, Бала ак кемеге жетеби?(талкуу)***

- Жетет - жетпейт

*Баланын балык болуп кубулушу бир чети канчалык оор болсо да, анын жамандыкка аралашпай, наадандык менен келишпегендиги - бул анын адамдык улуулугу.*

*Бала балык болуп кубулуп, Ак кемени багыт алып сүзүп кетти, балким жомоктун аягы да, жыйынтыгы да ушудур. Эски жомок, эски идеял кыйрады, талкаланды. Анын кунун алыш үчүн, сактап калыш үчүн жаңы идеялга – Ак кемеге шашуу керек, жетүү керек. Турмушта, жашоодо ар кимдин аздектеген, умтулган ак кемеси болууга тийиш. Повесттин бийик оптимисттик ыраатында жыйынтыкталган философиялык маани-мазмун да ушунда болсо керек.*

**Тиркеме №3**

**Сабактын темасы:** А.Муратовдун «Аталар сөзү - акылдын көзү» адеп аңгемелеринен үзүндү. Тилге мамиле.

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк:** А.Муратовдун адеп аңгемелеринен «Тилге мамиле» аңгемесинин идеялык-тематикалык мазмунун ачып берүү.

**б) өнүктүрүүчүлүк:** -тил мамлекеттин жүзү экендигин ачып берүү,
-логикалык ойлоосун өстүрүү.

**в) тарбия берүүчүлүк:**

- энe тилин сыйлоого барктоого,
-эне тилде таза, так сүйлөөгө,
-эне тилибизге кыянаттык кылбастыкка,
-биримдикке, бирин-бири сыйлоого,
-сөздү уга билүүгө, сабырдуулукка тарбиялоо.

**Сабактын усулу:** Маалымат галереясы, ББкБ, эки бөлүктүү күндөлүк.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү

**Сабактын принциби:** көрсөтмөлүүлүк

**Сабактын жабдылышы:** А.Муратовдун китептери, окуу китеби, сөздүктөр, сүрөттөр.

**Предмет аралык байланыш:** Кыргыз тили, тарых, география.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Студенттерди адабиятчынын өмүрү жана чыгармачылыгы кызыктырса
- Эне тилдин тагдыры, кабатырлантса
- Сүйлөө речи калыптанып, сөз байлыгы өссө. Студенттердин чыгармачылыгы, турмушка болгон көз карашы, өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү өнүксө.
- Билгендерин айтып, ой бөлүшүүгө үйрөнүшсө сабак максатына жетти дейбиз.

**Сабактын болжолдуу регламенти:**

Уюштуруу - 5мин.

Үй тапшырма – 10мин.

Жаңы тема – 65мин

Баалоо, үй тапшырма берүү – 10мин.

**Сабактын жүрүшү:**

**а) Уюштуруу** – муз жаргыч

- Өз аттарынын баш тамгасы менен башталган сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүү.

Мисалы: Айнагүл ашыгып адабият ааламын аттады.

**- Үй тапшырма**

- «Эмне үчүн адамдар «кайдыгер» болушат?» деген темада эссе жазып келүү.

- Студенттер жазып келген эсселерин «маалымат галереясына» илишет. Ар бири 3-4 минутада үч-төрттөн эссе окушат. Бүткөндөн кийин эсселер боюнча «жакшы», «жакты», «жакпады» деген пикирлерин айтышат. Окутуучу тарабынан жыйынтыкталат.

**Жаңы тема:**

- Бүгүн, биз, силер менен А.Муратовдун «Аталар сөзү-акылдын көзү» адеп аңгемелер жыйнагынан «Тилге мамиле» деген аңгемеси менен таанышабыз.

- А.Муратов жөнүндө билесиңерби? Ал ким? Акынбы? Жазуучубу? Коомдук ишмерби? Сүрөтчүбү? Азыр барбы же жокпу? деген суроолор менен ББкБ түзүү.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

- Ар бириңер автор жөнүндө кеминде экиден суроо түзгүлө бир минута убакыт берилет.

- Түзгөн суроолоруңарды жупта талкуулап, ар бир жуп бирден суроо даярдагыла.

Суроолор таблицага жазылат.

- Силерди кызыктырган суроолоруңардын жоопторун сабактан кийин бул жердеги А.Муратов боюнча адабияттардын пайдаланып таба аласыңар. Демек, билдим бөлүгү үйгө тапшырма берилет.

-А. Муратовдун китептери боюнча кыскача маалыматтар берилет [101;102;103;104;105;106;107;108;109]

**Чакыруу:**

Студенттер эки топко ажыратылат.Ар бир топко өзүнчө ачкыч сөздөр берилет.

**Ачкыч сөздөр:** жылуу сөз, өкүмдар (падыша), кылмышкер, эненин каргышы, падышанын кызы. (1- топ)

**Ачкыч сөздөр:** айыкпас дарт, шаатыт, бир сөз, атактуу дарыгер, кыздын атасы. (2-топ)

-Ушул ачкыч сөздөрдү пайдаланып, үч минута ичинде текст түзгүлө.

-Түзгөн тексттерин жупта талкуулашат.

-Ар бир жуптан бирден аңгеме окушат. Андан соң текст таркатылат.

-Азыр А.Муратовдун адеп аңгемелеринен «Тилге мамиле» деген аңгемесин окуйбуз. Текстти жөн эле окубастан, текстти окуп жатканда кайсы бир сөз, сүйлөм таасир этсе, же бир нерсени эсиңе түшүрсө, тексттеги ошол сөздү, же сүйлөмдү цитата деген бөлүккө жазып койгула.

Комментарийге ошол цитата силерге кандай таасир калтыргандыгын жазгыла.

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| | |

**1-топ.**

Кыргыз эли – тилге өтө урмат менен мамиле кылган эл, анткени алардын жашоо ыңгайы жакынкы жылдарга чейин эле, азыр дале бир топ бөлүгү көчүп-конууга ылайыкталып, ошол жаздоосу да, жайлоосу да, күздөөсү да, кыштоосу да адамдардын жамаатында, бири-бирине мамиледе өтүп, азыркыдай завод-фабрика, базар, телевидение, компьютер, радио, интернет дегендер болбогон соң эң негизги байланыш куралы – сөз болгон.

“Жакшы бөзүң болбосо да, жакшы сөзүң болсун”, “Жакшы сөз - жан азыгы”, “Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат”, “Сөз билбеген муштуму менен коркутат” деген сыяктуу накыл кептер муундан муунга өтүп келет. Тилчи-окумуштуулар Ж.Мукамбаев, К.Асаналиев, А.Жалилов, С.Рысбаев, Ж.Чыманов ар кимиси өз-өзүнчө кыргыз элиндеги сөзгө, тилге байланыштуу макал-ылакаптарды, накыл жана учкул кептерди топтоп китепчелерди чыгарышты. Эми аларды окуп отуруп элибиздин тилге карата мамилесиине ушунчалык таң каласың да, суктанасың да, ошол эле кезде элибиздин тилди пайдалануу чеберчилигинин, чечендик өнөрүнүн өлүп бараткандыгына ушунчалык ичиң күйүп, өкүнөсүң...

Кандай маани – мазмунда сүйлөгөндүгү, сөз тыңшагандыгы, кепке кезек бергендиги, тилге этибар кылгандыгы аркылуу адамдын адеби билинет, кишинин кишичилиги ачылат.

Сөз сүйлөө – бул өнөр, болгондо да өмүр бою үйрөнө турган өнөр. Дал ушул сөз менен эчен-эчен кыргын согуштар, эчен-эчен адамдардын өлүмдөрү токтотулган.

Тил – акыл таразасы, тил – дилдин ачкычы, тил- адамдардын жүрөгүнө жетүүнүн жолу, тил – адеп көрсөткүчү. Ал эми көп тил билүү - теңдешсиз бакытка ээ болуу.

Мындай бир аңыз айтылат: Байыркы замандардан бери бири-биринен каардуу, бири-биринен мыкаачы эчендеген падышалар менен султандар, хандар менен амирлер өткөн. Алардын бири күнөөлүү деп табылган адамдын көзүн соолутуп ойсо, дагы бири дарга астырган, бирөөсү зынданга салган, бири атка сүйрөткөн, бири аттырган, бири тилин сууруп алган, бири башын алдырган, бири этин тилип туз септирген, бири кызытып темир бастырган, дагы бири башына шири каптаткан. Иши кылып адамды кыйноонун түрдүү түмөн айлалары менен мамлекетин башкарып, кол алдындагы элин коркутуп турган.

Ал эми бир өкүмдар жазалоонун башка бир жолун тааптыр, ал айыпкерди күнү - түнү уктата койбой атайын тандалган адамдарга айтып

каргатчу экен. Не бир адам көтөрө алгыс сөздөр менен каргаган соң тигил күнөөлүү анын баарын көтөрө албай алдан тайып, жүрөгү мыжып, чачы агарып, кебетеси кетип, акыры жыгылып түшүптүр.

Анан өкүмдар ошол кылмышкердин энесин каргатат. Энеси болсо каргыш сөздүн уусуна чыдай албай жүрүп эс учунан танып, ал да кулайт. Ошондой жол менен эне-баланы жыккан соң падыша аларга жооп берчү экен, бирок бир шарт менен – беш жылга чейин үйүнөн чыкпай, эч ким менен сүйлөшпөшү керек деген.

Ушундай жазаланган энелердин бири эс-учунан кетип жатып, акырын айткан имиш: “Бул сөздөрүн ак сүтүмө чейин жетти. Ушул кептериң өлсөм сөөгүмдөн, тирүү болсом жүрөгүмдөн кетпейт. Эй, залим падыша, кызың болсо ал да бир күн эне болор, ошондо көрөрсүң... ,” – дейт.

Эненин ушул каргышы он алтыга эми толгон падышанын кызына жетиптир, анын энеси жашында каза болуп, өкүмдардын жападан жалгыз эркеси экен, ошол кыз ошол замат тилден калыптыр, буту да шал болуптур. Убакыт өтө берет падышанын көрөр көз маликеси ордунан жылбайт, сүйлөй да албайт.

Кызды айыктыруу үчүн ааламдын ар кайсыл жагынан дарыгерлер менен табыптар, бакшылар менен көзү ачыктар, ырымчылар менен дарымчылар, деги койчу баары-баары келет. Шыпаа табылбайт. Падыша бүт байлыгын чачууга ниет кылат, өзү да эмне үчүн мындай болгонун астырттан туят. Лекин айла жок, кеч болуп калган. Даанышмандардын бири “үч күн улак тарттырып, кыз көңүлүн көтөрүңүз” десе, бири “жакшы күйөөгө бериш керек” дейт, үчүнчүсү “Рум падышасынын перизаттарын алып келип, бир нече күн оюн көрсөтүңүз” деген сунушун айтат, дагы бирөөлөр башка пикир менен келет. Эмне кылса да, кандай кылса да, кыз оңолбойт да, түзөлбөйт. Баягысы баягы. Өкүмү жүргөн аймактын ар бир адамын алып келип, кыздын алдында өнөр көрсөтүүгө буйрук берет, андан да такыр натыйжа чыкпайт. Ошондо акылчыларынын бири беш жылга чейин үй камагына алынган баягы

кылмышкер уул жана анын энеси тууралуу ойлонот да, ошону алып келүү тууралуу өкүмдарга масилет курат. Падыша макул болот.

Каргыш сөөгүнө жеткен аял маликеге келет, а падыша кызы болсо эне сүтүн кана эмбептир, эне мээримин көрбөптүр, эненин бешик ырын эшитпептир, ошолордун баарына муктаж экен ушул кыздын ушул абалын көргөн, каргышка уукан эне канчалык ал каргыштар этинен өтүп сөөгүнө жеткен болсо да чыдабаптыр, энелик сезими көкүрөгүн тээп, маликени бооруна кысыптыр, башын сылаптыр, эне гана перзентине айта алуучу ширин-ширин сөздөрүн айтыптыр. Кыз дале унчукпайт, анан эне кыздын маңдайынан өөп, “башын таштан болсун, энеңдин берген көкүрөк сүтү ак болсун” деп бата кылганда кыз көздөрүн ачып, бет маңдайындагы мээримдүү аялдын бооруна башын жөлөптүр да ооругандан кийинки биринчи сөзүн “апа, апаке” деп тигил аялга айтыптыр да, энеге оттуу көздөрү менен ырайым кыла тигилиптир.

Сөз кудуретине таң калган падыша ошол күнү тилден калып, ал эми анын жаңыдан тил кирген кызы каргышка кабылган эненин үйүнө келин болуп аттаптыр ...

Көрүңүз биринчи учурда адамзат ойлоп тапкан бардык жазалардын эң оору – каргыш сөз экендиги, экинчи учурда тилден калган адамды дүйнөдө болгон бардык дары-дармектерди берсе да, падыша бүт байлыгын чачса да айыктыра албай жалгыз гана эненин сөзүнөн айыккандыгы.

**Түшүндүрмө сөздүк**

Рум – Рим.

Кыргын – кан төгүлгөн катуу уруш.

Амир – мусулман өлкөлөрүндөгү башкаруучулардын титулу.

Өкүмдар – бийлик ээси, башкаруучу.

Дарга – өлүм жазасына өкүм кылынган адамды асып өлтүрүү үчүн сыйыртмак байланып, жерге тикесинен орнотулган жыгач.

Зындан – күнөөкөрдү салыш үчүн атайы казылып, түбү бекемделген, оозу бекитилген терең ор, түрмө.

Табып – оорулуу адамдын тамырын кармап дарылоочу дарыгер.

Бакшы – ооруга чалдыктырган ар кандай жин-шайтандарды дуба окуу жолу менен дарылаган дарыгер.

Ырымчы - үмүт,тилек үчүн иштелген элдик ишенимди кылган киши.

Дарымчы – оорулууну дубалоо, суу бүркүү (бетине суу чачуу) жолу менен дарылаган киши.

Падыша – бийлик башчысы, атадан балага өтүүчү кандык бийлик ээси.

Хан – кээ бир түрк жана монгол элдеринде бийлөөчү укукка ээ болгон, эл башкарган адам, кан.

Перизат – абдан сулуу, айлалуу, акылдуу перинин кызы

**2-топ.**

Бирөөгө жолугаары менен эле аны карап туруп:”э, ыраңың неге азып кеткен”, “арыктап калгансыңбы”, ”эмне,бир жериң ооруп жүрөбү ”деп сурашкандар көп. Эч убакта андай дебеш керек. Сиздин тилиңиз аркылуу тигил бет келген кишинин көңүлүнө жаман нерселер өтөт, ал “чын эле мен ооруп аткан турбаймынбы”, “чын эле мен арыктап аткан турбаймынбы”деп ойлойт да, андан бетер кыйналып, эми рухий ооруга кабылат.

Ооруп аткан адамды да айыктыруунун биринчи жолу – ага берилген дары-дармек эмес, ага дарыгердин жана жакын адамдарынын айткан сөзү. Сөздү да абайлап орду-орду менен айтуу керек, ансыз тилдер аркылуу согуш куралдарынан да күчтүү уулар, өлүмгө алып барар коркунучтар өтөт.

Бир жолу Улукман Аким ( Али Абу ибн Сина) көчөдөн өтүп баратып, алдыда бараткан кыздын тез-тез кан түкүрүп баратканын байкап калат да, кызыгып артынан түшөт. Кыз кыпкызыл түкүрүнүп бара берет, анан бир дарбазадан үйүнө кирип кетет. Артынан табып да кирет. /йдөн кыздын атасы чыгып, атактуу дарыгерди таанып, ызат-урмат менен үйүнө киргизет. Сөз ортологондо Улукман Аким тигил үй ээсине анын кызы оору экенин, кан түкүрүнүп калганын, мындай тез-тез кан түкүрүнгөн адамды сакайтууга ылаажы жоктугун айтат. Бул кепти ары жакта аңдып турган кыз да угуп

калат. Угары менен ал калтырап-титиреп жыгылат жана ошол бойдон оңоло албай бу дүйнө менен кош айтышат...

Бир нече күндөр өтүп кыздын атасы менен табып кайрадан учурашып калат.

- Таксыр, табып, кызым айыкпас дартка чалдыкканын кандайча билип калдыңыз эле?- деп сурайт кыздын атасы.

- Кызыңыз көчөдө келе жатып тез-тез кан түкүрүп жатканын көрдүм эле, - дейт табып.

Бул сөздү угуп ата маңдайын ургулайт да, ыраң-башы купкуу болуп бир аздан кийин:

- Ээ, аттиң, эми билдим, ошол күнү кызым кыпкызыл шаатыт жеп жүрбөдү беле, оозунан түкүргөнү кан эмес ошол шаатыт шербети эмес беле! - деп башын чайкайт.

Ошенткенде Улукман Аким жаңылышканын түшүнөт жана маркум кыздын атасынын астына тизе бүгүп чөк түшүп кечирим сурайт:

- Сиз мага жана менден кийинки урпактарга чоң сабак бердиңиз. Бир сөз менен сопсоо адамды өлтүрүп салуу же ооруп жаткан кишини бутуна тургузуп жиберүүгө болорлугун көрсөттүңүз.

Мындай турмуштук окуялар эчен ирет болгондугун карыялар кеп арасында тынбай айтып келет.

Сөздөр жерге чачылган үрөн сыяктуу, алар акырындап өнүп чыгат. Андыктан да сөздү сүйлөштөн мурда ойлонуу керек, тил менен дилди бирге кармоо зарыл, бири экинчисинен алдыга кетпесин, тил дилинде бышып жеткен сөздү гана сыртка чыгарсын, "Алдыга келгенди кепшөө айбандын иши, алдыга келгенди айтуу наадандын иши" дейт акын Алишер Навои, «Жети өлчөп, бир кес» дейт кыргыздар. «Тоону-ташты сел бузат, адамзатты сөз бузат», «Адам тилинен табат», «Бир жолу калп айтса, түбөлүк калпычы атыгат», «Буттан чалынган турат, ооздон чалынган турбайт», «Жакшы сөз - суу, жаман сөз - уу» ж.б. макалдарды кыргыздар күнүмдүк турмушунда

тарбиялык, таалим берүүчүлүк норма-ереже, жырым (кодекс) катары колдонгон.

Жакшы сөз таап, элдин тилин байыткандар ар убакта сый-урмат үстүндө болгон.

Бир мисал: Күндөрдүн биринде Султан Хусейндин сарайында чоң отуруш өтөт. Сөзгө сөз улашып отуруп падыша «Ат аягы менен суу ичсин» деген сөздү тапкандыгы үчүн Мир Алишерге эки миң теңге сыйлык бирилерин билдирет. Муну уккан падышанын жакын кишилери кызганып, эмне үчүн эле ушул Алишер сыйлык ала берет деп, биз да ушундай сөздөрдү табабыз деп чыгышат.

Падыша макул болот. Табышмак катары ал сөөмөйү менен башын көрсөтөт да жооп күтүп калат, вазирлер эч кимиси эч нерсе дей албай. калат, бир гана Мир Алишер ошол эле сөөмөйү менен тилин көрсөтөт.

Султан Хусейн Байгара тигил оозун ачып тургандарга кайрылат:

- Мен сөөмөйүм менен башымды көрсөттүм, Алишер болсо ага жооп кылып сөөмөйү менен тилин көрсөттү, ушулардын маанисин чечмелеп бергиле? - дейт.

Үч күнгө мөөнөт берилет. Үч күндө эч бири жообун таппайт. Анан алар Мир Алишерден мунун маанисин сурайт.

- Эгер ар бириң миң теңгеден берсенер айтса, айтып беремин! - дейт Алишер Навои.

Алар кырк киши экен. Кырк миң теңгени санап берет. Алишер болсо бир ооз гана:

- Султан башка балээ кайдан келет деп сурады, мен болсо, башка балээ тилден келет деп айттым, - деп койду.

Анан алар чурулдашып, «мен таптым», «мен таптым» деп падышага барат. Падыша болсо «эгер жалган айтсаңар башыңарды алам» дегенде баары коркуп Алишер айтканын моюндарына алат.

- Мына, - дейт падыша Султан Хусейн, - мен Алишердин бир ооз сөзүнө эки миң теңге берсем, силер кырк миңди чогултуп берипсиңер.

Ушундай сөз билги кишилер ар дайым өкүмдарларды ээрчип жүргөн. Манас баатырдын акылчысы Бакай болсо, ошол эле кезде анын жанында чоро катары Ырамандын ырчы уулу жүргөн. Дал ошол сөз билген чечендер, ырчылар, төкмөлөр болгондугу үчүн алардын салтанаты бийик, бийлиги бекем болгон.

Бир уламышта мындай айтылат: Адилет жана акылдуу адамдын сулуу кызына эки периште-жигит ашык болуп калат. Кыз кимисин тандашын билбейт, анан шарт коңт. «Мен эл уулу боло турган адамга эне болушум керек, аны үчүн ошол уулуңарды кандайча тарбиялай турганыңарды билгим келет».

Биринчи периште айтат: "Мен ага илим үйрөтөм, башка тилдерди үйрөтүп, атын ааламга чыгарам". Экинчиси айтат: «Муундардан муундарга мурас катары кала турган негизги байлык - тил. Эне тил болсо, Ата Журт болот. Элдин өмүр өлчөөсүн тил белгилейт. Дөйнөдөгү бардык сулуулук жана сыйкырдуу бешик ырын угуу бактысы эне тили менен, максатымды билсеңиз керек. Мен уулумду тилибизге кыянат кылбастыкка, ыр, жомок, дастан айтып, мына ушул эне тилибиз үчүн жанын да аябастыкка үйрөтөмүн». Биринчи периште экинчиси ушундай дегенде аны аябай шылдыңдап күлөт. Экөөнү талашын тамам кылуу үчүн кыз аларды даанышманга алып жөнөйт. Даанышман булардын сөзүн угуп турат да: "Кыздын ою кимде экенин билбейм, бирок ата болуш артыкчылыгы экинчи – тил үйрөтүүчү периштеде" дейт.

Андыктан ата-эненин эң улук да, эң бийик да парзы – балдарына эне тилин үйрөтүү. Тилге мамиле – элге мамиле, мекенге мамиле.

**Түшүндүрмө сөздүк**

Падыша – бийлик башчысы, атадан балага өтүүчү кандык бийлик ээси.

Өкүмдар – бийлик ээси, башкаруучу

Табып – оорулуу адамдын тамырын кармап дарылоочу дарыгер.

Ыраң – түс, өң, ырай, түр.

Султан – бийлик жүргүзгөн башкаруучунун титулу.

Кыянат кылбоо – бирөөгө жамандык жасабоо.

Чечен – сөзгө чебер, мыкты, көркөм сүйлөгөн адам.

Төкмө – күн мурун ойлонуп отурбастан оюнан шар ырдап жиберүүчү ырчы.

-Текст окулуп бүткөндөн кийин, эки топ цитата жана комментарийлерин жазып талкуулашат. Андан соң инценировка аткарылат.

Күндөрдүн биринде Тиш туруп-туруп эле Тилди тиштеп койду. Жаны ооруган Тил ачууланып:

- Жөн эле турсам неге тиштейсиң?- деди.
- Учуңдан бир аз үзүп таштабасам болбой калды!
- Андай кылганга күнөөм кайсы?
- Көрүнгөнгө ууңду чачып, баарын түйшүккө салдың! Учуңдан алып койсом, ууңду азыраак чыгарып, ширинирээк болуп калмаксың.

- Көрдүңөрбү , ушул тамсилдегидей тил уусун ашыкча чачып ийгенде башмээ ага жардамга келип, өтүп баратканын сезип, тизгинди тартып турбаса, бул тил дегениң эмнелерди гана кылып, кимдерди гана согуштурбайт. Демек, ”Жакшы сөз жыланды ийнинен, жаман сөз кылычты кынынан чыгарат ”

**Үй тапшырма берүү**

а) ББкБнын “билдим” бөлүгүн толтуруу.

б) “Мен эне тилимди канчалык деңгээлде билем” деген темада эссе жазып келүү.

**Баалоо.** Өзүн – өзү баалоо

Студенттер баалоонун критерийлеринин негизинде өзүн-өзү баалашат. Топтолгон баллдын негизинде мыкты топ аныкталып, активдүү катышкан студенттер белгиленет. Окутуучу тарабынан жыйынтыкталат.

**Баалоонун критерийлери**

| Ф.А.А. | | | | |
|---|---|---|---|---|
| тур | № | Баалоонун критерийлери | Баллдык көрсөткүч | Эскертүү |
| | 1 | Эссе (үй тапшырмасына берилген) | 5 баллга чейин | |
| | 2 | Ачкыч сөздөрдү пайдаланып текст түзүү | 5 баллга чейин | |
| | 3 | Жупта иштөө | 5 баллга чейин | |
| | 4 | Текст менен иштөөдө цитата, комментарийлерди туура, так берүү | 5 баллга чейин | |
| | 5 | Адабий тилдин нормасында сүйлөө | 5 баллга чейин | |
| | 6 | Талкууга активдүү катышуу | 5 баллга чейин | |
| | 7 | Активдүү студенттер | | Аты-жөнү жазылат |
| Жалпы балл: | | | | |

23-30 баллга чейин – “5” 10-16 баллга чейин – “3”

18-23 баллга чейин – “4” 0-10 баллга чейин – “2”